
Өмүрү элге өрнөк инсан



# СУЛТАН ИБРАИМОВ ОШТО

Ош — 2001



*1998-жыл. Ош шаарындагы С.Ибраимовдун эстелигин облустун губернатору Т.Акматалиев ачып, ага маркумдун жубайы Рева Телтаева уул-кызы менен келип катышкан.*

**Өмүрү элге өрнөк инсан**

# СУЛТАН
# ИБРАИМОВ
# ОШТО

***Бул даректүү эскерме китепти түзүп адабиятташтырып редакторлогон Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, жазуучу Таш Мияшев***

Ош — 2001-жыл

БК-63. 3(2Ки)
С-89

Султан Ибраимов Ошто: эскермелер. Китепти түзгөн жана редакциялаган Т. Мияшев:-Ош-2001,-226 бет.

ISB N 9967-20-532-0

Бул китеп кыргыз элинин улуу инсандарынын бири Султан Ибраимовдун өмүрүнө жана ишмердүүлүгүнө арналып чыгарылды. Негизинен китепте ал жетекчинин Ош обкомунун (Жалал-Абад бирге) биринчи катчысы болуп иштеп турганда он жыл бою үзөнгүлөш жүрүшүп жөнөкөйлүгүнө, акылмандыгына, ишке жоопкерчилик жана көрөгөчтүк менен мамиле кылгандыгына күбө болушкан бүгүнкү эмгек ардагерлери эскеришет.

Китепке эскермелерди жыйнап адабияташтырууда, фото документтерди тандап жана редакциялап басмадан чыгарууда Кыргыз республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, жазуучу Таш Мияшев көп эмгек жумшады.

Фотолору жеке архивдерден тандалды.

С.-0503020911-01 ББК-63. 3(2Ки)

ISB N 9967-20-532-0

© Ош облустук мамлекеттик администрациясы-2001



Накен КАСИЕВ
Ош облустук мамлекеттик
администрациясынын башчысы-губернатор

## *МАМЛЕКЕТТИК МЫКТЫ ЖЕТЕКЧИ, КӨРҮНҮКТҮҮ КООМДУК ИШМЕР ЖӨНҮНДӨ УЧКАЙ СӨЗ*

Кыргыз элинин атуулдарынын бири, коомдук жана мамлекеттик көрүнүктүү ишмери,акылман, кара кылды как жарган калыс жана даанышман Султан Ибраимовдун ысмын Кыргыз Мамлекеттик медициналык окуу жайында окуп жүргөнүмдө эле укканмын. 1970-жылы окууну бүтүп алгачкы эмгек жолумду Ош шаарындагы № 1-ооруканадан баштадым. Мына ошондо ал улуу инсандын жүзүн биринчи жолу көргөнмүн. Арадан бир жыл өтүп Прикарпатияда аскердик врач болуп иштеп келип 1973-жылы башкы башкарманын Оштогу № 4-ооруканасына кайрадан ишке орноштум. Мына ошондон тартып Султан Ибраимовду жакындан биле баштадым.

Советтик партиялык мезгилде обкомдун биринчи катчысынын даражасы өтө жогору болчу. Бирок, ал кишиде бой көтөрүүчүлүк такыр байкалчу эмес. Тескерисинче жөнөкөй, боорукер адам катары өзүн алып жүрүүчү. Ооруканага келгенде да машиначан эшик алдына чейин кирип келбестен, кире бериштен жөө басып келүүчү же биринчи эле башкы врачтын кабинетине кадам таштабай катардагы врачтар менен саламдашып, сурашып эң жөнөкөй жүрүш-туруш күтчү. Мен жаш дарыгер болсом да бир топ тажрыйбам бар эле. Аскердик кызматта да, шаардык ооруканада да чоң кызматтагы көп эле адамдар менен сүйлөшүп ден соолуктарын карадым. Султан Ибраимовдой жетекчини сейрек учуратканмын. Ал киши врачтарга сыркоолоп калганын айтуудан мурда алардын ал-акыбалын сурачу.

Ошол кезде Ош, Жалал-Абад облустары биригип Ош аймагы бир топ кеңейип, облустун жетекчиси үчүн чоң жоопкерчилик жүктөлгөн. Ошондо Султан Ибраимовдун уюштуруучулук жөндөмүнүн өзгөчөлүгүнөн жана кадрларды кылдат жана көрөгөчтүк менен тандоонун натыйжасында облустун бардык участокторунда иштин алга кетишине жетишилип жатканын байкаганмын. Облустун ар бир адамын таанып билүүгө, ар бир алакандай жерине чейин көрүп, жетишүүгө канчалык зээндүүлүк, тынымсыз иш-аракет керектигин ал жетекчи түшүнүп чоң жоопкерчилик менен иштеди.

Эл үчүн, элдин мүдөөсүнө ылайык кайсы иштердин зарыл экендигин алдын ала түшүнүп алып анан ишти баштады. Ал биринчи кезекте адистерге таянып иш алып барганын түйгамын. Мурда пландаштырып, кээ бири тууралуу жогору жактан токтомдор кабыл алынып бирок, ар кандай себептер менен башталбай турган курулуштарды тездетти. Ошолордун катарында Аравандагы Төө Моюн, Кадамжайдагы Бүргөндү, Лейлектеги Арка, Баткендеги Төрт-Күл, Кара-Суудагы Савай, Жалал-Абаддагы Чаткал, Көк-Арт, Акман өрөөндөрү жана массивдери өздөштүрүлдү.

Облустун жетекчиси катары өзү мурда барып көрүп, анан жер жерлердеги жетекчилер, адистер менен акылдашып, чечип анан баштаган Токтогул–Толук, Кара-Кулжа – Алайкуу, Ош–Папан–Кожо-Келен, Кызыл-Кыя–Дароот-Коргон, Ала-Бука–Чаткал, Джалал-Абад–Казарман жолдору тездетилген темпте бүткөрүлгөн. Ал курулуштардын башында Султан Ибраимов өзү турганын жакшы билемин.

Ал эми ошол мезгилдеги облустун көп жерлеринде сакталып калган эски жана бийик коргондорду, жол боюндагы дубалдарды буздуруп, алардын ордуна жашыл штакетниктерди орнотуп айыл кыштактардагы маданий курулуштарды, ооруканаларды, дарыканаларды, дүкөн-дөрдү жаңыдан курдуруп, айыл кыштактарды көрктөн-дүрүп, жолдорду, тротуарларды курдуруу маселелерине аябай көңүл бурулуп, бул маданий багыттагы иштерди уюштуруу боюнча атайын комиссиялар иштегенин, облустук жана район, шаардык деңгээлде активдер, семинарлар өткөнү эсимде. Спорт, ден соолук багытындагы иштерге ак халатчандарды да көп тарткан.

Облустун борбору болгон Ош шаарынын генпланын түздүрүп көптөгөн жапыс, көрксүз курулуштардын ордуна учурга ылайык жаңы көркөм курулуштарды бүткөрүү менен шаар маданиятын жакшыртууга өзгөчө көңүл бурган. Султан Ибраимовичтин түздөн-түз демилгеси жана жетекчилиги менен ал кездеги обкомдун имараты (азыркы облмамадминистрациясынын имараты) кыска убакытта бүтүп пайдаланууга берилди. Облустук көп тармактуу оорукана жана балдар ооруканасы, Кыргы жана Өзбек драма театрлары, тейлөө комбинаты, текстиль комбинаты, Сулайман тоосундагы музей, Ак-Буура дарыясындагы жаңы көпүрө бүтүп, булардан башка да ондогон курулуштар, жолдор, скверлер шаардын көркүн ачты.

Мен Ош шаарында иштеп жана жашап жүргөн ошол жылдарда Султан Ибраимов жөнүндө жалаң гана жакшы ой-пикирлерди укканмын. Ал кишинин өзүн, үй-бүлөсүн врач катары тейлегем. Жубайы, уул-кыздары да адептүү, сылык жөнөкөй болуучу. Алкезде "Султан Ибраимов ак халатчандарга өзгөчө мамиле кылат экен" деген каңшаарды да кулагым чалган. Көрсө, бир гана врачтарга эмес элдин баарына өзгөчө мамиле кылчу экен.

Арадан көп жыл өткөндөн кийин мен бир кездерде ошол улуу инсан олтурган креслого келип олтурдум. Мына ушул кабинетте мен ал жетекчинин кабыл алуусунда көп болгом. 1975-жылы февраль айында болгон аңгемелешүү али күнгө чейин менин эсимден чыкпайт. Ал киши ушул креслодо олтуруп мени кабыл алды да өтө кичипейилдик, камкордук менен мамиле кылып, жооптуу кызматты сунуш кылды. Жаштыгымды, колумдан иш келээрин, жетекчиликте таза, ак иштей турганымды алдын ала сезгенин, ошондуктан мени Майлы-Сай шаардык ооруканасына башкы врач болуп баруумду туура тапканын айтты. Анын кара кылды как жарган калыс сөздөрү жетекчилик олуттуу кабылдоосу, адамгерчилик мээрими мени ынандырды. Баарыдан мурда анын ишеними жүрөгүмө жетти. Мен алишенимди актоого даяр экенимди кантип айтканымды да билбей калдым. Колумду бекем кысып жаңы жетекчилик ишиме ийгилик каалаган.

Жаңыдан жетекчи болуп иштеген жылдарымда Майлы-Сай шаарынын 1-катчысы М. Н. Хлебников аркылуу менин кандай иштеп жатканымды сурап жана жардам берүүсүнө тапшырма берип турду. Бул да болсо Султан Ибраимовичтин ар бир өзү дайындаган кадрларынын эл алдындагы жоопкерчилигин тең көтөргөндүгү жана ар бир жетекчи кадрларды тандагандагы терең философиясы эле.

Мына бүгүн ал мамлекеттик мыкты жетекчинин, көрүнүктүү коомдук ишмердин ордуна келип олтуруп облустун эң оор иштерин мойнума алып олтурам. Эки кылым тогошкон улуу мезгилде, Ош шаарынын 3000 жылдык маарекеси, анан Президенттик шайлоолор бүткөн маалында бир кезде ал киши ойлоп, кыялданган менден мурдагы облуста иштешкен жетекчилер баштаанып дагы аягына чыкпай калган иштерди улантуу менин тагдырыма туура келгенине сыймыктанамын. Ошол эле учурда маркум Султан Ибраимовдун улуулук баркын, элде калган өрнөгүн, коомдук ишмердигин, баарыдан мурда жөнөкөйлүгүн көңүлүмө терең сактоо менен жооптуу ишимди баштадым.



Ошол Ошко жетекчи болуп келген күнүмдөн тартып райондорду, айыл-кыштактарды, карапайым элди аралап, алардын ал-жайы менен жеринде таанышууну максат кылдым. Бир кездерде Султан Ибраимов баскан жолдор менен баратып, ал киши сүйлөшкөн эл менен сүйлөшүп жүрүп, анын облустун картасына калтырган издерин көрдүм. Ал жөнүндө элден нары жылуу-жумшак, нары бөөдө кырсыка туш келгени тууралуу аянычтуу сөздөрдү уктум. Анын бүтүндөй асыл сапаты элдин жүрөгүндө түбөлүккө сакталып калганын сездим.

Султан Ибраимов кийин республикадагы чоң кызматтарга барды, анда да анын адамдар менен болгон мамилеси өзгөргөн жок. Бардык убакта мамлекеттик иш менен бирге элдин тагдырын айкалыштыра иштеп жүрдү. Мен да көптөгөн жооптуу кызматтарда болуп келдим. Бардык учурда өз жетекчилигимде адамдарга жакын болууга тырыштым. Жакшы көрүп урматтаган адамдын үлгүсүн дайыма алып жүрүүнү туура көрдүм.

Президентибиз Аскар Акаев өзүнүн жеке демилгеси менен Кыргыз Республикасына эмгеги сиңген улуу инсандардын ысымдарын түбөлүккө калтырууну ишке ашырып жатат. Ондогон мамлекеттик жана коомдук ишмерлердин ысымдары көп жерлерге коюлду. Бишкек шаарына атайын аллея түздүрүп А. Орозбеков, Ю. Абдырахманов, И. Раззаков, Т. Кулатов, С. Ибраимов-дордун эстелик-бюстери аллеяга коюлду. Мындан сырткары Ата-Бейит комплекси курулду.

Аскар Акаевичтин гумандуулугунун натыйжасында И.Раззаковдун сөөгү Москваданалынып келинип борборубузга коюлуп, эстелиги орнотулду. Бул бир аган Түштүк Кыргызстандын эмес бүт республикабыздын элин ыраазы кылып олтурат. Президенттин көрсөтмөсү менен Султан Ибраимовдун ысмы алгачкы жолу өзү демилге көтөрүп жол салдырган, электр энергиясын жеткирген алыскы Кичик-Алай тоолорунун арасындагы Кожо-Келен мектебине коюлду. Папан суу сактагычы ал улуу

кеменгердин ысмын алды. Өзү курдурган Ош Кыргыз драма театры С. Ибраимов атындагы театр болуп аталып калды.

Өзүнүн акыл-эси толуп, ишмердүүлүгү жана тажрыйбасы жетилип турган чагында Ош облусун 10 жыл жетектеп, ошол кыска убакта 30-40 жылга тете жумуштарды аткарып, элдин терең урматтосуна ээ болуп, арабыздан өкүнүчтүү жагдайда кеткен ал инсанды эч ким, эч качан унутпайт. Айрыкча Түштүк регионунун эли бул улуу инсандын ысмын жүрөгүндө бекем сакташат.

Султан Ибраимов тууралуу спектаклдер коюлуп көптөгөн макалалар, иликтөөлөр, китептер жазылып жүргөнүн мен жакшы билемин.

Башка жазылгандарга караганда "Султан Ибраимов Ошто" деген эскерме китептин артыкчылыгы - анын даректүүлүгүндө. Китепке кирген эскермелердин авторлору Султан Ибраимовду мурда таанып билип жүрүшүп кийин облуста райкомдун катчылары, облустук мекемелерди жетектешкен саламаттыкты сактоонун, өнөр жайдын, сооданын, басма сөздүн жана укук коргоо органдарынын өкүлдөрү экен. Алардын дээрлик бардыгы 10 жыл бою Султан Ибраимов менен үзөңгүлөш жүрүшүп, анын ишмердүүлүгүнө, жетекчилик чечкиндүүлүгүнө, карапайымдыгына, элге жакындыгына күбө болушкандар. Китептин баалуулугу ушунда.

Султан Ибраимовдун өмүрүнө жана ишмердүүлүгүнө арналган бул китеп XXI кылымдын жаштарына үлгү боло алат деген ишенимди айта аламын.

*Ош шаары, февраль, 2001-жыл*



***Матен СЫДЫКОВ***
*2 Ленин, Октябрь Революциясы, 2 Кызыл Туу, 2 Ардак Белгиси жана Ата Мекендик согуштун II, III даражадагы ордендеринин ээси. Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты.*

## АНДАЙ АСЫЛ АДАМ АЗ БОЛОТ

Султан Ибраимовичти эстегенде менин көңүлүмдө калып белгилей турган сапаттарынын эң негизгиси анын адамгерчилиги өтө жогору болчу. Улуу менен кичүүгө, жакшы менен жаманга кылган мамилеси бирдей, жакшылыкта аябай кубанып кетбей, кыйынчылыкта кайгырып муюбай турган адам эле. Бир сөз менен айтканда ушунчалык боорукер, мээримдүү инсан болгон.

Ал кишини мен мурда Борбордук Комитетинин айыл чарбасы боюнча секретары болуп жүргөндө бир-эки жолу көргөнүм эле болбосо жакшы билчүү эмесмин. Кийин ал киши Ош областтык партия Комитетинин биринчи секретары болуп турганда мен Кара-Суу, Токтогул райондорунда биринчи секретарь болуп жүрүп 10 жыл бирге иштештим.

Ага ар кандай маселени айтканда үн катпастан муюп укчу, анан кыска-кыска суроолорду берип коюп оюнду толук уккандан кийин терең ойлончу да ошол маселенин айланасындагы иш-чараларды аныктап, кийин ошонун аткарылышын өзү кайра сенден сурап жакындан жардам берчү. Ушунусу менен ошол кездеги жетекчилердин ишеничине кирип, анан мага окшогон район башкаргандар Султан Ибраимович менен оюн тең бөлүшүүгө ашыкчуубуз жана анын акылын угууну эңсөчүүбүз.

1968-жылдан 1976-жылдын акырына чейин партиянын Токтогул райондук Комитетинин биринчи катчысы болуп иштеп калдым.

Бул жылдарда мен үчүн көптөгөн түйшүктөрдүн жана оор маселелерди чечүүнүн, анан акыры келип анын ырахатын көрүүнүн, элдин зор ишеничине кирүүнүн, чынын айтканда көптөгөн уюштуруу маселелерине такшалуунун да жылдары

болду десем жаңылышпайм. Анткени мен Токтогул районуна баргандан биздин Республика эле үчүн эмес Бүткүл союздук мааниген ээ болгон Токтогул ГЭСин куруу башталып ага байланышкан көптөгөн маселелер келип чыкты. Алардын эң башкысы эзелтен түптөлүп калган райондун борборун, болгондо да эл тамырлап, көзгө сүйкүм көрүнгөн туулуп-өскөн жерлеринен башка жаңы жерге көчүрүп чыгып, жаңы борборду, жаңы айыл-кыштактарды түзүү маселеси турган эле. Бул эбегейсиз экономикалык каражаттарды гана талап кылбастан, моралдык да чоң окуя болуп турган. Райборборду жана андан тышкары 13 элдүү пункуттарды, айыл-кыштактарды башка жерге көчүрүү керек болду. Ага чейин да бул маселелер боюнча алибетте обкомдун биринчи секретары Султан Ибраимовичтин көңүлүндөгү биринчи иш-чаралар болчу, мен райондун жетекчиси катары бардык ишти жеринен терең анализдеп, ал кишиге майдалап түшүндүрүп, орчундуу проблемаларды койдум. Ал экөөбүз анан Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин биринчи секретары Турдакун Усубалиевич Усубалиевге кирип, эл эски орундарынан көчпөй жаткандыгын, ал эми курулуш болсо тез тепмте жүргүзүлүп, плотина көтөрүлүп, суу улам айыл-кыштактарга жакындап каптап келатканын түшүндүрдүк. Акылдаштык, масилеттештик. Анан Турдакун Усубалиевич мындай деди:

— Матен Сыдыкович, демек биз Токтогул районунда Республикалык партиялык чарбалык актив өткөзөлү. Ага сиз Султан Ибраимович обкомдун бюро мүчөлөрү менен толук катышыңыз. Мен өзүм ага тиешелүү жетекчилерди ээрчите барам — деди.

Ошентип 1968-жылдын 13-майында Токтогул районуна Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин биринчи секретары Т.У.Усубалиев башында болгон жетекчилер, Ош обкомунун биринчи катчысы Султан Ибраимович Ибраимов өзүнүн бюро мүчөлөрү менен келишип ошол жерде республикалык чарбалык-партиялык актив өттү. Анда элди кыска мөөнөттө көчүрүү маселеси коюлуп, атайын анализди жүргүзүп ал ишти такай контролдоп иш алып баруу



үчүн штаб түзүлүп, анын начальниги кылып партиянын Токтогул райондук Комитетинин биринчи секретары катары мени даярдашты. Менин кандай билдирүүм болсо да колдоп, аны дароо чечип берүү, жардамдашуу жагына жолдоп С.И.Ибраимовду милдеттендиришти. Алибетте булар документтик түрүндө официалдуу дайындоолор, тапшырмалар болчу, болбосо Султан Ибраимович экөөбүз ансыз бул иш-чараларды биринчи планда аткарып бермекбиз. Кантсе да мунусу бизге чоң көмөк болду.

Ошол жылдары Султан Ибраимович облустун өтө чоң жана аралыгы алыс, иштин көптүгүнө карабастан Токтогул районуна ар бир айда же кээде эки айда бир жолудан барып иштин жүрүшү менен таанышып, айрым маселелерди жеринде чечип турду. Ал дайыма керектүү жетекчилерди ээрчите барып ошол жерде тапшырма берип, иш дайындоочу жана мөөнөтүн койчу. Токтогул районунун элин негизинен 1968-жылдан 1975-жылга чейин көчүргөн болсок, ошол жети, сегиз жылдын аралыгында С.И.Ибраимов далай жолу каттап такай контролдукка алып жардам берип, ишти аягына чыгарышты. Бул тарыхый иште анын көмөгү зор болду.


Натыйжада 40 миң эл жаңы жерлерге көчүштү, жаңы айыл-кыштактар пайда болду. Мындан тышкары суу алдында кала турган жерлерди дыкаттык менен карап чыгып анын архиологиялык, тарыхый изилдөөлөрү, казуулары кошо жүргүзүлдү. 35 мазар, адамдар көмүлгөн жайлар казылып, алардын сөөктөрү жаңы жерге көчүрүлдү. Буга ошол учурда Грузиядан атайын адистешкен кызматчы, жумушчулар чакырылып келинди, алар тим эле сөөктөрдү казып алып, бир жерден экинчи жерге көөмп койбостон, жергиликтүү окумуштуулар менен тыгыз байланышып иш кылышты. Архиологияда, тарыхта, лингвистикада, байыркы бабалардын үрп-адаттарында жаңы маалыматтар билинди, илимибиз бул жагынан да толукталып бул тармакта да маанилүү иштер аткарылды.

Токтогул районунун азыркы борбору ошол учурда жаңы типтүү үйлөр менен толукталып, көбүнчө Ленинград шаарынын стилиндеги эки кабаттуу үйлөр түштү. Учурунда Токтогул поселогу эл арасында "Кичинекей Ленинград" деген да атка ээ болду. Ал бекеринен эмес, баш-аягына чейин курулган борбордун бүт курулушу жапжаңы гана болбостон европалык стилдеги архитектура менен толукталды жана суу түтүкчөлөрү, канализация, телефон, радио, электр линиялары жаңы долбоор менен баш-аламан болбостон ырааттуу тартылып, айтор ээн талаада жаңы чоң поселка пайда болуп калды. "Көз коркок кол баатыр" дегендей мурда жаңы жерге баргысы келбей муюп, эски жайынан коштошуп кете албай ичи кайрылып, көңүлү эзилип турган эл жаңы жайды көргөндөн кийин өздөрү эле ага көбүрөөк имерилип, ал тургай башка кыштактарга кете тургандар да борборго баш калкалап калышты. Эл кубанып көргөн көздөрүнө да ишенбей калышты.

Акыры алтындалган чоң ачкыч жасатылып райондун жаңы борборун салтанаттуу түрдө ачуу аземи да келип жетти. Район толук көчүрүлүп бүткөнүнө карата майрамдык чогулуш, митинг өткөрүлдү.

Токтогул районун жаңы жерге көчүрүү менен келечекки эл чарбасын көтөрүүгө карата да көптөгөн перспективалуу жумуштар аткарылды. Атап айтканда Торкент колхозунда, Куйбышев жана Бөкөнбаев атындагы колхоздордо жаңыдан каналдар салынды. Бир нече жаңы насостук станциялар курулуп көптөгөн жаңы жер аянттары пайдаланууга берилди. Кайрак талаалар сугат жерлери менен толукталды. Ушундай тарыхый маанилүү иштерди кыска мөөнөттө тез бүткөрүүгө алибетте мамлекет тарабынан чоң көмөк көрсөтүлдү. Ал тургай мында бир айта турган сөз курулуш материалдары мамлекеттик баа менен эмес, оптовый баа менен берилди.





С.Ибраимов Кыргызстан Компартиясынын XVIII съездинин делегаттарынын арасында.

Он жылдык мөөнөт менен ар бир үй куруучуга же башкача айтканда үй ээсине 12 миң сомдон кредит берилип, анын 2 миң сому кайтарымсыз жардам катары берилип жатты. Ал кезде 2 миң сом деген "Москвич" жеңил машинесинин жарым баасы болчу. Алибетте ушулардын баарын аткарууда Султан Ибраимовичтин кылган аракети зор. Бул иштерге ал өтө жоопкерчилик менен карап райкомдун койгон маселесин өз мезгилинде чечип берип турду.

Мындан тышкары ошол жылдарда дагы бир зор маанилүү иштин аткарылгандыгын айта кетпесем болбос. Жылдан-жылга коомдук малдын башы өсүп, тоют менен камсыз кылуу кыйындап отурду. Ошол жылдары кургакчылык өкүм сүрүп тоюттун жаңы запастарын табуу келип чыкты. Мындай мүмкүнчүлүк алыскы жайыттарда бар эле. Айрыкча Токтогул районунун борборунан 110 чакырым алыстыкта турган Сары-Камыш өрөөнүндө тоюттун запасы көп болчу. Бул маселени мен койгондон кийин аны С.И. Ибраимов колдоп, ал Усубалиевге билдирилип мындай маанилүү, келечектүү ишти жеринде көрүп чыгууга туура келди да, бир күнү Усубалиев Т.У., Ибраимов С.И. жана мен болуп Сары-Камышка аттандык. Ал жакты жайлоо, жайыт катары гана пайдаланып келгендиктен машине жүрө турган жол жок болчу. Ал жерде чөп ушунчалык көп экен, Токтогул районунун эле эмес областын айрым райондоруна да жеткидей. Натыйжада менин айткандарым туура чыгып жетекчилик жактырып, ал жакка кыска мөөнөттө жол салдырууну чечишти.

Демек, 1972-жылы ошол учурдагы Республиканын авторанспорт Министри Көлбаев Хусейнге катуу тапшырма берилип ал жана обкомдун жетекчиси С.И.Ибраимов тарабынан иш-чаралар түзүлүп иш тез уюштурулду. Султан Ибраимович ошол жолдун курулушуна облустагы жол курууга ылайыктуу техниканын жарымын мобилизациялады.

Натыйжада жолдун курулушу өтө тез темпте жүргүзүлө баштады. Жаңы жолдун проектисин түзүүгө эле көп убакыт кетмек, мында андай болбоду проектини инженер-



куруучулар, геологеодезистер жеринде эле катышып түзүп, дароо эле алдыда нивилир менен салынуучу жолдун нугуна белгилер коюлуп артынан эле бульдезер, экскватор салынып дароо эле самосвалдар менен топурак, таштары төгүлүп ташылып жатты. Бул айтканга жеңил болгону менен кайнаган эмгек эле. Техниканын заманында бул чындыгында чоң жетишкендик болчу. Себеби, бир кездерде 1936-жылдарда Ош-Хорог жолун, Ош-Токтогул жолун, Чүй, Ферганадагы каналдарды казууда миңдеген адамдар катышып оору, ачкадан, оор жумуштан көбү өлүп кеткен болсо, мында негизинен жалаң техниклар иштетилди. Мен ошондо техниканын өнүгө баштаганына ичимден ыраазы болдум. Жол тез темпте курулуп айрым ыңгайлуу түз жерлерде бир эле күндө беш-алты километрдей жол бүткөрүлүп, кээ бир аска-таштарда бир күндө 50 метрдей жер да колду байлап жатты. Ошентсе да Май айында башталган узундугу 110 чакырым жол Сентябрь айында бүткөрүлүп бир эле кезде транбовкаланып, шагыл төшөлүп чоң шоссеге айланды. Мына ошол жаңы жол аркылуу 1973-жылдан баштап Сары-Камыштан бир эле Токтогул району эмес, областтын башка райондору да тоют камдап турушту. Жакынкы Ала-Бука, Сузак, Ноокент, Базар-Коргон эле эмес, эң алыстагы Алай району тоют алып кетип жатты. Анда иехника ага май куюу, жол акы, шоферлорго чөп чапкан, жүктөгөн жумушчуларга акы төлөө мамлекеттин эсебинен, колхоз, совхоздордон жүргүзүлгөндүктөн мынчалык алыс жерден тоют даярдоо анчалык билинген эмес. Азыркы шартта үйүңдөн 20 чакырым алыс барып тоют алып келүү деген толук "банкроттук" болмок.

Мына ушундай республика үчүн маанилүү иштердин аткарылгандыгынан улам эле обкомдун биринчи секретары Султан Ибраимовичтин өзүнүн жүргүзгөн ишине, контролго алган жумушуна канчалык деңгээлде жоопкерчилик менен карап, канчалаган көмөгүн көрсөткөндүгүн билүүгө болот.

Бул кишинин мен айрыкча белгилей турган бир асыл өзгөчөлүгү — ар кандай оор маселеге, болгон

кыйынчылыктарга өтө капа болуп, же өтө нервичит этип, үнүн жогору көтөрүп катуу ачууланганын 8 жыл бирге иштешип жүрүп бир байкабадым. Ачуусу келгенде да анын жүзүнөн байкоого кыйын болчу. Ушундай токтоо, салабаттуу адам эле.

Токтогул районунда ГЭСке байланыштуу жалаң эле курулуш иштери эмес, калган айыл чарба, өнөр жай, азык-түлүк, башка продукцияларды өндүрүүдө да көп иштер жүргүзүлгөн. Мисалы мен иштей баштаган 1968-жылдары райондо жүгөрүнүн ар гектарынан 19 центнерден даны, 90 центнерден сотосу же жашыл массасы алынып келиптир. Бул тармака биз жогору баа берип жердин асылдуулугун көтөрүүгө, бул баалуу тоютка жакшы камкордук көрүп өстүрүүгө көңүл бура баштадык. Анын жыйынтыгында алдыңкы жүгөрүчүлөр өсүп чыкты. Мамыров Аманкан, Керезбеков, Сатаров Кабатай деген дыйкандар ар гектарынан 120-130 центнерден дан ала баштады. Мына ушундай жетишкендиктин натыйжасында биздин ишти жогору баалашып Султан Ибраимович обкомдун бюро мүчөлөрү менен бирдикте барып, Токтогул районунда жүгөрүчүлүк боюнча областык семинар өткөрүштү.

Кой чарбасында мурда 80-90дон козу алынып келсе, бул тармакта да ишти уюштуруп чабан-сакманчыларга шартты, материалдык колдоолорду күчөтүп тоютту арбын даярдагандыктан ар жүз койдон 103-105тен козу алып, аман асырай баштадык. Район боюнча мындай көрсөткүчкө жетишүү чындыгында мактанаарлык иш болчу. Мына ушундай жетишкендиктердин аркасында, бул мактангандык эмес, мен жетекчилик кылып турган 8 жылдын ичинде Токтогул району 5 жолу Бүткүл Союздук Кызыл Тууну, 2 жолу түбөлүк сактала турган Союздук Кызыл Тууну алды.

Жүгөрүчү Мамыров Аманкан, Чотоев, Мамбетов өндүү чабандар Социалисттик Эмгектин Баатырлары болушту. Бир канчалаган кишилер орден жана медалдардын ээси болушту.





С.Ибраимов М.Сыдыковго өтмө Кызыл-Туу тапшырууда

Дагы бир айтып кете турган кеп мен Токтогулдан обкомдун бюросунун макулдугу, Султан Ибраимовичтин көрсөтмөсү менен Токтогул районунан партиянын Кара-Суу райондук Комитетине келген 1976-жыл биз үчүн абдан оор болду. Ошол жылы мурдагыдан да биртке ашырып 22 миң гектар жерге пахта эккен элек. Жаз жамгыр, мөндүрлүү

келип пахтаны эки жолу сел алды. Добул урду. Ошол учурларда Султан Ибраимович ат минип алып өзү мени менен кошо жүрүп элдин, дыйкандардын ал-абалын сураштырып талааларды көрүп чыкты. Натыйжада 10 гектардан ашык жерге экинчи жолу чигит эктик.. Мөндүр түшүп, добул уруп, каткалаңга айланган жерлерди кетмендеп жумшарттырдык. Мына ушундай түйшүктөрдөн улам кайрадан кеч эгилген пахтанын түшүмүн жеткирүүнү тездетүү, тез ачылып түшүм берүүгө жеткирүү үчүн Султан Ибраимовичтин масилети менен Алайдан, Жаңы-Жол районунун (Азыр Аксы району), Разан-Сайынан койлордун эски, чиринди кыктарын ташыттырдык. Ал жумушка Султан Ибраимович жүздөн ашык самосвал машиналарын уюштуруп, экскватор, бульдезерлорду бердирди. Натыйжада ошол жылы биздин райондун пахта планы Республикада эле эмес Союзда биринчилерден болуп толуп пландагы 52 миң тоннанын ордуна 62,8 миң тонна пахта өндүрдүк. Ушундай жүрөк кубанарлык ийгиликтердин артынан райондо жүздөгөн дыйкан-пахтачылар орден, медалдар менен сыйланып алардын арасында мен да Ленин орденин алдым.

Султан Ибраимовичтин дагы бир жөнөкөйлүгү өзүнүн ошондой чоң кызматында да бой көтөрүп, кээ бирөөдөй менменсинип калбай, көп учурларда мени чакырып алып масилет куруп, көрсөтмө берип контролдук гана кылбастан, “Сиз улуусуз” деп акылдашып, акыл-насаат да сурачу. Өзү көп угуп, аз сүйлөчү. Бир негизги улуулугу, асылдыгы мына ушунда эле.

Ал кишинин асылдуулугу боюнча эми мен дагы бир фактыны келтире кетейин. Токтогулда иштеп жүргөн учурумда 1973-жылы май айында менин ичим катуу ооруп төшөккө жатып калдым. Бир суткага жакын буту-колумду тарта албай, оокат ичпей жаттым. Ошол учурда Токтогул



райондук Аткаруу комитетинин председатели Козубеков Азим областка телефон аркылуу керектүү кишилерди издетип атып кокустан телефондо Султан Ибраимович менен туш келип калыптыр. Ага шашып кетип: “Матен Сыдыкович катуу ооруп атат” деп ийиптир. Ошондо Султан Ибраимович өзүнүн машинасын, шоферу Айтбайдын айдоосунда чакыртып, ага хирург Сергеев (кийин областтык ооруқананын башкы врачы болгон), деген врачты сестрасы менен шашылыш түрдө Токтогулга аттандырыптыр. Ушунда бир белгилеп кетүүчү нерсе кээ бир жетекчилер айрым ырым-жырымга ишенип сыртынан билдирбегени менен иш жүзүндө кармашчуу. Мисалы өзүнүн кызматтагы машинесин эч кимге беришкен эмес, ал тургай өзү отурчу орундука кимдир бирөөлөрдүн отуруп калуусуна да заарланчу. Эр жигит камчысын бирөөгө белекке бербейт дегендей түшүнүктө болуп, анте турган болсо жолу болбой кала тургандай сезишчү. Ал тургай өзүнөн чоң кызматта иштегендерден кандайдыр бир буюмун белеке алууну самагандар да болгонун турмушта көргөнмүн. Султан Ибраимович мына ушундай чылыктардан, кыска тар түшүнүктөрдөн алда канча улуу, чыныгы көсөм экендигин, мына ушунда да байкадым. Болбосо өзү минген машинесин, анан өзү ишенген гана шоферун жөнөтпөс эле. Анын улуулугу ушундай эле.

Султан Ибраимович жөнөткөн медиктер 3,5 саат дегенде Токтогулга кирип барышыптыр. Булар эч жерге токтобой катуу барышкан, болбосо ал 5 сааттык жол болчу. Сергеев жакшылап анализ кылып такшалган күчтүү врач экен, операция жок эле менин жанымда эки күн жатып түрдүү дары-дармектерди колдонуп айыктырып жиберди. Мындайча айтканда мүмкүн, ал адамдар менин өмүрүмдү сактап калышты. Мында алибетте Султан Ибраимовичтин түздөн-түз

кийлигинүүсү болуп отурат. Ыраматалык бейиши болгур, мен ал кишиге чын жүрөгүмдөн ыраазымын, ушундай улуу адамгерчилигине, жөнөкөйлүгүнө, боорукерлигине. Мындай сапаттарын ал киши жүздөгөн улуу-кичүүлөр, ата-энелер, балдар, кыз-келиндер, оорукчан, багар-көрөрү жоктор менен сүйлөшкөндө көп көрсөткөн. Ал тургай жогору жактан — Фрунзеденби, Москваданбы канчалык чоң даражадагы адамдар келгенде да аларга да бир жойпоңдоп, бөжүрөп же сактанып калбастан айкөлдүгүн, кенендигин, алардын кызматы же даңкы эмес, адам катары иштермандыгын баалоочу. Ошого жараша иш кылчуу.

Ал кишинин үй-бүлөсү жөнүндө да ого эле көп сөздөрдү жазууга болот. Бирок ар нерсе ченелүү эмесби, андыктан бир сүйлөм менен бүтүрөйүн. Аялы Рева Касымовна Телтаева да асылга асыл туш келгендей бир жөнөкөй, ак пейил, берешен, пейли кең аял эле. Келген кишини ким экенине карабастан жадырап тосуп алып жадырап узатчу. Султан Ибраимовичтин бир — Эрмек деген уулу жана 3 кызы бар эле. Уулу да атасындай жөнөкөй, иштерман болуп, акыл-эстүү өстү. Азыр чет өлкөдө иштеп жатат деп угам. Ал жалгыз баладай эрке өскөн жок. 3 кызы да эстүү чыгышып турмушта азыр очор-бачар, базар дүйнөдө барктуу өмүр сүрүшүүдө.

Айтор Султан Ибраимович тууралуу жомок эмес, жобураган чындыгым түгөнгүс. Азырынча бул асыл адамдын азын-оолак асылдуулугун баяндаган аңгемемдин аягына чекит коюн.



**Нурия Гапаровна БАЗАРБАЕВА,**
**персоналдык пенсионер, Эл агартуунун отличниги.**

## АЛ ИНСАНДЫ ТАБАЛБАЙБЫЗ ЭМИ ...

Атактуу адамдар жөнүндө жазуу оор жана толкундатуучу көрүнүш. Аты ардакталып айтылган, элге кеңири таанылган, зор кадыр-баркка ээ болгон ардактуу Султан Ибраимович Ибраимовдун арабыздан кеткенине мына он жети жыл да өтүп кетиптир. Мен анын аты унутулбай, бирге иштешкен замандаштары, бардык жакшы тилектеги адамдар тарабынан дайыма эскерилип, жазылып жатканына, анын ысымы көчөлөргө, театрларга жана чарбаларга, башка обьектилерге коюлганына сыймыктанамын.

Тагдыр мени ушундай туш кылыптыр, Султан Ибраимович менен Кыргызстан Компартиясынын Ош областтык Комитетинин аппаратында сегиз жыл бирге иштешип калдым. (1970-жылдан 1978-жылга чейин). Мага жана менин замандаштарым үчүн ал мезгилдер жетишкендиктердин, өсүштөрдүн жана областагы партиялык уюмдардын жетилүү, көтөрүлүү мезгилдери болгон.

КПСС Борбордук Комитетинин алдындагы Ленин ордендүү жогорку партиялык мектепти бүткөнүмдөн кийин 1970-жылдын август айындагы Пленумда мен партиянын Ош областык Комитетиндеги илим жана окуу жайлар бөлүмүнүн башчысы болуп бекитилдим. Элге билим берүү, калкты медициналык жактан тейлөө жана социалдык ал-абал маселелерин карап, чечүү, ишке ашыруу мага жүктөлдү. Бул тармактар жоопту болуп талап да катуу жүргөн. Баса ал маселелерге кесипчилик-техникалык билим берүү да кошулган. Ал эми бул тармак ал кезде эң орчундуу иштердин бири болгон.

Бул иштерде менин Москвада окуп жүргөндө көптөгөн партиялык уюмдарда, маданий мекемелерде болуп, алардын иштери менен таанышып, теориялык жактан терең билим

алгандыгым ошондо жүргүзүп жаткан ишимде чоң жеңилдиктерди алып келди. Анын үстүнө Горький шаарында (азыр Нижний Новгород) анын автозаводунда бир ай практикада да болдум эле. Мында жумушчулардын иши, алардын жашоо турмушу, аларга түзүлгөн социалдык абалы менен таанышканмын. Заводдогу бир эле партиялык уюму миңдеген коммунисттерди бириктирип, биздеги бүтүн райондун деңгээлиндей иш алып барган. Ал эми ошо мезгилде заводдо баардыгы 100 миң адам иштеген. Бул шаар ичиндеги шаар болгондугун түшүндүрөт.

Ошентип партиянын Ош областык Комитетинин аппаратындагы ишим башталды. Мында ишин так жана таза аткарган, тартипти катуу сактаган мыкты жамаат түзүлгөн эле. Обкомдун бюросунунун кеңешмесинде мен Султан Ибраимовичтин бардык маселелер боюнча терең жана ийне-жибине чейин билээрлигин байкадым. Областык Комитеттин келечекки эң көрүнүктүү адиси областын бардык аймактарын көп кыдырган, миңдеген адамдарга жолугуп, алар менен аңгемелешип, областын бүтүн майда-чүйдө маселелеринен бери билген "Ким маалыматтарга көп ээ болсо, ал дүйнөнү башкарат" деген учкул сөз бекеринен айтылбаган да. Султан Ибраимович өзү илимий иштерге терең анализ берип, талдап, ага үстүртөн мамиле кылгандар менен келише алган эмес. Ошон үчүн кээде бюрого коюп, анын документтерин даярдаганда жеринде өзү кылдаттык менен таанышып, документтерин так текшертип, тактыкка жеткенден кийин анан кароого сунуш кылчуу. Эч качан ар бир маселеге көз жаздымдан мамиле кылчуу эмес.

Султан Ибраимович адамдарды кунт уга билчүү. Мамиле кылган адамдарга абалына карай талдап же боор тартуу менен мамиле кылчуу. Айрыкча ал адамдардын ден-соолугу жана турмуш абалына байланыштуу маселелерине көп көңүл бурчуу.



Мындай бир окуя эсимде калыптыр. Шаардын борборундагы "Алай" мейманканасынын маңдайындагы Оштогу Мамлекеттин пединституттун жатаканаларында иче турган суу маселеси кыйындап кеткен. Ошол кездеги институттун ректору Мира Махмудовна Ботбаева менен Султан Ибраимовичке кирдик да суусуз калган студенттердин абалы жөнүндө баяндадык. Ал бизди кунт коюп укту да ошол жерден өнөр жай бөлүмүнө катуу тапшырма берип, "Тактек" геологиялык изилдөө партиясынын начальнигин чакыргыла деди. Мына ошол геологиялык партиянын бургулоосунан улам жатакананын короосунан суу чыгарылып, суу сактагыч камсыз кылгыч мунарасы курулуп студенттер эмдигиче пайдаланып жаткан иче турган таза суу менен камсыз болушкан. Ушундай татаал маселенин оң чечилиши, түшкө кирбес короодон эле түбөлүккө суу менен камсыз болушу окутуучуларды жана биринчи кезекте студенттерди аябай кубанткан.

Султан Ибраимович айрыкча балдардын ден-соолугу үчүн өтө тынчсызданчу. Ошол учурларда айыл жерлеринде, райондордо жылына жетпей курман болгон балдардын саны көбөйүп кеткен. Педиатр кесибине ээ болгон балдар врачтары жетишкен эмес. Ошондой эле балдардын ден-соолугун чыңдоочу балдар мекемелери да аз болгон.

Бир жолу биздин бөлүмгө Жалал-Абаддагы ревматологиялык-санитардык бөлүмдүн башкы воачы Галина Емельяновна Тартышова келип санитардык абалдын өтө начардыгын, ал тургай кир-коокту жууй турган каана, башка да шарттар жоктугун айтты. Ошондой эле санитарияга сөзсүз түрдө кошумча бөлмөлөр талап кылынып жаткандыгын билдирди. Бир нече күндөр өтүп Султан Ибраимович алыстан командировкадан келгенден кийин биз ага санитардык абалдын баарын түшүндүрүп, ошондой эле шаардык оорукананын жанында бир нече бөлмөлүү имарат бошоп жаткандыгын маалымдап, ага өтө начарлап калган

балдарды жайгаштырса боло тургандыгын билдирдик. Көп өтпөй эле партиянын Жалал-Абад шаардык Комитетинин Пленумуна барган Султан Ибраимович биздин талапты эч эсинен чыгарбай, биз айткан имаратты өзү барып көрдү жана биздин пикирге кошулду. Ошондон кийин ал имаратты капиталдык ремонт кылып балдар үчүн бардык шартты түзүп берүүгө атайын каражат ажыратылды. Мени таң калтырганы ушул эле, анын жардамчысы катары өзүм көп күбө болдум, бир маселени айтсаң ошону аткара тургандарга тапшырып койсо деле болмок, ал андай кылбай а дегенде ошол обьектиде өзү болуп, ошол маселенин үстүндө өзү кызыгып иштеп, чындыгына жеткенден кийин гана биротоло чеччү.



*1975-жыл. Таджикстандын Кыргызстандагы өтүүчү маданият күндөрүнүн Ош аэропортунан тосуу. Ортодо С.Ибраимов*

Султан Ибраимовичтин тушунда өтө көп социалдык-маданий багыттагы имараттар түшкөн. Булар: Оштогу көп тармактуу облустук балдар ооруканасы, партиянын областык Комитетинин жаңы имараты, Ош аэропорту, Ак-Буура



дарыясына салынган азыркы Оштогу эң узун жаңа кең көпүрө, жети кабаттуу жаңы мейманкана жана башка көптөгөн курулуштар.

Ошол мезгилдерде жумушчу кадрларды даярдоо маселеси курч болуп турган. Ошондо Султан Ибраимовичтин жеке кийгилишүүсү, колдоосу жана көрсөтмөсү менен областын бардык шаарлары, райондоруна (ал кезде Жалал-Абад аймагы да Ош областынын ичинде болгон), түрдүү кесипке ээ болгон жаш жумушчуларды даярдап чыгаруучу кесипчилик-техникалык билим берүүчү окуу жайлар салынган.

Бир эле мезгилде жогорку баскычтагы кадрларды даярдоо жана алар үчүн окуу базаларын түзүү маселеси келип чыккан. Ушул багытта Ошто жалпы техникалык факультет түзүлүп, анын деканы болуп Текенов Жапар Текенович иштеген. Анда аз эмес студенттер окуган жана материалдык базасы күчтүү болуп, бирок лабароториясы жок эле. Ош облустунда инженердик-техникалык кадрлардын жетишпегендигин Султан Ибраимович жакшы билчү жана бул факультетти дайыма колдоо менен, анын жетишпегендерине жардам берип, дайыма көзөмөлгө алып турган.

Жекече Султан Ибраимовичтин демилгеси менен бул факультет үчүн кыска гана айлардын ичинде лабораториялык атайын имарат курулган. Султан Ибраимович бул лабораториялык имараттын курулушун өзүң дайыма контролдоп турасың деп, ошо кездеги областтык аткаруу комитетинин председателинин орун басары Петренко Николай Петровичке тапшырган. Ошол учурдагы Николай Петровичтин буга кошкон салымын, аракетин айтпай коюуга болбойт, ал бардык күчүн ушул курулушка жумшап, ар күнү ал жерде болуп, обьектин сапаттуу жана тез арада пайдаланууга берилишин камсыз кылган. Бул күндөр бул имаратка биртке кайра түзүүлөрдөн кийин Гапар Айтиев атындагы көркөм окуу мектеби жайгашкан.

Бир нече мезгилдерден кийин бул кечки техникалык факультетке Пионер көчөсүнөн дагы бир нече кошумча корпустар берилип, Султан Ибраимович факультеттин профессордук-педагогикалык жамаатына, ал кезде курулуп

жаткан Түштүк-Чыгыш райондагы институттун корпусунда өзүнчө жогорку окуу жайы боло тургандыгын билдирген.

Мен жетектеген илим жана окуу бөлүмүндө окуу жайлардын профессорлору, өзүнүн ишине өтө берилген адамдар, Жаманбаев Акматбек Сагынович, Журавлев Владимир Михайлович сыяктуу көрүнүктүү илимпоздор болуп турчу. Алардын жашоодон эрте кеткендерине зээним кейийт. Алар жөнүндө өчпөс элес-эстеликтер калган. Алар техникалык Жогорку окуу жайдын жана Түштүктө Кыргызстан Илимдер Академиясынын бөлүмүнүн ачылышына чоң салымдарын кошушкан.

Шаарда жаңы Жогорку окуу жайын түзүү жана ачуу Султан Ибраимовичтин көксөгөн тилектеринин бири болгон. Анын бул кыялы ишке ашты жана анын ишке ашырылышы үчүн 70-жылдардан эле негиз түзүлө баштаган болчу.

Окуу базалары жөнүндө сөз кылганда Султан Ибраимовичтин өмүрлүк жолдошу жана турмуштук жакын адамы Рева Касымовна Телтаева иштеген Уркуя Салиева атындагы областтык кыргыз кыздар (ошондо ушундай аталчу) орто мектеби жөнүндө сөз кылбай коюуга болбойт. Ал окуучулар үчүн жатакананын жана окуу корпусунун бүтүшүнө зор салым кошкон. Мен билгенден Рева Касымовна өтө жөнөкөй, адамгерчиликтүү, эң башкысы эмгекчил аял эле.

Ош шаарынын эмгекчилери үчүн кыргыз драма театрынын курулуп, 1974-жылы пайдаланууга берилиши чоң окуя жана тарыхый мааниге ээ болгон. Менин бир эсимде калганы 70-жылдардагы бир партиялык конференцияда пионерлер коммунистерди куттуктап калды. Ошондо бир пионер күйүккөндүк жана чын дилден адамдын көңүлүнө таасир берүүчү күч менен кыргыз тилинде мындай деп айтты: "Мен туулганда кыргыз драм театры курула баштаган эле. Мына эми мен сегизге чыксам да театрдын курулушу бүтпөй турат".

Башкалар сыяктуу эле анда Султан Ибраимович да күлдү. Залда жандануу пайда болду. Ошол учурларда пионерлердин, октябраттардын жана комсомолдордун ушундай маанилүү жыйындардагы айрым пикир, сын кошо коштогон



куттуктоолорду көп учурда жакшы жыйынтык-эффект берчү. Мына ошол партиялык конференциядан кийин курулушу көпкө созулган Кыргыз драм театрынын имараты тез арада жандандырылып, курулуш күчтөнүп, натыйжада 1974-жылы бүтүп пайдаланууга берилди.

Султан Ибраимович ар дайым адамдарга жакшы көңүл буруп, абайлап, кастарлап мамиле кылчу. Ал обкомдо иштеген ар бир адамдын-милиционерден баштап, техникалык кызматкерлердин, жоопту адамдардын атын, атасынын атына чейин билчү, пол жууган жумушчу же шоферbу, же жоопту кызматкерби эгер ал ооруп-сыркап, же кандайдыр бир шартка муктаж болуп калса ар тараптан жардам берип, камкордук кылаар эле. Алардын жашоо-шарттарына, үй-жайы бар-жогуна кызыкчу жана шарт түзчү. Ар бир майрам алдында ал аппараттын баарын чогултуп, жылуу сөздөрүн, куттуктоолорун айтып, дайыма алдыдагы пландар, аткарыла турган иштер менен тааныштырчу.

Ал өтө иштерман адам болгон. Кээде мага ал өзүн такыр аябаган адамдай туюлчу. Ал алды жакты алыстан, алдын-ала көрө билген окумуштуу, жетекчи болгон. 10-15 жылдык алды жакты көрө билген. Ишине берилгендик менен берилип иштеген. Эсимде "Кыргызстан Ош областы" деген китептин үстүнөн кандай талыкбай иштегени. Ал аябай такталып Султан Ибраимовичтин өзүнүн жеке кайра-кайра кароосунан кийин Фрунзедеги "Кыргызстан" басмасынан 1979-жылы жарыкка чыгарылган. Биздин бөлүмдөн инструктор Кибо Евгений Эммануилович иштеп, аны кийин Султан Ибраимович өзүнө жардамчы кылып алып, китепти толук иштеп чыгууга, салым кошкон. Евгений Эммануилович докладдарды жана чыгып сүйлөөгө керектүү материалдарды жакшы жазчу. Ал айтып калчу: "Султан Ибаримовичтин эске тутуусу укмуш жана дем албай 24 саат бою иштей алат"–деп.

Султан Ибаримовичтин алдын-ала көрө билип айтканына мына ошол "Кыргызстан Ош областы" деген китебинин жетинчи класстагы мындай сүйлөмдү мисалга келтирүүгө болот:"Эртеңки күндү карап " деген темада Ош областынын алдыдагы өнүгүшү таамай берилген. Жана алардын көбү дал ошондой өнүккөнүн турмуштан көрдүк.

1978-жылы август айында аппараттын бардык кызматкерлери Султан Ибраимовичтин жоопту жана чоң кызматка кетип жатканын билишти. Биз анын жогорку кызматка кетип жаткандыгы менен сыймыктандык жана сүйүндүк, ошону менен бирге анын Оштон кетип жатканына, биздин жаныбызда мындан ары болбошуна ичибиз ачышты. Кетердин алдында ал аппараттын баарын чогултту жана кайырлашуу сөзүн айтуу менен бизге ыраазычылык билдирип, баарыбызга китеп белек кылды. Китеп менен бирге төмөнкүдөй алкоо сөздөр жазылган кат тапшырды:" Сиздин партиялык кызматташ жана адамдык достугуңуз үчүн, Кыргызстан Компартиясынын Ош областык Комитетиндеги аппаратта чыгармачылык менен талыкпай иштегендигиңизге, биздин областыбыздын партиялык уюмдардагы кажыбас кайраттуу, чынчыл, талыкпас иштериңиз үчүн чын көңүлүмдөн ыраазычылык билдирүү менен чын жүрөктөн алкыш айтамын.

Чын дилимден Сизге, кымбаттуу дос жана жолдош, бекем ден соолук, узун өмүр, адамдык чыныгы бакыт, жаңы жетишкендик, экономика жана маданиятты көтөрүүдөгү алдыдагы көрүнүктүү ийгиликтерди, Ленин ордендүү Ош областынын эмгекчилеринин жашоо тиричилигиндеги жалпы жогорулоону, бардык жакшылыктарды каалаймын!

Сизге терең урмат көрсөтүү менен С. Ибраимов".

Бул 1978-жылдын 1-сентябрында болгон эле.



**Мухтар НУРГАЗИЕВ,**
**эки Кызыл Туу, эки Ардак Белгиси,**
**эки Ата Мекендик согуштун**
**ордендеринин ээси,**
**СССР элге билим**
**берүүнүн отличниги.**

## ЭЛГЕ ЖАКЫН ЭР

Анын жаркырап жайнап, күчкө да акылга толуп, эли, жери үчүн аябай эмгектенип жаткан кезинде душмандын колунан каза болгону өтө өкүнүчтүү. Андан бери айлар, жылдар өттү, бирок азырга чейин анык кылмышкер кимдигинин бети ачылбаганы мени ого бетер өкүндүрөт.

Султан Ибраимов Ошко келип иштенгенине көп убакыт болбой эле эл ичинде көбүрөөк оозго алына баштаган эле. Айрыкча, өтө жөнөкөй мамилесинен, интернационалдык багытынан эл тегерегине топтолуп, элде ынануу сезими менен бирге чоң ишеним пайда болгон. Андыктан кызматтагы активдер менен гана эмес, катардагы жумушчулар, дыйкандар, малчылар менен болгон жыйында же жекече жолугушканда аларды өзүнө тартып, суроо талаптарынын кунт коюп угуп, шашылбай баарлашып, ыраазы кылганы айтылып жүрбөйбү. Төрө пейилдик бул инсанга жат эле. Жаш кезинен ак эмгектенип, трактор минип, кош айдап, турмуштун ачуу-таттуусун башынан өткөргөндүгүнөн болсо керек деп ойлойм.

1972-жылы Токтогул суу сактагычы курулуп, ишке киргизилип, алгачкы гектарларга күздүк эгин эгилип, суу коюлуп, жатканын көрүп, сугатчылар менен маектешкени эсимде. Баткендин кургак талаасына суу келип сугарылып жатканына кубанып, сугатчы жигиттерди кучактап куттуктаганына күбөмүн. Алар кийин С. Ибраимов каза болгондо кандай кайгырышканын айтпасам да түшүнүктүү.

Ал эми маркумдун сөөгүн коюуга арналган аза күтүү митингеде өкмөт үйүндө иштеген техничка улгайып калган орус аялдардын да өксүп ыйлаганын көрдүм. Өкмөт башчысы болуп иштегенине анча көп убакыт болбосо да аппаратында зор кадыр-баркка ээ болуп калганын дагы бир жолу сездим. Султан Ибраимовдун адамдарга болгон, кызматка байланыштуу болгон маселелерде көп өзгөчөлүктөрү байкалат эле. Айрыкча, партиялык уюмдаштыруу, саясый тарбиялык, турмуш-тиричилик, маданий агартуу жана чарбалык иштердеги жаңылыктарга күнт коюп талдоо жүргүзүп, пайдалуу жактарын көрө билет эле. Өзү көп изденип иштеп, бирге кызматташтарга да ошондой талап коет болчу. Ошондон улам райондун жетекчилери биз дагы көп изденип иштөөгө умтулат элек. Мисалы Союздан басылып чыкчу "Строитель" деген журналды окуп калып "Учебно-производственный комбинат" деп атап мектептердин 9-10-класстарда окуган окуучулардан учкомбинатта окутуп, (андай комбинат 5 орто мектептин алдында ачылып иштеди эле), 10-15 түрдөгү адистерди даярдап чыгарууга жетиштик. Андан окуп бүтүп күбөлүк алгандардан атайын курулуш бригадалар түзүлүп, чарбаларда слесарь, ширетүүчү, тракторчу, комбайнчы, шофер, электрик, кыш коюучу, шыбакчы, майлоочу болуп иштеп жатышты. Мындай адистерди учкомбинаттарда окутуп даярдоону Украинанын Гайварон району, Казакстандын Семипалатин облусу баштаган тажрыйбаларды атайын адистердин тобун жиберип, алар изилдеп үйрөнүп келгенден кийин семинар өткөрүп, анан өзүбүздүн өндүрүшүбүзгө киргизген элек.

Ошол мезгилде С. Ибраимов менен Т. Усубалиев районго келип жаш кыздар, балдардын шыбак шыбап, кыш коюп жаткандарын көрүшүп, жакшы саамалык катары рахмат айтышып жактырышкан. Кийин обкомдо, БК да атайын каралып, жаңы тажрыйба катарында жактырылып, областа, республикада тажрыйба катарында жайылтууга сунуш кылынган.





*1976-жыл. С.Ибраимов Кадамжай районундагы Жар-Кутан канадынын ачылышында*

Ибраимов С. кесип боюнча суу чарба адиси болгондуктанбы сугат системасына байланышкан каналдар, көлчүк-тосмолор, майда арыктардан тартып миллиондогон кубометр суу кампаларды куруу багытындагы демилгелерди айрыкча колдоп иш жүзүнө ашырууга дайыма тике турганы баарыга белгилүү. Баткен районундагы Төрткүл, Кара-Суу районундагы Папан суу кампалары, Кадамжай районундагы Сох дарыясынан чыгарылган Бүргөндү каналы, Шаймерден дарыясынан чыгарылган Жаркутан каналы, Исфайрам дарыясынан чыгарылган Таджик кыштак каналдары, Айдеркендеги Карату, Көк талаа арыктары элдин кызматында болуп, миңдеген гектар жаңы жерлерди суу басты, эски жерлерге сугат суу көбөйдү. Ал кишинин тушунда мен бирнчи катчы болуп иштенген Баткен районунда жаңы жерди өздөштүргөн үч совхоз, Кадамжайда Бүргөндү массивин өздөштүрүү боюнча үч совхоз жаңыдан уюштурулду.

Ага чейин бул райондордун эли жакырчылыкта жашап келгени жашырын эмес. Азыр бул райондордогу дыйкан чарбалар, фермерлер дыйканчылыктан жакшы түшүм жыйнашат, айрыкча өрүк, жүзүм кирешелүү тармактан болуп калды. Төрткүл суу кампасын куруудагы демилгечи Болот Мамбетов болсо, анын курулушун аягына чыгарып ишке ашыргандар С. Ибраимов, Т. Усубалиев болду.

Кийинчерээк суу чыкган жерлерден өнөр жай мекемелери жер алып. өздөштүрүп, өзгөрү эгишип, эки жылдан кийин совхозго кайрып берип турушту. Мисалы Хайдаркен, Кадамжай комбинаттарынын чоң жамааттары жылсайын жүз гектардан жер алышып, ишке киргизип, кайтарып беришчү, ошондогу комбинаттардын жетекчилери А. Кайзер, Э. Турдубаев, М. Айбалаев, Е. Седой дың жерди өздөштүрүп ишке киргизүү жалпы элдин кызыкчылыгы экенин түшүнүшкөн.

"Бүргөндү" совхозу дың жерде уюшулгандан тартып Абдырахманов Орун, Жарматов Малик башкарып келишти. Дың жерди өздөштүрүүдөгү оор жумуштарды көтөрүп, ышкырган бороонуна чыдап, өтө туруктуулук менен эмгектенгенин айрыкча белгилөөгө татыктуу болушту. Бүргөндүнү өздөштүрүүгө республиканын, облустун ошол



кездеги жетекчилери Т. Усубалиев, А. Сүйүнбаев, С. Ибраимов, Т.Кошоев дың жерчи совхоздордун аракеттерин дайыма колдошуп тургандыктарын айтпай коюуга болбойт.



***Бүргөнду өрөөнүндөгү салтанат.***

Облустук керек-жарак коому (ошол кездеги төрагасы Т. Молдалиев) Бүргөндүгө соода түйүнүн куруп берди. Ошентип өздөштүрүү ашар жолун да айланган. Ошентип жети миң гектар чамасындагы жаңы жер кошулуп, дыйканчылыктын үзүрдүү түшүмү элибизге тартууланды. С. Ибраимов областа обкомдун биринчи катчысы болуп иштеп турган жылдарындагы суу системасындагы адис катары көп көңүл буруп келгенин танууга болбойт. Он жыл бою облустубуздун бардык эле тармактары өнүгүп, экономика, маданий, социалдык абал жыл сайын жогорулап турду.

1978-жылы Кадамжай районунда бүткөрүлгөн үч имараттын ачылышына С. Ибраимов катышып, курулушчуларды кызуу куттуктап, дагы жаңы иштерге багыт берип сүйлөгөнү эсимде. Ал курулуштар: XXI партсьез колхозундагы үч жүз орундук маданий үйү, Жаркутан каналы, Кара-Казык дабанынан алынган Көк-Талаа каналы болучу. Курулуп кетиши дайыма колдоого алган ошол кездеги он жыл ичинде райондо жыйырма үч орто мектеп, ар бири 320 окуучу

орундан 1079 орунга чейинки жаңы типтеги мектептердин имараттары ишке кирди.

1983-жылы болсо керек эле, Союздун элге билим берүү Министрлигинин биринчи орун басары Загаткин райондун бир катар мектептеринде болуп, райкомдо жолугушканда: "Районуңарда көп мектеп курулуптур, бул иште партиялык комитеттин салымы көп болсо керек. Сизди, райкомдун катчысын СССР элге билим берүүнүн отличниги деген наам менен куттуктайм!"-деп калса күтүлбөгөн жерден уялып кетип аны мен эмес курулушчулар эл курду дедим. Анда ал:"Сиздин курулушта кандай катышкандыгыңызды билип алып, анан айтып атам"-деди.

1969-жылдын кышы кар оор түшкөндүктөн көп райондордо мал кыштатуу кыйла кыйынчылыктарды алып келди. Январь айынын этегинде Баткен районуна кичи самолетто С. Ибраимов, И. К. Капустян келди. Мал короолорун кыдырып көрүп жүрүшүп:"Силерде кар азыраак турбайбы, сенин Токтогулдук туугандарыңды кар басып эле калды. Көчүп-конуу түйшүгүнүн үстүнө дагы оор иш түштү, кечээ эле көрүп келдик, жардам берилип жатат, малды гана эмес элди да сактап калуу чаралары көрүлүүдө"-дешти. Ошондо биринчи катчы элем, райондун борборуна кайсы жерди тандоо кылган аракетим эсиме түштү. ГЭС тин курулушу башталганда алдын-ала көчүрмө боло турган эл менен республикада түзүлгөн совминдин орун басары Данилин баш болгон комиссия ар бир кыштакта жолугушуп, кеңири баарлашып, бардык шартты түшүндүрүп сүйлөшкөн болчу. Ошондо райондун борборунун кайсы жерде орношу жөнүндө көп талаш-тартыштар болду. Айрыкча С. Г. Моисеев, А. П. Чубаровдор райондун борбору Каракөлдө жайгашса баары даяр, көп чыгымдын кереги жок, ал эми жаңы борбор үчүн бөлүнгөн 40 миллион сомду республиканын начар шаар, райондоруна берип, аларды кыйла дурустап алабыз-деген сунуштар менен Совминде эки жолу талкууланып, райондун макулдугу болбогондуктан чечилбей калды. Андан кийин эки жолу БКнын бюросуна чыгарылганда дагы кеңири



талкууланып, бюро мүчөлөрүнүн көпчүлүгүнүн райондун сунушун колдогондуктан маселе оңунан чечилмек болгондо, кубанганымдан бюрого ракмат айтып жибергенмин. Эгер ошондо Кара-Көл борбор болуп чечилип калганда элге кандай түйшүк болмок, ал эми азыркы замандын шартында элибиз кантип каттамак? Бул маселени чечүүдө Т. Усубалиев, С. Ибаримов, А. Сүйүнбаев, Т. Кулатовдордун калыстык камкордугун унутууга болобу?

Облустук партиялык уюму, анын биринчи катчысы С. Ибраимов калктын кеңири катмарында болду, өзүнүн жөнөкөй мамилесинде иштин жоопкерчилигин талап кылуу менен айкалыштырды, кадрларды стабилдүү кармады, жаштарды өстүрүүгө, тарбиялоого чечкиндүү турганын кайталап айткым келет. Кадр тандоодо, жайгаштырууда туугандык, жердештик же кошоматтанган "Азаматтардан" ишке көтөрүү бул кишиге мүнөздүү эмес экендиги сезилип турчу.

Эсимде, Кадамжайдан Кара-Казык дабанын ашкан Чоң-Алай автоунаа жолу курулуп Чоң-Алайга вертолет менен баратып, Кара-Казык жолунда төрт миң метр бийиктикте иштеп жаткан куруучуларды көрүп өзүнчө кубанып, "Дагы жүз миң сом бөлүп берели, керектүү эсебиңерди бергиле, анын ичинен беш миң сомду сыйлык катары курулушчуларга бөлгүлө"–деди. Анан Умаров Ибраимдин уктап калганын көрүп:

–Ой баракелде жүрөгүңө, тоо кишиси–деп каткырып күлдү.

Облусубузга жыл сайын мелдештин жыйынтыктары чыгарылганда республиканын союздун Кызыл Туулары ыйгарылып, салтанаттуу берилип турчу. Социалисттик мелдешти уюштуруу, анын жүрүшүн текшерүү партиялык комитеттердин, профсоюздук уюмдардын башкы милдеттеринен болгон. Анын жыл ичинде бир-эки жолу район, шаар жетекчилерин, тармактагы адистерден кошуп областа С. Ибраимов өзү баш болуп, бир райондун же шаардын арзырлык жаңылык саамалыктарын кыдырып көрсөтүп чыгуу менен жыйынтыгында пикир алмашуу болучу. С. Ибраимов кыргыз өкмөтүнө төрага болуп өткөндөн кийин эле Оштун элин жакшы көрүп, дайыма эстеп,

кабарлашып, ал-абалды сураштырып турчу. Бир жолу таң заар Маскөөдөн телефон чалып, Индиядан келгенин, анын премьер-министри менен жолугушканын, республикага пайдалуу маселелерди сүйлөшкөнүн айтып, андан кийин райондун абалын билгиси келди.

С. Ибраимов тирүү турганда 1997-жылы сентябрь айында 70 жашка толмок экен. Көзү эбак өтүп кетсе да оштун калкы аны эстеп 21-ноябрде Ош драм театрында атайын эскерип, коомчулуктун чоң жыйынында салтанат өткөрдү. Маркумдун ысымын драм театрга коюп, имараттын фоесинде бюст орнотулуп, басып өткөн жолу жөнүндө сүрөт көргөзмөсү коюлду. Маркумдун 70 жылдык юбилейи өтүп жаткандыгына байланыштуу үй-бүлөсү Рева Касымовна, кызы Эльмира салтанатка катышып Оштуктар, облустун губернатору Муралиевге, көп жылдар бою иштешкен, үзөңгүлөш жолдошторуна ыраазычылыгын айтышты.

Элибизден чыккан чыгаан инсандар сиңирген эмгегине, кадыр-баркына жараша дайыма эскерип турулса, өсүп келе жаткан жаш кадрлар үчүн өтө маанилүү деп ойлоймун.





**Абдиваит ТАЖИБАЕВ,**
**Кыргыз республикасынын алдында сиңирген өзгөчө эмгеги үчүн пенсионер.**
**Кыргыз республикасынын жаратылышты коргоосуна эмгек сиңирген кызматкери.**

# АНЫН ЫСМЫ УНУТУЛБАЙТ

1969-жылдын июль айы. Москва шаары. КПСС БКнын алдындагы жогорку саясий мектептин мамлекеттик экзамендин акыркы күндөрүндө жатакананын телефону шыңгырады. Трубкадан мага тааныштай кишинин үнү угулуп–Абдиваит мектепти бүтүшүң менен куттуктаймын, мен Оштон Ибраимовмун–деди.

Мен бир аз аптыгып андан соң ырахматымды айттым. “Качан Ошко учуп жатасың?”–деп сурады. Мен дагы бир экзамен бар экенин айттым.

–Анда негизинен бүтүп калыптырсың–деп трубканы койду. 1969-жылы 19-июль күнү акыркы экзаменди тапшырдым. Ошко самолеттун билеттерин алганбыз. Москва убактысы 20–21 чамасы. Телефон шыңгырады. Трубканы эки жыл бирге жаткан жолдошум Герман Семенович Мачехин алды. Тюмень областынан келген болчу. Аны С. Ибраимович куттуктады да мени сурады. Мени жана аердеги жолдошторду куттуктап, качан Ошко учарымды сурады. Мен 2–3 сааттан кийин Домодедово аэропорттуна жөнөрүмдү айттым. Анда Ошко учуп келгенден кийин обкомго тийип кетишимди айтты. Мен эмнегедир коопсузданып “Султан Ибраимович, тынчтыкпы?” деп сурасам, “Сен чочулабай эле кой” деди ал жай гана. Оштон баруучу самолет бир жарым саат кеч учуп барды. Самолет Ошко 20-июль күнү эрте менен бир жарым саат кечигип конду. Мени байбичем Арзигуль баш болгон кичүү инимдин аялы Таасил, жолдошум Сатывалды Жусуев күтүп чыгыптыр. Алар менен учурашып эсен-соолукту сурашып турсам, обкомдун бир жооптуу кызматчысы “Абдиваит



*Султан Ибраимов мене Абдуваит Тажибаев.*

Тажибаевич сизди биз да күтүп чыктык эле" деди. Обкомдо С. Ибраимов күтүп жатканын айтты.

Обкомдун имаратына кире беришинде Дыйканов Кеңеш, Саматов Абдинаби дагы бир топ жолдоштор жолугушуп калышты. Алар мени окууну бүтүшүм менен куттукташты. Дыйканов Кеңеш экөөбүз көп жылдан бери жолдош болчубуз, ал маган "Эй, шалпык сени бир жумадан бери күтүп жатабыз, а сен Москвада окууну бүткөндөн бери бир жума бою арак ичип жыргап жүрөсүң. Жол карай берип ысыкта күнгө күйүп энебизди үч коргондон көрдүк" деди. "Эмне болуп кетти, ушунчалык эле күйгөнгө?" "Калганын С. Ибраимович айтат" деп мени шаштырды.

Кабылдамада секретарша Валя деген аял да куттуктап каалганы ачты. Кабинетке кирдим. С. Ибраимов күтүп туруптур. Экөөбүз абдан жылуу көрүштүк. Мени отургузуп



"Чарчаптырсыңго" деп тамашалады. Анысы чын болчу. Анткени эки жыл бирге окуган жолдоштор менен коштошконбуз. Жолдоштордун көпчүлүгү союздук республикалардан башка чет мамлекеттен да кеип окушаар эле. ГДР, Чехословакия, Польша, Венгрия, Индонезия, Болгария, Монголия, Ирактан, Сирия, Африка мамлекеттерден бар болчу. Мен С. Ибраимовичтен кечирим сурадым. Ал киши ыңгайсыз сезгенимди байкап, "Эки жыл деген бир далай мөөнөт, жаш өткөндө бала бакыраны таштап окуу оңой эмес" деп көңүлүмдү көтөрүп койду.

–Эми сөзгө келейли, анткени убакыт өтө зык. Биринчи этаждагы олтурган адамдарды көрсөң керек. Эртең менен саат 10–11де Фрунзе шаарына Кыргызстан Борбордук Комитетинин биринчи катчысы Турдакун Усубалиев кабыл алат. Жаңы-Жол районунан Ала-Бука жана Өзгөн районунан Совет райондору өзүнчө бөлүнүш үчүн Кыргыз ССР Жогорку Советинин президиумунун Указынын долбоору даярдалып коюлган. Ошол бөлүнгөн райондордун бири Ала-Букага уюштуруу комитеттин жетекчилигине сени сунуш кылганбыз–деди. Мен эмне дээримди билбей туруп, "Султан Ибраимович мени бир-эки жылга обкомдун карамагына калтырсаңыз жакшы болот эле, Ала-Бука районун жакшы билбесем. Сизди уятка калтырып койбойун" деп чынын эле айттым.

"Сен Ноокатта райисполкомдун төрагасы болуп иштедиң, бардык баскычтардан басып өткөнсүң, сени ВПШга эмнеге жиберди? Эми партиялык кызматта иштейсиң, арактиңе жараша болот. Туура биринчи катчы болуп иштөө оңой эмес. Бул маселе БКда чечилген. Калганын Т. Усубалиев айтат. Андан көрө үйүңө барып келесиңби же ушундан нары Фрунзеге кете бересиңби?–деди. Мен башка сөз катпадым. Үйгө барып эртең менен аэропортто болушумду айттым. "Андай болсо убактыны кетирбей тез жөнө, эртең 21-июль күнү саат 7де аэропортто бол" деп кесе айтты. Эртеси биз баарыбыз эки бөлүнгөн жаңы райондун уюштуруу комитеттин мүчөлөрү Т. Усубалиевдин кабылдамасында болдук. Баарыбыз менен жекеме-жеке кабыфл алып, ар кимибиздин алдыбызга милдеттерди койду.

Биз ошол 21-июль күнү түштөн кийин Ошко обкомго кайра учуп келдик. Обкомдун бюросу болуп мени Ала-Бука районунун уюштуруу комитетинин төрагалыгына, экинчи секретарлыгына Жапиев Набини, Абдуллаев Авазды комитеттин мүчөлүгүнө жана райисполкомдун төрагалыгына райсоветтин сессиясына сунуш кылды. Эртеси 22-июлда Ала-Бука районунда 1-чи уюштуруу пленуму болуп бизди бекитти. Пленумга обкомдун бюро мүчөсү Рыспаев Барпы катышты.

Ала-Бука району мен үчүн чоң мектеп болду. Анткени азыркы Чаткал, Ала-Бука районунун составында болуп территориясы чоң жана проблемалары көп райондун катарында болчу. С. Ибраимов пленумдан кийин бизди дагы бир жолу куттуктап, эми шашпастан райондун булуң-бурчтарына чейин барып өз көзүң менен көрүп эл менен жолугушуп бардык маселелерди терең үйрөнүшүмдү жана бул маселелерди чечүүнүн ыкма жолдорун изилдеп, аныктап иш алып баруумду баса белгилеп ийгилик каалады.

Биринчи уюштуруу пленумдун катышуучулары жаңы шайланган жетекчилерге бир наказ берди. Бул наказ Ала-Бука районунун батышында " 1-Май", "Кыргызстан" колхоздору жана Шакафтар, Сумсар өнөр жай шаарчасы жайгашкандыгын жол каттоо Өзбекстандын Касансай, Чуст райондору аркылуу барышын, маршруттарды кыскартуунун мүмкүнчүлүгү бар ал да болсо "Орток-Бел" массиви аркылуу жол салынса , үч барабар кыскарылышын айтышкан. Демек, жол үч эсе чакырымга кыскармак.

Биз жаңы состав бул биринчи наказды аткаруу үчүн катуу кириштик.

Жол курууну бир айдын ичинде бүтүрүүнүн урааны менен 4 жолку суббота жана дем алыш күндөрү да иштеп жатканбыз. Айдын акыркы жумасында мени тез БКнын экинчи катчысы Тартышовго телефон чалышымды айтышты. Телефон чалсам Тартышов жок экен, анын жардамчысы Ала-Букадан барган телефонограмманы окуп берди. Анда "Көптөн бери эңсеп келе жаткан маселе район өзүнчө болсун деген сурообуз чечилгенден бери бизде тынчтык жок. Суббота, дем алыш күндөрү да иштейбиз" деп жазыптыр. Ага Тартышов "Жолдош Тажибаев А. Сиз кайсыл күнү иш күнү, кайсыл күнү дем алыш экенин тактап алыңыз" деп кол коюптур.



Мына ошондон кийин Ала-Бука районунда беш жыл иштесем бир жолу кат же телеграмма жазылбады.

Бул боюнча С. Ибраимовичке билдирсем ал киши бир тарабы колдоп, экинчи тарабы райондо проблема көп ансыз бул проблемаларды чечүү оңой эместигин ырастады. Менин ВПдан келип эле биринчи катчы болуп шайлашканда, эл арасында С. Ибраимович экөөбүздү Ташкентте бирге окуп, жолдоштугуңар абдан калың экен деген сөздөрдү айтып жүрүштү.

Чынында эле С. Ибраимовту Москвада ВПШда окуп жатканда Кыргызстан БКнын айыл чарбасы боюнча катчысы болуп иштеп жатканда бир айлык курска барган. Бул курс ВПшынын базасында өтчү. Жатакана да ошол ВПшыда болчу. Мен ошондо С. Ибраимовичти биринчи жолу көргөнмүн. Ал киши биз менен бир топ жолу болуп биздин жердештик коомубуздун абдан бирдиктүү, ынтымактуу, бир-бирибиз менен болгон урматыбызды колдоп, курс бүткөнгө чейин бирге болорун айткан. Тилекке каршы С. Ибраимович 10 күн окугандан кийин ооруп калып ВПшынын ооруканасында бир жумадай дарыланып, андан кийин Крым жакка эс алууга кеткен. Биз баарыбыз С. Ибраимовичти узатып койгонбуз.

Мен ВПшынын экинчи курсунда окуп жатканмын. Кышкы каникулга Ноокатка үйгө келгенмин. Бир күнү райкомдон С. Ибраимовичке телефон чалып койсун дешти. Мен Ошко обкомго жолугуп эле келейин деп бардым. Тез эле кабыл алды. С. Ибраимович эшиктин алдында өтүкчөн, галифе шымчан дөөдөй болуп маган карап күлүп кол сунду. Ошол жылы эң оор кар жааган. Мал чарбасын кыдырганы жөнөп кетип жаткан экен. Мен ал кишинин шашып жатканын билип үзүр сурап калдым. С. Ибраимович "Сен бир аз токтоп тур" деп ички телефондо кимдир бирөө менен сүйлөшүп "Азыр менден сизге кирет" деди. "Качан кетесиң?" деп сурады. Мен дагы 10–15 күндү айттым. "Анда Абдиваит мына өзүң көрүп турасың, кыш оор түштү. Сен азыр экинчи катчы Ходоско кайрылып кеткин" деди. Мен П. М. Ходоско кирсем "С.Ибраимович саган бир айлык райкомдун биринчи катчысынын айлыгын стипендия катарында берүүнү айтты. Окууну бүткөндөн кийин аны эки барабар кылып обкомго төлөйсүң" деп тамаша кылды.

Мына С. Ибраимовичтин адамгерчилиги, камкордугу.

Ала-Бука зонасында чөп чабылды, жайыт өтө аз болгон. Малаг гарантиялуу кышка тоют даярдоо үчүн Чаткал өрөөнүн өздөштүрүү негизги маселе экенин мен түшүндүм. С. Ибраимович бир нече жолу өз ара пикир алмашууда Өзбекстанга берилген жайыттын проблеммасын чечбей туруп Ала-Бука районунун коомдук малга болгон тоют базасын түзүү мүмкүн эместигин талкуулаганбыз. Ошондуктан мен бир-эки жолу обкомдун пленумунда чыгып сүйлөп, ансыз Ала-бука районунун коомдук малын өстүрүү жана экономикасын байытуу мүмкүн эместигин айтканмын. 1971-жылы август, сентябрь айларнында ошол жылы кургакчыл жыл болгон. Коомдук малдар үчүн тоют даярдоо компаниясы өтө курч коюлган.

Област өзүнүн территориясынан тышкары башка жактан тоют даярдоо компаниясы кызуу жүрүп жаткан. Күз айлары, обкомдун кезектеги кеңейтирилген пленуму азыркы мамлекеттик университеттин актовый залында болду. Пленумга Кыргызстан БК биринчи катчысы Т. Усубалиев катышты. "Мына ушул пленумда кааласай сөз беребиз. Анткени сенин мурдагы пленумдарда койгон маселеңди Т. Усубалиев чечет"–деди С. Ибраимович. Сөз тийди. Айрыкча Чаткал өрөөнүндө мурда пайдаланбай жаткан жайыт, чабында, айдоо, сугат жерлерди кеңейтүүгө толук мүмкүнчүлүктөр бар экенин ал үчүн болгон ирригациялык сеттерди калыбына келтирүүнү, жаңыдан каналдарды чыгарууну, суткалык, жумалык суу көлмөктөрүн жасоону натыйжада көптөн бери пайдаланылбай жаткан жерлерди өздөштүрүү маселелерин койдум. Өзбекстандын Наманган, Фергана областарындагы жайыттардын, кыртыштуу айдоого жарамдуу жерлерди кайрадан алуу маселесин бир нече жолу койгонумду кейиштүү кылып сүйлөдүм.

Пленумдан кийин Т. Усубалиев акырын үн салып "Жолдош Тажибаев сиздин бүгүнкү пленумда БКнын адресине айтылган сындан жыйынтык чыгарайын дедик эле. Ала-Бука районуна кай жак менен барсак болот?" деп сурап калды.

Мен биринчиси Өзбекстандын Андижан, Наманган областтары, экинчиси Жалал-Абад аркылуу Жаңы-Жол менен барууну айттым. Т. Усубалиев С. Ибраимович менен кеңешип



олтуруп Жалал-Абад аркылуу жол ката талаалардагы эгин-тегиндерди көрүп, эл менен сүйлөшүп барууну чечишти.

Биз Ала-Бука районунун Октябрь совхозуна кеч жеттик. Райондо мейманкана жок болгондуктан ошол совхоздун алма багынын ичинде тамактанууга жай кылдык. Бир аз дем алгандан кийин Т. Усубалиев С. Ибаримовдон "Жакында коомдук малдар үчүн суюк-дрож жана териттелген смес тоют заводу, кормоцехтердин областык семинар өткөрүп бүт республиканын гезиттеринде жер дүңгүрөтүп жар салган ушул совхоздо беле?" деди. С. Ибраимов да жана мен да ырастадык. "Азыр иштейби?" деп мага кайрылды. Иштегенин айттым. Биз түнкү саат бирлер чамасында заводко комсомолдук бригада болчу алар иштеп дрож жасап жатыптыр. Т. Усубалиев кыскача айтып бердим. Бул идея С.Ибраимовичтен чыгып Свердлов областында ушундай тоют цехин кургандыгын гезиттен окуптур. Ошол жакка адистерди жиберген. Ошондо ушул совхоздун директору Аскаралы Юсубалиев кошо барган. Кийин ушул совхоздун базасында областык семинар өткөн. Семинараг Ростов на Дону областынын айыл чарбасынын биринчи орун басары Сарцев, "Россельхозтехниканын" облатсык бирикменин председателинин орун басары Сердюков, партиянын Зимовников районунун биринчи катчысы Полеванов, областык кой чарба трестинин директору Гункендердин катышын, алардын да кеңештерин угулганы толукталды.

Т. Усубалиев ыраазы болду, кийин райкомго токтоп БКнын айыл чарба катчысы Наумовго катуу тапшырма берди. Ушундай тоют цехтерин Республикалык бардык чарбаларында уюштурууну, ал үчүн бир топ заводдордун директорлорун алып келип көрсөтүп кетишин айтты.

Ошондон кийин райондун чарбаларынын жетекчилери менен кошо Чаткал өрөөнүн көрүүгө жол тартык. Жаңы-Базарга жеттик. Ал жерде Фрунзеден бир топ министерстволордон чакырылган жолдоштор вертолет менен келип туруптур. Фрунзе аэропортунун начальниги Абдраимов Т. Усубалиев КПСС БКнын мүчөсү катары вертолетто учуусуна КПСС БКнын уруксаты керектигин мага эскертти. Муну С. Ибраимовичке билдирсем Т. Усубалиев анда йболсо машинада жүрөрүн айтты. Биз Ак-Таш ойдуңуна жеткенде

тоюттун үймөктөрүн көрүп ыраазы болду. Штабдын начальниги райкомдун экинчи катчысы Жапиев Набиге иштин жакшы уюшулганын билдирди. Мына ошол Ак-Таш ойдуну бул төрт суу сактагычтын долбоорунун экинчиси болчу. С. Ибраимович адис катары мындай кыртыштуу жерлерди суу астында калтырууга болбостугун Т.Усубалиевке абдан түшүнүктүү кылып айтты. Ал киши буга ынанып, бул маселени Өзбекстандын БК жана Өкмөтүнө, КПССке жана СССР өкмөтүнө коюусун айтты. Экинчи күнү суу бойлоп отуруп Чаткал дарыясынын эки жагындагы тегиз жерлерге көз жүгүртүп, жылга-жылгадан агып жаткан өзөн сууларны көрүп аябай суктандык. С. Ибраимовго дагы бир жолу кайрылып, ушундай жерлерди сууга бастырууга болбостугун айтты. "Башкы тереке" токтодук. Ал жерде Талас областынын Киров районунун биринчи катчысы Ю.П.Беляк баш болгон бир топ жетекчилер тосуп алышты. Мына ушул жерде эки күн Ала-Бука районунун территориясындагы көргөн-билген иштердин жыйынтыгын чыгарылды.

1971-жылы август айында Кыргызстан КП БКда жана Кыргыз ССР Министрлер Совети "Чаткал өрөөнүндөгү дың жана көптөн бери айдалбай калган жерлерди өздөштүрүү боюнча" токтом кабыл алынды. Биз аны эл арасында кеңири иштеп чыктык. Токтомдун негизинде жана С. Ибраимовичтин колдоосу менен Ала-Бука, Чаткалдын борбору Жаңы-Базар, Башкы-Терек аралыгындагы 190 чакырым жол курууга, эски канал арыктарды калыбына келтирүүгө. 35 киловат электр энергия линиясын Шакафтардан Сумсар Тоо кени аркылуу курууга, Чаткалга радиорелейный байланыш түзүүгө, дың жерлерди өздөштүрүүнү баштоого, дагы толуп жаткан маселелерди чечүүгө активдүү кириштик. Районго ондогон эң күчтүү жер түртүүчү, жер чукуучу, жер тегиздөөчү, жер айдоочу техникалар мобилизацияланды.

1974-жылдын аягына чейин жогорудагы кабыл алынган токтомдун негизинде Чаткал өрөөнүндөгү Акташ, Чаткал, Каныш-Кыя совхоздору жана МЖС, ДЭУ токой чарбасы пайда болуп жогорку вольтту электр линиясы, радиорелейный курулуп, жаңы мектептерди, ооруканалардын курулушу,



турмуш тиричилик комбинатынын комплекси, детсад-яслилер, соода түйүндөрү, жаңы көпүрөлөр салынды.

Ак-Таш жолун жана көпүрөсүн ачуу салтанаттуу түрдө өткөрүлдү. Ага Кыргыз ССР Жогорку Советинин президиумунун төрагасы Төрөбай Кулатович, Султан Ибраимович, обкомдун катчысы Барпы Рыспаев, областтык, райондук адистер катышышты.Ошондо Т. Кулатов БК менен Совиминдин камкордугунун натыйжасында Чаткал эли үчүн түзүлүп жаткан шарттарга токтолуп, токтомдо көрсөтүлгөн милдеттерди толук аткарууну баса белгиледи. С. Ибраимов бул алгачкы эле ийгилик, аткара турган жумуштар али алдыда экендигин айтты. Жыйынтыгында келечекте Чаткал өзүнчө район болушуна жетишүүгө ал үчүн элди отурукташтыруу, коомдук малдын башын көбөйтүү зарылдыгы тууралуу ой пикирлер айтылып зор милдеттер коюлду.

Салтанаттуу чогулуштун аягында областан келген жана жергиликтүү өнөрпоздор сахнага чыгып ыр, музыка менен элди ыраазы кылган. Алардын катарында Таш Мияшев "Чаткалым" деген жаңы жазылган ырын окуп берген. Ал ыр азыркга чейин чаткалдыктардын гимни катары Токон Эшпаевдин аткаруусунда ырдалып жүрөт.

1974-жылы июль айында эс алуудан кайтканмын. С.Ибраимов менен Т. Усубалиевдин кабылдамасында болушумду айтты. "Сен кооптонбой эле кой. Эрте менен Бкга бара бер" деп телефонду койду.

4-июль күнү Т. Усубалиевде болдум. Ал киши партиялык уюштуруу бөлүмүнүн башчысынын орун басарлыгына сунуш кылды. Ошол эле күнү экинчи катчы Тартышев, бөлүм башчысы Кабанов кабыл алышып тез арада жумушту тапшырып кайра келип иштешимди эскертти. 3 бөлмөдөн турган Бкнын үйүнөн квартиранын ачкычын да беришти.

1974-жылы аяктап калган. Т. Усубалиев ички телефон менен мени өзүнө чакырды. Барсам С. Ибраимович олтуруптур. Алар түз эле Чаткалды өзүнчө район кылса кандай болооруна менин пикиримди сурады, мен бул маселе көптөн бери жетилгенин айттым. "Анда Чаткалды сиз жакшы билесиз тез-арада материалды тактаңыз" деп мага тапшырма берди. Материал так болгондон кийин Москвага кошо баршымды эскертти.

Москвага КПСС БКга бардык. Эки күндөн кийин чоң театрга спектаклге киргенбиз, антрак мезгилде, маган кайрылып "Сиз эртең Фрунзеге кайра учуп кетиңиз, Чаткал районун түзүш үчүн коммунисттердин саны жетпей жатат" деди Т. Усубалеив. Мен Ошко учуп Ала-Бука районуна келип болочок Чаткал районунун составына Терек-Сай, Сумсар тоо кендери, Шакафтар шаар тибиндеги поселканын, Ала-Бука районунун борборуна жакын Орукту, Жай-Белент деген айылдардын территориясындагы коммунисттерди кошуп материалдарды алып барып Москвага Бкга, Совминге жибердик.

1975-жылы Чаткал өзүнчө район болуп түзүлдү.

1975-жыл. Март айынын баш чени болчу. Кабинетке күтүүсүздөн С. Ибраимович кирип келди. Ал киши менен учурашып олтурган соң "Эмне БКдан кетейин деп жатасыңбы?" деди. "Мен сизге башынан эле айтпадым беле аппараттык ишке көнбөстүгүмдү" дедим. Бул оюмду Т.Усубалиевге да айтканмын. Бөлүм башчысы М. Т.Кабановго бир –эки жолу айтканым бар. Бул маселе Т. Усубалиевсиз чечилбегендигин билдирдим. "Анда эмне деп жатышат?" деп сурап калды. "Мен билбеймин өзүм жөнүндө маселе болгон соң сураганга оозум барбады" дедим. "Андай болсо Ошко эле барбайсыңбы?" деди. "Жаман болбос эле" дедим. 1975-жыл апрель айынын башында Т. Усубалиев бир жумуш табыштаган болуучу. Ошол жумуштун жыйынтыгын билдирип чыгып баратсам Т. Усубалиев үн салып калды. "Сиз жөнүндө маган жол. Кабанов айтты. Ошондой эле С. Ибраимович да Ошко Өзгөн районуна сурап жатат" деди. "Турдакун Усубалиевич ыракмат өзүңүздөр карап көрүңүздөр" деп чыгып кеттим.

Ошол эле күнү Тартышев Өзгөн районуна барuumду секретариат чечкендигин маалымдады. 1975-жыл апрель айында Өзгөн районунун биринчи катчысы болуп иштеп калдым. Өзгөн району табигый жаратылышы жакшы болгону менен жүгү оор экендигин байкадым. Бир күнү кабинетке кечке маал райкомдун экинчи катчысы Зивягин баш болгон бир нече айыл чарба адистер менен кирип калышты. Маселе "Кара шоро" тарапта "Байбиче" деген жайлоонун бет маңдайында Совет районунун чарбаларынын сүт товар



фермалары жайгашкан. Алар жайыттарды алмаштырууну сунуш кылышты. Мен обкомго жана облисполкомго кат даярдап жибердим. Бир күнү С. Ибраимов катыбызды алганын айтты. Ошол чезгилде "Сен ошол жайыттарды өз көзүң менен көрдүңбү?" деп сурады. Мен барбаганымды, адистердин гана сунушу менен кат жазганымы айттым. Ал ишке мындай мамиле жасабоого көңүл бурду. Мен эртеси эки чарбанын жетекчилерин алып Совет районуна жайыттарды көрүү үчүн жайлоого чыгып, алмаштыруунун кажети жоктугун билип С. Ибраимовичтен кечирим сурап биздин жазган каттарды кайра районго жиберүүсүн сурандым.

1976-жылы 26-декабрь базар күн болчу. Үйгө кеч келсем байбичем Арзыгуль обкомго эртеге саат 9-00 болушумду айтты.

Эрте менен обкомго келсем С. Ибраимов Лейлек районунун биринчи катчысы Талипов менен сүйлөшүп олтуруптур. Биз саламдашкандан кийин эле ички телефондо шоферду подьездге келүүсүн айтты. Саат 10го жакын районго бардык. Эл көп экен, алар заседание залына кирип кетишти. Биринчи катчынын кабинетине райкомдун бюро мүчөлөрү чакырылды. Баары киргенден кийин:

–Мына силерге биринчи катчыны алып келдик–деп, С.Ибраимов мени айтты. Бюро мүчөлөрү макул болушту. Анан заседание залында пленум болду. Ошол эле күнү Өзгөн районунда пленум болуп менин ордума Талипов шайланды. Кара-Суу райкомунун биринчи катчысы М. Сыдыков Нарынга облисполкомдун төрагасы болуп кеткен ордуна мен иштеп калдым.

Кара-Суу району 1977-жылы эң көп–61,334 тонна пахта өндүрдү. Райондун тарыхындагы ири ийгилик болду. Өнөр жайы, айыл чарбасы өстү. Маданияты өнүктү. Бүткүл Союздук, республикалык Өтмө Кызыл Тууларды жеңип алды.

Бул жерде мен С. Ибраимовдун кадрларга болгон мамилесин, аларга ишеничин, партиянын кадрларга карата саясатын өтө билгичтик жана сергектик менен пайдалангандыгын туйгандыгымды айткым келет.

С. Ибраимов дайым кездешкенде же телефондо сүйлөшкөндө өтө кунт коюп сөзүңдү жай, толук уккандыгын,



*1972-жылы Ала-Бука районундагы Чаткал өрөөнүнө курулган Ак-Таш көпүрөсүн ачуу аземинде. Ортодо С.Ибраимов, Т.Кулатов, А.Тажибаев*



ага ар тараптуу талдоо берип чечмелегенин унутпаймын. Кээде ыңгайсыз абалда калганыңды дароо түшүнчү.

Саган өтө сылык, кылдат мамиле жасап, сөзүңдү тууралап өзү коштоп турчу. Ал кичи жетекчилердин чыдамкай болуусун, эч убакта адамдарга орой мамиле жасабоосун, адамдардын шагын сындырбоосун, кичи пейилдикке, урматтоого жакын болуусун билдирчү жана өзүнүн жеке мүнөзү менен башкаларга өрнөк болчу.

1978-жылы сентябрь айында облсоветтин сессиясында мени облисполкомдун төрагасы кылып шайлашты. С.Ибраимович ал убакта Кыргыз ССР Жогорку Советинин президиумунун төрагасы, ошол эле жылы Совет Министринин төрагасы болуп иштеп калган. Менин дагы ушундай жетекчи менен иштеп калганыма бактыма ыраазы болуп, маган көрсөткөн ишенимди жана жүктөлгөн милдетти актоого бүт күч аракетимди жумшап иштөөгө туура келди.

Облисполкомдун көп кырдуу жумушунда глобалдуу маселелерге көбүрөөк көңүл буруп демилге менен иштөөнү С. Ибраимович Советтердин, анын төрагаларына милдет кылып койду. Мына ушулардын ичинен бир эки глобалдуу маселелерге токтогум келет. Анткени бул маселелерди чечүүдө тупадан туура С. Ибриамовичтин катышы бар.

Кара-Суу району менен Араван райондорун айыл чарбасын суу менен камсыз кылуу максатында Папан суу сактагычын курулушун баштаган эле. Бул суу сактагычтын долбоору союзда экинчи обьект (эксперимент) сыноо катары багыттап жардыруу жолу менен курула турган суу сактагыч экен. Курулуш иши жүрдү. Болочок суу сактагыч күн чыгыш бортунан жардыруу үчүн шурп казыла баштаган. Жардыруу мөөнөтү 4–5 жыл экен, бирок эки районго суу танкыс болуп курулуштун тездетүүнүн маселесин чечүүдө С. Ибраимович адис катары Ташкентте Орто-Азия гидромелиоратив долбоорлор институттун адиси Куракина Илларион Сергеевна менен жолугушуп башка варианттагы долбоорду жактырды. Биринчи эксперимент бул Тажикстандагы "Байбазын" плотинасына мени барып көрүп келүүмдү тапшырды. Ал плотина суу сактоочтун плотинасы эмес сууну тоннел аркылуу Вакыш өрөөнүнө буруу тосмо плотинасы экен. Экинчиси шагал, кум төгүлүүчү тосмо варианты Москвадан

өтө кыйынчылык менен кайрадан макулдашылды. Бул курулуш мөөнөтү 3 жыл мурда пайдаланууга берилди. С.Ибраимовичтин адис катары өз убагында маселени көтөрүп суу сактагыч мөөнөтүнөн мурда гарантиялуу курулуш болуп бүткөн.

Дагы бир маселе тоют базасынын жетишсиздиги, жайыттардын такырап жарды болуп кетишине алып келгени баарыбызды тынчсыздандырган. Ошондуктан биринчиден көп жылдык мөөнөт менен берилген Казакстан, Өзбекстан, Тажикстандагы жайыттарды кайтарып алуу маселеси КПСС БКга Совет Өкмөтүнө коюу үчүн маселе даярдап бир нече күн вертолетто, машинада жүрүп жайыттарды көрүп чыгып биринчи жана экинчи кезек менен жайыттарды кайтаруу маселесин даярдоого катуу киришилди.

Пахта кийинки жылдары севооборottун жоктугунан монокультурага айланып түшүмдүн кескин түрдө төмөндөгөнү жана ар кандай айыл чарба илдеттердин көбөйүшүнө алып келгенин илимпоздор жана адистер ырастады. Ошого байланыштуу пахта аянтын севооборотко айландыруу маселесин чечүүнүн негизги маселе катары карап даярдык көрүп жаткан 1980-жылдын 3-декабрдан 4-декабрга өткөн түнү ойлогон максатына жете албай Чолпон-Атада эс алып жаткан мезгилде киши колдуу болуп өлүмгө учурады. Ошентип Ала-Тоодой болгон мамлекеттик ишмер, элибиздин сүйүктүү адамынан түбөлүккө ажырап калдык.



**Мырзалы АБДЫРАХМАНОВ,**
**милициянын отставкадагы генерал-майору, Октябрь Революциясы орденинин ээси.**

# КӨРӨГӨЧТҮГҮ КӨҢҮЛДӨ ЖҮРӨТ

Ар кандай адамдын көзү өткөндөн кийин артынан сөз кылуу бир жагы жеңил болсо, экинчи жагынан оор. Тирүүсүндө баалай албаган сапатын кийин баалап, таразалап, кээде өз учурунда кадыр баркына жете албай калганына өкүнөсүң. Адатта бул ар кимдин башына келер иш. Айрыкча, кызматта жүргөн инсандар көп кырдуу бааланат. Бирөө жакшы жактарын көрсө, дагы бирөө кемчилдигин бат кеп кылышат. Кылган ишинен кыйкым издешет.

Мен Султан Ибраимовдун көзү өткөндөн кийин анын он жылдан ашык Түштүк кыргызстанды бийлеп турган ченемсиз иштерин көз алдыман өткөрүүгө аракет кылдым. Алибетте, мага окшогон ал киши менен бирге иштегендер да ошентишсе керек. Менин кызматым обкомдун биринчи катчысына түздөн-түз байланышып, күн сайын же телефондо же ооз эки сүйлөшүп турууга милдеттүү кылган. Кээ бир учурларда үйүнө кабардап коюуга аргасыз элем. Кайсы убакта болсо да кичи пейил, сылык мүнөзүндө кулак салчу, андай жетекчи менен иштешүүнүн өзү сага канат байлап, жаңы иштерге шердентет эмеспи.

Облустун аймагы кең болчу. Дароо-Коргон, Алайкуу, Лейлек, Чаткал, Токтогул, Толук аймактарына бир жолудан барып келүүнүн өзү чоң түйшүктү талап кылчу. Облустун бардык тармактарын камтуу менен бирге милиция органдарынын ишине да олуттуу көңүл бургандыгын баса белгилегим келет. Айрыкча, кадр тандоодо зиректик, кылдаттык, көрөгөчтүктө мамиле кылгандыгы эсимде.

Коомдун кайсы учурунда болбосун уурулук, бейбаштык, оор жана жеңил кылмыш иштери болуп келген дагы да боло берет. Ошол үчүн да мамлекетке укук коргоо органдары керек. Башка укук коргоо органдарындай эле милицияга да жоопттуу иштер жүктөлгөн. Кылмыштуулукту табуу жана аны

прокуратурага, сотко өткөрүү процессиндеги алда канча татаал жумуштарда адилеттүүлүк бир жагынан керек болсо, дагы бир жагынан тапкычтык, чыдамкайлык, оперативдүүлүк зарыл болот. Султан Ибраимович менен аңгемелешип калган учурларымда ушул жагдайда көп кеп салганын укчумун.

Биздин облус коңшулаш Тажик, Өзбек республикаларына жакын жайгашкандыктан уурулук, кылмыштуулук көрүнүштөргө удаалаш хулигандык, масчылык, кумар ойноочулук тыйылбай турчу. Облустун жетекчиликтерин бул маселе да ойлондурбай койгон жок. Тартипти сактоо бардык жерде биринчи планга чыккан эле ал учурларда. Менин угушума караганда облустук УВДнын жетекчилерин алмаштыруунун бирден бир себеби да тартиптин бошоп кеткендигинин негизи болгон экен. Көп жерлерде милиция органдарын башкаргандар негизги иштерин экинчи планга калтырышып шаан-шөкөткө, сый-урматка кызыгып кетишип эл арасында өздөрүнүн беделин түшүрүп ташташкан.

Андыктан да КПСС Борбордук Комитетинин Ноябрь Пленуму ушул маселеге арналган. Анда милиция органдарын коммунист мыкты кадрлар менен чыңдоо маселесин койгон. Ал органдардагы партиялык уюмдардын иштерин чыңдоо жагын баса белгилеген. Ошондо мен партиянын Таш-Көмүр шаардык комитетинин биринчи катчысы элем. Ал жерге мен Нарын гидрокурулушунан келгенмин. Токтогул ГЭСинде партиялык комитетти башкарып турганымда өз демилгем менен дружина Советин уюштургинмын.

Ага Кара-Көлдөгү жагдайлар себеп болгон. Нарын гидрокурулушу Бүткүл союздук эпкиндүү курулуш болгондуктан өлкөнүн туш тарабынан келгендер көп эле. Инженер-техникалык кызматкерлерден башка катардагы жумушчу эркек-аялдар аскаларды жардырууда, жол салууда, бетон куюуда, автотранспортторду башкарууда көп болуучу. Арасында мурда соттолгон, кызматтан айдалган, партиядан, комсомолдон чыгарылгандар да болуучу. Эпкиндүү курулушка жумушчу күч керек. Алардын кимдигин ылгап олтуруу да кээде зарыл болбой калат.

Ар кайсы улуттун өкүлдөрү жашаган Кара-Көл шаарчасында кылмыштуулук, хулигандык, майда уурулук, масчылык тез-тез болуп турду. Аларды бир гана милиция



кызматкерлерине таштап коюу бер жагы кайдыгерлик болор эле. А чындыгында алардын күч-кубаты, мүмкүнчүлүктөрү жетпей да калды. Партиялык комитет бул көрүнүшкө чыдай албады. Комсомолдук уюмга жетекчилигин жакшыртуу менен бирге шаарчада дружиналык Советти түзүүгө кириштим. Шаарчада 6–7 топтор бири-бирине ыкыс кылышып бейбаштык иштерин баштап калган болчу.

Биринчи кезекте дружина советине коммунисттер менен комсомолецтердин арасынан шамдагай, чыйрак, эр жүрөктөрүн тандадым. Колдоруна кызыл лента байлап алардын кайсы жерде кандай аракеттерди жасарын, баш ийбеген тоң мойундарга кантип мамиле жасарын үйрөтүп штабдык позицияны чыңдап анан аракетти баштадык. Ар күнү өзүм баш болуп топторго бөлүнүн кинотеатр. Ашкана, бий аянттары, парк сыяктуу точкелерди күзөткө алдык. Хулигандык топтордун маршруттарына бөгөт койдук. Алибетте, адегенде эле биздин тартибибизге көнө койгондор болбоду. Өз каршылыктарын кыйлага чейин көрсөтүп турушту.

Пландуу түрдө билгичтик, көрөгөчтүктө жүргүзгөн ишибиз аз убакыттан кийин эле натыйжасын берди. Арадан көп өтпөй дружина Советинин авторитети республикага чейин жетти. Облустук жыйындарда сөз болду. Мен өзүм да партиялык чоң жыйындарда дружина Советинин аткарып жаткандарын айтып турдум. Токтогул ГЭС курулушундагы орногон тартип тууралуу басма сөздөрдө, радиодо кабарлар берилип турду. Таш-Көмүр шаарына биринчи катчы болуп келгенимден кийин да милиция бөлүмүнө көзөмөлдү такай жүргүзүп алардын ишин тартипке салууга жетиштим.

Менин мындай натыйжалуу да, оперативдүү да иштеримди Султан Ибраимов өзүнчө баалап жүргөн шекилдүү. Облустук УВДнын начальниги генерал Шабировдун ордуна кадр териштирип олтуруп мага токтолгон экен. Мурдарак Таш-Көмүр шаарына келген обкомдун администрация бөлүмүнүн башчысы А. Өсөров:

–Сени УВДга тандап жатат–дегенине анча эле маани берген эмес болчумун. 1969-жылдын июнь айынын башында Тегенеден көмүрдү ачык казып алуу маселеси чечилип ал жерге Таш-Көмүр шахта башкармасынын начальниги Ельних,



***С.Ибраимов Бүткүл Союздук өтмө Кызыл Тууну кабыл алып жатат.***

башкы инженер Плетнев, шаардык Советтин төрагасы Чернова, Кыргыз көмүр трестинин өкүлү, чалгындоо партиясынын адисти болуп Тегенеге жөнөп кеткенбиз. Ал жерге экскваторлорду, бульдозерлорду, башка техникаларды алып бардык. Жер бетиндеги калыңдыгы 1–1,5 метр келген топуракты сүрүп таштасак эле көмүр алынмак. Аердеги 38 миллиондон ашык көмүр запасынын 35 мий тоннасын ошентип ачык жол менен алууга мүмкүн эле. Башыбызга каска, бутубузга керзовый өтүк, үстүбүзгө фуфайка кийген калыбыбызда иштеп жатканбыз.



Бир убакта эле шаардык комитеттин партиялык бөлүмүнүн башчысы Төлөгөн Абдыраманов келип калды.

–Султан Ибраимов Таш-Көмүргө келип Сизди күтүп атат–деди ал. Ошол турушумда эле жөнөдүм. Келип-кетүүчүлөргө ылайыкташтырылган конок үйү тибиндеги жерде менин экинчи катчым менен Султан Ибраимов олтуруптур. Мен ал кишини экинчи жолу гана көрүшүм. Экөөбүз жалгыз калып жай олтуруп сүйлөштүк.

–Мырзалы Абдыракманович, биз Сизди жакшы билебиз. Токтогул гидрокурулушундагы демилгелериңиз республикага чейин дайын. Мен Турдакун Усубалиевич менен да макулдаштым. Борбордук Комитеттин Бюро мүчөлөрү Сизге макулдугун беришти. Шабировду кызматынан бошоттук. Баягында А. Өсөрөвго дайындасам ойлонуп көрө турганыгыңызды айтыпсыз. Эми өзүм келдим–деди ал жай, олуттуу сүйлөп. Анын жүзүндө адамды өзүнө тарткан жылуулук бардай сезилди. Сүйлөгөн сөздөрү жагымдуу, ишенимдүү. Мындай адам менен иштөө кимге болсо да бакытка барабар болсо керек деген кыял башыман зуу деп өтүп кетти.

–Ишеним көрсөткөнүңүз үчүн ыракмат, Султан Ибраимович–деп макулдугумду бердим.

–Анда жакшы–деди ал да ыраазы болуп,–жакында кабарлашабыз.

–Эмгек отпускем да жакындап калды эле...

–Анда отпускага чыгып эс алып туруң–деп колумду кысып коштошуп кетти. Таш-Көмүр эт комбинатынын директору Иляс Жусубалиев да эмгек отпускасын алып Алай райкомунун биринчи катчысы Ибраим Умаров чакырып жаткандыгын айтты. Таш-Көмүрдүн ысыгынан Алайдын салкынына барууга дароо эле көндүм. Бир жагынан салкын болсо, экинчиден кымыз ичүү да керек эле. Бирок, Алайдын салкыны, кымызы көпкө уланбады. Обкомдун биринчи катчысынын жардамчысы Грощевден бат эле телефонограмма жетип барды. Анда “Абдыракманов тез жөнөп Турдакун Усубалиевдин кабылдамасында болсун” деген жазуу бар болуп чыкты.

Эртеси эле Кыргызстан КП Бкнын биринчи катчысынын кабылдамасында болдум.

–Борбордук Комитеттин Бюро мүчөсү, Ош обкомунун биринчи катчысы Султан Ибраимович сизди УВДга начальниктике сунуш кылып жатат. Токтогул гидрокурулушундагы иштериңиз тууралуу кабардарбыз. Кандай дейсиз? Бул иштин өйдөсүнөн чыга аласыз да–деди салмак менен менден көзүн албай сүйлөп Турдакун Усубалиев.

–Биринчиден мен партиянын солдатымын. Анан Сиздер макул тапсаңыздар бардык күч-кубатымды, тажрыйбамды, билимимди аябай кызмат кылам–дедим.

–Мунуңуз коммунисттик сөз–деди биринчи катчы. Анан Москва убактысы эрте болгондуктан Щелоковдун үйүнө телефон чалды. Экөө тааныш окшойт көңүлдүү сүйлөшүштү. Ал отпускеден кайткандыгын, бүгүн кызматына бара тургандыгын айтты. Т. Усубалиев мен жөнүндө айтты. Кара-Көлдөгү дружина Совети тууралуу баса айтып, партиялык иштеги демилгем тууралуу да кошумчалап, өзүнүн атынан Борбордук Комитеттин Бюро мүчөлөрүнүн атынан бышыктады.

–Эми Москвага дароо учуңуз–деп жардамчысын аэропортко кошуп берди. Москва убактысы боюнча эртең менен саат беште Пушкин көчөсүндө болуп СССР МВДсынын конок үйүнө барып азыраак эс алдым да Щелоковдун кабылдамасында саат тогузда болдум. Кабылдамада эки генерал, бир полковник туруптур. Гражданча кийинген мени тиктеп калышты. Жардамчы жигитке Кыргызстандан келгенимди, аты жөнүмдү түшүндүрдүм. Ал кирип тез эле кайра чыгып:

–Кириңиз, Сизди Николай Анисимович күтүп жатат–деди.

–Жолдош генерал! Сиздин кабыл алууңузга кыргызстандан Мырзалы Абдыракманов келди!–деп чест берип кирдим. Ал ордунан тура калып колун сунуп олтуруңуз деген белги берди.

–Мага Турдакун Усубалиев өзү телефон чалды–деди Н.И.Щелоков бир стакан кофе алдырып келип менин алдыма койдуруп,–энергетика министрлигинен да сурап билдим. Облустук УВДга өзүңүз макулдугуңуз менен барып жатасызбы же аргасыз кылып сунушташтыбы?

–Аңгемелештик. Макулдугумду бердим.



–Анда жакшы! Маалымат толук бар. Коллегия болот. Залга барып туруңуз –деди Щелоков. Мен алтынчы кабатка көтөрүлүп заседание залына кирдим. Коллегия мүчөлөрү 9 генерал экен. Залда да көп адамдар олтурушат биринчи кадр маселесин карады. Мен жөнүндө айтып берди.

–Жолдош Абдыракмановго кимде кандай суроо бар?–деди Щелоков.

–Сизди бул кызматка бирөө заставить эттиби?–деп бирөө сурады.

–Сунуш кылышты. Мен өзүм макул болдум–дедим.

–Дагы кимде суроо бар?

–Жок.

–Анда бекитилсин!

Ошерден эле бил полковник коштоп келип Ошко самолетко түшүрүп жиберди. Мен обкомго келдим. Бюро болуп жаткан экен. Бюродо менин оперативдүүлүгүмдү баса белгилеп УВДнын начальниктигине бекитишти. Султан Ибраимов мени жеке алып калып дагы сүйлөштү.

–Сенин кайсы жерде кандай иштегениң маалим. Эми бул тармактын ишин да оң жолго салып бир татынакай иштеп берчи–деди Султан Ибраимов өтүнгөн мааниде. Мага терең ишенгенин түшүндүм. Ошондуктан алгачкы күндөн тартып эле бардык аракетти милиция бөлүмдөрүнүн, анын жетекчилеринин тартибинен, оперативдүүлүгүнөн, бардык тармактарда ирettүүлүктөн баштадым. Кайдыгерлик же шалакылык байкалган жерде өзүм болуп турууну чечтим.

Сутка боюу болгон кандай кокустук же кылмыш иши болбосун Султан Ибраимовго ВЧ аркылуу өзүм билдирип, анын артынан кат жүзүндө жиберип турууну уюштурдум. Облустук жыйындарда, майрамдарда милиция кызматкер лери түнү-күнү тикесинен тик тура турган болду. Эгин оруп-жыюу, пахта терими, кызыл кырман учурларындагы коопсуздукту сактоо, тартипти уюштуруу иштери улам даана көрүнө баштады. Андыктан да обкомдун биринчи катчысы

мени өзүнө чакырып алдын-ала кеңештерин, сунуштарын билдирип турчу болду.

–Совет районунан миң баш койду сел алып кетти деген маалымат келди. Ушуну бир текшертип чыгыңызчы–деди Султан Ибраимов бир жолу. Мен дароо эле өрт өчүрүүчүлөрдүн өкүлдөрүн атайын тапшырма менен жибердим. Алар өрт коопсуздугун көйтролдоо менен бирге ар бир короодо болуп абалдын тууралыгын анализдешип, кайсы жерде канча кой багылат, анын чабаны ким, ферма башчысы, адистери ким, кайсы колхоздуку, ушулардын баарын билишип кайсыл жол менен барат, схемага чейин түзүшүп келет. Анан 100 милиция кызматкерлерин топко бөлүп, бир жагына өзүм баш болуп түнү менен чыгып таң атпай короолорду басып эсеп-кысап жүргүзөбүз. Ошентип маалымат такталат. Эсимде, ошондо бир чарбадан 280 баш кой жетпей калганын аныктадык.

Ошондой эле тапшырма менен Баткен, Лейлек райондоруна текшерүү жүргүзүп обкомдун ишине жардам көрсөттүк. Кылмыштуулуктун бетин ачуудагы көп иштерди Султан Ибраимов баалап жүрдү.

–Кара-Суу районунун Савай массивинде бейбаштыктар болуп жатат экен. Кумар ойноо, короз уруштуруу, ичимдик ичүү, аягында уруш-талаш, уурулук келип чыккандыгы тууралуу бизге кабар жетти–деди бир жолу Султан Ибраимов.

–Алардын артынан киши коюлган, Султан Ибраимович. Жакында колго түшүрөбүз–дедим,–Өзбекстандан көп кишилер келишет. Белгиленген күнү гана чогулушат.

–Этияттагыла. Алардын куралы да болуш керек. Бейкүнөө бирөөлөр жабыр тартышпасын–деди биринчи катчы камкордук менен. Мен Таш деген ишенимдүү адамды театрдан жасалма сакал, мурут алдырып түсүн өзгөртүп алардын артынан салып койгон элем. Ал бир күнү кабар берди. Тиешелүү адамдарды алып тымызын гана курчоого алдык. 300 адам бар экен. Биз 8 автомашинада, 8 овчарка



иттер менен курчадык. 143 бычак, 24 короз, он ящик арак, 40 миң сом акча колго түшүрдүк. Көбү Хорезм, Букара шаарларынан келишкендер, Анжиян, Фергана, Жалал-Абад, Ош, Кара-Суу аймактарындагы кумарпоздор, короз уруштургандар, жөн эле күйөрман болушуп арак ичкендер экен. Сүрөткө тартып да алдык.

Султан Ибраимовго доложит эттим. Ал киши абдан ыраазы болуп менин ишимди баалады.

–Бул сүрөттөрдү мага бер. Шараф Рашидовго, Турдакун Усубалиевге көрсөтөйүн. Биздин милициялар кантип иштеп жатышканын билишсин–деди.

Ошондой иштеримди баалadyбы, билбейм, мени генералдыкка сунуш кылды. Бирок, Борбордук Комитеттин Бюросунда республикалык КГБсынын начальниги Асанкулов дагы экөө каршы чыгышып сунуш өтпөй калды.

1978-жылы Султан Ибраимов адегенде Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун төрагалыгына көтөрүлүп Оштон кетти. Мен аэропортко узатканы бардым.

–Түшүнөм Мырзалы Абдыракманович,–деди ал колумду бекем кысып,–баягыда маселе чечилбей калганын. Эми бир аз чыдап тур. Оң жагына чечебиз.

Айткандай эле аз убакытта оң жагына чечилип мага генералдык наам ыйгарылды.

Султан Ибраимов жеке эле мен же мен жетектеген милиция органдары эмес, бардык тармактардагы жетекчилерди, катардагы адамдарды көрөгөчтүк, көсөмдүк, акылмандык менен камкордукка алчу, колдоочу. Ал кишинин көрөгөчтүгү жүрөгүмдө жүрөт...

Ибраим УМАРОВ,
Эмгек Кызыл Туу,
эки Октябрь революциясы
ордендеринин ээси.

## УРМАТЫ БОЛЧУ УЛУТТУН

Султан жөнүндөгү пикиримди мен өз көзүм менен көрүп, кулагым менен уккан маселелерден баштоону туура деп таптым. Мен анын түздө-түз карамагында–2,5 жыл Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинде ал катчы, мен инспектор элем, андан кийин Ош облустунда ал обкомдун биринчи катчысы, мен Алай райкомунда биринчи катчы болуп иштеп калдым.

Менин түшүнүгүмчө Султан негизги маселелерди бир райондон баштап, элге көрсөтүп, түшүндүрүп, андан кийин аткарылышын бардык райондон талап кылуучу адаты бар эле. бул пикирге көптөгөн мисалдарды келтирейин.

Облустун экономикасын көтөрүүнү ал айыл чарбасынан , анын механизацияланышынан баштады. Бул максатта Ноокат районунда Бүткүл союздук Кеңешмени айыл чарбасындагы техникаларды пайдалануунун, сактоонун, ремонтоонун жаңы методдорун көрсөтүп, анан анын аткарылышын талап кыла баштады.

Талаачылыктын тагдырын жүгөрү өсүмдүгү чече тургандыгын эске алып, жүгөрү өстүрүү боюнча семинарды Токтогул районунда, пахта өстүрүү боюнча Ленин, азыркы Ноокен районунда, сүт саап алуу жана уйларды уруктандырып, алардын асылдуулугун арттыруу максатында Өзгөн районунда, эт жана аны өндүрүүнү көбөйтүү боюнча Алай районунда, баалуу сапаттуу силосторду даярдоо жана аларды малга берүүнүн жаңы ыкмалары боюнча Лейлек районунда, кургак, катыраң жерлерди пайдалануу жана өздөштүрүү боюнча Баткен, Фрунзе-азыркы Кадамжай районунда, маданий курулуштарды тартипке келтирүү боюнча Жаңы-Жол районунда, ал эми дубалдарды бузуп, штакетниктерди орнотуу боюнча Фрунзе районунун Үч-Коргон кыштагында, багылган малдарга аталаны ачытып



труба аркылуу берүүнү Ала-Бука районунда, чочко фермаларына атала берүү боюнча "Живпромдорду" механизациялоо тууралуу Сузак районунда, микро кормоцехтерди уюштуруу боюнча жана тамекини механикалык жол менен жүргүзүүнүн эрежелери, аларды чарбалардын өзүндө ферментациялоонун жаңы методдору боюнча Өзгөн жана Ноокат райондорунда көрсөтмө семинарлар өткөрүлүп, айыл чарбасынын эффективдүүлүгүн, рентабелдүүлүгүн жогорулатуу боюнча тынымсыз жаңылыктарды көрсөтчү эле. Хозрасчетторго өтүүнүн жолдору жана бригадалык методдордун ыкмалары тууралуу Кара-Суу районунда, ал эми "Шербет сууларды" уюштуруунун жана пайдалануунун ыкмалары Араван районунда өткөрүлгөн.

Мына ошонун натыйжасында Ош областы Бүткүл Союздук Кызыл Туу жана Өтмө Кызыл Тууну эч кимге бербей катары менен жыл сайын алып турчу эле.

Ооба ал улуттун угуту эле. Өзү Ош областында иштегени менен бүт Кыргызстандын кызыкчылыгын коргогон, сактаган, акылы жеткен аракеттин баарын жасаган. Бул максатта бир-эки фактыны айта кетели.

Күндөрдүн биринде обкомго келсем кабылдамада областын старший землестроители Веревкин отуруптур. Сүйлөшүп калсак, мен Кызыл-Ордого кетип жатамын деп калды. Эмне иш менен десем, өзбектер Чаткалдын суусун тосуп көл кылып, электр станция кылып, сугат суулардын резервин түзөт экен деди. А сен эмне кыласың десем, мени Султан Ибраимов Казакстандын Кызыл-Ордо обкомуна жиберип жатат. Кызыл-Ордо да бизге кошулуп, Чаткалды сактап калышыбыз керек деди. Казакстандын Кунаеви кириштиби жокбу, билбеймин айтор Чаткал аман калды.

Кыргыздын сууларын пайдалануунун Законун биздин өкмөт азыр иштеп жатышат. Султан Ибраимов болсо анын жолун мурда эле таап койгон. Бирок ошол тармактардын бир-экөө гана ишке ашып калган, биз үчүн бул чоң өкүнүч. Султандын варианттары боюнча Кыргыздын Түштүгүндөгү сууларды төмөнкүдөй пайдаланыш мүмкүнчүлүгү болгон экен. Аны бизге маркум чөп кыдырып жүрүп айтып берген. Күндөрдүн биринде мени Алайдан, Абдыразаков Кадыркулду Кара-Суудан эртең менен саат алтыда Каратайга келип

турушсун дептир. Саат беште Каратайга келип турсак туура алтыда Ходосту П. М. (2чи секретарь), Абакировду (Оштун 1-секретарын) алып барып калды. Андан чөп чабындыларды кыдырып, Кызыл-Суугa жетип, Алайдын Кабылан-Көлүнө бурулуп, 51-чакырымдан кайра Ай-Көлгө өтүп, андан Папанга чейин барып кайттык. Ошол жол жүрүүдө өзүнүн оюн айтып берди. Ош облустунда суу болбосо жашоого, тиричилик өткөрүүгө мүмкүн эмес, ошого карабастан биздин суулардын бардыгы Москва тарабынан өзбек туугандарга бөлүштүрүп берилген. Бөлүнгөндө да басымдуу салмагы ошолорго өткөн.

1968-жылдын башында областка жаңы келип таанышып, ал жылы Алай районуна жайы менен бара алган жок. Бирок райондун проблемалары менен жакшы тааныш экен, анткени суу чарба министри болуп турганда бир нече ирет болуптур. Чоң-Алай районун өзүнчө район болуп турганда анын экономикасын, маданиятын, социалдык абалын жакшыртуу боюнча 1958-жылы Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитети менен Министрлер Советинин биргелешкенТоктому И. Раззаков менен А. Сүйөркуловдун колдору коюлган чечим чыккан деген дарегин мага айтып, копиясын архивден таптырып берди да, "Мына ушул Токтомдун артынан түшүп, аткарылышын ишке ашырсаңыз Алайдын проблемаларынын көпчүлүгү чечилет" деген эле. Көрсө ал Токтомду Министр кезегинде өзү жетекчилик кылып жарыкка чыгарткан экен. Чоң-Алай району, Алай районуна, андан кийин Гүлчө районуна кошулганы менен негизги проблемаларды ошол Чоң-Алай өрөөнү түзө тургандыгы мага түшүнүктүү болчу, анткени мен жыл бою райондук бардык территориясы менен таанышып калганмын.

Ибраимовдун областка келгенине толук бир жыл, бир ай болгондо 1969-жылдын февраль айында республикага анын ичинде Ош областынын тоолуу райондоруна калың кар түшүп, чоң жут башталды. Республиканын, областын жетекчилери бири калбай, баары район, райондорго бөлүнүп, түзүлгөн акыбалды өз көзү менен көрө башташты. Мына ошол оор кышта Алай районуна Султан Ибраимов өзү келди. Миңгени "Волга" эмес УАЗ-69 машина, кийгени керзовой өтүк бутунда, рабочий ичи тери кыска пальто үстүндө, солдаттардын командири кийген тумак башында. Саат 7



менен 8дин ортосунда Гүлчөгө, райкомго жетип келди. Биз дагы өзүбүзчө кеңешип жаттык эле. биздин аракетибизди укту да, мени калтырып, калган жетекчилерди өзүңөрдүн алыңар менен ишти уюштуруп, кечинде информация бергиле деп, мени ээрчитип чарбаларга чыгып кеттик.

Ленин колхозунун Жошолу деген Айылынын Миязды участкасына барып, чөп кыркып, короолорго чийнелер менен ташып жаткандардын үстүнөн чыктык. Убакыт түкө жакындап калган эле, себелеп кар жаап турган.

Эл менен учурашып, чийнелерге жүктөлгөн майдаланган чөптөрдү көрүп, иштеп жаткан техникаларды карап, өзүнчө ыраазы болгону мага сезиле түштү. Бирок мурдагыдай жайдары эместиги, башында терең ой-санаа бар экендиги, көңүлүнүн ачык эместиги, баары бир байкалып турду.

Иштеп жаткан эл чогулуп келип, саламдашышып учурашып калышты. Ошондо султан чогулган элге, "Акыбалыңар кандай? эл-журттуңар тынчбы? Бөөдө кырсыктан тышкарысыңарбы, мал-жаныңар аманбы?" деп сурап калды эле, жетимиштен ашып сексенге барып калган Бороон Шамал деген аксакал атынан түшүп, жүктүү чийнесин токтотуп, биздин жаныбызга келип мындай деп калды:

–Балам Султан, кыштын жамандыгы бир кыштык, адамдын жамандыгы көп жылдык,мал өлсө өлүп турсун, бирок эл аман болсун. Эл-журтуң аман-эсен болсо малды бир-эки жылда эле ордуна коюп коебуз. Султан балам кыштын кыйынынан эч качан кабатыр болбо. Биздин Курманжан чоң энебиз айтчы экен"Кысталышта, дүрбөлөңдө, жаратылыштын кырсыгында, дайыма бирдикте болгула, алыс-жакынды, бей-бечараны бөлүп таштабай, бир атанын баласындай жамандыкта да жакшылыкта да кайрат менен бирге тургула. Адамдын, элдин эң коркунучтуу душманы–бул корккоктук, жөнү жок, негизи жок эле шектенгендик болот" дээр экен. Биздин болсо курсагыбыз ток, кийимибиз бүтүн, үйүбүз жылуу, бала-чакабыз, мал-жаныбыз баары аман-эсен. Колхоздун малын аман сактап калалы, бала-чакабызга жардам берели деп, мына мен өңдөнгөн чал-кемпирлер дебей баарыбыз колубуздан келген жардамдарды берип жатабыз. Биздин айылдан, Жошолунун элинен кам жебегиле балдарым.



*1976-жыл. Кара-Суу районунун аймагынан Алай районуна бөлүнүп берилген жерге насостук станцияны ачууга келген учур*



Биз бир кишидей кырсыкка каршы аттанып чыкканбыз. Андан көрө Султан балам дүрбөлөңчүлөрдүн сөзүн укпай, канат-бутагыңды сындырбай, эл-журтуңа, активдериңе, жакшы кеңеш берип, акыл-эс айтып, кыштан аман-эсен чыккыла. Гүлчөнүн шартында көчкү көп болот. Кар оор түшүп калды, айрым бей-бечаралардын үйлөрү, тамдары кардын астында калбасын, ошону ойлонгула, деп бизге батасын беришти.

Кечке кыдырып, араң эле үч кыштакты–Корул, Будалык, Жошолуну көрдүк. Анткени Алайдын бир кыштагынан экинчисине өтүп кеткен жол жок эле. Аргасыздан артына кайтып келип, экинчи кыштакка өрдөш мүмкүн болчу. Султанды жөнөттүк. Бюро мүчөлөрү, райондун жетекчилери, өзүбүз бөлүнгөн кыштактарга барып, тамдардын үстүндөгү карларды күрөштүк. Көчкү түшө турган жерлердеги элдерди жайык жерлерге көчүрдүк 1968–69-жылкы оор кышта Алай району кыштан нормалдуу чыктык. Анткени раматылык Султан ошончо билимине, тажрыйбасына, акылына карабай "Бороон Шамалдын" кеңешин жетекчиликке алып, бизге ошондой көрсөтмөлөрдү берип кеткен. Мына кыргыздын "Улуу болсоң кичик бол, жакшы болсоң жатык бол" дегендей акылын элден алып, элге айткын " деген макалынын таасири.

Ошентип ошол жылкы оор кышта Алай районунун территориясы өтө чоң жана аралыктар алыс болгондуктан айрыкча Чоң-Алай зонасынан кабар алуу. аларга жардам берүү жеңил болгон жок. Султан Ибраимов анын аппараты ал жактагы абалды күндө сурашат. Справка, отчетторду талап кылышат. Канткенде дагы акыры 150 машинадан турган колонна менен жардам жеткирдик. Обкомго айта турган проблемалар өтө көп эле. Ошол жылы мен бодо малдын жана койлордун эркектерин союп этке тапшыртууну сунуш кылдым. Кызыл-Кыя шаарынын эт комбинатынан Дароот-Коргон айылына эт алууга барган өкүл Душкин деген 40 күн кайра Кызыл-Кыяга кеталабй туруп калаган учурлары, ал үчүн канча тынчсызданган учурлар да болду.

Кыштан эптеп-септеп аман-эсен чыктык. Райондун келечеги, проблемалары боюнча Султан Ибраимовдун пикирин, көз карашын билиш үчүн жаз айларынын бир

күнүндө обкомго суранып, жарым күн пикир алыштык. Шашпай отуруп оюмдун баарын укту.

Алай районунун ал-жайын мен төмөндөгүдөй мүнөздөдүм. Район чоң, анын айылдары бир-биринен алыс, ал учурда көп жерлеринде жолдору да жок же жакшы эмес болчу. Райондо электр энергиясы жетишпейт. Мал көп болгону менен аны багууга чөп чар жетишсиз. Чөп өндүрүүгө сугат жер жетишпейт. Маданий курулуштарды эске албаганда да коомдук мал үчүн короо-сарайлар жетишсиз. Саясий кырдаал дагы райондо жакшы эмес. Чоң-Алайлыктар менен Гүлчө тараптын эли өздөрүнчө бөлүнүп, эзелтен бери бирин-бири какшыктап сүйлөшөт. Ошондуктан кадр маселесине көңүл буруп, эки элдин татыктуу уул-кыздарын алмаштырып иштетиш керек. Райондун четиндеги Жекендиден Кабылан-Көл айылына чейин жолдун узактыгы 260-300 чакырым.

Султан Ибраимов кунт коюп угуп туруп кайра мага суроо берди. Сизде кандай сунуштар бар? Жакшы билем. Биринчи пландарды аткарыш керек. Ошонун негизинде калган маселелерди чечиш керек деп токтоп, менин жообумду күтүп калды.

Мен конкреттүү сунуштарды айттым. Өндүрүштү уюштурууда, элди прогресске үйрөтүүдө. Жумуштарды жеңилдетүүдө электр энергиясынын кубатын артыруу районго өтө маанилүү жана элге жеңилдик алып келмек. Эт жана жүндү көбүрөөк жана сапаттуу өндүрүү үчүн айыл чарбасындагы авалды бүгүнкү күндүн талабына ылайык уюштурбасак район өзү гана уят болбостон областык партия комитетин да уят кылаарын жашырып коюуга болбойт деп мен сөзүмдү токтоттум.

Белгиленген иш чараларды уюштурууда райондун колунан келбей жаткан маселелер боюнча биздин атыбызга,Бкнын атына кат даярдаңыз. Колдон келген жардамдарды көрсөтөбүз. Жаңы кандай проблемалар болсо, областтын мүмкүнчүлүгүн эске алып, реалдуу рассчет менен дайыма кайрылып туруңуз. Мүмкүнчүлүгүнчө жардамдарды аябайбыз. Ар кандай жумуштарды уюштуруу, жаңы обьектилерди куруу боюнча алардын проектисин түздүрүңүз.

Султан Ибраимов андан ары сөзүн салмактуу улантып жатты:



–Жетекчи киши суракчыл болбостон, иштемчил болуш керек. Уккан эле жумушту аткаруу менен чектелбестен, өзүнчө да чыгармачыл, инициативдүү, рационализатор болушу зарыл. Сырттагы мүмкүнчүлүктөргө көз арта бербей өзүнүн колундагы ресурстарды, жаратылыштын байлыктарын толугу менен пайдалана билүү-жетекчинин касиетин, жөндөмдүүлүгүн, жетекчилик уюштургуч талантына, эл тарабынан жогорку-төмөнкү органдар тарабынан баа берилет.

–Анан дагы буларды эсиңизге салып коеюн–деди Султан Ибраимович,–Райкандын "Жинди суусу" ичкилик жөнүндө. Ичкилик ичүүнү өкмөт деле, эл деле тыюу салган жок. Тыюу салса аны чыгарбай койбойт беле. Маселе аны ичүүнүн эрежесин бузуп, чектен чыгып кеткендер жөнүндө. Кеп аны качан, канча, ким менен ичүү керек. Кыргыз элинде, ошондой эле дүйнөнүн көп элинде "Биринчи байлык ден-соолук, экинчи байлык ак жоолук, үчүнчүсү боз соолук делет. Бирок ак жолукту ажырата билүү зарыл. Алардын да агы бар, карасы бар.

"Колуңда жүрүп билинбейт,
Камчыдан башка жолдош жок.
Койнуңда жатып билинбейт,
Катындан башка душман жок".


Ал эми дүйнө күтүүнүн эрежеси боюнча Токтогул мындай дептир:

"Ак саманды жаман деп,
Чөптү кайдан табасың.

Аз дүйнөнү жаман деп, көптү кайдан табасың", Ашыкча болсо да кунт коюп укканыңызга ыракмат, Ибраим Умарович. Мен ишенем бул кеңештерди эстен чыгарбай жүрөт го деп.

Ушуну менен биздин кеңешибиз бүттү.

Райкомго барып, райкомдун бюро мүчөлөрүн, райисполкомдун аткаруу комитетинин мүчөлөрүн райондук мекемелердин жана колхоз менен совхоздордун жетекчилерин чогултуп, Султан Ибраимовдо болгон сүйлөшүүнү, кеңешти айтып берип, ишти эмнеден баштоону макулдаштык. Ишти биринчи кезекте жол куруудан баштоону ылайык таптык.



*Алайлыктарга берилген Отуз-Адыр аймагындагы суу станциясынын ачылыш аземинде*

## Жол курулушунун проблемалары

Барыдан мурда райондогу техникаларды чогултуп, бир кишинин карамагына бермек болдук. Техникаларды топтоо, убактылуу өткөрүп алуу, аларды ремонттоо, күйүүчү майлар менен камсыз кылуу, Райсельхозтехниканын жетекчиси, райкомдун бюро мүчөсү Талгат Варипович Ямгуровко тапшырылды. Бульдезорлордун эсебин алып, барын чогултуп "Сельхозтехникага" топтоп, жумушту уюштурууну райондун РДСунун начальниги жолдош Кутлубаев Минаминге



жүктөлдү. Ал Гүлчө зонасындагы жолдордун схемасын, проектисин түздүрүп, биринчи иретте кыштактар аралык жолдорду куруудан баштамак болду. Райондун күн чыгыш жагында Корул, Жошолу, Будалык, Согонду, Бүлөлү, Аскалы, Таргалак, Терек, Сөгөт, Шарт деген элдүү пункттар орношкон. Ал эми күн батыш жагында Шамаке, Каблан-Көл, Жылуу-Суу, Таш-Короо, Сар-Талаа, Мурдаш, Күң-Элек, Кара-Кол, Маданият, Ак-Босого деген кыштактар бар. Ушулардын баарын райондун борбору Гүлчө кыштагы менен байланыштырыш керек эле. Булардын аралыгы 30дан 90 километрге чейин.

Чоң-Алай зонасында болсо Эркеч-Там менен Көк-Суу жайлоосуна жолду жеткирүү эң маанилүү милдеттерден болду. Райондогу 272 миң гектар айыл чарбасына жарактуу жердин 136 миң гектары ошол алыскы Көк-Суу өрөөнүнөн орун алган. Ушул белгиленгендердин бардыгы иш жүзүнө ашырылды. Майда көпүрөлөрдү эске албаганда Нура менен Көк-Суу өрөөнүн ортосуна 3 көпүрө, Чоң-Алай өрөөнүндөгү Кызыл-Суу суусуна 3 чоң көпүрө салынды. Областтын акча төлөгөн уюмдарынын адистери бир да участканы, жлду жараксыз деп тапкан жок. Бардыгы проектиге туура келди.

Алай районунун ар бир айылына, жайлоонун бардык ашууларына салынган жолдун эл чарбасы үчүн өтө мааниси чоң болду. Алайлык туугандар эмдигиче Умаров салдырган жол десе да мени колдоп, жардамын аябаган Султан Ибраимовдун эмгеги да зор.

## Каналдарды тазалоо жана жаңыдан куруу

Бул да район эле эмес областта маанилүү иш болуп, көп жерлер өздөштүрүлүп, мына эми жыл сайын түшүм берип жатат. Чоң-Алай совхозунун негизги аянтын Алтын-Дара системасы түзөт экен. Ошол системада 5миң гектар сугат жер бар. Бирок андан пайдаланган аянт бар болгону 1500-2000 гектарды түзүп келген. Себеби каналдардын бардык нугу тазаланбай жүрүп бүтүп кетиптир. Андан тышкары Жекенди участкасында 2000 гектар жер бар эле. Бирок анын деле пайдаланып жүргөн аянты 1000 гектарга жеткен эмес. Мына

ушуларды тазалоо менен убара болуп жүрсөк жаз айларынын биринде Султан Ибраимович Чоң-Алайга облводхоздун начальниги жолдошКожомкулов Асанды, суучулардын трестинин башчысы Игор Николаевич Бакты ээрчитип барып калды.

–Ибраим Умарович кыргыздын өзүнө тиешелүү жерди качан болсо да өздөштүрүп алабыз. Биз болбосок да биздин балдар, небере-чеберелер өздөштүрүшөт. Бүгүнкү милдет өзбектерге, тажиктерге берилип кеткен жерлерди эң мурун биринчи иретте өздөштүрүшүбүз керек. ЦК КПССтин Май Пленумунун чечимине ылайык айдоого жарактуу жерлерге ким мурда суу чыгарса ошонуку болуп кала берет. Силер дагы жолдош Кожомкулов, Игор Николаевич ушул багытта иш жүргүзүүгө тийишсиздер–деди.

Мына ушул кеңештен кийин Чоң-Алай зонасындагы Сары-Моңол, Така, Сыңар-Жар, Ачык-Суу деген сууларды буруп, көпчүлүк каналдарды бетондоп бүткөрдүк. Натыйжада ошол аймактардагы сугат жерлердин аянты 18миң гектарга жеткирилди.

Султан өзү ирригатор болгону менен дайым эле суучуларды колдой бербейт эле. Анын акыйкатчылыгы, калыстыгы мына ушунда болчу. Буга бир мисал: Алай районуна Кара-Суу районунун "Отуз-Адыр" каналынан бир кубдан ашык суу насос менен алыныш керек болчу. Аны Кожомкулов (облводхоздун начальниги) Отуз-Адыр каналындагы тунелден чыга бериш жеринен пландаштырып, проектисин бүткөрүп коюптур. Мен келип Кожомкуловго бул проекти менен биз суу ала албайбыз. Тунелден чыккан суу пахтага, мөмө-жемиштерге, элдин огороддуна пайдаланат. Андыктан насосту тунелдин наржагына, тунел баштала элек жерге куралы десем, проекти бүтүп калды, сиз адистердин пикирин ревизиялайсызбы, деп болбой койду. Мен анда Султанга барып ушул пикирди айтсам, Кожомкуловду дароо чакырып, менин пикиримди кубаттап, проектини мен айткан жерге түзгүлө деп тапшырма берди.



## Тоют даярдоонун проблемалары

Алай районунун Гүлчө зонасында, Ак-Босого менен Юркин (Жүркүн) кыштагынын ортосунда гана айдоо жерден тоют өндүрүлөт. Калган жерлерде айдоо, сугат жерлер жок. Чөп чабыла турган аянттардын бардыгы адырлуу тоо арасынан орун алган. Жамгырдын көп жааганынан чөп абдан жакшы чыгат. Айрым участоктон гектарына 20-30 центнерден чөп даярдалат.Бирок бул чөп чабындыларды эл жайытка пайдаланып, чөп чабыла турган участоктор абдан аз эле. Ал эми айдоо жерлерди 2 ирет сугармайынча түшүм алууга мүмкүн эмес экен. Себеби Сопу-Коргон, Дароот-Коргон айылдарынын айлана-чөйрөсүнө жаан абдан аз жаагандыктан табигый чөптөр өспөйт.

Мына ушундан улам кырдаалды эмне кылуу керек, ресурстарды кайдан табууга болот деген орчундуу маселелер турду.

Биринчи-чөп чабындыларды кеңейтүү үчүн коомдук малдын бардыгын Алай өрөөнүнө, кыркым бүткөндөн кийин Көк-Сууга көчүрмөк болдук.

Экинчи тоют даярдоого механизаторлорду тезирээк бошотуп алуу максатында койдун кыркымын 10-12 жумуш күнүндө бүткөрүү зарыл болуп чыкты.

Үчүнчү–Сопу-Коргон, Чоң-Алай зоналарында ар кандай күчкө жарактуу кишилердин 5 гектардан жерди 2 иреттен сугарышы зарыл болду.

Төртүнчү–жалпы элди тоют даярдоого тартыш максатында "Тонначы" деген кыймылды биз биринчи ойлоп таптык. Тонначынын принциби–үй-бүлө башчысы өзүнүн бала-чакасы менен, агайин-туугандары менен уюшуп алып, колунан келсе ат косилкаларды уюштуруп, чалгычыларды уюштуруп 20 тоннадан 100 тоннага чейин чөптү оруп жыйнайт.

Мен булардын баарын айтып жатканым райондун экономикасын көтөрүүгө биз тараптан кандай жакшы сунуштар болсо Султан Ибраимович тарабынан колдоого алынып турган. Ал киши ар кандай жакшы ойлорду, келечектүү иштерди жерге таштачуу эмес.

Мектептерде он ай иштеп 600–700 сомдон айлык алган мугалимдердин көпчүлүгү да "Тонначы" болушкан. Буларды

жактап биз районго келген машиналардын көпчүлүгүн тонначыларга сатчуубуз. Анда кезек менен машина алуу кыйын болгон. Ошондуктан малчылардын көпчүлүгү да өздөрүнө чөп даярдап, акчасын алып жеңил машина сатып алышчуу.

Жогоруда Рай аке жөнүндө сөз кылганда бир нерсени унутуп кетиптирмин. Султан Ибраимович алардын берген даамынан ооз тийип, ал кишинин ал-жайын, кантип жарадар болгонун сураштырды. Ал киши адам менен жөнөкөй жана жакын сүйлөшчү. Андан ары жол кетип баратканда мага тапшырма берди: "Үч редактордун (облустук гезиттерди айтып жатат) өздөрүн жиберем. Аларды лично өзүңүз алып келип, Рай аке менен беседа кылдырасыз. Сүрөттүн тарттырасыз, чалга чаап турган учурунан". Бул тапшырма дагы эртеси күнү эле аткарылды. Рай жөнүндөгү очерктер областын үч газетасына чыкты. (үч тилде–кыргызча, орусча жана өзбекче).

Будалыктан ашып, Жошолу кыштагына барсак Качура деген участоктон жолдун боюнда 4 студент чечинип алып чөп чаап жатышыптыр. "Булар кимдин балдары, кайсы тонначы" деп сурап калды менден Султан Ибраимович. Жер Турганбаев Капар деген чабандын жери, бирок анын мынча балдары жок эле десем, машинаны токтотуп балдар менен сүйлөшүп калды. Балдардын бирөө гана Турганбаевдин баласы экен, калгандары аны менен бирге окуган курбулары экен. Балдар анда эки жылдан бери чөп чаап, 100–150 тоннага жеткиришип, өздөрүнө каражат таап, экинчиден ден-соолуктарын эмгек менен айкалыштырып, чыңап, тыныгып кетишет экен. Алар Ысык-Көлдүк жигиттер экен, Алайдын абасы аябай жагаарын айтышты.

Мындай жардамчылар көп болгон. Алдыңкы тонначыларга сыйлыктарды аяган эмесбиз. Тоннаны биринчи баштаган, жыл сайын 50-60 тоннадан чөп чапкан Абдылдаев Салиге районго сатууга келген "Волга" автомашинасын бергенбиз. Октябрь айынын акырында тонна чапкандардын жыйынтыгы чыгарылчу. Андай чогулушка дайыма Султан өзү катышып, тонначыларга рахматын, алкышын айтып кетээр эле.



## Курулуш иштери

Коомдук малдардын, айрыкча койлордун башынын көбөйүшүнө байланыштуу көптөгөн кашарларды, тоют цехтерин курууга туура келди. Ушуга байланыштуу бир-эки жылда 100 кашарды, 3 тоюттук цехти (кормоцех) куруу зарыл болуп калды. Дубалдарды жергиликтүү сырье-таштарды колдонуу менен, ашар кылып бүткөрдүк. Бирок үстүн жабууга жыгач материалы жана шиферлер керек экендиги далил болду.

Жыгач материалдарын издөөгө, ал үчүн Россияга барууга туура келди. Мына ошол кырдаалда Султан өзү колу менен Омск обкомуна кат жазып берди. ВЧ телефону менен бир нече ирет сүйлөшкөн, Каттын тезисин Султан өз колу менен оңдогон. Султандын ушундай көмөгүнүн, кийгилишүүсүнүн аркасында бир кубометри 12 сомдон 30 миң куб жыгач Ошко келип түштү.

Кадыркул Абдыразаковдун чыныгы кыргыздын патриоту экендигин мен өзгөчө белгилеп кетким келет. Ал Алай районуна чоң жардам көрсөтүп, Кара-Суу районунун территориясынан тоют даярдоого айдоо жерлерди, чөп чабындыларды, ошондой эле малдарды бордоп семиртүүгө курулуш үчүн жер аянттарын берип турду. Мындай ичи кенен, интернационалист райкомдун секретарлары Ош эле эмес, Кыргызстанда деле болгон эмес.

Райондо тоют маселеси мүмкүн болушунча чечилди, курулуш материалдары–жыгач менен темир жетиштүү болду, Алайдын таштары короо-сарай курууга Алай гана эмес бүтүн областка жетет. Эмки маселе курулуштарды, сарайларды кайсыл участокторго курушубуз керек. Маселе ушуну туура чечиште, белгилөөдө калды.

Алай совхозу менен Ленин атындагы совхоз чөптү, кесек тоютту "Правда" колхозунун "Уу-Саз" деген участкасынан даярдайт, ар кайсы коктунун ичине ташып кетет эле. Контрол кылуунун эч кандай мүмкүнчүлүгү жок. Торпокторду болсо 42 колотко бакчуубуз. "Алай" совхозу Талды-Суу деген участкасында 20-22 миң баш субай койлорду, козуларды бир жерде багып, 4,5-5 килодон жүн алат эле. Анткени тоют конторл менен берилип, коромжолукка

учурабайт болчу. Мына ушул тажрыйбага таянып, Уу-Саздан даярдалуучу чөптөрдүн эсебин алып–"Алай" совхозу менен Ленин атындагы совхозго 20 миң кой багыла турган 20 сарай-кашарды, тоют цехтери менен бир жерге, ал эми торпокторду район боюнча бир жерге–Ленин атындагы колхоздун чегине курууну чечтик. Анткени бул колхоздун "Ак-Тескей" деген участкасынан 2–2,5 миң тонна чөп даярдалчу. Ал тоютту негизинен райборбордун мекемелери, мектептери даярдайт. Мына ушинтип 20дан кашар 2 жерге, 5000 баш торпок сыя турган сарайлар бир жерге салынды. Иш жакшы жыйынтыгын бере баштады. Совхоздордун комплектеринде октябрь айынан март айына чейин 40 короодо козулар турчу, март айынан май айына чейин соолук койлор жайгашып төл алынат эле. Короолор совхоздордун борборуна жакын болгондуктан сакманчылар маселеси чечилди. Экинчиден рацион боюнча тоют берүү ишке ашырылып, контрол эң жакшы болду. Үчүнчүдөн эне баш койлорго, козуларга атала берүү реалдуу ишке ашты.

Өндүрүштү механизациялоого, электрлештирүүгө райондо электр энергиясы жетишпейт эле. Токтогул электр каскады бүтө элек болчу. Мына ушул кырдаалда Красноярский областында Саяно-Сушинская электро станциясы бүткөндөн кийин ошол жердеги ракета установкасында турган, ар кимиси 1000кв.тык 3 дизелдик станцияны алып келип, Гүлчөгө орноттук. Энергия жетмек турсун ашып калды. Бирок райондун ичиндеги сеттер–10кв. тык, 04кл.тык линиялар жетишпейт эле. Ош ПЭСтин ошол кездеги начальниги Эркин Эшимбековго келип кеңеш сурасам ал буларды билдирди: "Областта электр линиясын курууга көп эле каражат бөлүнөт. Бирок өздөштүрүлбөгөндүктөн күзүндө кыркып алып кетип, капиталдык салымдын көлөмү жыл сайын азайып жатат". Мени Ош мехколоннанын ошол кездеги начальнигинин конторуна алып барды да, аны бизди материал менен камсыз кылып тур деди. Ошол күндөн баштап биздин ишибиз өзүбүзгө гана тиешелүү болуп калды. Райондун электр тармагынын начальниги, согуштун ардагери, бир бутунан ажыраган, төртүнчү класс гана билими бар Турганбаев Камал деген аксакал эле. Арбагы разы болсун Камал акенин, элге-журтка баркы бар, карамагындагы



кызматчыларды солдаттардай тартипке көндүрүп алган, жогорку мекемелер менен өзүнүн даражасында сүйлөшө билген, иштин көзүн билген, милдеттерди кеңири түшүнгөн, келечектин перспективаларын көрө билген, ак ниет, элдин жумушу үчүн өмүрүн аябаган ошондой бир да кишини учурата элекмин.

Аткарылган иштерди анализдеп жүрүп Султан Ибраимович Алай районуна областтык семинар өткөрдү. Комплекске каршы болуп жүргөн, айыл-чарбачылыгын тейлеген обкомдун секретары Кондаков Виктор Кондратович, облисполкомдун председателинин орун басары Камасбек Жангабылов экөө тең семинардын учурунда коментариялык милдеттерди аткарышты. Семинар эки этапта өткөрүлдү. Биринчи этабында бардык райондордун, шаарлардын биринчи катчылары, областтын мекемелеринин жетекчилери катышышты. Семинар өткөрүүдө биз бир жаңылык көрсөттүк. Түшкү оокат учурунда бардык райондорго, шаарларга арнап концерт берүүнүн алдында ар кайсы райондордогу, шаарлардагы аты чыккан, эмгеги менен элге таанылган, мамлекеттик сыйлыктарды алган адамдардын аттарын атап, андан кийин ошол районго, шаарга арнап концерт бердик. Райондун экономикасын түзгөн эл чарбасынын тармагын айтып, аларга ийгиликтерди кааладык. Мындай методдор, жаңылыктар кийинки өткөн семинарларда адатка айланды. Демек бул кыймылдын пайда болушунда алайлыктар пионер болуп калды.

Семинардын экинчи этабына областын бардык чарбаларынын, райондук масштабдагы мекемелердин жетекчилери катышышты. Натыйжада бардык райондордо малдарды бордоп семиртүүчү комплекстер бир жылда курулду. Сүттү көп берген райондордо кунажындарды өстүрүп, чарбаларга сатуучу телочниктер пайда болду. Койлорду бордоп семиртип туруп этке өткөрүүчү комплекстер көп райондордо пайда болду. Койлордон төл алуучу комплекстер да Алайдыкындай 20 кашардан болбосо да 5–10 кашардан турган комплекстер курулду.

Курулуш курууну, ар кандай чоң жумуштарды аткаруунун ашардык методун, жергиликтүү курулуш материалдарын,

таштарды кирпич ордуна, ылайды цемент ордуна пайдаланууну биз областа биринчи баштадык, элге көрсөттүк.

Ашар методу менен Гүлчөнүн жээгине дамба курдук. Койлорго жүздөн ашык короо тургуздук. Кызыл-Суу менен Кашка-Суу совхоздорун, "Алай" МЖСин курдук. Кара-Суудагы Жаңы-Алай кыштактарын айылга айландырдык. Чоң-Алай өрөөнүндөгү кыркым пункттарын, куут пункттарын жаңыдан тургуздук. Райондун борборундагы мектеп-интернатын, ооруканаын корпусун райборбордун кызматчылары менен бүтүрдүк.

Султандын чечкиндүүлүгүн дагы бир факты менен келтирейин. Чоң-Алай совхозунда уяң жүндүү кыргыз койлору жана кылчык жүндүү "Алай" тукумундагы койлор өстүрүлүп жаткан болчу. Чарбада 2 парода койлорду өстүрүү мүмкүн эмес. Бул ашыкча эле машакат деп айтсам, сиз кимисин колдойсуз деп калды. Мен айттым, Кыргызстанда койдун 2 тукуму, уйлардын 2 тукуму, жылкынын 2 тукуму бар, бирөөнүн да автору кыргыз эмес. "Алай" тукумунун автору Ботбаев Ильяз деген таза кыргыз. Экинчиден бул пароданын келечеги–эт болушу мүмкүн. Жүнү болсо килем токууга жана генералдын шинелдерин жасоого эң ыңгайлуу. Ошондуктан 10–11 миллион койдун арасында "Алай" пародасы болсо, турган жери кыргыз койлоруна кантакты болбой турган Памир тоосунун арасында болсо, ал пароданы тажиктер, өзбектер, казактар сурап жатса, ушул пароданы деле көрөлү десем, "Кыргыз коюн кантип вывод кыласыз" деп сурады. Мен кочкорлорду эле жок кылсак өзүнөн өзү кыргыз койлору жоголот дедим. 2–3 жылда "Алай" пародасы–парода болуп банитировкадан өттү. Мен дагы авторлордун арасына кирип калдым.

Ушуга окшогон чечкиндүүлүгүн, иш билгичтигин, жетекчилик касиетин эске алып, Ленин районунда болгон семинарда, кечки оокатты ичип жаткандагы отурушта мага сөз берилип калды эле мен Султанды тирүү, нукура Манас деп, өзүбүздү чоролорго теңедим.

Байгени бербес Ош болду,
Баарына Султан эш болду.
Макталып тийди обкомго,
Маскөөнүн Туусу беш жолу–деп ырдаган элем ал кезде.



**Маматказы ЭРГАШЕВ,**
**2 Ленин, Октябрь Революциясы,**
**Эмгек Кызыл Туу, Кыргызстандын**
**"Даңк" ордендеринин ээси.**

## ТАРАЗАДАЙ ТАК КИШИ БОЛЧУ

### 1. Биринчи жолугушуу

Ыраматылык Султан Ибраимовичти эскерүү мен үчүн оор да, жеңил да. Оордугу ушул–жетекчилик кызматына байланыштуу ара-чолодо акыл-эс болгон, элдин пайдасы үчүн ишке ашыраар максаттарыңы айтсаң жок дебей өбөлгө түзүп баш болгон, санаалаш жана пикирлеш жакшы адамдан айрылуу. Жеңилдиги–ар дайым мыкты адам жөнүндө жазуу да, айтуу ад ардактуу, анын мыкты сапаттарынын кайсыл жактарын айтышыңды билбей шашасың. Демек ал жөнүндө канча айтса да жазса да жарашат, сөз түгөнбөйт. Кайсы жеринен баштарыңды да билбейсиң. Ошентсе да башка ардагерлер, замандаштар айткандарды, кайталабай тургандай, өзүмө гана байкалган эс тутумдарды ортого салууну ылайык көрдүм.

1964-жылы Майский деп аталган Пленум болуп калды. Н. С. Хрущевдин мезгилинде Пленумдарга обкомдун эле эмес, райкомдун секретарларынын, айыл чарбасынын алдыңкы жетекчилеринин өкүлдөрүн катыштыруу практикалана баштаган. Анда Ош обкомунун секретары А. С. Сүйүнбаев эле. Облустук айыл чарба бөлүмүнүн башчысы А. Дагазиев ошол Пленумга менин да бара турганымды билдирди. Биз колхоз башкармасы Жунусов Топчубай арабызда болгон 4–5 киши кыргызстандыктар менен кошо Москвада "Украина" мейманканасынан орун алдык. Ошол жылдарда Кыргызстандын айыл чарба Министри С. И. Ибраимов болчу. Алар да катышты.

Султан Ибраимович менен мен ошондо тааныштым. Биринчи көрүшүм элпек, көптү көргөн, адамдын оюнун үстүнөн чыккан, бирөөнү уга билген жана өзүнө тарткан жылдыздуу киши экен. Анын адамга кылган мамилесине ичим жылыды.

## 2. Эстеги элес тутумдар

Бир учурларда Ноокат жергесинен облустун аймагында партиялык жогорку кызматтарда иштеген кадрлар көп болгон. Ага саясий маңыз-маани же тууган-уруктук колдоо, паракордук сыяктуу боекторду сүртүүгө аракет кылгандар да жок эмес. Мен кесе айтам, ал учурларда бүгүнкү күндөгүдөй кызмат үчүн жан талашып жакын адамын да сатып ийе тургандай, пара бергидей бузук система, байлык жана бийлик үчүн баарын багыштаган ыплас түзүлүш болгон эмес, бирок "Бир карын майды бир кумалак чиритет" дегендей айрым арам тамактар, карьеристер арада болсо болгондур, мен андай кылыктарсыз эле кудая шүгүр бир топ жетекчилик кызматтарга төмөндөн жогору карай өз мээнетим туура бааланганынан жетип олтурдум десем аша чапкандык болбос. Көрсө мындай таза жол менен ошол кездеги менин замандаштарымдын далайы өшентип баргандыгын, биздин жашоо образыбыз ошондой болгондугун бүгүн мен сыймык менен айта алам. Алибетте жогоруда айтпадымбы, беш кол барабар эмес, арада сатмайлар, алмайлар, ортого түшмөйлөр ошондо да болгон, бирок азыркы мезгил андайлардын араанын кеңири ачып, ак эмгек эмес, шылуундардын заманына шарт түзүлдү.

Ал кездин түзүлүшүн мактаганга жараша бир аз окурмандарга түшүнүктүү болсун үчүн өзүмдүн өмүр баянымдан кыскача айта кетейин: Сегизинчи класстык билимден кийин эле 1945-жылы Оштон он айлык мугалимдердин курсунан өтүп, эки жыл педучилищада окудум. Андан соң туулган айылым Жаңы-Ноокаттагы мектептерде мугалим, Фрунзе атындагы орто мектепте директор болуп жүрүп, 1953-жылы Ноокат райондук комсомол Комитетинин 1-катчысы болуп иштеп калдым. Ага



чейин Ферганадагы пединституттун филологиялык факультетин бүттүм. Менин партиялык иштерге аралашып, саясий көз карашымдын калыптанышына алибетте ушул кадамдар башталыш болгон. 1961–63-жылдардын аралыгында партиянын райондук комитетинин биринчи катчысы болуп иштедим. Ага чейин райондук аткаруу комитетинин төрагалыгы "Мектебинен" да өткөн элем. Ал эми андан кийин же 1981-жылга дейре жыйырма жылга созулган аралыкта Сузак, Ленин жана Кара-Суу райондорунун биринчи катчылыгы милдетин аткардым. Бул учурлар өзгөчө эсте калаарлык, менин өмүрүмдүн асыл иштерге толгон уруттуу учурлары болуп саналат. Ал жылдарда Ибраимов өңдүү асыл адамдар менен иштешкениме алибетте сыймыктанам. Ошол мезгилдерде Ош облустунда А. С. Сүйүнбаев, андан кийин С. И. Ибраимов да он жылдай иштешиптир. Экөө тең эл кадырына ээ болуп, оздон-оозго жакшы сөздөр менен коштолуп турчу. Көрсө ал мезгилдерде социализмдин гүлдөп, өсүп, өнүгүп турган мезгилдери, бышып жетилген убактысы экен. Биз ошондой учурларды баштан кечирип жатыптырбыз.

Ушул жылдардын аралыгында иштен баш көтөрбөй жүрүп, ал кездерде мен райондорго жетекчилик кылып жүргөнүмдү партиянын тапшырмасы, элдин зор ишеничи катары ойлоп, ак ниетимди, бар күчүмдү, акыл-эсимди жумшап аракеттендим. Бирөөнө да ортомчу коюп же жагымпоздук иштерди кылганым жок. Муну мен өзүмдүн эле эмес, мезгилдин кадрларынын таза жүзү, ошол доордун таза талабы катары кабыл алам. Туура, бүгүнкү күнү ал учурларды бир гана коммунисттик партиянын диктатурасы катары карап жатышат, ал жөнүндө кеп башка.

Эми Султан Ибраимовичтин жакшы сапаттары, анын иштеп турган мезгилиндеги Ош облустундагы жетишкендиктер жөнүндө сөз кылганда биринчи кезекте ал жылдарда областта түптөлүп калган экономикалык, чарбалык жетишкендиктерге, өнөр жайдагы жогорку көрсөткүчтөргө, өбөлгө ага чейин эле түзүлгөн деп айтууга болот. Ансыз Султан Ибраимович келгенде гана көтөрүлүп кеттик деп айтуу бир аз натура болмок. Антсе да ошол түзүлгөн жагдайды, бузбай, кайра аны түздөп, оңдоп, жогору көтөрүп кетүүдөгү Ибраимовдун эмгеги баа жеткис. Ал ага

кадрларды туура тандап, улут саясатын да туура багыттап алып баруу менен да жеңе алды демекчимин. Эгерде ал болбогондо, мурдагы жаратылган оң иштер ойрон болмокчу. Ким билет. Ошон үчүн биз Султан Ибраимовичке таазим этип, жогору баа берип келе жатпайлыбы.

Айталы Ош областы Ибраимов келгенге чейин эле 1960-жылы Ленин орденин алган. Ал эми ал киши жетекчилик кылганга дейре Сүйүнбаев Акматбек Сүттүбаевич элди жалпы жетектөөгө эң туура жолду багыттап, аны Султан Ибраимович байытып, андан бетер жогору даражага бийиктетти. Ошонун натыйжасында Ош облусту тынбай оозго алынып, республиканын чегинен сырткары дайыма Союзда да даңктала баштаган. Облустун атынын мындай чектен чыгып кетиши мүмкүн ал кезде андан жогору даражада турган айрым адамдарды тырчытып тургандыр. Ошол тырчыгуу Ибраимовдун өмүрүнүн да тузагы болуп калгандыр... Кантсе да адам баласында ич күйдүүлүк, биринен бири кыйын болуп көрүнүүчүлүк, ошонун натыйжасында арамза ойлордун келип чыгышы болуп келген жана боло берет тура. Бул турмуштун закон ченемдүү көрүнүшү, жаратылыштын жан-жаныбарларга тартуулаган белгиси.

Ибраимовдун мезгилинде 1973-жылдан баштап Ош областы 1976-жылга чейин Бүткүл Союздук (анда ЦК КПСС, ЦК ВЛКСМ, ВЦСПС жана СССР Министрлер Советинин деп шаңдуулук менен чыкчу), Кызыл Тууну, эстелик Кызыл Тууну жана Өтмө Кызыл Тууну катары менен алып жатты. Ал учурда мен Ленин районунда биринчи секретарь болуп туруу менен ар бир туунун алынышына пахтазарлуу чоң район катары зор салым кошуп жатканыбыз менен сыймыктанчуубуз. Дагы да көбүрөөк салым кошууга аракет кылчуубуз. Иш стили,талап, социалисттик план ченемдүүлүк ошондой эле. Пландардын толушу, аңын ашыра аткарылышы биз үчүн да сыймык, даңаза, даңк болчу. Ар бир эмгектик жеңиш сайын жогорку жактардан мактоо сөздөрдү угуу, элдин жүзүн тик карап, майрамдарды, эс алууларды уюштуруу, куттуктоолорго оролуу, борборлорго ардакталып чакырылып туруу кимге сыймык болбосун? Көрсө биз да (биз дегеним ошол кездеги мен өңдүү биринчи катчылар) Ибраимовдой эле даңктоолорго бөлөнүп, бирок ошол





*С.Ибраимов Ленин (Ноокен) райкомунун биринчи катчысы М.Эргашовга Бүткүл Союздук өтмө Кызыл Тууну тапшырып жатат.*

кишиден үлгү алып, ага манчыркап кетпей улам мурдагыдан кийинки эмгектик жеңиштерди көбүрөөк, бийигирээк жаратууга аракет кылып жүргөн экенбиз. Анан дагы бир жакшы жери, ошондой эмгек жеңиштерден кийин же пахта терими башталаар алдында Султан Ибраимович атайын биринчи катчыларды баш кылып, колхоз, совхоздордун көрүнүктүү адамдарынын Ысык-Көлдөгү Борбордук Комитеттин жана мамлекеттик деңгээлдеги санаторияларга эс алып келүүнү уюштурчу. Айтор эс алдыра да билээр эле. Ал эми калкка социалдык жана маданий турмуштук шарттарды түзүүгө болгон камкордуктары жөнүндө сөз көп.

Эсимде, 1977-жылы Ленин району пахтадан эң жогорку көрсөткүчкө–80миң тонна "Ак алтын" өндүрүүгө жетишти. Ошол жылдары мен обкомдун башкы катчысына Базар-Коргон районунун бөлүп чыгаруу мезгили бышып жетилгендигин сунуш кылдым. Анткени экономикалык потенциал ошону шарттаган. Ал оюм колдоого алынган. Султан Ибраимовичтин бир жакшы сапаты, эгерде айтылган ой максаттуу жана негиздүү болсо, ал киши эч качан жөн койчу эмес өзү да терең анализдеп көрүп колдоого алчу жана анын аткарылышын өзү баш болуп контролдоочу. Ошонусу менен бизди шыктандырып турчу. Эгерде мен бир колхоздун башкармасын сунуш кылсам ал макул болуу менен ал мөөнөттү кыйлага созчу. Мен бул эмнеси дегенчелик ойлоп калганда, көрсө ал өзүнчө ошол кишини изилдөөгө алып, анан бекитип берет экен. Ушундай тактыгы бар эле.

Мындай кубаттоого дайыма туш келип тургандыктан мен дагы терең ойлонуп, өз ишимден тажрыйба топтоп, анан ой айтууга батынчуумун. Ошондой иш пландардын натыйжасында мен жетектеген Сузак, Ленин жана Кара-Суу райондорунда жер алдынан скважина менен суу чыгаруу тарыхый чекке жеткен. Андай ишти бүгүнкү күндөрү элестетүүгө мүмкүн да эмес. Башкача айтканда ар бир колхоз, совхоз, анын айылдары түтүктөн суу ичип, талаалар скважинадан чыккан суу менен сугарылып калган. Сузакта ээн сайга миңдеген тонна топурак ташылып төгүлүп, жүзүмчүлүк "Жийде" совхозу пайда болгон. Жаңы каналдар салынып, суу чыгарылган. Пахта талаалары Ленин районунда да жаңы тилкелер менен толукталып, асылдуулук жакшыртылган. Кызыл-Жар талаасы түшүм бере турган асылдуу жерге айландырылган. Мешков Николай Осипович жетектеген "Кызыл-Жар" совхозунан кийин "Таш-Көмүр" совхозу бөлүнүп чыкты. Мындай татыктуу эмгектери үчүн Мешков Социалисттик Эмгектин Баатыры болду. Андай азаматтардын эмгектик жеңиштерине алибетте биринчи кезекте райондун биринчи катчысы катары кошкон салымдарыма, туура багыттарыма сыймыктанам. Бирок жалпысынан келип мына ошол жаңыдан жаратылгандар, жаңы жеңиштер алибетте Султан Ибраимовичтей көрөгөч жетекчинин иш стилинин аркасында жетишилген.



Кийин Кара-Суу районунда да, айрыкча Отуз-Адыр тараптан жаңы жерлерди коштук. Натыйжада асылдуулук 1978-жылы 60миң тонна болсо, аны биз 64миң тоннага көтөрдүк. Буга биринчи кезекте тоолуу зонанын аба ырайын эске алып, пахтанын сортун өзгөртүп, кечки сууну тартып, асылдуулукту арттырып, жердин маңыздуулугун көтөрүп, жер кошуп жетиштик десек болот. Бул мактаныч эмес, тим гана чарбалардагы көп жылдык тажрыйбамды, кадрларды туура тандап, иш билги адамдарды туура жайгаштырып, менин сунушумду Ибраимовдун жок дебей макул таап тургандыгынын аркасында ушундай ийгиликтер болуп жатты демекчимин. Анын баамчылдыгы, зиректиги, ишке тактыгы албан ийгиликтерди жаратуубузга даңгыр жол ачкан.

### 3. Ал "Черезчур честный" болчу

Адамдын адамдык сапатын баалаганда алибетте башкаларга салыштырмалуу айтасың. Мына ушул жактан алып караганда Султан Ибраимовичте биз үйрөнө турган асыл сапаттар, жакшы мүнөздөр арбын эле. Ошонун жыйынтыгы келип, анын ашыкча актыгы, ишке болгон тактыгы, жоопкерчилиги жана өкүм талабы, ошондой эле адамдардын кадырына жете баа берип, жеткиликтүүлүгү көрүнүп турчу. Ушул сапаттары менен ар бир учурашкан адамдардын көңүлүнө кыттай уйуйт эле. Анан өтө сезимталдыгын ("Тонкий киши" деп коебуз го), айтсаңыз. Менин бир осол болгон жерим бар.

Кээде сый менен кошоматчылыкты, урмат менен паракорлукту алмаштырып, аны башка максаттарга пайдалангандарды көрүп зээниң кейийт. Адам чын көңүлдөн сыйлагың, ага урмат кылгың келсе кантиш керек?. Айрыкча өзүңдөн жогору кызматтагы адамга эч нерсе ойго албай эле бир белек бергиң келсе эмне кылыш керек? Пара бергендердин жолу башка, алар пачкалап акча, кымбат буюмдарды тартуулайт. Меники мындай болду.

Бул кепке арзый турган деле эмес болсо да Султан Ибраимовичтин жакшы образы үчүн эстеп коюуга туура

келди. Канткен менен менин да ошол учурда катуу шагым сынган да...

1976-жылы КПССтин XXI съездине делегат болуп Москвага барып калдым. "Россия" мейманканасынан орун алганбыз. Мен кочкорлук Акназаров Кошумбек менен бир комнатта орун алдым. Сьезд 13–14 күнгө созулду. Күндөрдүн биринде заседаниенин тыныгуу убагында Султан Ибраимович менен баратып делегаттар үчүн мейманкананын экинчи кабатындагы дүкөндөрдү кыдырып чыгууга уруксат сурап калдым. Дүкөндөрдү аралап жүрүп өзүмө жаккан жеңи жок көйнөк жана галстук алдымда да, "Тиги кишиге деле кошо албаймынбы, эмне болот эле" дегендей кыска ойго алдырып, ага алган көйнөк менен галстукту комнатасына кирип: "Сизге да кошо алып койдум эле" деп берсем: "Мен сизден сурадымбы?" деп акырын айтып, артыман бир кыздан көтөртүп ийиптир. Осолум он пул болуп, көйнөк алганыма да бушайман жеп, өзүмчө эле бир кызыктай абалда калдым. Акырын учурашып, аз сүйлөшүп калдым. Бир күнү чакыртыптыр. Дагы эмне болуп кетти деп барсам: "Бүгүн сиз менен ресторанга КПСС Борбордук Комитетиндеги тааныштар менен баралы" деп калды. Көңүлүм ачыла түштү. Ресторанда отурдук. Ибраимов өтө аз иччүү. Кичине алса эле бети манаттай кызарып кетчүү. Ошондон улам да азыраак алып отурду. Жөнөөрүбүздө акырын жылмайып койду. Мен эсептештим. Көрсө кийин билсем, мени баягыда капа болуп калды эле деп, менин көңүлүм үчүн бул отурушту атайын эле уюштуруптур. Ошентип ак кызматымды көрдү. Ушундай адамдын да көңүлүн да ала билген сергек киши эле. Бул мүнөз көбүбүзгө сабак болду.

## 4. Анын боорукерлиги

Бул сапат ал адамда өзгөчө даана байкалчу. Боорукерлик менен адамгерчилик айкаша жүрөт эмеспи. Татыктуу адамдардын көңүлүн алууга, сыйкорлукту көрсөтүүгө өзгөчө маани берчү. Эсимде ошондой сый-урматтуу күндөрдүн бири мен Ленин районунда биринчи катчы болуп иштеп жүргөн учурумда болду. Султан Ибраимовичтин атйын дайындоосу жана көрсөтмөсү менен бир жылдары Кыргызстан



Жазуучулар Союзунун көчмө Пленуму Рахманжан атындагы колхоздо өткөрүлдү. Жазуучулар Социалисттик Эмгектин Баатыры Саадат Ногоеванын бригадасынын иши, жашоо шарты менен таанышышты. Айыл турмушун көрүштү. Колдон келген тейлөөнү да көрсөттүк.

Ал кишинин дагы бир сапаты, кайсы жерде үлгү аларлык иштер болсо, дароо ошол жерге башка райондордон өкүлдөрдү уюштуруп барчу жана башкаларга жайылтчу. Анан маданий иштерге маани берүү менен өзү да көңүл аччу. Көңүл ачканы ушул анча-мынча катышып, өзү да ырдап калаар эле. Ошондой үлгүлүү иштерди көрүү үчүн жүрүштөрдүн биринде райондун жетекчилери, алдыңкы иштерман адамдар менен бирге бир жолу биз менен кадимки эле автобуста кошо барып, азыркы персионалдык пенсионер Бөпө Каримова, Султан Ибраимовичтер баш болуп ырдаганбыз. Бөпө Каримованы "Палина" дечү. Палина "Ала-Тоо таңшыйтты" колуна кармап алып кыргыз элдик ырларынан ырдаган. Көрсө бул көңүл ачуунун бир түрү турбайбы.

Ушу мен билгенден Султан Ибраимович элчилеп бала-чакасын деле ар кайсы райондорго чапкылатып, сый-урматтардын үстүнө алып баралбады. Ага өзүнүн мүнөзү да келишчү эмес. Ошондой болсо да балдары,келинчеги менен бир жолу коңшу Андижан облустунун обкомунун биринчи секретары Рахимов Бекташ, облустук аткаруу комитетинин председатели Хаимов Болот болуп Сары-Челекке барып келгенбиз. Мындай эс алуу учурлары, жер көрүү саякаттары да алибетте иш менен байланыштуу жүргүзүлчү. Ошондо да келечекки пландар жөнүндө максаттар ишке ашырылчу.

Ибраимовдун тушунда облустубуздагы маданий жогорулоо учурлардын маанилүү мезгилдери болгон экен. Кочкор Атадагы 600 орундуу Маданий сарайы, Ноокаттын "Россия" колхозундагы заңгыраган Маданий үйлөр ошол мезгилдердин эстеликтери.

Ырамаатылык, кайсы жерде турмушу начар кишини көрүп калса аны менен жекеме-жеке баарлашып же үй-бүлөсүнө кирип маектешчү. Ал эми тааныган адамдары өтүп кетсе башын мыкчый кармап эзилип отуруп калчу. Ошол мезгилдерде Ленин районунун Базар-Коргон участкасында



1975-ж. пахта талаасында. Солдон оңго: С.Ибраимов, М.Эргашев, Т.Усубалиев



жайгашкан Дзержинский атындагы колхоз жердин асылдуулугун көтөрүп, ар гектардан 30–33 центнерден асыл алып дүңгүрөп турган учурлары эле. Ошондой убактарда колхоздун председатели Нышанбаев аксакал өтүп кетти. Мен обкомдун биринчи катчысына кабар кылдым. Бюро мүчөлөрү менен барды. Көзүнөн жаш токтобой таза кайгырды. Каза болгон адамдын эки-үч балдарын жетелеп кабырстанга чейин барды. Бул киши эле эмес, тааныган адамдарынын өтүшү ага катуу таасир этчү жана өзүнүн боорукерлигинен токтоно алчу эмес. "Ленин-Жол" колхозунун председатели Дөөлөтов Эргеш өткөндө да ошондой абалда болгон.

Ал боорукер, жөнөкөй инсан болсо да аны менен эч ким азилдешип же аскиялап сүйлөшө алчу эмес. Ал күлүп, ырдап көңүл ачууга аракет кылганы менен турмушка да, ишке да олуттуу жана маанилүү карачу.

## 5. Интернационалистигин итабар сөз кылса болот

Ал кишиден бу кыргыз, ал орус, тигил өзбек деген сөздү такыр укпадык. Ошондон улам да ал кездеги кадрларда андай бөлүнүү же жиктешүү байкалган эмес. Мисалы мен Ленин районунда биринчи секретарь болуп турганымда, менин экинчи секретарым, ноокаттык жердешим Ормонов Эргеш, райисполкомдун председатели Хакимова Тамара, ал тургай айыл чарба башкармасынын башчысы Тажибаев Абиджан да улутташтарым болчу. Ошол кезде Кызыл-Кыя шаарынын партиялык комитетинин биринчи катчысы Дадабаев Хасан тажик, Жалал-Абад шаардык аткаруу комитетинин председатели Өмүрзаков Ш., Араван районун секретары Исакулов Мухтар, Ала-Бука райкомунун экинчи катчысы, кийин райондук аткаруу Комитетинин председатели болгон Жапиев Наби сыяктуу дагы башка жолдоштор өзбек уулкыздары болчу. Азыр ойлосом, ал учурда 5–6 райондун аткаруу Комитеттеринин председателдери өзбектер экен. Башка төмөнкү кызматтарда да далайы эмгектенген.

Бул да ошол кишинин айкөлдүгүнөн, ички көңүл сезиминин кенендигинен болгон деп билем. Анын

кенендигинен мен секретарь болуп турган түрдүү райондордогу 1970–1978-жылдарда Ленин районунан келген Социалисттик Эмгектин 9 Баатыры өсүп чыкты. Ал кишинин туура жетекчилигинде бир эле тогузунчу беш жылдыктын (1971–1975-ж.ж.) область боюнча 1971-жылында 2400, 10-чу беш жылдыкта 2235 киши СССРдин ордендери жана медалдары менен сыйланышкан. Ошолордун катарында мен да 2 жолу Ленин, Октябрь Революциясы ордендерин ошол учурларда алдым. Демек кылган эмгекти да туура баалай билген асыл адам болгон. Андай болбогондо канчалаган эмгекчилердин иштери көрөалбастыктын, бюрократтыктын, иштин көзүн билбегендиктин айынан көмүскөдө калып, убагында бааланбай жатпайбы. Андай бааланбаган эмгектердин кедергиси айтып бүткүс болоорун турмуш ырастап жатат.

## 6. Алдын ала көрө билгичтиги

Бир жолу мага мурдатан эскертип,биз аттарды даярдап атайын комиссиясы бар топ менен Ленин районунун Кызыл-Үңкүр токой чарбасын аралап Кара-Көл менен Токтогул районуна түшкөнбүз. Узак жол жүрүп, токой-черди, өйдө-ылдыйды басып өттүк. Сүрөткө алдырып жүрдү. Көрсө ал киши Фрунзе–Ош жолун Кара-Көл, Кызыл-Үңкүр аркылуу өткөздүрүүнү пландаштырган экен. Бул жол азыркыдан 100–150 чакырымга кыска болмок. Башка жетекчи болсо геодизистердин, архитектор, пландоочулардын чийип берген иштерине эле макул болуп конторунда отура бермек. Анын иштин көзүн билип, келечекке тынчсызданганы, дайыма элдин пайдасын биринчи планга коюп жүргөнү ушундан көрүнүп турбайбы. Ал кыялдары ишке ашкан жок...

Экинчиден ошол кездерде Папан–Кожо-Келен жолдорун, Чоң-Алайдын Дароот-Коргондон Кадамжай районуна түшө турган жолду ошол киши салдырып, ал кийинки кездерде гана туташтырылды. Айтор Султан Ибраимовичтин ушундай алды жакты көрө билгендигинен көп иштер аткарылып, анын сүрөөсү, анын жолдоосу менен башка райондук жетекчилер да жолун уладык. Мисалы мен Сузак, Ленин, Кара-Суу



райондорунда иштеп жүргөн мезгилдерде суу чыгаруучу 70–80 скважина курдук. Жаңы каналдарды салдык, алыскы жерлерге жол уладык. Колхоз-совхоздор аралык жолдорго асфальттар жаткырылды. Эски, көзгө комсоо көрүнгөн короодогу коргондордун ордуна маданиятташтырылып штакетниктерди койдурдук. Айыл-кыштактардын тышкы көрүнүштөрүнө көп көңүл бурулуп, айрыкча райондун борборлорунда жаңы курулуштар оожалды. Анын дагы бир мисалы катары айрыкча тоо-чокуларга чейинки аралыктарга жол салуу менен алайлыктардын оозунда калган ал кездеги биринчи катчы Умаров Ибраимдин мисалы баарыбызда бар. Биз салдырган ошондой жолдорду азыр сел жеп, чоп басып, каналдардан жеткилең суу чыгышы кыйын болуп калган. Бирок дагы бир кездерде элден чыккан азамат атуулдар ата жолдорун кеңитип, даңгыратаарына ишенем.

Жаңы салттар, маданиятка болгон умтулуулар да ошол Султан Ибраимовичтин тушунда гүлдөдү. Эчендеген кыздар бригадалары түзүлүп, ал тургай ошондой жаштар бригадалары катышкан слетко биринчи космонавт аял Терешкова да келип Оштун стадионунда болуп, Титовдун кызын ээрчитип Кара-Суу районунун пахта талааларын аралаган. Космонавт Губарев Ленин районунда болгон. Айтор мындай жаңылыктардын Ош облустунда болушунда Султан Ибраимовичтин кошкон салымы чоң. Бирок анын айкөлдүгүн, жаңылыкты, жакшы иштерди колдой билгендигин айрым жан-жөөкөрлөрү кеңири пайдаланып, ал тургай аны кээде тескери ишке айландырып жиберген учурлары да жок эмес. Айталы Чоң-Алайдагы 16 кыздын бир убакта турмушка чыгып, бир убакта той өткөзүшү. Бул кезде ал мезгилдерде борбордук (Москвалык) гезиттерде да сындалып чыккан.

Кантсе да Султан Ибраимовичтин тушунда эчен жаңы курулуштар, жалпы жайылта турган жаңылыктар болгон. Ал тургай Оштун жашарып, жаңыланып оңдолушуна, жаңы шаарчалардын салынышына анын кошкон салымы чоң. Бул багытта башка жолдоштор да кеңири айттышаар. Китептин чамасы чарктaлуу болгондуктан кепти кыскартууга туура келет.

**Аскар ЭРМАТОВ,**
**Кыргыз эл депутаты,**
**Республиканын өнөр жайына**
**Эмгек сиңирген ишмер**

# КЕЛБЕТИНЕН КЕМЕНГЕРЛИГИН КӨРЧҮМҮН

Султан Ибраимовдун ысмын бала чагымда угуп, анын келбетин да бала чагымда көргөмүн. Арийне бой тартып мектепте окуп калган мезгилде келечекте ким болуу, кандай кесипти тандоо түйшүгү башталат эмеспи. Өзүн жакшы алып жүргөн кишини көрсөң анын жүрүш-турушуна суктанып ошондой болгуң келет. Эл кадырлап сөз кылган жетекчини уксаң аны көргүң келет. Дагы бир жагы балалыкта уккан жакшы-жаман сөз да унутулбайт. Жакшы адамды учуратсаң анын келбети, жүзү түбөлүккө жадыңда жүрөт.

Биздин айылда Аалы Юсупов деген киши бар эле. Жашынан чыйрак болуп шаарга кетип жогорку кызматтарда жүрчү. Айыл адамдары ал киши тууралуу дайыма жакшы сөздөрдү айтчуу. Менин ата-энем көп учурда "Аалы байкеңдей бол" дешип алкашар эле. Мындай сөздү айылдагы көп эле ата-энелер балдарына айтышчу. Тойлордо аксакалдардын колдоруна суу куюп же аттарына колтуктап мингизип койгонубузда да "Аалыкеңдей азамат бол" дешип батаа беришчү.

Бизге үйү жакын анан өзү да аталаш тууган болгондуктан Аалы акенин, анын агасы Абдылда абанын үйүнө көп барчумун. Кийин Аалы Юсупов Кыргыз ССРинин суу чарба министри болуп иштеп жүрдү. Ошондо Султан Ибраимов министрликке кызматка келген экен. Аалыкебиз айылга тез-тез келип турчу. Келген сайын айылдагы аксакалдарды топтоп чай үстүндө аңгемелешип борбордогу жаңылыктарды айтып берчү. Биз аларга кызмат кылып бирде тышта, бирде үйдө болчубуз.

–Султан Ибраимов деген бир жаш адистин иши мага абдан жагат. Өзүнүн жаштыгына карабастан ишке дилгир, токтоо, анан сабырдуу жигит экен. Ошол келгени колум узарып калды. Келечеги кең адис–деди бир жолу келгенде кеп салып. Ушул сөз менин жүрөгүмдө уялап калгансыды. Ал кызматчынын кандай адам экенин көргүм келди. Биздин айыл туу тутуп жүргөн Аалыкебиз өзүнүн бир кызматкерин ушунчалык ыраазы болуу менен сөз кылып атпайбы. Демек, чын эле жакшы адам да. Эртең эмес бүрсүгүнү мен да окууну бүтүп ишке аралашам. Кандай жерде болсом да бир коллективде иштейм. Ошондо





С.Ибраимов

менин жетекчим мен жөнүндө жакшы кеп айтса ээ! Ал үчүн өзүмдүн кимдигимди, кандай кызматкер экендигимди көрсөтүшүм керек да. Эмне кылуум керек? "Жакшы болуу аста, аста жаман болуу бир паста" деген эл оозундагы уккандарымды жадымда ылгап көпкө кыялданып жүрдүм.

Ошондон тартып Султан Ибраимовдун ысмын жүрөгүмө катып алгандай тез-тез эстеп жүзүн бир көрсөм экен деген тилекте болдум. Бир жолу ал эңсеген адамдын келбетин көрүү бактыма туура келди. Аалы агабыздын бир тууганы Абдылда каза болду. Мен айыл жаштарынын катарында кызматта жүрдүм. Суу чарба министрлигинин кызматкерлеринин арасында Султан Ибраимов да тажыяга келген экен. Ошердеги аксакалдардын бири аны мага көрсөттү. Денеси бакубат келген шыңга бойуна кийген кийимдери жарашкан, ак жүздүү, кара чачы желкесине түшкөн жүзүндө жылдызы бар жигит өзүн жөнөкөй кармап туруптур. Агасына кайгырып адегенде өкүрүп эми бир аз солуңку тартып жашы кургай элек көздөрүн бет арчысы менен сүртүп олтурган Аалыкенин жанында аны аеолоп тура калса колтугунан жеңил жөлөп қоюп жатты.

Келбети мага башка адамдардан айырмаланып көрүндү. Тулку боюнда бир керемет бардай ар бир кыймылы жарашыктуу, ыгы менен баскан турганы да ыргактуу сезилди. Кыялга чөмүлүп кетип жаттым. Ал кишинин кыймылын тууragансып ары-бери бастым. Ысмын угуп алып көптөн бери көрүүнү самап жүргөнүмдөнбү билбейм өзүмдү кызык эле сездим."Кеменгер" деген сөздү көп укчумун. Кандай киши кеменгер болот экен дечүүмүн. "Мына ушул киши кеменгер" деп жадымда эле чечим чыгарып койдум.

Министрликтен келген кишилер олтурушкан үйгө атайын сураныпмен бөлүндүм. Адегенде аш тартуунун алдынан колго суу куйдум. Султан Ибраимовдун колдору бакубат көрүндү. Палбан экен деген кыялга келдим. "Коош, ыракмат жигит. Тилегиңе жет!" деди менин жүзүмө карап. Баш ийкеп жылмайдым. "Айтканыңыз келсин" дегенче ишимди ары уланттым. "Сиздей эле болгум келет, тилегим ошол" деп ичимен күбүрөдүм.

Менин жашоомдогу идеал туткан эки инсан болду. Алардын бири өзүбүздүн айылдаш агам Аалы Юсупов Юсупович, экинчиси Султан Ибраимов Ибраимович. Кийин Султан Ибраимович республиканын суу чарба министри, партиянын Ош обкомунун биринчи катчысы, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун төрагасы, Кыргыз



ССР министрлер Советинин төрагасы болуп иштеген учурларында да ысмы жүрөгүмдө, келбети көз алдымда жүрдү

Мен көп жылдар бою республиканын тамак-аш өнөр жай министрлигинин алдындагы тажрыйба-эксперименталдык механикалык заводдо СМУнун начальниги болуп иштедим. Ошол учурдагы талапка жана кызмат абалыма байланыштуу Кыргызстандын Түштүгүндөгү көптөгөн обьектилердин курулуш иштерин бүткөрүүгө катыштым. Кызыл-Кыядагы, Таш-Көмүрдөгү нан заводдорун.Жалал-Абаддагы кондитердик, Оштогу арак заводдорунун механизациялык иштерин бүткөрүүгө жетекчилик кылдым. Башка дагы көптөгөн курулуштарда болдук. Мына ошол себептен мен Ош,Жалал-Абад багыттарында дайыма командировкада болчумун.

Султан Ибраимов Ошто иштеп турганда ондогон ири курулуштардын пайда болгонун жакшы билем. Өнөр жайы, айыл чарбасы менен кошо курулуш кулач жайды. Маданий жана медициналык мекемелердин көркөм имараттары Султан Ибраимовичтин түздөн-түз жетекчилиги менен курулуп бүткөнүнө күбөмүн. Башкаларын айтпаганда да иштеген он жыл арасында облустук мамлекеттик администрациясынын имараты, Кыргыз жана Өзбек драма театрларынын, облустук көп тармактуу ооруканасынын, облустук балдар ооруканасынын курулуштары пайдаланууга берилди. Сулайман тоосуна бак-дарактар олтургузулду. Мурда себепсиз бузулуп кеткен Бабурдун тоо башындагы үйү калыбына келди. Тоо боoруна музей ачылды. Оштогу эң ири көпүрө Ак-Буура дарыясынын үстүнө курулду.

Союзга депутат болуп, Ош облусуна (Жалал-Абад бирге учурунда) Бүткүл Союздук кызыл Тууну 9 жолу алып берген Султан Ибраимов улам зоболосу көтөрүлгөн сайын ого бетер жөнөкөй, сылык-сыпаа, адамгерчиликтүү болгонун элден журттан угуп ага ичимен кымылдап сүйүнүп, экинчи жагынан акылман кеменгердигине дагы да таң калып жүргөнүмдү бүгүн көзү жокто эскерип айтууга акылуумун го.

Азыркы кызматыма байланыштуу Түштүк жергесине көп барып турам. Жалал-Абаддыктарбы, Оштуктарбы кимиси болбосун Султан Ибраимов жөнүндө сөз козголгондо анын карапайымдыгын, камкордугун, адамгерчилигин тамшанып айтышат. Өзгөчө мен көп сүйлөшкөн тамекичи дыйкандар эскеришет. "Андай инсан бир келди да бир кетти" дешет. Ооба жүз жылда бир жаралчуу ал инсандын ысмы элдин арасында узакка чейин сакталып калды. XX кылымдын

улуу адамдарынын арасында аты тарыхтын алтын барагынан орун алды. Ушунусуна да канааттанам.

Чындыкты айтуу ар бир адамдын парзы эмеспи. Султан Ибраимовдун өлүмү мени өтө кайгырткан. Өзөк өрттөнүп кайгымды көтөрө албай көпкө чейин бушаймaнда жүргөмүн. Алибетте, андай абалга калган мен жалгыз эмесмин. Бүткүл кыргыз эли, ал турсун аны тааныган башка элдин өкүлдөрү да андай өлүмгө туш болгонуна ишенишпей калышты го. "Адамга адам дос" деген "Адамга адам душман" дегенге айланып баратабы? Же ичи тардык, көралбастык, мыкаачылык мыйзамыбы?

Ошко барган сайын ал киши олтурган креслого келип олтурушкан жетекчилерге жолугуп турам. Анын демилгеси, чын аракети менен курулган курулуштарга көз сала артында калтырган залкар иштерине ыраазы болом. Кийинки жылдардагы Оштун жетекчилери Президентибиз Аскар Акаевдин колдоосу менен Султан Ибраимовдун ысмын мектептерге, театрга, жолдорго, суу сактагычтарга коюшту. Аларга миң ыракматымды айтканча жүрөм. Айрыкча, Оштун 3000 жылдыгында бул улуу ишке Султан Ибраимовдун да кошкон салымы зор экендигин эстеп ого бетер сыймыктандым. Атаганат, тирүү жүрсө бүгүн ардактуу мейман болбойт беле?

XXI кылымдын башталышында бир кезде Султан Ибраимов олтурган креслого жаңы жетекчи Накен Касиев келип олтурду. Иш менен январда Ошко барып калып, ал кишини куттуктап ийгилик каалaдым. Анан С. Ибраимов атындагы Ош кыргыз драма театрындагы салтанатка катыштым. Убакыт таап Ленин көчөсүнө тургузулган айкелине келип мага кымбат адамга башымды ийип таазим эттим.



**Таш МИЯШЕВ,**
**Кыргыз республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, Ош облустук Молдо Нияз адабий сыйлыгынын биринчи лауреаты.**

## ӨРНӨКТҮҮ ӨМҮР

Мен 1969-жылы Москвадагы М. Горький атындагы институттун эки жылдык жогорку адабият курсун бүтүп келип жазуучулардын "Кыргызстан Мен Маданияты" гезит жумалыгынын Ош областы боюнча өз кабарчысы болуп иштеп калдым. Анда Ош, Жалал-Абад областтары бирге болчу. Султан Ибраимов ошондо обкомдун биринчи катчысы экен. Ал кишини бир-эки жолу чоң жыйындарда гана көрдүм. Өзү менен бетме бет жолугуша элек болчумун. Эл арасында С. Ибраимов тууралуу оң пикирлер айтылып жүргөнүн гана укканмын.

Күндөрдүн биринде редакциянын ишине байланыштуу ал кишинин кабылдамасына бардым. Кеңсеси азыркы шаардык акимият турган жайда эле. Кезек келгенде мени кабыл алды. Өзүмдү таныштыра баштадым.

–Билем–деди менин сөзүмдү бузуп,–Москвада окуп келгениңи билем...

Мен унчукпай калдым. Ал менин үй-бүлөм, ишим тууралуу жай олтуруп сурады. Маданияты чоң, сылык-сыпаа, акылдуу киши экен. Анын суроолоруна мен да шашпай жооп бердим.

–Айтчы, Ташы–деди бир оокумда,–Сени Ноокатка бир кезде чатак иштерге катышкан дейт? Ошонун чын-төгүнүн төкпөй-чачпай айтып берчи.

Бул суроону күткөн эмес элем. Анткени, арадан он жылдан ашык убакыт өтүп кетти. "Кимдир бирөө мени ушактаган экен?" деген ойго келдим. Бирок, ал кишинин көз карашынан мага ак ниеттиги сезилип турду.

–Айта бер, кандай болду эле?–деди мени саал калтаарый түшкөндүгүмдү байкап. Мен болгонун болгондой айттым. Аябай кунт коюп укту. Арасында суроо берип тактап да жатты. Жада калса биз олтурган үйдүн канча бөлмөлүгүн, биз

кайсы жерде олтурганыбызды кагазга сызып таанышты. А.Үмөталиев, Т. Касымалиев тууралуу сурады.

–Жаштык кылган экенсиңер да. Ошерде эле күнөөңөр жоктугун далилдеп алсаңар болмок–деди. Чындыкты түшүндү көрүнөт. Акырында статьясын жумалыкка чыгарууга макулдугун берип коштошуп калды.

Көпкө чейин ой толгоодо жүрдүм. Эмне үчүн ал окуянын ийне жибине чейин сурады? Кимдир бирөөлөр ушакташкан го? Анан өзү тактап билгиси келген го? Көрсө, ал киши менин кимдигиме мурда эле кызыккан экен. Ошондуктан кулагы чалган ал опурталды өз оозумдан уккусу келиптир. Муну мен кийинчерээк баамдадым. Кадр тандоодо ким кандай экенин башкалардын сунушуна же мактап, жамандоосуна эле ынанбастан өзү тактап, билип көзү жеткенде гана ишене тургандыгын түйдүм.


Кийин мезгил мезгили менен жолугушуп турдук. Республикалык гезиттин кабарчысы катары ар кандай жыйындарга катышчумун. Бир жолу шаардык ооруканын алдынан өтүп баратсам Султан Ибраимов бетме бет келип калды. Өзү жалгыз экен. Кол алышкандан кийин эле үндөбөй менин колтугума колун жеңил коюп ылдый карай басып калды. Ал кезде обкомдун кенсеси азыркы шаар акиминин имаратында болчу. Бир аз баргандан кийин оозундагы спирттелген чакан пахтаны алып таштады да тишин суурутканын айтты.

–О, Түгөлбай Сыдыкбеков чыныгы залкар киши экен–деди ал жай басып баратып,–бюро он бир саатка созулду. Эч кимге моюн бербеди. Өзүнүн оюнан кайткан жок.

Анан жакында Кыргызстан БКнын бюросунда Т.Сыдыкбеков тууралуу маселе каралганын айтты. С.Ибраимов бюрого мүчө эле. Ал учурда Т. Сыдыкбеков кыргыз тили боюнча өз ойлорун чоң жыйындарда тайманбай айтып жүргөн. Ал Кыргызстан жазуучуларынын съездинде республиканын Т. Усубалиев баш болгон көп жетекчилеринин катышуусунда минтип айткан.

–Деги биз тил маданиятын качан үйрөнөбүз?





1971-ж. Ош областынын Ленин (азыркы Ноокен) районундагы Рахманжан колхозунда болуп өткөн Кыргызстан жазуучуларынын көчмө Пленумунун катышуучулары. Ортодо С.Ибраимов.

Мен маданият министрлигине барып С. Шимеевди сурасам "Ал киши К. Кондучалованын үстүндө олтурат" дешет. БКга барып "Ж.Нусупованы сурасам Б. Мураталиевдин үстүндө олтурат" деп айтышат. Кыргыз тилинин–эне тилибиздин кадыр-баркын качан баалайбыз?

Дагы көп мисалдарды келтирген. БКнын идеология боюнча катчысы Б. Т. Мураталиев, маданият министри К.Кондучаловалар өздөрү угуп олтурушкан. Ошондон тартып аябай дуу-дуу сөз болгон. Ал кишинин "Көк-Асаба" романынан үзүндүлөр ошол мезгилде "Ала-Тоо" журналына басылып жаткан эле. Романдан өөн издешип ал маселе БКга чейин жетип иш ырбап кеткен мезгил болчу.

– Силердин жазуучулардын эң залкары экен — деди дагы бир жолу С. Ибраимов. Обкомдун имаратына жакындаганда гана мени менен коштошту. Колумду кыса кармаган анын алакан, манжаларында кандайдыр бир сыйкыр бардай мен кызык кыялдарга чөмүлө жолумду уладым.

1972-жылы жаз айларында "Кыргызстан Маданияты" Оштогу өз кабарчысын кыскартмак болду. Сураштыласам "Кыргызстан" басмасында бөлүм башчысы болуп иштеген С.Маймылов кызматтан бошоп ошого орун табылбай жатыптыр. Жумалыка иштөөнү сурап атыптыр дегенди гезиттин кызматкерлери айтышты. Бул тууралуу С.Ибраимовго кирдим. Ал киши туура эле БКнын агитация жана пропаганда бөлүмүнүн башчысы Ж.Нусуповага телефон чалды. Ал бул маселе чечилип калганын айтты. Анан С.Ибраимов:

— Областтык "Ленин жолуга" иштеп тур — деди мени. Редактор А.Бөрүбаевге айтылган экен. Ал киши өнөр жай бөлүмүнүн башчылыгына буйрук берди. Ошентип мурда иштеп жүргөн коллектив менен кайра бирге болуп калдым.

— Сизге башка кызмат беришет экен, убактынча иштеп туруңуз — деп бир жолу А.Бөрүбаев шыңгыратып койду. Ал мезгилдерде обкомдо Б.Рыспаев идеология боюнча катчы, Б.Нуралиев агитация жана пропаганда бөлүмүнүн башчысы, А.Сыдыков прессаны тейлеген инструктор болуп иштеп калышкан. Ар кандай булактардан угулуп жакында басма жана полиграфия боюнча областтык комитет ачылат экен, ага



жетекчиликке көрсөтүлгөн кадрлардын катарында менин да ысымым бар экендиги угулуп калган.

Арадан үч айча өттү. Редакцияда иштеп жүрөм. Ырамаатылык А.Бөрүбаев бөлүм башчылык кызматты бирөөгө ыйгарууга убада берип койгон бекен тез-тез эле сурачу болду. Бир күнү минтип айтты.

— Сиз жөнүндөгү жөн эле сөз окшойт. Эч нерсенин дайыны билинбейт го — деди мени жактырбаган түрдө.

— Мени башка кызмат кызыктырбайт. Редакция учкан уям эмеспи — деп тим болдум.

Жай ортолоп калган учур эле.

— Сизди обкомго чакырып атышат. А.Сыдыковго барыңыз — деди А.Бөрүбаев кабинетине мени чакырып. "Обком" деген сөздү ал киши оозун толтура айтчы эле.

Түштөн кийин саат үчтөр чамасында Аскарбек Сыдыков мени С.Ибраимовго ээрчитип кирди.

— Сени теле радио комитетине жетекчиликке жиберели деп чечтик — деди Султан Ибраимович ал жай сурашкандан кийин. Мен бир азга унчукпай турдум да:

— Сиздер ишенсеңиздер барайын. Бирок — дедим.

— И-и? Эмне бирок? — деди ал киши мага үңүлө. Мен мурда теле радиодогулардын кызмат маалында ичип жүрүшкөнү, бейбаштыктын көп экени тууралуу билчүмүн. Ошолорду айттым. Эгерде мен барып калсам бир топ кызматкерлерди алмаштырууга чейин барууга туура келерлигин эскерттим.

— Барып көр. Үч-төрт ай иште. Тартипке чакыр. Анан эле болбосо бошото тургандарын бошотосуң. Биз менен байланышасың — деди. Анан эртеге саат 12ге Фрунзеге жетип барарымды, республикалык теле радио комитетинин коллегиясы боло турганын, Асанбек Токомбаев менен сүйлөшүп макулдашып койгондугун айтты.

Ал учурда Б.Рыспаев Москва жакта жүргөнүн уккамын. Б.Нуралиев да бир жакта экен. Аскарбектин кабинетинен чыгып биринчи кабатка түшүп баратсам Б.Нуралиев сырттан кирип келе жатыптыр.

— Султан Ибраимовичке кирип чыктыңбы? — деп сурап калды.

— Кирдим — дедим — мени бир тополоң жерге жиберип жатасыңар. Китеп соодасы жана полиграфия комитети болот деп атышат, ошого жиберсеңер буердеги жазуучуларга да жакшы болот эле.

— Ушундайча чечилип калды. Бара бер эми — деди Б.Нуралиев.

Редакцияга келсем саат бешке жакындап калган экен.

— Эмне болду? Чамасы сен чоңоет окшойсуң? Айта бер — дешип ортого алып калышты.

— Фрунзеге барасың деди. Башкасын билбейм — деп сыр бербеске аракеттендим. Ага болушпай эле андай болсо "уйкулук ташта" дешип экөө, үчөө ээрчип алышты. Редакциядан чыксак Фрунзе районунун Үч-Коргон путовнигинин директору Эшенкул Абдыразаков деген досум мени издеп келатыптыр. Анын машинасында мөм-чөмө бар экен. Б.Примкулов, Ж.Келешбаев болуп чогуу үйгө бардык. Балдар ооз тийсин деген мөмө жемиштерден дасторконго коюп эки бөтөлкө аракты ачып ичип калдык эле. Мен эки жолу стакан бошотконмун. Телефон шыңгырап калды.

— Сизди Султан Ибраимов чакырып жатат — деди А.Бөрүбаев.

— Азыр эле барып келбедимби?

— Дагы келсин деп атат — деди редактор. Арак ичип алгамын.

Анын үстүнө эми эле арак ичкендердин арасына жиберип жаткандары тууралуу айткамын. Же үйдө адеколон болсочу. Кыздарым жаш. Аялымдын андай менен иши жок. Досумдун машинасын минип адегенде үйгө жакын Араван көчөсүндөгү чач тарачка кирип оозу башыма атыр септирип анан обкомго бардым. С.Ибраимов колундагы кайчы менен конверттерди ачып олтурган экен. Берирээкте эле олтуруп калдым.

— Ташы, сен Б.Нуралиевге комитетке жибербедиңер деп айтыпсың. Ал жерде да кийин комитет болот. Көңүлүңдү суутпай бара бер — деди.

— Бабан Нуралиевке жөн эле айтып койдум эле Султан Ибраимович! — дедим уялып кетип.

— Ошент, бара бер — деди.

Мына ушул эки ооз сөзүн айтканы кайра мени чакыртыптыр. Мени көңүлсүз маакул болуптур да деген ойго



келгенби? Айтор, акылман даана киши кадрлар маселесин чечүүдө өтө кылдат эле. Мен ошондо да, азыр да ал адамдын айкөлдүгүнө таң калам.

Ошентип областтык теле радиого жетекчи болуп иштеп калдым. Б.Рыспаевдин жогунда бул кызматка келип калганым ага анчалык жага бербегенин байкадым. Кылдан кыйкым таап "аны антпедиңер, муну мантпедиңер" деп же "сен" же "сиз" дебей мага кайдыгерлене сүйлөп жүрдү. Бирок, С.Ибраимов дайыма менден ишим тууралуу сурап, кээ кээде теле берүүлөрдү, айрыкча пахтачылар тууралуу берүүлөрдү мактап да койчу.

Адегенде эле теле радионун иштерин өздөштүрө албасам да тез жөндөп кетүүгө жетиштим. Ал жерде Жолон Мамытов, Кумар Жумабаев, Нурзида Сафина деген мыкты кызматкерлер бар эле. Менден мурдакы жетекчи Тургунбаев, анын шакирттери Култаев, Торжуковдор күбүр-шыбыр болушуп, адаттарын таштапшай ичип алышып ишке келип жүрүштү. Мага баш ийбегенге да аракет жасашты. Бирок, акырындык менен жаңы талапка, тартипке баш ийип калгандары да болду. Диктор Ш.Турдакунова да алар тарапта болуп жүрдү.

Султан Ибраимов башка тармактарга көңүл бургандай эле телевидениеге да атайлап көз сала жүрдү. Көп учурларда бир жактарга, мисалы, салтанаттуу жыйындарга же жаңы ачылыштарга барганда бөлүм аркылуу эмес өзү мага айтчу. Бизди тейлеген Б.Рыспаев кээде билбей да калчу. Андыктан да мага көз карашы тескери боло берди.

Мен барганда теледе үч жеңил машинанын үчөө тең жүрбөйт экен. Бирөөнү Торжуков Таласка тууганчылап минип барып ар кайсы жака чапкылап жүрүп анан кайтып келатып бузулуп калса мас болуп алып шоферунун кийим кечеси тытылганча уруп машинаны эптеп сүйрөтүп келип таштап коюптур. Экөөнүн запчастары жок жатыптыр. Менин жердешим М.Заиров "Төлөйкөн" совхозунун директору эле. Бир машинаны анын гаражына апарып оңдотуп берүүсүн суранып коюп койдум. Экинчисин Гүлчөдөгү сельхозтехниканын жетекчиси Ямгыров менен сүйлөшүп оңдотуп келдим.



*1972-ж. С.Ибраимов Кара-Кулжа районунун жайлоочуларынын арасында.*



Оңдоткон машиналар менен эптеп аттык. Бир күнү Торжуков "Чоң энем каза болуптур Таласка машина бериң" деп сурады. Мен алыс жака, областтын аймагынан тышкары машина бере албастыгымды айттым. Аздан кийин Б.Рыспаев чакырып:

— Чоң энесине барып келсин бир машина берип койгулачы — деди. Мен машиналарды кандайча оңдотконумду, анан Торжуков өткөндө Таласка барып машинаны бузуп шоферун токмоктогонун айттым. Унчукпай калды. Бирок, мага көз карашы ого бетер башкача боло түштү. Анын жердеши Торжуков мага каршылардын бири эле.

Кийинчерээк С.Ибраимов СССР Жогорку Советине депутаттыка кандидат болуп көрсөтүлүп Совет районунун Калинин атындагы колхозуна жолугушууга бармак болдук. Эски машина менен эптеп Кара-Кулжага жөнөдүм. Мырза-Аке менен Совет районунун ортосундагы бакка жакын жерде ыр-музыка болуп атыптыр. Ал жерде раисполкомдун төрагасы К.Дыйканов баш болгон советтик жетекчилердин өкүлдөрү С.Ибраимовду тосуп алышкан экен. Азга олтурдук да жолго чыктык. Менин шоферум Расул Насирдинов машинасын чукулап жүргүзө албай жаткан экен.

— Машинаң бузулуп кечигип аттыңбы? — деди Султан Ибраимович бир азга мага кылчайып. Баш ийкедим. Андан ары жүрүп кеттик.

Арадан эки үч күн өтүп кетти. Саат тогузда эми эле кабинетке кирсем телефон шыңгырап калды.

— Султан Ибраимович менен сүйлөшөсүз — деди Валя аттуу секретарь.

— Ташы, — деди ырамаТылык салмактуу үнү менен — сен Захарченкого келчи. Эки машина бар экен бирөөнү тандап ал.

Захарченко мага номерлери жок эки ак Волганы көрсөттү. Шофер бирөөнү тандады. Арадан үч күн өтүп жаңы төрт дөңгөлөк алдык. Муну уккан Б.Рыспаевдин желкеси дагы куруштү.

Чаткалдагы Ак-Таш көпүрөсүнүн курулушу бүткөнүнө байланыштуу салтанатка бара турганыбыз алдын ала айтылды. Мен кызматкерлерим менен Ала-Букага барып түнөп эртеси Чаткалга жол тарттык. Чапчыманын белине чыгып барсак айлана эң сонун болуп көрүнүп Чаткал тоолору

кырка тартып булут астында мелмилдеп турду. Менин ал жака биринчи барышым эле. Белде эс алганча олтуруп бир барака үч-төрт куплет ыр жазып койдум. Арылаган сайын айлана кенен көрүнүп толкунданган көкүрөгүмө ыр саптары тизилип жатты.

Биз барсак боз үйлөр каз катар тизилишип Ак-Таш көпүрөнүн өйүз бүйүзүндө эл көп экен. Теле, радио аппараттары иштей баштады. Партиянын Ала-Бука райкомунун биринчи катчысы А.Тажибаев эле. Ал киши баштап Т.Кулатов, С.Ибраимов, Б.Рыспаев, ошерлик Социалисттик Эмгектин Баатыры чабан Айдаров баш болушуп Ак-Ташка бизден кийин келишти.

Эл көк майданда олтурушту. Беш алты катар коюлган олтургучтарга биз олтурдук. Ортого ЗИЛ автомашинасынын кузову эки жака жайылып сахна катары даярдалган экен. Ошерге чыгып сүйлөшүп, ошерден концерт бериле турган болду. Мен экинчи катарда олтургамын. Султан Ибраимов мага кылчайып:

–Сен да чыгасыңбы?–деп сахна жакты көрсөттү күлүмсүрөгөн калыбында.

–Чыгат–деди Б. Рыспаев менден мурда эле,–ыр окуйт.

Менин жанымда ыр блокнотум да жок эле. Чапчыманын белинде бир барака чиймелеген саптарыма дагы кошумчалап сөз тийгенче алты куплетке жеткирип койдум. Баары сүйлөп бүткөндөн кийин концерт башталып эки-үч номер аткарылгандан кийин эле мага сөз берилди. Саптары, уйкаштыктары анча жетиле элек болсо да ырымды шаңдана окуп бердим. Кайра келип олтурарым менен биринчи болуп артына кылчайып туруп Т. Кулатов колун сунду.

–Азамат, жигит!–деди. Анын артынан С. Ибраимов колумду кыса:

–Качан жаздың эле?–деп сурады.

–Кечээтен бери ушердемин–дедим.

Кийин Ошко келип оңдоп-түздөп "Ленин жолу" газетасына чыгардым. Арадан бир жума өтпөй Токон Эшпаев "Чаткалым" деп радиодон ырдаганын уктум.

–Баягы ырың чаткалдыктардын гимни болуп калды–деди кийин бир жолукканда С. Ибраимов Б. Рыспаевдин көзүнчө.



1971-жылы азыр биз жашап жаткан "Бакыт" үйү курулуп бүттү. Төрт кабаттуу полу паркеттелген 78 квартиралуу кооз бул үйгө кирем дегендер абдан көп эле. Областтык редакциялардын редакторлору баш болгон аттуу баштуу кишилер үй бүтө электе эле кирип көрүп жада калса "Мен бул кабаттан алам", "Сен бул кабаттан аласың" дешип ээлешип да жүрүшкөн. "Бизге тийбейт го" дегендердин бирөө мен элем. Партиянын шаардык комитетинин биринчи катчысы Т.Сарбановго кирсем "Бул үй обкомдун бюросунда бөлүнөт окшойт, Султан Ибраимовичке кайрылып көрчү" деди.

Султан Ибраимов арызымдын четине Т. Сарбановго карата жазып берди. Мен анда "Кыргызстан Маданиятына" өз кабарчысы элем. Алдын ала ээлегендердин көбүнө квартира тийбеди. Мага төрт, Жолон Мамытовго үч бөлмөлүү квартира бөлүндү. Редакторлордун ичинен өзбек гезитинин редактору А. Абидовго тийди. Ошентип көптүн көз жоосун алган үйдө С.Ибраимовдун камкордугунун натыйжасында жашап калдым.

Кийин телевидениеге ишке келдим. Ошондо Фрунзеге учуп барып А. Токомбаевге жолугуп коллегияда бекилдим. Аскарбек Сыдыков Б. Рыспаев Москва алдынан телефон чалганын, бир жумадан кийин барам, ага чейин Т. Мияшев иштебей туруп турсун дегенин айтты. Эртеси эле кайра чакырып "Ишке кирише бериңиз" деди. Кийин Б. Рыспаев көпкө чейин мени унутуп койгонсуп кабылдоосуна чакырбады. Качан гана кабинетине өзүм киргенимде колумду бош кармап куттуктамыш болду.

Менин оюм Б. Рыспаев жөнүндө жакшы эле. Аны биринчи жолу 1957-жылы Өзгөндөн көргөнмүн. Мен райондук гезиттин жооптуу катчысы элем. Б. Рыспаев СССР Жогорку Советине депутат бекен же республикагабы, айтор, жолугушууга келгенде ээрчип жүргөнмүн. Жаш жатык сүйлөгөн кызыл жүздүү жигитке суктангамын. Анын жаш келбети ошол бойдон менде калган болчу. Экинчи жолу Ош облисполкомунда орун басар болуп иштеп аткан жеринен көрдүм. Кабылдамасы жок бир кабинетте экен. Иш боюнча кирип чыкканмын. Мени тааныган эмес. Ошентип жүрүп кандайдыр жол менен С. Ибраимовго жагып калып идеология боюнча катчы болуп калган. Аны Т. Усубалиев куугунтуктап

"Эптеп ишке жайгаштыргыла" деп Ошко жибергенин да кулагым чалган. Ал турсун жашынан бапестеген И.Раззаковго да жакшылык кылбай акааратын кетеринде айтып калганын билчүмүн. "Мунун тырнагына чейин уу экен" деген бир чоң кызматтагы адамдын айтканын да унуткан эмесмин. Бирок, мен ага эч нерсе билгизбей иш боюнча гана мамиледе болгомун. Жасакерлене да албадым. Үйүнө барып кызматын кылып же үйүмө чакырбадым. Көрсө, ал кишиге жагыш үчүн жалпакташ керек экен. Кийин Т. Алдыраков дун ошенткенин угуп, ал гана эмес өз көзүм менен көрдүм.

Жылдан жылга түштүктүн пахтачылаорынын ийгиликтери арта берди. Областка жыл сайын Бүткүл союздук өтмө Кызыл Туу ыйгарылып жатты. С. Ибраимов пахтасыларды ар убакта телевидение, радио, гезиттер аркылуу даңктап турууга көңүлдүн борборун бурчу. Ушундай учурларда адегенде пландарын толтурган бригадалар, чарбалар, анан райондор, областын жетекчилери телевидениеге чакыртылар эле. Бир жолу телеге Араван районундагы Жданов атындагы колхоздун раиси Т. Көчүбаев, XXII партсъез колхозунун раиси А. Сайдакматов, Сузак районундагы "Коммунизм" колхозунун раиси А. Юнусов дагы бир эки раистер чакыртылган. Мен ар бирине жолдоштук азил каалоону ыр менен жазып өзүм алып баруучу болуп студияда жүргөмүн. Башталарга жакын Б.Рыспаев телефон чалды.

–Сен тиги раистердин допуларын алдырып койгун. Т.Усубалиев көрөт. Чаар допулары менен экранга чыкпасын –деди.

–Барпы Рыспаевич, ал урматтуу кишилерди допуңарды алып койгула деп кантип айтам? Анын үстүнө допу кийген төбө жерлери аппак болуп билинип турбайбы –десем уккусу келбеди.

–Айтканды кылгыла–деп кекетти.

–Өзүңүз келип алдырып коюңуз. Мен айта албайм. Допуну Кремлде деле кийип олтурушпайбы–дедим.

Берүү башталды. Мен ар бирин ири планда экранга бир үзүм карматып туруп ырларымды арнап окуп бердим. С.Ибраимов кийин ошол берүүнү мактады. Ага кошулуп Б.Рыспаев да мактады. Ал гана эмес мени кызматтан түшүрүп алып да кийин мактап жүрдү. Эмнеликтен? Билбейм…



Бара бара Б. Рыспаевдин ким экендигине даана түшүнө баштадым. Ал тууралуу уккандарым чындык экенине көзүм жетти. Супер жасакер, кошоматчы жагын билдим. Обкомдо кандай иш болсо да ал аралашпай кое алчу эмес. С.Ибраимовго ким кирди, ал кандай киши? Бардыгын билүүгө аракеттенчү. Телефонсуз олтура алчу эмес. Кээде эки трубканы эки кулагына илип алып сүйлөшчү. Обкомдун алдындагы чач тарач орус аялдын айтканын унутпайм.

–Барпы Рыспаевичтин чачын тегиздегенде коркуп турам. Анткени, бир жаагын кырып жатсам, экинчи жаагына телефондун трубкасын коюп алат.

Ал жагына өтсөм бул жагына. Качан бир жерин кымчып же кесип алам деп корком — дечү.

Бир мезгилдерде А.Бөрүбаев бир районго исполкомдун төрагасы болуп кетет экен деген каңшаар угулуп калды. Ордуна Аскарбек Сыдыков же Таш Мияшев экөөнүн бирөө редактор болот имиш дегендер көбөйдү. Бирок, кийин ал кабар дайынсыз болуп кетти. Маркум А.Бөрүбаев Б.Рыспаев экөө жердеш катары жакшы эле. Б.Рыспаев аны дайыма сыйлап, колдоп жүрчү. Мына ошондуктанбы, билбейм, Аскарбек экөөбүзгө алардын көз караштары өзгөрө берди. А.Сыдыковду Токтогул райондук гезитиндеги чыр чатакты текшерүүгө жиберип, акыры анттиң, минттиң деген шылтоо менен кызматтан бошотуп тынды. Ордуна Т. Алдыраковду алып келди.

Анан басым мага жасалды. Менин орун басарым Бедел Молдобаев деген ноокаттык таланттуу жигит эле. Ал үй-бүлөсү менен Ошко көчүп келүүгө шарты жок экенин айтып барып-келип иштеп жүргөн. Ошол учурда "Советтик Кыргызстан" гезитинин өз кабарчысы Сабыралы Кулиевдин иши чатакка айланып Араван райОНОсунун башчысын туура эмес гезитке жазып койгону үчүн кызматтан бошоп калган. Ал мурда теле радиодо иштеп жүрүп ташкентик бир кыздын жасалма документине печать басып бергени үчүн кызматтан айдалган болчу.

Жолон Мамытов мага өтүнүч кылып калды.

–Өзүңүздүн тууганыңыз, Ташыке. Кызматка алыңыз. Сизди обкомдогулар угушат –деди. Мен Жолонду сыйлачумун. Ага, ини болуп жүрчүүбүз.

–Маакул, мен сүйлөшүп көрөйүн–дедим. Б. Рыспаевди көндүрдүм да Б. Молдобаевдин талабын канааттандырып анын ордуна орун басар кылып алдым. Сабыралыны жакшы билчүмүн. Лагландык Кулу палбан деген киши апамдын тагаларынан болчу. Ал кишини биз "Тага" дечүбүз

Ж. Мамытов, К, Жумабаевдер Фрунзеге кызматка кетишти. Торжуков, Култаев, Турдакуноваларды башчысы болуп, аларды арака тойгузуп жүргөн завхозду, мурдагы менин ордумдагы Тургунбаевди кызматтан кетирдим. Курбаналы Сабыров, Курманбай Калдыбаев, Турабай Жороевдер кызматка келишти. С. Кулиевдин менин орун басарым катары ишке берилип кеткени али көрүнбөдү. Ырсалактап көп күлүп аржайлык кылып кыйпактап иштеп жүрдү. Анан бат эле Турдакуноваларды тобуна кирип кетти.

1975-жылдын башталышында ар жылы өтүүчү Бүткүл союздук теле кызматкерлеринин бир айлык курсуна Москвага А. Токомбаев экөөбүз 40 күнгө барып келдик. Келсем күбүр шыбыр болуп калган экен. Редактор Абжалил Сулайманов:

–Таш аке иш чатак–деди мага эскертип,–Сабыралы аке Сиздин ордуңузга болом деп атат. Уюшуп коюшту. Бир гана бухгалтерди макул кыла албай жатышат. Б. Рыспаев убада бериптир...

–Күн сайын эле Т. Алдыраковго барат. Келип баары жокту башкарып "Шашпагыла, жакында силер менен башкача сүйлөшөм" деп Кулиев кутуруп атат–деп дикторлукка даярданып жүргөн Анаш Кадырова Сулаймановдун айткандарын бышыктады.

–Мейли –дедим–мен ага кабатыр болбойм. Бирок, Сабыралыны менин ордума койбойт. Б. Рыспаев аны менин артыман абалаган боз күчүк кылып үрдүрүп эле пайдаланып жатат.

Москвадан полиартрит оорум күчөп келди эле. Бир жума иштегенден кийин муундарым ишип кетти. Обкомдун спецооруканасына жатып калдым. Бир күнү Султан Ибраимович келип физкабинетке кирген экен. Коридордон мага жолугуп калды. Ал-абалды сурады да "Сенин үстүнөн 22 бет арыз түшүптүр. Финансы жактан таза белеӊ?" деди.



–Тазамын–дедим ишеничтүү–телевидениенин темир тезегинен башка жеп ичкенге эмне бар эле?

Ал киши башын ийкеп коюп кете берди. Мага келген кызматкерлер арыз жөнүндө айтып келип жатышты. Көрсө, С. Кулиев өзү кол койбой Култаев, Торжуковдорго арыз жаздырыптыр. Анысы алты барак экен. Т.Алдыраков Б.Рыспаевге көрсөтсө "сүйлөмдөрдүн арасын ачык-ачык кылып чоӊ тамгалар менен жаздыр" деген көрсөтмө берет. Ошентип арыз 22 бетке жетет. Анан мен ооруканада жатканда республикалык теленин бухгалтериясынан эки орус аялды чакыртып, өзүнүн кол алдындагы Шумкин, Алдыраковдорду кошуп Б. Рыспаев баарын кабинетине чакырып мындай дептир:

–Бухгалтерияда кандай кагаз документ болсо бардыгынын көчүрмөсүн алгыла. Автомашиналарга жазылган путевкалардын бардыгын тизмелеп чыккыла. Мияшевге тиешеси барбы, жокпу бардык кагаздар топтолсун.

Кийин эптеп текшерилген папке калыӊ болсун деген экен. Анын баарын С. Ибраимов карап олтурмак беле?

–Мына, бир томго жакындады–деп көрсөтүптүр С.Ибраимовго Б. Рыспаев текшерүүнүн жыйынтыгын. Мен болсо анча эле кыжаалат болбодум. Алса кызматын алар дедим да ооруканада жатып алып "Дарыя күүсү" деген ыр жыйнагымды бүттүм. 45 күндөн кийин айыгып ишке бардым. С. Кулиевдин түсү өзгөрүп калыптыр. Бир күнү Б.Рыспаевдин кабылдамасына барсам Саламат деген секретарь машинисткасы бирдеме басап атыптыр. Аӊгыча Рыспаев чакырып калды аны. Көз кырымды салсам мен тууралуу справка экен. Шумкин орусча жазыптыр. Кара сыя менен Б.Рыспаев оӊдоп "аркалык", "ак кулак" деген сөздөрдү кошуптур. Экөөнү гана көрүп калдым.

Кийин бюродо аларын окуп берди. Мен Москвада жүргөндө Ш. Турдакунова Ысык-Көлгө радиого кетиптир. Мурда мага айткан эле. Күйөөсү кызгангандын кесепетинен көлгө кетип калганын, артынан ошояка ишке барайын деп жатканын.

–Макул, ал жак менин кайын журтум эмеспи. Кетсеӊ мен машина менен эле жеткирип коем–деп тамашага салгамын. Аны Торжуковдордон бирөө уккан. Б. Рыспаев мына ушул

сөздү угуп Ш. Турдакунованы Ысык-Көлдөн чакыртып С.Ибраимовго киргизет. Ал "мени аркалык, көлгө кетсең машина менен жеткирем" деген деп Б. Рыспаевдин үйрөтүп, айткандарын ал кишиге чындык катары угузат. Кат түрүндө жазып берет. С. Кулиевди баш кылып дагы бир тобун киргизет. Ошентип ал кишиге мени суук көрсөтүүгө жетишет.

Бюрого эки күн калганда Б. Рыспаев мени чакырды.

–Бир куржун душмандарың бар экен–деди жагалданып максатына жетип калганына шаңдана.

–Куржундун бир жагындагы душмандарды Сиз таптыңыз–дедим

–Коммунистче сүйлө. Каерде олтурганыңды бил–деп кекетти.

–Коммунистче эле сүйлөп атам. Бул кабинетте эч ким отуз жыл олтурган эмес–дедим мен обдула.

–Каяка барасың? Эми сенин каламыңды сындырам–деди.

–Кылымды да кыйшайта албайсың. Алсаң ишиңди аласың. Мени энем телевидениеде иштесин деп тууган эмес–деп ордумдан турдум. Сенсиредим,–бюрого даярмын.

Чыгып баратканымда дагы бир нерсе деди анысын укпай калдым.

Бюродо Б. Рыспаев сүйлөдү. Баарына көзүм жетти. Актанууга болбойт эле.

–Аркалык деген сөздү айтууга акым жок менин–дедим кыска сүйлөп,–ушуга туура түшүнгүлө бюро мүчөлөрү,–анткени менин жубайым көлдөн. Алты балалуу болуп өсүп-өнүп олтурам. Булар Б. Рыспаевдин мага жапкан жалаасы.

Мени кызматтан алып ордума Т. Алдыраковду бекитти. Дегдеп олтурган С. Кулиев мыш болуп бозоруп кала берди.

–Сиз болмок эмес белеңиз–деп сураптыр А. Кадырова. Анда:

–Султан Ибраимовго Таш Мияшев жамандап коюптур–деп Кулиев бозорот имиш. Мени кызматтан алып аткан Ибраимов менин тилиме кирмек беле? Бул эмне? Дөдөйлүкпү?

–С. Кулиевди менин артыман ажылдаган күчүк, алиги тармал жүндүү щенка кылып алган Б. Рыспаев–деп мурдагы айтканымды кайталап бышыктап койдум. Б. Рыспаев Т.Алдыраковду ээрчитип алып райондон районго кыдырып



мени жамандап атымды булгагысы келди. Уккандар ага ишенбегендерин ошол эле учурда мага жеткирип да турушту. Мен кайгырбай капаланбай эле "Өлбөстүккө таазим" повестимди баштадым.

Арадан бир айча убакыт өткөндөн кийин Б. Рыспаев чакыртты. Барсам мага элпек мамиле кылымыш болду.

–Эми ушундай болуп калды. Үйдө көп жата бербей иштегиле–деди.

–Иштейин–деп күңк этип койдум.

–Областтык архивдин начальнигинин орун басарлык кызматына баргыла. Машинасы да бар–деди.

–Баралбайм–дедим түз эле,– машина да минбейм.

–Эмне, машинадан көңүлүңөр калдыбы?–деп күлүмүш болду.

–Менин журналистик, жазуучулук гана кесибим бар. Басма сөздөн башка жака барбайм.

–Областтык гезитте орун жок да–деди дароо А.Борүбаевди коргогонсуп.

–Болбосо башка ишке барбайм. Жөн жатканым жок. Китеп жазууга кириштим.

–Ойлонуп көргүлө. Китебиңерди жаза бересиңер да–деди.

Бир күнү Исраил Сулайманов үйгө келди. Б. Рыспаев "Досуңузга айтыңыз, иштесин" деп жиберди деп мурутун жана күлүмсүрөдү. Экөөбүз ынтымак элек. Мен Барпы менен айтышып жиберген жагына барбаганымды ал билчү. Ошентсе да келиптир. Экөөбүз көп олтуруп жаңы жазып жаткан повестимден окуп бердим.

Кийин Б. Нуралиев Жалал-Абаддагы зооветтехникумга директор болуп кетип ордуна Аскар Өмүралиев келди. Б.Рыспаев ага дайындаптыр. Ал чакырып мени менен сүйлөштү. Мен басма сөздөн башка жака барбай турганымды айттым. Анан Б. Рыспаев жума сайын үйгө өзү телефон чалып абалымды сурамыш болуп "Эми иштегиле, ойлонгула" дечү болду.

Бир күнү Султан Ибраимовдун мурда сүйлөшүп жүрчүү 2-36-01 түз телефонуна чалдым. Ал киши:

–Азыр... Москва менен сүйлөшүп атат элем–деди. Бир топтон кийин анан:

–Угуп атам–деди.

–Саламатсызбы, Султан Ибраимович, мен Мияшевмин–дедим.

–Жакшы, жакшы. Кандай?–деди.

–Сизге кирейин дедим эле–дедим.

–Түштөн кийин келчи–деди.

Түштөн кийин бат эле кабыл алды. Куду мурдагысындай эле ордунан тура тиштерин кашкайта кол алышты. Адегенде абалымды, бала-бакырамды сурады. Көз карашынан мага боор ооругандык байкалбады. Мен теледе иштеп жүргөнүмдө кандай мамиле кылса ошондой эле мамиле кылды.

–Сени китеп жазып жатып алды дешти го. Бул эченчи китебиң?– деп сурады бир оокумда.

–Чыккандары алтоо. Бирөө басмада жатат. Бул сегизинчи болот го. Прозадан төртүнчү–дедим тактап.

–Жакшы–деди угуп олтуруп,–орусчага котортсоң жакшы болот эле. Котормочуң барбы?

–Жазуучулар бир-эки повестимди которткону жатышат.

–Жакшы экен. Ташы, сенин жолуң башка–деди салмактуу чыгармаларың ушунчалык болуп калды. Эми, артынан такай түшүү керек.

Дагы бир топ кеңеш айтты. Анан:

–Кызмат берсек китеп жазып жатып алды дешти…

Ким айтканын дароо эле түшүндүм.

–Менин башка кесибим жок, Султан Ибраимович –дедим ынандырууга аракет жасап,–облархивге орун басар болуп бар деди Б. Рыспаев. Эгер ал жерге барсам тааныш эмес иштерге урунуп жүрүп чыгарма да жаза албай калам. Анан ал жерди өздөштүргөнчө да бир-эки жыл өтөт. Менин областык гезитке иштегеним дурус го. Гезиттин ишин жакшы билем. Чыгарма да жазам. Ошол жерден эмгек жолум башталып учкан уям болуп калган да.

С. Ибраимов муюп угуп олтурду.

–Анда кичине күтө тур. Дагы, сүйлөшөлү–деди.

Мына ошол бойдон дагысы эки-үч айга созулуп кетти. Ага чейин Жети-Өгүз курортуна барып, андан ары кайын журтта жүрүп бир жарым айда келдим. Бир күнү Исраил аке телефон чалып стадионго футболго чакырды. Экөөбүз автобуска түшүп госбанк аялдамасынан түшүп жатсак мага тааныш теленин 00-94 номерлүү УАЗы токтоп калды. Ал жерде



Б.Рыспаевдин үйү бар эле. Машинадан адегенде он жашардай бала ышкын кучактаганча түшүп эле үйүн көздөй жүгүрдү. Артынан бир колуна чоң кара чемодан, экинчи колуна он литрлик ак каучук констр кармаган Т. Алдыраков тердеп тепчип Б. Рыспаевдин үйүнө теңселе кирип кетти.

–Кара чемодан аябай оор экен. Коргошунбу?–деди Исраил аке.

–Кийиктин же козунун этидир да –дедим,–коргошунду эмне кылмак эле? Баласын ээрчитип жайлоого барып ышкын терип, өз балдарынын ырыскысын кыйып Барпынын балдарына алып келген турбайбы…

–Сен деле ушинткениңде иштей бермексин–деди Исраил аке мыйыгынан күлүп.

–Ушинтпей да, иштебей да койдум. Мидин Алыбаевдин “Кошоматчы” деген сатирасындагы “Өз балдарынын колундагы оюнчугун алып, начальниктин баласына кармата коет” деген сапты билесизби? Куду ошондой болуп атпайбы–дегиче стадионго жетип калдык.

Султан Ибраимовго кирип чыккандан кийин жазып жарымдап койгон “Өлбөстүккө таазим” повестимдин үстүндө чымыркаыып иштедим. Бир жагынан ал кишинин мага мурдагысындай мамиле кылганы шыктандырган болсо, экинчи жагынан кызматсыз жүргөнүмдө жазгамын деп кийин айтып жүрөйүн деп намыстанып калем менен кагаздан баш көтөрбөдүм. 1976-жылдын март айынын башталышында аягына чекит коюп “Өх!” деп олтуруп калдым. Эми аны машинкеге бастырып “Ала-Тоо” журналына, “Кыргызстан” басмасына, анан Жазуучулар союзуна сөзмө сөз орусчага котоpууга беришим керек. Ал жагы жеңил көрүндү.

Март айынын орто ченинде мени угарына ишенип баягы түз телефону менен С. Ибраимовго экинчи ирет коңгуроо кылдым.

–Иш чечилген Ташы–деди Султан Ибраимович баягысындай эле жумшак, жагымдуу үнү менен,–Рыспаев Тоолуу Бадахшанга кетти эле аркы жумада келет. Айткан ишиңди беребиз.

Ыракматымды айтып трубканы койдум. Мени жолоткусу келбеген А. Бөрүбаев да, Б. Рыспаев да аргасыз болушарын көзүмө элестетип кыйлага олтурдум. Бу көр пенде кантебиз?

Ушинтип бирибизди-бирибиз кордой беребизби? Бийликтин күчүнө салып бейкүнөө пенденин маанайын пас кыла беребизби? Кошоматчылардын, жалпалактаган жасакерлердин ташы жогору кулай береби?

Учкул ойлор алда кайда алып кетти.

26-март эле. Эртең менен уйку соодо жатсам телефон шыңгырады. Адатындай Б. Рыспаев экен.

–Кандай уйкуңарды бузуп койдумбу? Саат тогузга А. Бөрүбаевге баргыла. Кызматка алат. Кечикпегиле, ал киши отпускеге ы
кетип атат…

"Ленин жолу" гезитине барсам А. Бөрүбаев кийинип сыртка чыкканы жатыптыр. Мени ээрчитип орун басары Үсөн Абыловго кирди.

–Мияшевге приказ бериңиз–деди. Ошол учурда Абыловдун телефону шыңгырап калды.

–Сизди Алдыраков сурап атат–деп трубканы А. Бөрүбаевге берди. Ал менин желкемен эңкейип трубканы алды. Үн мага даана угулуп турду.

–Эмне, Мияшевди кызматка алып жаитасызбы?–деди Алдыраков.

–И-и–деди Бөрүбаев.

–Отказ бербейсизби? Аны аерге жолотпоңуз да–деди үн.

–Биринчи өзү айтып атпайбы–деди Бөрүбаев шашкан абалда,–анан сүйлөшөлү.

Үсөн Абылович да уккандай болду. Ал киши приказ жазууга камынып калды.

–Дагы аз күндөн кийин 1-апрель келет. Ошол күндөн тартып приказ жазып коюң. Кызыл-Кыяга жумуштап кетип жаттым эле–дедим.Ү. Абылов маакул болду. Т. Алдыраков эмнеге минтет? Аны менен бирде экиде сен, менге деле барган эмеспиз. Артынан да сөз кылбаганмын. Б. Рыспаевдин колтугунда жүргөнүн гана билем. Б. Рыспаевге болушуп атабы? Же көралбастыгыбы? Эмнеге антет? Мен жазуучу болсом. Ал бир журналисттик кудурети чил арымындай неме болсо?

Түшүнө албай жүрдүм. Кызматка барган күндөн тартып гезиттин бетин жайната макалалар, ой толгоолор, очерк, публицистика, фельетон жанрларын жандандырдым.



Редакторго да жеңил эмеспи жаңы рубрикалар ачылып, гезиттин сапаты көтөрүлүп жатса. Анын мага болгон мамилеси бара-бара өзгөрө берди. Олуттуу иштериңе мени аралаштырчу болду. Мен да жоопкерчилик менен иштеп жүрдүм.



*1972-ж. Т.Мияшев (оң жактан биринчи) Чаткал ашуусу Чапчыманын белинде.*

Катардагы кызматкерликтен бөлүм башчылыгына өткөрдү. Анан редакциянын профсоюздук комитетинин төрагасы кылып шайлады. Ошентип бат эле чыгармачылык жана журналисттик жагынан мурдакы калыбыма келдим. Көптөгөн чоң жыйындарга катышып анын жыйынтыктарын гезитке жазчуумун. Бир жолу Кара-Суу районунун Кашкар-Кыштак селосундагы маданият үйүндө маданият кызматкерлеринин областтык семинары болду. Ага мен

катыштым. Аны Б. Рыспаев алып барды. Сөзүнүн арасында "Т. Мияшевдин "Чаткалым" деген ыры чаткалдыктардын гимни болуп калды. Ал эми "Керме-Тоо жылдыздары" деген ыры жалаң эле Керме-Тоолук кыздар эмес, бүткүл областтагы кыздардын гимни катары бааланууда" деп мени көтөрө чалып сүйлөдү. Ошондо жанымда олтургандар "Сени аябай мактады го. Кечээ эле райондорду кыдырып жүрүп сени жамандаган эле" дешти.

–Жасакер, эки жүздүү кишиге айла жок турбайбы–деп койдум.

Анан дагы бир жолу областын бир топ жетекчилерин чогултуп чөп оруу боюнча өз кабинеттинде отчет угуп, көрсөтмө берип жатты. Маданият башкармасынын начальниги С. Мадмаров, ишке жайгаштыруу бөлүмүнүн начальниги А. Ракмановдор отчет беришти.

–Телевидениенин жетекчилеринен барбы?–деп калды бир оокумда

–Мен келдим–деп Токтогул Кенжеев Алдыраковдун Кара-Сууга кеткендигин айтты.

–Силер иштей албай жатасыңар–деди Б. Рыспаев аны кекете,–Мына Мияшев иштеп жатканда пахтачыларды даңктап өзү ыр жазып, өзү алып барчу.

Ар кимиси мени алдыртадан тиктеп калышты. Айрыкча, Ош шаардык партиялык комитеттин секретары Прокопенко мага көз сала ыңгайсызданып олтурду. Анткени, куду ушул эле кабинетинде "Мияшев партияга татыксыз. Бүгүн барып чогулуш өткөрүп аны партиядан өчүргүлө" деп алты, жети ай мурда өкүм сүйлөп ага көрсөтмө берген. Эми кайра мени мактап атканына ал митайым аял өзгөчө таң калып олтурду.

С. Ибраимов колдогон кишилердин көзүнүн агы менен айланчу Б. Рыспаевдин сыры көпчүлүккө маалим болуп



калган. Андыктан мага жылмая караштı көбү. Болбосо мени кызматтан кечээ эле түшүргөндөн кийин бүгүн эмнеге антет? Анын мактоосуна мен эч качан муктаж эмес элем. Бир жолу "Ак-Буура чолпондору" деген очерк жазып, анда Папандык чабан кыз Мастура Сагынбаеванын ишин чагылдырган элем, Кыргызстанда ошол мезгилде кыз чабандардын кыймылы башталган болчу. Ош драм театрында өткөн малчылардын жыйынында С. Ибраимов менин очеркимди окуганын, ошондой кыздардын көп болушун айтыптыр. Редакциядан ага катышкандар айтып келишти. Башка бир жыйында Б. Рыспаев мени ал очерк тууралуу дагы бир жолу мактады.

С. Ибаримовдун айткандарын кайталап, кошоматчылыгын, кур чирендигин маркум С. Ибраимов кийинчерээк байкады окшойт. Канетсе да айкөл адам эмес беле,билгизбей жүрдү.

Мезгил канаттуу. Ал өз мыйзамында зуулдап өтүп атат.

Султан Ибраимовдун өлүмү бүт кыргыз элин, айрыкча Түштүктүк элди кейитти, өксүттү. Кайгырбаган, ыйлабаган адам калган жок. Кыргызстанга жүз жылда да табылбачу кайран айкөл кишиден айрылдык. Менин көкүрөгүмдө "Султан Ибраимовду ким өлтүрдү?" деген суроо түбөлүккө кала берди. Анткени, аны антти, минтти дегендерге такыр ишене албайм.

Ал киши тууралуу көп эскерүүлөр болду. Басма сөздөрдө, теле радиодо айтылды. Мен Б. Рыспаевди күтүп жүрдүм. Артынан көлөкөдөй ээрчип, кирпигинин ирмелишин карап, бөйпөлөктөп жүрчү эле. Эмне деп эскерер экен? Кандай баа берер экен? Бул күтүүм узака созулду.

Анан эле Ош шаарында дуу-дуу кеп чыгып калды. "Б. Рыспаев келиптир, мурдагы үйүндө кызы турчу экен аны кууп чыгыптыр. Кийинки алган аялы экөө жашап атыптыр". Оштун тузуна бир кездерде түкүргөн эле, эми аны татканы

дагы келген экен да деген ойго келдим да башка уккандарыма анча маани бербедим. Келсе келгендир.


Бир убакта эле Б. Рыспаевдин областык гезиттердеги өз кабарчылар менен маектештерин көрүп калдым. Ооба, 1995-жылдын 12-августундагы "Эхо Оша" гезитине " У нас была великая эпоха", "Ош садоси" гезитинин 12-сентябрындагы санына "Биз хам партиянинг сайратмаси эдик" деген маектери басылып чыкты. Экөөндө тең ошол мезгилдеги аткарылган иштерди жалгыз Б.Рыспаев жасаптыр. С. Ибраимовдун ысмын атап да койбоптур.

Оштогу кыргыз драм театрын, өзбек театрын, областтык ооруканасынын, балдар ооруканасынын имаратын бүтүндөй Рыспаев бүтүрүптүр. Ал турсун Алай, Чаткал, Бүргөндү өрөөндөрүн "биз өздөштүргөнбүз" деп мактаныптыр. А. Султан Ибраимовчу? Бир дагы аты аталбаптыр.

Мына ошондо акыркы жолу Барпынын ким экендигин дагы бир ирет ачыктан ачык түйдүм. Ушундай сырты жалтырак, ичи калтырак ыплас адамдын, кой терисин жамынган коммунистин катарында отуз жыл жүргөнүмө аябай өкүндүм. Пай, пай ушундай адамга ишеним көрсөткөн компартияны да аяп кеттим.

Мейли, Султан Ибраимовду ал эскербесе,бүт кыргыз журту эскерет. Анын өрнөктүү өмүрү, айкөлдүгү, даанышмандыгы баладан чакага кала берет…

Мен болсо өмүрүмдүн акырына чейин ал айкөл инсанды эстеп арбагын сыйлап жүрө беремин.





**Сражидин БАЛБЕКОВ,**
**Согуштун II группадагы майыбы,**
**"Кызыл Жылдыз" орденинин ээси.**

# ИШЕНИМДҮҮ КИШИСИ БОЛГОМУН

Султан Ибраимовду мен биринчи жолу 1962-жылы Кара-Суу районуна караштуу "Кеңеш" совхозунун борбордук усадбасына келгенде көрүп жолугуштук. Мен ал убакта совхоздун партиялык уюмунун катчысы болуп иштөөчүмүн. Совхоз жаңы уюшулуп, Кара-Суу районундагы "Төлөйкөн" совхозунан бөлүнүп чыккан.

Ошол кезде Султан Ибраимов Кыргыз Республикасынын суу чарба министри болуп иштөөчү.

Совхоздун аймагына Керме-Тоонун түштүк жагынан орун алган "Кеңеш" айылы жана бул айылдан 40 чакырым аралыктагы Папан өрөөнүнүн жашоочулары кирүүчү. Ошол "Кеңеш" шайлоо округу болуп, бул округка кирген шайлоочу жумушчу-дыйкан жана интелигенция кызматчыларынын атынан Султан Ибраимов депутаттыкка кандидат болуп көрсөтүлгөн. Ошондо шайлоого байланыштуу өзүнүн ыраазычылыгын берип, шайлоочулар менен жолугушканы келген болчу.

Биз бул жолугуушуну абдан жогору деңгээлде өткөзүүгө аракет кылып, совхоздун клубун лозунгалар, фотомонтаж-плакаттар менен жасалгаладык. Алыскы Тээке, Арек, Колот, Адыр деген участкаларына автомашиналар жиберип, карыкартаң аксакалдарына чейин алып келүүнү уюштурдук.

Чогулган элдер залга батпастан көбү тике туруштү. Учурашуу жыйналышты мен өзүм ишеничтүү киши болгондуктан биринчи болуп сөзгө чыгып, Султан Ибраимовдун өмүр баяны менен шайлоочуларды толук тааныштырдым. Андан кийин Султан Ибраимовго сөз берилди. Ал кызыктуу ой-пикир пландарын, тарбиялык-практикалык акыл-насааттарын айтып берди. Элдин баары абдан ыраазы болуп, анын Жогорку Кеңешке депутаттыкка

кандидатурасы үчүн толук добуш беришерин ишеничтүүлүк менен билдиришти.



Бул биринчи жолугушууда шайлоочулар тарабынан бир гана наказ берилди. Ал быйылкы жылы суу түтүктөрүн куруп берүүсүн сураныштьі. Себеби, Кеңеш айылында жашагандар көп жылдар бою жайда арык суусунан, кышындасы көлмөк суудан, малдары да, өздөрү да ичип келишкен. Бул маселе жөнүндө бардык жетекчилерге кайрылып, канааттандырарлык жооп алынган эмес. Бул маселе түшүндүрүлдү.

Жыйынтык сөзүндө Султан Ибраимов бул ишке катуу киришип, жакынкы жылдарда ишке ашырып беришке шайлоочуларды ишендирди. Эл ага алкыш айтышып, узак



убакыт кол чабышып турушту. Совхоздун директору жолдош Кадыров Мамадияр, Султан Ибраимов болуп совхоздун талааларын айланып, дыйканчылык, мал чарбасы менен тааныштырдык. Тээке, Орке айылдарын аралап баратып, "Сиздердин совхоз мөмө-жемиш өндүрүүчү экен, бул дөңсө адырларда мөмө дарактар өспөйбү? Жалаң эле ар жылы дан эгиндери эгилет экен, дан бирде болот, бирде түшүмү болбой калат, ал ава, жаан-чачынга байланыштуу. Ал эми мөмө-жемиш дарактар эгилсе менимче пайдалуу жана кирешелүү болуш керек, ушуну бир караштырып көргүлөчү" деди. Бул сунушту кабыл алдык, бактарыбыздын бар экендигин айттык. Анан сүт-товар фермага бардык. Алдыңкы саанчы бригадирибиз жаш комсомолдор бригадасынын башчысы–үлгүлүү саанчы Карачач тосуп алды. Ал өзүнүн бригадасында 50 баш саан уй бар экенин билдирди. Карачач карамагындагы уйдун ар биринен 3000 литрге чейин сүт саап алгандыгын билгенден кийин Ибраимов абдан ыраазы болуп, "Ушул темпиңен кайтпа кызым. Ишиң жакшы экен" деп кубангандыган билдирди.

Таанышууну улантып келе жатып борборго жакын келгенде, "Кана жолдош директор жана партком, багыбыз бар дедиңер эле, ошону менен таанышалы, совхоз мөмө-жемиш берет экен" деди. Бакты аралай бастык. Алдыбыздан багбан Шарипжан аке келип көрүштү. "Багыбыз азырынча ушул эле. Кеңейттирүүгө мүмкүнчүлүгүбүз бар. Эми сөз мына ушул жетекчилерде" деп, бизге карады. "Бир пияла чай ичип кетиң урматтуу мейман" деп көлөкөдө турган сөрүгө сунуш кылды. Бир аздан алма, нак, анар, жүзүм алып келип дасторконго койду. "Элибиз совхоздун наамын туура койгон экен, 2-3 жылдан кийин сиздин сунушуңузду аткарабыз, көп түшүм, көп киреше алабыз" деди Кадыров. Шарипжан ака кызыкчы багбан эле:

–Совхоз "Кеңеш",
Кыргыздары теңдеш.
Жегени коон менен дарбыз,
Ичкени таза кымыз,

Жанында бир сулуу кыз–деп күлдүрдү. Дем алуудан кийин Султан Ибраимовду "Папан" айылындагы шайлоочулар менен жолугушууга алып жөнөдүк. Арал орто мектебинин алдына шайлоочулар топтолду. Мында Кожо-Келен айылы Папандан 40 чакырым алыс жайланышканына карабай бир канча өкүлдөр келишти. Жолугушуу жыйыны кадимкидей эле тартипте өтүп, мында да Султан Ибраимовдун насаат акыл сөзүн, келечекте кандай иштердин аткарылышын шайлоочуларга арнады. Соңунда сөзгө чыккан Кожо-Келенден келген өкүл Айбашев Абдисалам өз айылы, жашоочу, шайлоочуларынын Султан Ибраимовдун кандидатурасын толугу менен колдой тургандыгын ишеничтүү кылып айтып, Кожо-Келен айылына бир келип кетүүсүн суранды. Жыйындын акырында Кожо-Келендик шайлоочулардын көпчүлүгү ушул жыйынга келбей калгандыгын өкүнүч менен айтышты. Анын себеби, жолдун жоктугу. Кандидатка наказ катарында Кожо-Келенге жол курууну сунуш кылышты. Султан Ибраимов шайлоочулар менен болгон учурашуу жогорку деңгээлде өткөнүнө абдан канааттангандыгын билдирди.

Бир канча убакыттан кийин райондон техниктер келип, суу проводун куруу үчүн смета (АПЗ) түзүүгө киришишти. Мезгил келип, суу проводу бардык айылдарда, негизги калк жашаган пункттарда иштей баштады.

Кийин депутатыбыз Ибраимов Султан Ибраимович Ош обкомунун биринчи катчысы болуп дайындалгандыгы кеңештик, папандык шайлоочулардын кубанычына кубаныч кошту. Күндөрдүн биринде телефон чалынып, совхоздун директору, парткомдун катчысы обкомго тез келсин деген кабар келди.Биз ошол замат Кадыров Мамадияр экөөбүз келдик. Папанга бара тургандыгын айтты. Ошол замат Папанга жөнөдүк. Андан ары атланып Кожо-Келенге бет алдык. Тоо арасындагы жол тар да, татаал да экен. Кээде чоң-чоң таштарды аралап бирде дарыянын оң, бирде сол жээгине



өтүп, кээде арчадан эптеп-септеп салынган солкулдак көпүрөдөн аттар үркүп, өтпөй, жетелеп зорго-зорго үрөй учуп бараттык.

Андай шайтан көпүрөлөрдон өтүп бир убакта зоонун боору менен арчадан кынаштырган ичке эң коркунучтуу өтмөгө барып жеттик. Совхоздун бөлүм башчысы Калбаев Акбура "Бул жерди шалкылдак дейт" деди. Шалкылдак дегени арчадан аска бооруна салынган секиртме жол аттарды жетелеп өткөндө шалкылдап турат экен. Төмөн жагы аркыраган Ак-Буура суусу, үстү жагы жалама зоока. Андан аттарды жетелеп өтүп, Чөгөмдүн чаты деген жерге келдик. Бул жерден Чөгөм, Кичик-Алай, Кожо-Келен деген айылдарга жол кетет. Биз туура жол Кожо-Келен кыштагын карай жөнөдүк. Султан Ибраимов бул жолдо бир гана Кожо-Келен айылы эмес, Чөгөм, Кичик-Алай, Карагур, Кайыңды, Байдам-Тал кыштактарына тиешелүү экенин билди. Бул жолдун эл үчүн жана мал чарбачылыгы үчүн өтө зарылдыгына көзү жетти.

Ошентип кечки маал Кожо-Келен айылына келдик. Эртең менен атланып Жиптик, Кош-Бел, Боз-Тектир, Сары-Кой, Чал-Куйрук, Төр деген жайлоолорду кыдырып чыктык. Мындагы жайыттардын эң баалуу жайлоо экенине Султан Ибраимов ишенип калды. Анан кайра Ошко келдик.

Султан Ибраимовдун эмгеги тоолуу эл үчүн баа жеткис болгон. Кожо-Келендеги орто мектеп, жол жана Папан суу сактагычы анын ысымына коюлду. Ооба, түбөлүккө алардын эстеринде сакталат, ал адамдын ысмы.

**Абдыкадыр САПАРБАЕВ,**
**“Элдердин достугу”, “Ардак Белгиси”,**
**“Эмгек Кызыл Туу” ордендеринин ээси.**

# АСЫЛ САПАТТУУ АДАМ

1968-жылы мен Ош областтык совхоздор трестинде башкы бухгалтер болуп иштечүүмүн. Ким эсеп-кысап менен иштесе жакшы билет, кечке эсептемей, кайра санамай, иши кылып эле чарбалардын экономикасы көтөрүлсө дейсиз. Байысак, каражат көп болсо, эл чарбасына көбүрөөк экономика кылсак биздин да маянабыз артып, жумушчуларга да жакшы болот. Байлык арбын болсо бухгалтерлер да кыйналбайбыз, кысынбайбыз, каражат сурагандарга кесип-кыркып жаман көрүнбөйбүз. Анда саясатка да анча кызыкбайм, Султан Ибраимов жөнүндө да кабарым жок эле. Дал ошол жылы Султан Ибраимович партиянын Ош облустук Комитетине биринчи катчы болуп келди деп уктук. Ошондон кийин анын өмүр жолуна, кылган иштерине кызыгып сураштырдык. “Кандай адам болду экен? Облустубуздун экономикасын көтөрүүгө жакшы салым кошсо, бизге да жакшы болоор эле, элдин турмушу оңолмок” деген сыяктуу суроолордун тегерегинде тааныштар менен сүйлөшүп калчуубуз.

Анан 1970-жылдын апрель айынын бир күнүндө эле обкомдун биринчи катчысы капыстан мени чакыртып калса болобу. “Сиз менен жолугушат экен” дешти. Ар түрдүү санааларга баттым. “Кудая шүгүр, ишим таза болгондон кийин эмнеден чочуйм. Бир жакшылык жышаан го” деген ойго келип, көңүлүм көтөрүңкү жөнөдүм. Чамасы жаңы жетекчи чарбалардын конкреттүү фактыларын, экономикалык абалдарын билгиси келип жатса керек деп болжолдодум. Совхоздордун жалпы иштерин сураса керек дедим. Биринчи эле көргөнүмдө анын сырткы көрүнүшүнө, жайдары, жакшы кабыл алышына көңүлүм эле тойбостон көзүм да тойду. Ал ордунан туруп бир аз бери кадамдап келип учурашып, отур дегендей орундук көрсөтүп, өзү да көчүк басты да, акырын ал-жай сурады. Анан чындап эле чарбалар жөнүндө кыскача маалымат алып, мени таң калтырганы айрым бухгалтерлер билбеген цифраларды да айтып,кайра мага суроо узатып



жатты. Анан берген жоопторума ыраазычылык билдирүү менен бир аз ойлоно калды да:

–Абдыкадыр Сапарбаевич, биз сизди чарбаларда эсеп-кысап иштери боюнча такшалган, экономикалык негиздерге көзү жеткен, ишине так жана чынчыл иштеген адис катары билебиз. Эми сиздин турмуштук тажрыйбаңыз, акыл-эсиңиз толук жетет деп Ноокат районундагы “Көк-Жар” совхозуна директорлукка сунуш кылып жатабыз–деди.

Мен мындай күтүлбөгөн сунушка бир эсе таң кала, бир эсе толкундана түштүм. Бирок, ал чарба аябай отуруп калганын жакшы билчүүмүн. Аны биринчи катчы менден кем билбесин түшүндүм. Көрсө бу киши минтип айтаардан мурда сыртымдан сураштырып, изилдеп жүргөн тура. Мына ушундан, андан кийин да Султан Ибраимовичтин кадр маселесине өтө дыкаттык менен карап, аябай изилдеп, үйрөнөөрүн билдим. Бир эле мен эмес, ондогон кадрларды ушундай жолдор менен үйрөнүп, билип, анан өзү ылайык тапкан орундарга алып барчуу. Айрыкча жаш, келечегинен көптү үмүттөндүргөн, астейдил, ак ниети менен иштей турган кадрларды ар тараптан колдоочу жана көбүн өстүрүп тарбиялады. Ошол жылдарда айыл чарбасын көтөрүү боюнча экономисттер аз эле. Мен ошондо 35 жашта болчумун. “Көк-Жар” совхозу мен жогоруда айткандай чыгашалуу гана эмес, өтө чоң совхоз. 20 миңден ашык калкы боло турган. Мага чейин ал жерде мурда райкомдордо биринчи катчы болуп иштеп жүргөн бир белгилүү адам директор болуп иштеп, чарбаны ансайын сазга батырып салыптыр. Ал жөнүндө мен мурда отчет түзүп келгенимде билгенмин. Мен анан мындай дедим:

–Султан Ибраимович, ал чарба өтө оор, анын үстүнө өндүрүштө менин тажрыйбам жок. Мен ал жерде кантип иштээриме көзүм жетпейт. Ал жылмайды да:

–Сиз көп эле жөнөкөйлөнбөңүз, иштей аласыз–деди.

Ошентип мен 1970-жылдын май айынан баштап “Көк-Жар” совхозуна директор болуп бардым.

Бу киши бир жерге жөнөтүп койгондон кийин да, кайра сураштырып, анализдеп турат экен. “Көк-Жар” совхозу азыркы Кулатов атындагы совхоз менен бирге эле. Анын баш-

аягын тегиз изилдеп таанышканча эле бир ай зуулдап өтүп кетти. Менин тааныштарым айтып калышчу:

–Султан Ибраимович дайыма сени, “Кандай иштеп жатат, чарбанын абалы кандай?” деп сурай берет–дешип.

Ал чарбада 1976-жылга чейин иштедим. Алты жыл мурда жана кийин чарбанын экономикалык көрсөткүчтөрү төмөндөгүдөй эле:

1969-жылкы маалымат боюнча “Көк-Жар” совхозу жалпысынан 3270 миң сомдук продукция реализация кылып, араң гана 16 миң сом жылдык кошумча киреше алышкан. Ошондо рентабелдүүлүк 0,5 проценти түзүп, совхоздун жылдык фонду 2155 миң сом болгон.

Ал эми 1976-жылы болсо 7794 миң сомдук продукцияны реализация кылып, бир жылда 1487 миң сом киреше алган. Киреше мурдагы беш жылга салыштырмалуу нөлдөн көтөрүлгөн. Ошол жылы рентабелдүүлүк 24,0 процентти түзүп совхоздун жумушчуларынын жылдык фонду 4745 миң сомду түзгөн. Бул андан алты жыл мурдагыга салыштырмалуу эки эседен да жогору өскөн.

Ушунун баарын эле мен өстүрүп ийдим дегенден алысмын. Султан Ибраимовичтин көрсөтмөлөрүнүн тууралыгы жана анын биздин демилгелерди дайыма суутпай колдоп тургандыгынын натыйжасы жана жумушчуларды туура уюштуруп, аларды жумушка астейдил көтөрүп чыгуунун жыйынтыгы деп түшүнөм.

Кудум ушундай эле эки эседен ашык өсүштөрдү мен партиянын Ноокат райондук Комитетинин биринчи катчысы болуп турган 1977–1985-жылдарда район боюнча, партиянын Лейлек райондук Комитетинин биринчи катчысы болуп турган 1985-жылдан 1990-жылдарга чейин аралыкта Лейлек райондорунда да жараттык.

Негизги киреше “Көк-Жар” совхозунда тамекиден алынгандай эле жалпы Ноокат районунун кирешисинин көпчүлүгүн тамекичилик түздү. Анан калган жер-жемиш, бакчачылык, мал чарбачылык жардамчы болду.

Ал эми Лейлек районунда жаңы жерлерди өздөштүрүү менен кирешенин уюткусун мал чарба продукцияларынан, тамекиден жана негизинен жер-жемиш бакчачылыктан алдык. Пиллачылык, буудай өндүрүү, картошка жана жүзүм



эгүү да колго алынган болчу. Мына ушундай улам жаңы эмгектик жеңиштер менин ишимдин алгалап, өзүмө сый-урмат алып келгенин тана албайм. Мен ушундай жетишкендиктердин баарында обкомдун биринчи катчысына карыз сыяктуу ыраазы болуп жүрдүм. Себеби, анын көмөгү дайыма сезилип турчу.

Султан Ибраимович биздин чарбага көп жолу барды. Чарбаны бир нече жолу кошо кыдырып, майда-чүйдөсүнө чейин сураштырды. Ал совхозду менден кем эмес үйрөндү. Карапайым эмгекчилерден баштап, иш ийгиликтерин жаратып жаткан дыйкандар, малчылар, алдыңкы куруучулар, механизаторлор менен таанышты. Кээде менден кайсы бир алдыңкы жумушчулар жөнүндө сурамжылап калчу. Мен алар жөнүндө, ал тургай турмуш-шарты, бала-чакасы тууралуу да айтып бергениме ыраазы болуп, “Чарбаны көтөрүү үчүн чарбанын адамдарын жакшы билип, алардын шартын, турмушун көтөрүүгө көп көңүл буруш керек” дечү.

Күндөр айга, айлар жылга алмашканча Султан Ибраимович да кайталанып чыгып келчү күн сыяктуу эле ай сайын телефон чалып, абалды сураштырып, же чакыртып калчу, болбосо өзү келээр эле. 1976-жылдын бир күнү партиянын райондук комитетинин биринчи катчысы Өсөров Арзынбек мага телефон чалып:

–Абдыкадыр Сапарбаевич, эртең Султан Ибраимович сиздин чарбага барат экен, жакшылап тосуп алып, даярдыкта туралы– деди. Мен:

–Арзынбек Өсөрович, биз күндөгүдөн өзгөртүп, чарбаны бир күндө башкача кылып ийбейбиз. Ар дайым кандай болсок ошондойбуз, биз даярбыз!–дедим.

Мен байкап калган элем, Султан Ибраимович көп эл топтолуп, шаан-шөкөт менен тосуп алууларды анчейин жактырчу эмес. Өзү айткан тиешелүү адамдар гана болуусун каалар эле. Ошондон улам биз деле кадимкидей эле үйүбүзгө келип-кетип жүргөн жөнөкөй бир конок сыяктуу эле тосуп алдык. Ошол жылы кургакчылык болуп кеткен. Айрыкча Ош облустунда. Коомдук малга тоют даярдоо проблемасы келип чыккан. Талаалардагы чөп жерден көтөрүлүп барып, саргарып, күйүп кеткен. Ал тургай сугат аянттардын деле түшүмү жакшы болбой калды. Келди, талааларды кыдырды.

Түшүмдүн өсүшүн, тоюттун абалын өз көзү менен көрүп чыкты. Султан Ибраимовичтин кеңешинен кийин биздин чарба да ошол жылы Токтогул жна Чүйдөн тоют даярдап, саман-топондорунан бери ташыдык.

## Анын көрөгөчтүгү жана көсөмдүгү

Эми чынын айтканда биз Султан Ибраимович менен иштешкен ошол мезгилдердеги бардык жакшы башталыш, бүткөн иштерди ага таңуулап, анын демилгеси, колдоосу менен бүткөндүгүн канча жомоктосок сөз түгөнбөйт. Бирок мен эч ким кайталабаган айрым өзүнө гана тиешелүү анын асыл сапаттарына, көрөгөчтүктөрүнө, көсөмдүгүнө токтолгум келет.


Жогоруда 1976-жылдары областта кургакчылык болуп кетти дебедикби. Ошол кургакчылык жылдардын бир күнүндө биздин чарбаны кыдырып жүрдүк. Ал эски вилис машинеге отуруп алып, кыдырууну Апшыр-Сайдан жогорку жайлоолорду көрүүдөн баштадык. Ал кылдаттык менен жайлоолорду карап, анын табигый чөбүнүн абалы, нымдуу жерлерге айрыкча көңүл буруп, машинени токтото калып, мурда булак чыгып, анан соолуп калган жерлерди өзүнчө изилдегенсип жүрдү. Анын суу чарбачылык боюнча адистиги бар эле, ошондон уламбы, кээде биз билбеген жерлерди дале мурда көрүп жүргөнсүп, анын суусу, нымдуулугу, келечеги жөнүндө өзү айтып берет. Анан кээ-кээде:

–Бу кайсы жайыт, кандай жайлоо, кимдер көчүп келет, кимге тиешелүү журт?–деп менден сурап калат. Мен да ал жерлерде мурда көп болгонуман, такалбай баяндап берем. Султан Ибраимович айрыкча суроолорун партиянын биринчи катчысы Арзынбек Өсөровго жаадырат. Ал киши бул жерлерде болбогондуктан, сөзүн таппай дудалактанып, жалпылап сүйлөй баштаганда, мен кошумчалап койсом:

–Абдыкадыр Сапарбаевич, сен айтпай, райондун катчысы үстүртөн иштейби же терең анализдейби, өзү жооп берсин–деп койду. Көпкө үн катпай калдык. Анан мен сөз баштадым:

–Малыбыз быйыл сууга тойбой атат. Өтө алыс жерлерден толгон мал айласыз дарыяларга түшүп барат. Булактардын көбү соолуп калды–дедим.





*1978-жылы Кара-Суу районуна Бүткүл союздук Кызыл Туу ыйгарылгандыгына байланыштуу салтанатта Ноокат райкомунун биринчи катчысы А.Сапарбаев Кара-Суунун биринчи катчысы А.Тажибаевди куттуктап жаткан учур.*

–Көрүп атабыз–деди Султан Ибраимович. Анан машинеден түшүп жөө кыдыра баштады. Кээ бир булактардан араң эле жылжып агып атканын көрүп:

–Бул жерлерге булактын көзүн тазалап, "Кавтаж" (топтоо) кылгыла. Жакшылап тазалап дагы казгыла, суу көбөйөт–дейт.

Анан жайлоодо, ошол Апшырдан 30 чакырымдай алыс жерлерде мурда таптакыр соолуп, суу чыкпай калган жерлерди Султан Ибраимович таап таш койдуруп бизге баса белгилеп айтты:

–Бул жерлерди тереңдетип кайра казгыла. Суу чыгат–деп.

Биз Султан Ибраимович кеткенден кийин анын айканындай кылып булактардын көзүн тазалап, "Кавтаждарды" жасап, чуңкурларды казып топтоп, анан баягы таптакыр суу чыкпаган, таш коюп кеткен нымдуу жерлерди тереңдетип казсак чындап эле суу чыкты. Биз сүйүнүп жайлоодогулар өөнгө убара болбой, малы сууга тоюп жыргап эле калды. Мына анын көсөмдүгү, иригаторлугу.

## Кара-Сууга кайтканда

1976-жылдардын бир күнүндө Султан Ибраимович мени обкомго чакыртып кабыл алды да:

–Абдыкадыр Сапарбаевич, сен бухгалтерлик тармакты эчак эле бешке окуп, мына чарбалык школаны да жакшы аяктадың. Эми партиялык кызматка өтүңүз–деди. Мен ойлоно түштүм да, партиялык комитетке жөнөткөнү жатканын билдим. Анан өз оюмду айттым:

–Султан Ибраимович, партиялык кызматта иштеш үчүн өтө билимдүү, ар тараптан өнүккөн адам болуш керек. Мен болсо мал чарбасында иштедим, кетмен чаптым–деп. Ал азыраак жылмайды да:

–Сен эмне ар тараптан өнүгө элекмин деп атасыңбы? Жок, Абдыкадыр Сапарбаевич, жаңылышасыз, өз дараметиңизди өзүңүз билбесеңиз, мына биз билебиз. Сиз иштейсиз. Партиянын Кара-Суу райондук Комитетинин экинчи катчылыгына барасыз–деди.



Ал жылдары Кара-Суу райкомунун биринчи катчысы Кадыркул Абдыразакович Абдыразаков эле. Ал киши областтык партия комитетинин бюро мүчөсү да болчу. Султан Ибраимович:

–Туура, райкомдун катчылыгы башкалардан да алда канча жооптуу иш–деди Абдыразаковдун көзүнчө,–Бу Абдыкадыр Сапарбаев отказ кылып атат, Кадыркул Абдыразакович. Сиз тарбиялайсыз туурабы?–деп сурады. Абдыразаков:

–Алибетте Султан Ибраимович, Сапарбаевдин жүргүзүп жаткан иштерин баарыбыз жакшы билебиз. Улам өсүштөрдүн үстүндө келе жатат–деди.

Ошентип Кара-Суу райкомунда иштеп калдым. Султан Ибраимовичтин мен ошондон билдим, кадрды бир жерге сунуш кылып койгондон кийин, андан ары да тарбиялап төмөндөн жогору карай улам сүрөмөлөп отурганын. Ушундай адамгерчиликтүү,асыл адам экен. Иштен ишке чоңойтуп жатканын айтканым жок, адамдарга дайыма камкордукта болгонун айтып жатам.

Райкомдун биринчи катчысы "Сен эртең даяр бол, Султан Ибраимович менен Кожо-Келенге кошо барат экенсиң" деди. Султан Ибраимовичтин жеке өзүнүн демилгеси менен өмүрү жол салынбаган ары жайлоо, ары элдүү пункттары бар аскалуу, татаал бул өрөөнгө жол түшүп Кожо-Келен каттамы ачылган эле. Ошол жерге обкомдун биринчи катчысы мени жана партиянын Араван райондук Комитетинин экинчи катчысы Жаманкуловду кошо алып барды.

Декабрь айы болчу. Кыш күчүндө. Ызгаар, суук. Ошого карабастан Кожо-Келендик эл обкомдун биринчи катчысын өтө сыйлап, аларга камкордук көргөндүгү үчүн бул кишини кандай да болсо жогорку деңгээлде тосуп алууга кам көрүшүптүр. Айылдан бери бир жерге ак кар, көк музга карабай боз үй тигип алышып күтүп туруптур эл. Анын үстүнө Султан Ибраиомвич айрыкча элет элин жогору баалап жакшы көрчү, алардын чоң-кичинеси дебей божурап сүйлөшө кетчү. Эл да аны сезээр эле. Ар бири менен–чал-кемпири, жигит, кыздары, энелер, балдар менен зерикпей аңгемелешип кетчү. Мында да ошондой болду. Кыш экенине карабай айылда жаз келгенсип шаң-салтанат өкүм сүрдү. Ибраимов эл менен баарлашты. Эл жол салдырып башка дагы

көптөгөн камкордуктарды көрүп жаткандыгы үчүн Султан Ибраимовичке алкыштарын айтышты.

Кожо-Келенден чыктык. Кичи-Алайда малчылардын балдары үчүн мектеп-интернат бар эле. Ал жерге магазин, медпункт кошо түшкөн. Султан Ибраимович ошо интернатка келип ал жердин ал-абалы менен таанышты. Медпункт иштеп, дүкөндө түзүк эле товарлар бар экен. Ал жерден жакшы эле настроение менен чыктык.

Кичи-Алай жайлоосунда Араван районунун да малчылары үчүн территориясы бар. Ошол аймакка өттүк. Жаманкуловду да жанына бекер салып жүргөн жок да. Базар күн болчу. Ошол территорияда аравандык малчылардын балдары үчүн интернат салынган. Келсек интернатта эч ким жок. Имараттар жылытылбагандыктан балдар үшүп тарап кетишиптир. Интернат жайында ремонт болбоптур. Абалы начар. Магазининде эч нерсеси жок. Султан Ибраимович мындай абалды көргөндөн кийин зээни кейип кетти:

–Жолдош Жаманкулов! Абалыңар жаман экен. Тиги жакта (Араван районунун борборун, чөл зонасын айтып жатат), туалетиңерге чейин асфальттап алгансыңар. Мында эч нерсе жок. Көзүңөрдү ачып, бул жерге тез арада көңүл бөлгүлө!

Жаманкулов жаман абалда болуп кечирим сурап, баарын аткарыша тургандыгын билдирди.

### Жомоктогудай жорук

Жомоктор башталат эмеспи. Илгери, илгери аскасы асман тиреген Ала-Тоонун арасында, аркырап аккан Ак-Буура дарыясынын боюнда Кожо-Келен деген жер болуптур. Ошол Кожо-Келендин бери чыга бериште ээн жылганын оозунда жалгыз там бар экен. Ал тамда бир уй, он чакты коюнан башка эрмек кылаар эч нерсеси жок кемпир-чал жашаптыр. 1976-жыл экен. Ызгаар кыш экен. Ошол күндөрдө кемпир-чалга алыстан ат арытып небереси келип калат да, капыстан эле температурасы көтөрүлүп, катуу ооруп калат. Аны жылуулап жаткызып, кемпир-чал кайда барарын билбей, эстери кетип эңгиреп отуруп калышат, бир жаратканга жалынып.



Ошол учурда өтө жөнөкөй кийинишкен, минген машинелери да эски, бир катардагы адамдардай болуп сырттан үч киши салам айтып, ушул кемпир-чалдын жупуну тамына кирип келишет. Алардын башчысы Ош облустук партия Комитетинин биринчи катчысы Султан Ибраимович Ибраимов, жандоочтору болгон жан-жөөкөрлөрү, тиги эки жигит Кара-Суу жана Араван райкомунун экинчи катчылары Абдыкадыр Сапарбаев жана Жаманкулов экендиктерин алибетте кемпир-чал билишпейт. Абышка жигиттерди маанайы жаркын тосуп алып саламдашып, кемпир жигиттердин астына көрпө, талпагын салып берерге эмне таппай сүйүнүп куйпөлөктөп калышат.



*С.Ибраимов, Т.Кошоев, К.Абдыразаков, Бүткүл союздук өтмө Кызыл Туу алуу учуру*

Обкомдун катчысы кемпир-чалдын ал абалын, бала-чакасын сурайт. Жолдо баратып ушул жалгыз тамды көрүп калышып, кабар ала кетели дедик эле дешет. Абышка аябай ыраазы болуп бурулгандарына сүйүнүп, аларды көктөн түшө

калган кызырлардай кабыл алат. Анан тиги көрпөнүн астында небереси жаткандыгын анын катуу оорул айлалары кетип тургандыгын айтат. Султан Ибраимович бул күтүлбөгөн окуяга капа болуп жигитти дароо өзүнүн машинесине жылуулап кийгизип алып кетет.

Көп жүрдүбү, аз жүрдүбү тиги эки экинчи секретарлар кеткенден кийин Султан Ибраимович баягы оорулуу жигитти чоңдор же атактуу адамдар гана жатчу атайын ооруканага жаткызып, дарылатып, сакайтып, анан кайра ошол машине менен баягы куландай соо сакайып чыккан жигитти кемпирчалга алпардырып берген экен дешет.

Бул жомоктой божураганым менен, чындык. Аны өз көзүбүз менен көрдүк. Анын мына ушундай айкөлдүгү бар эле. Башка жетекчи болгондо өзү келе берип көп болсо "Тез жардам" жөнөттүрөт болчу.

## Ибраимовдун көмүскө камкордук кылгандарды осол кылганы

Ал жылдарда областта ар кандай семинарлар көп уюштурулат эле. 1970-жылы мен "Көк-Жар" совхозунда директор болуп турган кездерде Ноокат районунун "Конзаводунда" кой кыркым өнөктүгү боюнча атайын облустук чоң семинар болуп калды. Анда кыркымчыларды арбын уюштуруп койлорду топтоп бир жерде кыркуу, кыркымды сапаттуу жана тез арада аяктоо, аны мыкты уюштуруу сыяктуу усулдук-көрсөтмөлөр айтылып Султан Ибраимович алардын ар кайсы тармагы, иштин ыгы менен таанышып, бардык жетекчилер менен пикир алышып семинарды ийгиликтүү аякташты. Семинар бүтүп алар кетели деп калганда кимдир бирөөлөр уюштуруп Султан Ибраимовичтин машинесине кымыз, эт салдырып коюшту. Аны обкомдун биринчи катчысы байкап калган экен шоферуна айтып түшүртүрүп салган. Анын мындай сапатын көргөндөн кийин мындай жорукту башка эч ким кайталабай калышканы ошондон. Андан көп жетекчилер ушул тарабынан да үлгү алышкан.

Теги эле Султан Ибраимович ашыкча шарактоо, шаңсалтанаттуу отуруштарга жок эле. Андайды кыртышы сүйө бербоочу. Ашыкча даңктануу–анын жаман көргөнү болчу. Анан тигинтип бойпалоңдоп билгизбей камкордук кылгандыкты да осол кылаар эле. Обкомдун биринчи катчысы ушинтип турса башкалары андан мисал алат да. Биздин ошол учурдагы угушубузча ошо кездерде Ош областтык элдик контроль Комитетинин председатели Шевцов деген адам өзүнүн аялы менен кошо Араванга барса бирөөлөр анын машинесине бир кап картөшкө, бир кап пияз салып койгон экен жолдо келе жатып угуп калып алиги каптарды аялы менен кошо жолго түшүрүп салып баса берген дешет. Элде: "Балык башынан сасыйт" деген кеп бар. Демек, башчыбыз тигиндей тазалыкты, чынчылдыкты көрсөтүп жаткандан кийин башкалары да ошол багытта барат да. А эгерде Султан Ибраимович ошондойлорду унчукпай койсо, ал андан ары күчөп жалаң алмай-бермейге өтүп кетсе коом бузулмак. Коом ошондон бузулуп жатпайбы? Ошол үчүн башчылар, жетекчилер элге дайыма өзү үлгү көрсөтүш керек экен Султан Ибраимовичке окшоп.

## Бюрого салбай калганда

1977-жылы Султан Ибраимович дагы мени чакыртып калды. Бир топ аңгемелешүүдөн кийин:

–Эми сиз партиянын Ноокат райондук Комитетинин биринчи катчысы болуп иштеп бериңиз?–деди. Менден жоопту күтпой эле:

–Мына партиялык кызматта такшалып калдыңыз. "Адам ар тараптан жеткилең болуш керек" дедиңиз эле ар тараптан жеткилең болуп бүттүңүз–деп тамашалай сүйлөдү.–Кара-Суу да бир аз кое турсак деле болмок–деди ал сөзүн улап,– Өзүңүз билесиз, сиз биздин резервдеги кадрларыбыздын бирисиз. Биз сизге ишенебиз, эми биринчи катчы болуп

иштейсиз. Анын үстүнө өзүңүзгө белгилүү болгондой ал райондун биринчи катчысы Исаева Сүйүн иштен бошогон.

–Кара-Сууда эми үйрөнүп отуруктапшып калдым эле. Ал жерге баралбайм Султан Ибраимович–дедим.

–Отурукташсаң көчүрөбүз. Көчмөн турмуш башыбыздан эзелтен келатпайбы–деди ал тамашалай. Анан олуттуу боло түшүп: –Абдыкадыр Сапарбаевич, сиз бул ишке олуттуу караңыз, Борбордук Комитет менен макулдашканмын.

Ошентип партиянын Ноокат райкомунун биринчи катчысы болуп 1977-жылдан иштей баштадым. Ошондо иштеп жүрүп мен такай Султан Ибраимовичтин көзөмөлүндө, контролунда эле эмес, тарбиясында да экенимди түшүндүм.

Ошол жылы Султан Ибраимович сентябрь айында Жогорку Советтин Президиумунун Председатели болуп Фрунзеге кетти. Мен Ноокатта бир-эки ай эле иштегенимде Борбордук Комитетин бюросуна Ноокат районуң даярдап калышты. Көрсө алардын планында мурда эле бар экен, ошондон улам менин эми иштей баштаган учурума туш келиптир. Бюро башталды. Райондо чынында көп кемчиликтер бар эле. Мен алар менен жай таанышып, аларды жоюунун жолдорун иштеп жатканмын. Эми эмне болор экен деп алда кандай тыянактарды күтө баштадым.

Бюро жаңы башталганда эле Султан Ибраимович:

–Менде сунуш бар–деп сөз алды. Мени дароо эле мактап кетти. "Көк-Жарды" көтөргөнүмдү, ушундай чоң бирок, отуруп калган совхозду алдыңкы чарбага теңеп, райондун гана эмес, облустун экономикасына салмактуу салым кошо турган чарбага айландырды деп айтты. Кара-Суудагы партилик кызматтагы тактык, уюштуруучулук иштерге токтолуп келип, Ноокатта эми гана иш баштады деп токтоду. Ошол Султан Ибраимовичтин сөзүнөн кийин Ноокат району бюродо каралмак тургай, бул маселе боюнча сөз да болбой калды.



## Эчен жылдар өткөндөн кийин

Айтор Султан Ибраимовичтин жакшы сапаттары, асыл мүнөздөрү, уюштуруучулугу, билгичтиги, көсөмдүүлүгү, акылмандуулугу, элдүүлүгү боюнча канча сөз кылса арзыйт. Ага кагаз да чак келбейт. Мен өзүмдүн анча-мынча гана орчундуу ойлорумду ортого салдым. Жазайын десем ого эле көп. Эң негизгиси, ал кишинин эмгеги элде калды, эл унутпайт. Улуулук мына ушунда. Аны эл унутпастыгынын бир далилин айтайын.

1990-жылы, башкача айтканда Султан Ибраимович жол салдырып, өзү аралап келип көрүп кеткен Кожо-Келен борбордук бир чоң мектебине 14жылдан кийин барып калдым. Анда мен партиянын Ош облустук Комитетинин айыл чарбачылыгы боюнча катчысы элем. Август айы болчу. Мектептин ремонту толук аяктаптыр. Убагында Султан Ибраимович бул мектептин курулушуна өтө чоң жардам берген экен. Мектептин жамааты:

–Биз да суранабыз, эл да айтып жатат, ушул мектептин атын Султан Ибраимович Ибраимовдун атына койдуруп бересиңиздер –дешти.

Кийин ал мектепке аты коюлду. Султан Ибраимович Кожокелендиктерге жол салдырды, электр энергиясын тарттырды, медпункт, мектептерди курдурду. Айтор эл үчүн кылган кызматы чоң. Ал киши бир эле Кожо-Келен эмес, бардык элет жерлерине ушундай камкордуктарды көрүүнүн үстүндө иштеген.

**Камил АТАХАНОВ,**
**Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген дарыгери, медицина илимдеринин кандидаты, СССРди саламаттыкты сактоосунун мыктысы.**

# ЖЕТЕКЧИНИН УЛУУЛУГУ–АДАМДАРГА КАМКОРДУГУ

Анын жүзүндө, мамилесинде адамдарды өзүнө тартып алуу касиети бар болчу. Ал адамдарга мамиле кылганда өзү менен өтө ачык, ачылып сүйлөшүүгө алып келчү.

Анын тим эле адатыбы, же улуулугубу кандай адам кабинетине кирсе, сөзсүз түрдө ордунан туруп келип утурлай учурашчу, жылуу-жумшак ал-абал сурашчу, анан отуруңуз деп орундук көрсөтчү, мына ушунун өзү эле адамды имериц алаар эле.

Бу чамасы жараткандын Султан Ибраимовичке тартуулаган белеги болсо керек, мындай адамдардын өзүнө, кылып жаткан ишине ишенүүчүлүк касиет бардык эле жетекчилерде боло бербейт.

Талаптуулук, тазалык, этияттык, ой жүгүртүүнүн кеңдиги, ошону менен бирге айкөлдүк, ак ниеттүүлүк жана сүйлөшө билүүнүн айкалышы кошо келген учур адам баласына кем кезигет.

Түрдүү кесиптерде иштеген, бай тажрыйбасы бар адамдар менен сүйлөшүү, ар кыл курактагыларга жолугуу, түрдүү аймактарда болуу–ар кнадай кырдаалдарда өзүн кандай алып жүрүүгө, адамдар менен кандай учурда кантип сүйлөшүүгө тарбияланган экен. Муну мен Ош областынын көп сандаган адамдары менен жолукканда жанында болуп, анын мамилелерин көрүп жүрүп сездим.

Биз мекеме-уюмдардын жетекчилери аңын өнөр жайдын ар кыл тармактарындагы кемчилдик жана жетишкендиктерди, айыл чарбасындагы болуп жаткан иштерди, маданият жана коомдук турмуштагы жаңылыктар менен орчундуу маселелерди билмек гана турсун анын



алдыдагы келечегин көрө билүүсүнө бир нече жолу таң калып, анын ушундай билимине, сезгичтигине ыраазы болгонбуз.

Султан Ибраимович эске тутуунун эбегейсиз акылман ээси болчу, өзү тарабынан берилген тапшырманы өз убагында аткарылышын, ошондой эле анын тапшырмасынын орундалганы боюнча өзүнө билдирип туруусун талап кылчу. Анын бир өзгөчөлүгү тапшырманы аткара аласыңбы, же канчага чейин мөөнөт керек деп сурачу. Ал канааттандырарлык жооп уккандан кийин сөзсүз кабарлоону суранчу. Жеке өзүнчө тапшырманы берип калса, анда ал аны кантип аткаруунун жолдорун сунуш кылчу. Мына ушуну менен ал башка жетекчилерден айырмаланаар эле. Анын аңгемелешүүсү чын көңүлдөн жөнөкөй болуп, үнүнө кандайдыр бир басым жасабастан досторчо, жакын адамыңдай сүйлөшчү.

Ушундай ченемсиз ишмердүүлүгү, анын артындагы тыянагы адамдар үчүн андан да чоң, мыкты иштерди жасоого болгон далалаты бизди таң калтырчу. Чамасы бул анын дайымкы көздөгөн тилеги болгон, ансыз тура алган эмес.

Ошону менен бирге аны областтын эл чарбасынын бардык тармактарындагы жетишкендиктер, элге билим берүү, медицинадагы, маданияттагы жана башка тармактардагы алгы жылыштар аны толкундатчу жана ошону менен бирге өсүштөрдү дайыма бир калыпта алга кетүүсүн көздүн карегиндей сактоого аракети күч эле.

Келечекки областтык саламаттыкты сактоонун башчысы катары Султан Ибраимович менен 10 жыл бирге иштешүү бактысы туура келди мага.

Саламаттыкты сактоодогу көрүнүктүү жетишкендиктер, областтагы дарылоо-профилактикалык мекемелердин материалдык-техникалык базасынын көтөрүлүшү, медициналык кадрларды даярдоого көп көңүл буруу дал Султан Ибраимович Ош областына биринчи катчы болуп келген жылдарга туш келген. Анын түз катышуусу менен көп тармактуу облустук ооруканаңын проектиси СССР Министрлер Совети тарабынан бекиттирүүгө жетишкенбиз. Андан ары анын курулушун жүргүзүү жана бүткөрүү,

сапаттуу тапшыруу иштери биринчи катчынын дайымкы текшерүүсүндө, байкоосунда болгон.


Областтын шаарлары менен райондорундагы дарылоо-профилактикалык мекемелердин тез темпте өсүүсү– жергиликтүү кадрларды медициналык тармакта тез жана көп даярдоо маселесин алып келди. Врачтар Республиканын саламаттыкты сактоо Министерствосунун багыттамасы менен келип, 3 жыл иштегенден кийин гана өз жерине кетчү. Мына ушундан улам областта медициналык кадрларды келип-кетүүсү жогору эле. Ош облустук Аткаруу Комитетинин бир жолку сессиясында "Элди медициналык жактан камсыздоо" маселесин кароонун өзү 1973-жылдары областын медициналык кадрларын толуктоо жана бекемдөөдө, аларга турмуш-шарттарын түзүп берүүдө, врач жана медициналык фельдшер, акушерлерге коммуналдык кызмат көрсөтүүдө чоң бурулуштар жасалды.

Партиянын областык Комитети жана областык аткаруу Комитети тарабынан медициналык мекемелердин материалдык-техникалык базасын көтөрүүгө бекеринен камкордуктар көрүлгөн жок, анын тыянагы айрыкча айыл жерлериндеги медициналык мекемелерде, адамдардын саламаттыгын сактоодо иштин алга жыла башташы көрүнүп калды. 1981-жылы областа калкка врачтык амбулаториялык-поликлиникалык жана туруктуу көмөк көрсөтүүчү 102 мекеме болуп, 1970-жылдагы миң адамга эсептегенде 101,1 койка–орундуктун ордуна 1981-жылы миң адамга 112, 5 койкага жеткен. Элди врачтар менен камсыздоо дароо көзгө көрүнүп, 1970-жылдагы миң адамга 12,0 адамдын ордуна, 1981-жылы миң адамга 19,8 врач туура келип калган.

Султан Ибраимовичтин астейдил кийгилишүүсүнүн аркасында областка өтө жетишпеген медициналык кадрларды, врачтарды, айрыкча балдар врачы-педиатрларды даярдоо үчүн Орто Азия боюнча педиатрларды окутуу үчүн кайра түзүлгөн Ташкенттеги институттан жыл сайын биз үчүн 100 студентке орун бөлүнгөн.

Областын эл чарбасынын бардык тармактары үчүн тажрыйбалуу кадрларды, маданият, медицина жана элге билим берүү тармагына керектүү сандагы адистерди даярдоо боюнча көп тармактуу программа иштелип чыккан. Айрыкча





*1974-жыл. Облустук көп тармактуу оорукананын ачылыш салтанатында С.Ибраимов трибунада.*

медициналык кадрларды даярдоого, алардын адистигин көтөрүүгө, саясий-идеалык тарбиялоого, учетторун тактап жана бөлүштүрүүнү туура жүргүзүүгө көп көңүл бурулган.

Султан Ибраимович көбүнчө биздин көңүлдү кадрларга камкордук менен мамиле кылууга, алардын кесиптик жөндөмдүүлүгүн туруктуу көтөрүп турруусуна, адамдар менен мамиле кылууну билүүгө, учурдун талабына жооп бергидей иштөөсүнө бурган. Ал эми жетекчилерден болсо кайсыл аймакта медициналык кандай жаңылыктар болуп жатат, аны билип, дайыма жаңы жетишкендиктерди өздөштүрүп турууну, жаңылыктарды киргизүүнү, илимдин жетишкендиктерин колдонууну, Республика жана анын чегинен тыштагы тажрыйбаларды жайылтууну суранчу жана талап кылчу. Ошондой жаңылыктар болуп жаткан жерлерге айыл чарба, элге билим берүү, илим же медициналык кызматкерлерди жөнөтсө, ал жетекчиби же катардагы бир адамбы, андан ошол жетишкендиктерди, жаңылыктарды областка кийрүүгө салым кошууга чакырчу жана анын аткарылышын көзөмөлдөчү.

Областын калкынын саламаттыгын көтөрүү үчүн болгон партиянын обкомунун жетекчиси Султан Ибраимович тараптан көрүлгөн аракеттердин натыйжасында медициналык кызматкерлерге шарттар түзүлүп, медициналык мекеме-уюмдардын материалдык-техникалык базасын чыңдоо үчүн колхоз жана совхоздун айрым жетекчилери өздөрүнүн 2 же 3 кабат конторлорун медициналык тармактарга бере башташкан. Бул ошол кезде Советтер Союзундагы бирден-бир жаңылык болду жана бардык Республикалардан өкүлдөр келип, биздин бул тажрыйбабызды көрүү менен бул ыкманы, мындай жаңылыкты өз жерлеринде колдоно башташкан.

Ош облустук көп кырдуу оорукананын КПСС Борбордук Комитетинин, СССР Министрлер Советинин Өтмө Кызыл Туусун бир нече жолу жеңип алуусуна, ал эми ССРдин саламаттыкты сактоо Министерствосу тарабынан бекитилген "СССРдеги алдыңкы тажрыйбалуу оорукана" деген наамды алуусуна Султан Ибраимовичтин кошкон салымы чоң.



Мына ушул алдыңкы тажрыйбаларды жайылтуу боюнча областа республикалык жана Бүткүл Союздук Кеңешме өткөрүлгөн. Элдин турмуш шартын жакшыртуу, саламаттыгын чыңдоо Султан Ибраимовичтин эң биринчи көздөгөн максаттарынын бири болгон. Ушул иштерге ал ар дайым убакыт таба билген жана партиялык жетекчилердин көңүлүн бурган.

Областта өзгөчө камкордуктардын биринин мисалы катары алдыңкы планда энеликти жана балалыкты коргоо маселеси көрсөтүлгөн. Ош областында төрөттүн көптүгүн жана миң балага эсептегенде өлүмдүн да арбындыгын эске алып, энелердин жана балдардын ден-соолугун коргоо боюнча медициналык мекемелердин тейлөөсүнө айрыкча көңүл бурулуп, областагы колхоз, совхоздордо сүт азыктары жана сүттөн жасалган продукцияларды даярдоочу ашканалар ачылган.

С. И. Ибраимовдун демилгеси менен 1979-жылы ден-соолукту сактоону жакшыртуу жана балдарды тарбиялоо боюнча көп тармактуу иш чаралар иштелип чыгып, ал ушул жылдагы Эл аралык балдар жылына багышталган. Бул иш чараларды аткарууга областын бардык райондорундагы, шаарларындагы кызыккан жана көңүл бурган жетекчилер, өнөр жай ишканаларынын, профсоюздук уюмдардын жана мекеме-уюмдардын башчылары тартылган. Балдардын ден-соолугун коргоо жана тарбиялоо багытындагы иш чаралардын бирдиктүү пландары иштелип чыккан.

Эл аралык балдар жылын чыныгы маанисинде сапаттуу жана натыйжалуу өткөрүү үчүн облустун аялдары өнөр жайдын мекеме-уюмдардын, колхоз, совхоздордун жетекчилерине, жалпы эле элге Ачык Кат менен кайрылышкан. Мына ошол 1979-жылы гана колхоз, совхоздордун эсебинен 2 балдар ооруканасы курулуп, 12 имарат балдар мекемелерине, бөлүмдөрүнө берилип, 7 имарат сүт ашканаларныа өткөзүлгөн. Ошентип 1965-жылдагы 32нин ордуна 1979-жылы сүт жана сүттөн даярдалган азыктарды жасоочу 78 ашкана иштеп калган. Балдарды, боюнда бар аялдарды жана жаңы төрөгөн энелерди камсыз кылуу үчүн туруктуу көмөк көрсөтүү багытында областа кошумча 5 миң койка кошулган. 1972–1982-жылдардын аралыгында элдин

маданиятын, санитардык-гигиеналык тарбияны жакшыртуу, турмуштук ал-абалды көтөрүү жана башка тейлөөнүн түрлөрү боюнча айрыкча областагы айыл-кыштактар менен райондордогу калкка көп көңүл бурулган.

Областын аймагында мончолорду, кир-коок жуучу жайларды, турмуш-тиричилик комбинаттарын, чачтарачтарды, радиотелевизордук ательелерди жана башка керектүү жайларды куруу мурда болуп көрбөгөндөй өтө тез темпте жүргүзүлүп, бул иштерди аткартууга жана көңүл буруп турууга Султан Ибраимович дайыма убактысын бөлгөн. Партиялык-чарбалык кызматкер, областын мекеме-уюмдарынын жетекчилери болгон биз үчүн дайыма Султан Ибраимович доклад жасаган областык партиялык Комитеттин, эл депутаттарынын областык Советинин ар бир кеңешмеси, бюросу, Пленум жана сессиялары чарба жүргүзүүнүн, мекемелерди башкаруунун анык мектеби болгон.

Эсимде, облустук көп тармактуу оорукананын ачылышында көптөгөн куручуулар, медициналык кызматкерлер келип, ага Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин Президиумунун Председатели Төрөбай Кулатович Кулатов катышкан жана курučуулар менен алдыңкы медицина кызматкерлерин Ардак Мактоо баракчасы, баалуу белектер менен сыйлаган.

Андан кийин партиянын облустук Комитетинин жана облустук аткаруу Комитетинин кабыл алынган туура чечиминин негизинде айылдык эмгекчилердин ден-соолугуна камкордукту күчөтүү максатында, ушундай эле типтүү медициналык мекемелер, ооруканалар райондордун борборлорунда, калктуу айылдарда курула баштаган. Мына ошондо да райондордогу дарылоо-профилакториялык мекемелердин ачылышына дайыма Султан Ибраимович барып, анын сапатына көңүл буруп, дагы кандай маселелер келип чыкса көрсөтмө берип көмөктөшүп турган.

Токтогул районунун борборундагы оорукананын бүтүп пайдаланууга берилиши токтогулдуктар үчүн чыныгы майрамга айланганы көз алдымда турат. Анын ачылышындагы лентаны да партиянын облустук Комитетинин биринчи катчысы Султан Ибраимович кескен.





*Куруучуларга сыйлык тапшыруу.*

Султан Ибраимович областын айыл чарбасын өнүктүрүү үчүн көптөгөн убактыларын кетирүү менен ошол эле учурда айыл эмгекчилерине көп камкордуктарды көргөн. Айрыкча мал чарбасында иштеген ар бир адамдын, анын үй-бүлөсүнүн жашоо-шартына башкы багытты бурган. Партиянын областык Комитетинин мүчөлөрү, облустук башкармалардын жетекчилери жана бөлүмдөрү дайыма малчыларга, алардын конкретүү короолоруна бекитилип,айрыкча кыш жана төл мезгилинде такай иштешүүгө туура келген. Облустун жетекчисинин жүргүзгөн иш стилине таянган райондун жетекчилери да өз зоналарында ушундай эле иш ыкманы колдонушкан.

Эсимден чыкпайт, 1979-жылдын кышы оор болуп, кар көп түштү, мал чарбалуу райондордо абал оорлошту. Айрыкча Алай районундагы мал чарбалуу "Алай" совхозунда, Чоң-Алай

өрөөнүндө иш кыйындады. Ошондо Султан Ибраимович мени өзүнө чакырып, бул райондогу абалды түшүндүрүп, өзгөчө "Алай" совхозунун короолорундагы кыйынчылыктарды белгилеп келип мындай деди:

–Сизге Камил Атаханович, партиянын облустук Комитетинин мүчөсү, облустук саламаттыкты сактоо бөлүмүнүн башчысы катары облустук партиялык Комитет тапшырма берет. "Алай" совхозунун койлору кыштаган эң четки Нура жайлоосуна чөп жеткирип, чабандарга алардын үй-бүлөсүнө продукцияларды алып барасыздар!

Ошентип кимдир бирөөлөрдүн күнөөсү жана кенебестиги аркасында малга чөп жана чабандарга, алардын бала-чакасына өз убагында продукция жеткизүү кечикти. Бир күнү даяр болгондо ал мага ак жол каалоо менен мени менен байланышып, мага көмөк көрсөтүп турарын айтып, эгерде кыйынчылык болуп калса өзүнө дарообайланышка чыгышымды суранды жана өз убагында жардам болоорун айтты.

Кийинки күнү керектүү медициналык дары- дармектерди алып 30 машинеге чөп, ун, күрүч, кант жана май жүктөп кербен болуп жөнөп калдык. Кеч киргенде "Алай" совхозунун директору Узаков Камбаралы тосуп күтүп турган Ак-Босого кыштагына жеттик. Узаков менен аңгемелешип совхоздо 75,5 миң баш кой, 3,5 миң топоз, 1,5 миң жылкы бар экенин билип быйылкы кышта чөп жетишээрлик эмес экенин угуп, ошондой эле кар оор түшкөндөн улам Нура менен байланыш болбой үзүлүп калганын түйдүк.

Эртең менен биздин машине кербен жолго чыкты.

Кечинде болсо Султан Ибраимовичтин жеке тапшырмасы менен партиянын областык Комитетинин дежурныйы бизди издеп таап байланышка чыгып, абалыбызды сурап, тиги өрөөнгө качан атганып чыга турганыбызды сураган. Биз Узаков экөөбүз азырынча баары жайында экендигин 30 машинеге бензин куюлгандыгын жана эртең менен жолго



чыгаарыбызды айтканбыз. Ак-Босого менен Сары-Таш поселогунун аралыгы отуз чакырымдай эле болсо дагы, ортодо бийик Катта-Талдык ашуусу бар эле. эки бульдезор менен жолду улам тазалатып жүрүп бул белди өтө кыйынчылыктар, "Кыбыраган кыр ашат" дегендей жүрүп отуруп ашып өттүк жана кечинде гана Сары-Таш поселогуна жеттик. Дароо эле ал жерде партиянын областык Комитетине билдирдик жана бардыгы жайында экендигин, эртең менен кайрадан жолго чыгаарыбызды айттык. Эртең менен баягы 2 бульдезор жана 30 машине кербен менен кайрадан жол алдык. Аба-ырайы бүркө болчу, бирок эч нерсе дале күтүлбөгөндөй болгон. Биз 15 чакырым жол жүрүп "Кара-Киндикке" келгенибизде аба-ырайы кескин өзгөрүп бороон-чапкын башталып, лапылдаган кар жаай баштады. Жааган коюу кардан 1–1,5 метр жерда жакшы көрүнбөй биз жолдон чыгып кетип жаттык. 1 бульдезорду токтотууга туура келди. Машинелерди токтоттук, жылууга болбой калды. Караңгы кириптүн бою бороон боздоп турду. Биз Узаков экөөбүз машинеден машинеге кыдырып, шоферлордун уктоосуна жол бербей, улам-улам от алдырып турууларын суранып жаттык, антпесек мотордогу суу тоңуп калса машина иштен чыгат.

Таң атканда бороон да басылды, бирок калың кар түшүп баарын басып жол көрүнбөй калгандыктан бизге жылууга такыр мүмкүнчүлүк жок эле. Кечинде айлана көрүнбөй турганда бир бульдезорду жоготуп жиберген болчубуз. Ал боюнча аябай тынчыбыз кетип не кылаарды билбей таң атаарды күткөнбүз, эртең менен бульдезор да табылды. Ал жолдон башка жакка чыгып кеткен экен, кудайга шүгүр, бульдезерист эч нерсе болбоптур. Биздин кыйын абалда калганыбызды Султан Ибраимовичке билдирдик. Ал бизге Эркеч-Там чек ара постундагы чек арачылардын отрядын жана аскер бөлүктөрүн кошту. Бизге чек арачылар бронетранспоттор менен келип жардам беришип кечинде Нурага кирип бардык.

Жүктөрүбүздү ийгиликтүү жеткирип Социалистик Эмгектин Баатыры Ормонова Гүлбаранын жана башка чабандардын короосунда болдук. Алар биздин кербенди чыдамсыздык менен күтүп жатышкан экен. Чабандар мындай жардамга өтө ыраазы болуу менен Султан Ибраимовичке алкыштарын билдиришти. Нурага түнөп эртеси кайра артыбызга жолго чыктык. Мен Ошко келүү менен кантип барып келгенибизди айтып бердим, ал чабандардын жана алардын үй-бүлөлөрүнүн ал-абалын, ден-соолуктарын, алардын шартын кызыгып сурады, ошондой эле "Алай" совхозунун директору жөнүндө да тереңирээк сураштырууну унуткан жок. Аны мен өтө жөндөмдүү, иштерман, совхозунун экономикасын жакшы билген жетекчи экендигин айттым. Мына ошондон көп өтпөй Узаков айыл чарба өндүрүшүнүн жетекчилигине, андан кийин партиялык кызматтарга көтөрүлдү.

Султан Ибраимовичтин сүрөтүнө, мүнөзүнө дагы бир сүртүм.

Кандайдыр бир шашылыш Султан Ибраимовичтин баласын ушул Ош шаарында операция кылууга туура келип калды. Аны ошол учурда областык оорукананын башкы врачы Виталий Прокопьевич Сергеев операция жасады. Операция ийгиликтүү өттү. Баласы айыгып чыгып биз ал окуяга сүйүнүп, ал тургай ага операция кылган күндөрдү да унута баштаганбыз. Бирок Султан Ибраимович менен Гуля Касымовна унутбаптыр. Султан Ибраимович Японияга барып келгенден кийин Сергеевди жана мени келинчектерибиз менен кошо чай ичип кетүүгө чакырды. Биз үйүнө чай ичүүгө чакырып жаткан ушундай биринчи окуяны, болгондо да обкомдун биринчи секретары чакырып жатканына бир эсе таң калдык. Бир куюм чай ичүүбүз узакка созулуп, аңгемелешүүнүн жүрүшүнөн улам убакыттын кантип өткөнүн да билбей калыптырбыз. Султан Ибраимович Японияга кантип барып келгендигин, эмнелерди көргөндүгүн, ал жактагы медицинанын абалын, япондуктар кандай жашап, кантип иштегендерин ушунча жөнөкөй, кызык кылып айтып берди, ошондон улам ал баяндоого да устат экендигин билдим.

Мындай көңүлдүү отурушту бизге ушундай ак ниет жана ак пейил адам гана уюштурушу мүмкүн эле. Мен Султан Ибраимовичтин үй-бүлөсү да эң жөнөкөй жана ак жүрөк адамдар экенин байкадым. Биз коштошуп кетип жатканыбызда ал бизге бирден бычак берди да:

–Силер хирургдар өзүңөрдүн практикалык ишиңерде эч себепсиз бычак кармабагыла. Өзүңөр тарабынан тандалган кесибиңерде дайыма ишеничтүү болгула–деди.

Султан Ибраимовичтин бул терең мааниде айтылган сөздөрү менин көңүлүмдүн тереңинен түбөлүккө орун таап, ал эми анын берген белегин ыйык, унутулгус эстелик катары үйүмдө аелоп сактап жүрөм.

Өзүнүн профессионалдык кесибине берилгендик менен медициналык кадрларды тарбиялоонун ошол кездеги калыптанган салты, жогорку гумманизмге жанан адамгерчиликтүүлүккө берилген наркы, улам жаңы жакшы тажрыйбалар менен толукталып, жаңы сапаттарга ээ болуп, ушул кезге чейин ыймандуу түрдө сакталып келе жатат.

Ош областынын медицина кызматкерлери элдин ден-соолугун чындоого кошкон Султан Ибраимовичтин баа жеткис эмгектерин дайыма эске алуу менен бирге, илимдин акыркы жетишкендиктерин колдонуу менен азыркы замандын талабына ылайык медициналык тейлөөнү жакшыртып, жаңылап, сапаттуу жүргүзүшө бермекчи.

Адылжан АБИДОВ,
Кыргыз Республикасынын
маданиятына эмгек сиңирген ишмер,
"Эмгек Кызыл Туу"орденинин ээси.

## СӨЗҮНӨ ИШИ ЖАРАШКАН

Султан Ибраимович менен биз үй-бүлөлүк байланышта болгонбуз. Анын кандайча болгонун түшүндүрүш үчүн мен бир аз чегинүү жасап, биздин үй-бүлөбүз жөнүндө түшүнүк берип кетпесем кеп тузсуз болуп калат. Мен өзү жумушчунун үй-бүлөсүндө туулуп-өстүм. Башкача айтканда атам Мамажанов Абиджан темир жолчу болгон. Рамatылык атам 76 жашында кайтыш болду. Ата деген ата экен жетимиш алтыга барса деле анын орду эч качан толбоду го. Бирок анын бир тууган агасы Исматулла Мамажанов авамдын турмушу, анын кылган иши биздин үй-бүлөгө да өз таасирин берген десем жаңылышпайм. Ал мындайча болгон.

Исматулла авам социализмди түптөөгө зор салым кошкон чыныгы коммунист-күрөшчүл, актив болгон. Башкача айтканда 1926-жылы Ош уездиндеги РККга (рабочие крестянские Комитет) башчы болуп иштеп Чүйдүн Токмок шаарында партиянын райондук Комитетинин секретары болуп турган. Султан Ибраимович, анын атасы менен ошол жерде таанышып, ал тургай Ибраимовдор менен бир короодо жашап турушкан. Авам менен байланыш ошентип башталып, биздин - Мамажановдордун үй-бүлөсү менен таанышуу ушундай башталган экен. Авам Исматулла 1938-жылы Куршап райкомунун, Жаңы-Ноокат райкомунун секретары болуп жүрүп, Улуу Ата Мекендик согуш кезинде партиялык биринчи жетекчиликтерди армияга албаса да, өз ыктыяры менен райондон Кыргыз кавалеридик аскер полкунун политругу болуп аттанган. Москва алдындагы согушта Панфилов дивизиясына туш келип, андан кийин Сталинградда Чуйковдун армиясында саясий ишмер (политработник) болот. Советтик Армия Германияга барганда авам бир шаардын коменданты болуп турат. Жеңиштен кийин Ашхабад шаарындагы артилериялык аскердик окуу жайдын начальнигинин орун басары болуп кызмат кылган. Өз жерине



келип 1947-49-жылдары обкомдо бөлүм башчылыкта иштеп жүрүп пенсияга чыгып 96 жашында кайтыш болгон. Аваман үч бала калды. Мен авам жөнүндө минтип бир аз токтолгонум Султан Ибраимович авамы, ал аркылуу биздин үй-бүлөнү сый-урмат менен карап, көңүлү түз эле. Анын үстүнө мен өзүм да жүргүзгөн ишим менен таанылып, ал киши менен областан кеткенче чогуу иштешүү туура келди. Анын үстүнө бизди жакындаткан дагы бир жакшы көрүнүш болгон.

Мен 1961-жылдан 1965-жылга чейин партиянын Ош облустук Комитетинин пропаганда бөлүмүнүн башчысынын орун басары болуп иштеп турдум. Мына ошол алтымышынчы жылдары С. И. Ибраимов Кыргыз ССРинин ирригация жана суу чарбачылыгынын Министри эле. Ошол учурларда Баш-Булак шайлоо округунан Кыргыз ССР Жогорку Советинде депутаттыкка кандидат болуп көрсөтүлүп калды. Биз Султан Ибраимовичти тосуп алгандан кийин кызматым боюнча да, таанышттык жактан да анын ишенимдүү кишиси болуп мен тандалып калдым. Жолугушууларды уюштуруп, ал кишинин өмүр баянын, жүргүзүп жаткан ишин элге кеңири тааныштырып жүрдүм. Мында да биздин байланышыбыз андан артып, бири-бирибизди түшүнүү чыңалды. Анан менин өмүрүмдүн иштерман кези 1966-жылдан 1993-жылга чейин облустук өзбек тилинде чыккан мурдагы "Ленинчил жаш", кийинки "Ош садоси" гезитинде башкы редакторлукта өттү. Дал ошол мезгилдин аралыгында Султан Ибраимович партиянын Ош областык Комитетинин биринчи катчысы болуп сегиз жыл иштеди. Ал киши айрыкча идеологиялык кызматкерлерге астейдил көңүл буруу менен областа чыгып жаткан үч тилдеги гезиттерди эч качан жадынан чыгарчуу эмес, качан болсо биринчи планга коюп, үч редакторду чакырып, кеңешип, жаңы тапшырмаларды берчү. Мени менен жакын кеңешчимдей, кызматташ адамдай, ага-туугандай сүйлөшчү. Сүйлөгөнү майин, айтканы салмактуу жана сөздөрү мазмундуу болчу. Кайсы жерде олуттуу маселелер болсо, колтугунда редакторлор жүрөт эле. Редакторлор менен ар жуманын дүйшөмбү күнү чакырып сүйлөшөт. Менин кесиптештерим Николай Коханов менен Асылкан Бөрүбаевдер да ага көнүп бүткөн, дүйшөмбүгө чыккан зарыл жеке иштерибизди алдын-ала токтотуп

койчубуз. Мен өз тажрыйбамда көргөндөй, редакторлор менен партиянын обкомунун жетекчилеринен башка бирөө да, кийин Ибраимовдун ордуна келгендер да мынчалык жакын болгон эмес. Мындан Султан Ибаримовичтин идеологиялык фронтко зор маани бергендигин жана ал аркылуу көп иш жүргүзө тургандыгын билгендигин туюуга болот. Мисалы, Папан-Кожо-Келен жолун салып, аны пайдаланууга бергенге чейин бул жолду машине менен да, жөө да, атчан да Султан Ибраимович менен бир эмес, бир нече жолу чогуу жүрүп көрдүк. Анын курулушу боюнча тынымсыз кабарларды, жаңылыктарды берип, элди маалымдап турдук. Ушундай эле союздук маанидеги күрдөлдүү курулуштардын бири болгон Токтогул ГЭСИ, Майлы-Сайдагы лампа чыгаруучу завод жөнүндө да ушундай фактыларды айтса болот.

Эсимде, Кара-Суу районунун азыркы Курманжан датка, мурдагы Фрунзе атындагы колхоздо облустук семинар болуп калды. Ал жерде да үч редактор бар элек. Семинардан кийин түнү Кызыл-Кыя шаарында катуу сел болгонун угуп калдык. Султан Ибраимович ошондо да көңүлүндө канчалык кабатырлануу бар экендигин билдирбестен, шашып же делбектеп калбастан, акырын ордунан туруп, салмактуу гана:

- Жүргүлө, кеттик! - деди.

Обкомго келдик. Телефондо Кызыл-Кыя менен байланышты.

Баарын угуп турдук. Түн ичинде ал Кызыл-Кыяга жөнөп, артынан биз да саат бирлерде бардык. Түн ичинде шаардын көрүнүшү алда кандай коркунучтуу эле. Баарын суу баскан. Үрүл-барал жарыктарда үйлөрдүн арасын, көчөнү каптаган суу, баткактан жер айнектей жалтырайт. Темир жолдун кээ бир жерин сел омкоруп, зым жыгачтар майышып, сынганы сынып, акканы агып, кыйрап калыптыр. Нефтобазаны суу каптап кетиптир. Түн ичинде тереңдеп баралбай турдук. Айтор селдин залакасы көп эле тийгендей. Шаар негедир күйүк жана жагымсыз жыттанат. Адамга коркунуч жана чочулоо алып келип турду. Эртеси адамдар набыт болгонун, бир нече үйлөр сел менен кеткенин билдик. Мунун трагедиялуу окуяларын ошол кездин саясаты боюнча биз гезиттерге жымсалдап берип турдук. Султан Ибраимович



шаардын ар бир кырсыгын кылдат үйрөнүп, калкка түрдүү колдон келген камкордуктарды көрдүрдү. Туш тараптан жардамдар да келди. Кыйрагандарды калыбына келтирүүгө чечкиндүү чаралар көрүлүп жатты. Жетим калган жана шарты оор балдарды Султан Ибраимович атайын каттатып, Асланбаптагы балдар лагерлерине кезексиз жибердирди. Ал киши күйүккөнүн сөздөн эмес, ушинтип иши аркылуу көрсөтчү.

Султан Ибраимович партиялык кызмат боюнча мага өтө ишене тургандыгын мен өз практикамда көп көрдүм. Анын жеке тапшырмаларын да ак ниеттүүлүк менен аткарып жүрдүм. Ошондой тапшырмалардын бири ал "Ош області" боюнча китеп жазганда болду. Түштүк Кыргызстан боюнча анын бир бөлүгүн мен аткарып бердим. Мен иштеген бөлүм анчейин ондоолорго туш болгон жок.

Жогоруда айтпадымбы, үч редактор орчундуу иштерде "колтукта элек" деп. Ошондой чогуу жүрүү менен биз да областагы күрдөлдүү жумуштарды өз көзүбүз менен көрүп жаттык, Ошолордун баарына Султан Ибраимович салым кошуп, өзү кийлигишип, бүткөрүп жаткандыгын көрүп жүрдүк. Андайлар, кээде майдачүйдө деген, бирок эл чарбасы үчүн маанилүү иштер көп эле болгон. Айталы ошол кездердеги мал чарбасы үчүн курулуп жаткан комплекстүү курулуштар не деген элдик эмгек болчу. Андай комплекстер кийин жакшы тыянагын бергендигин совхоздордун ак койлорунун көбөйгөндүгүнөн көргөнбүз. Ушундай бир жерге жыйырмадан ашык кой-короолор салынган комплекстер Алай районунун "Алай" совхозуна караштуу "КараТалаа", Ленин атындагы совхозго караштуу "Ак-Талаа" деген жерлерине жана башка жайыттарда, кокту-колоттордо салынган. Алардын баарын биз да барып көрүп, жазып турганбыз.

Айрыкча мал чарбалуу райондордо коомдук малга кесек тоют даярдоо ургалдуу массалык темпте жүргүзүлүп турган. Жайыттарга эчендеген машина жолдор салынып, чөптү көбөйтүү максатында кээ бир жылгаларда бадал, табылгылар да түбү менен кыйылган. Мына ушундай иштер Алай районунда да аткарылды. Биз аны Кара-Суу районунун Кызыл-Суу жайлоосуна чыгып, андан Алай районунун Кабылан-Көл,



*1977-жылы. Кыргызстан Компартиясынын VIII съездине барган оштук делегаттардын тобу.*



Чыйырчык, Будалык, Жошолу, Корул жайлоолорун көргөндө ынангабыз.

Султан Ибраимович менен көп эле жакын болуп, ал тургай Украинанын "Турусковец" санаториясында да эс алууда туш келип калдык. Кийин эки жолу эс алууга туура келди. Бир жолу КГБнын башчысы Кавен жана Льюбов обкомунун секретары менен Султан Ибраимович болуп чогуу жүрдүк. Көрсө Льюбовдун обкому Султан Ибраимовичти мурдатан эле жакшы билип, өз ара мамилелери бар экен. Алар бизди сыйлап "Турусковец", Ужгород, Мукачоваларды бойлотуп, 500 чакырым жерди кыдыртып, саякатташтырышты. Ужгород тоолуу, токойлуу жер экен. Рас тоолору биздикиндей бийик эмес. Чехословакия менен чек аралаш жайгашыптыр. Ошол жерде тоодо бир үңкүр бар экен. Ошондо ресторан жайгашыптыр. Ошол ресторанды көрүп келгенден кийин биздин обкомдун биринчи секретары Сулайман-Тоосундагы азыркы крайтаануу музейинин филиалын салдырган. Мында мазар-жай жакын болгондуктан, Султан Ибраимович аны ресторан кылууга жол берген эмес. Алдыбызда ата-бабалар жатса, кантип биз алардын жанында куунап, шарактайбыз деген. Башка жетекчилик болсо ал кездин идеологиясына таянып, өлүктөргө көз жуумп коймоктур. Анда атеистер көп эмес беле... Мына ушундан эле жолдош Ибраимовдун адамгерчилигинин улуулугун көрүүгө болот.

Анын адамгерчилиги, жөнөкөйлүгү жөнүндө дагы бир кеп. Ошол санаториядагы эс алууда ал киши 6 күн эрте жөнөп калды. Ал жөнөп жатканда: "Адылжан Абидович, балдарыңызга эмне деп коеюн" деп калды. Мен шашып кетип: "Султан Ибраимович, жакында мен өзүм да жөнөп калам го" дедим. Үйгө келсем аялым: - Обкомдун биринчи катчысы экенине карабай Султан Ибраимович сиздин белектерди өзүнүн шоферу Айтбай менен алып келип берди. Биз ыраазы болдук - деди. Бала-чаканын абалын сураптыр, рахмат айттык - деди. Мен таң калдым. Эч кандай белек берген эмес элем да.

Бирок ал кишинин мени чыныгы идеолог досундай, жардамдашындай, жакынындай кабыл алганына ыраазы болдум.

Жогоруда Исматулла авам жөнүндө сөз кылбадымбы. Ал кездерде партиялык кызматкерлер эле эмес башка жоопту кызматтагы адамдар да азыркыдай биринчи эле байлыкка көз арткан эмес. Жада калса үстүнө да үй салышбаптыр. Анын мисалы катары мына, ошол авам Лейлекте иштеп жүрүп, ал жерден пенсияга чыгып келди. Ал жакта аялы каза болуп, райкомдун секретарлыгына иштеп жүргөн келини Шаршеева Закия да кайтыш болуп калат. Авам Исматулланын башына оор күндөр түшүп, жалгыз калат. Барар үйү да жок, жашы жетимиштен ашып калганда менин үйүмө келди. Авамы кучак жайып тосуп алып, ага бардык шартты жаратып бергенсидим өз оюмда. Бирок бир күнү авам:

- Мени Султанга алып барчы? - деди. Мен айтканындай кылып, алып бардым да, кезек күтүп, оюм уйгу-туйгу болду. Авам эмне дейт экен. Чамасы аталары жөнүндө сүйлөшүп, эски тааныштыгын эске салат го деп ойлодум. Киргизип жиберип он минуттай премныйда отуруп калдым. Он минуттан кийин авам, анын артынан Султан Ибраимович чыкты. Аксакалды акырын жөнөтүп койду да мага:

- Сен кирчи? - деди. Ачуусу анчейин билинчүү эмес, бирок сөзүнүн тонунан кандайдыр бир өкүм таарынычты сездим.

- Исматулла ава Ошто экен, сен эмне үчүн ушул убакка чейин мага айтпадың! - деди таарына, - Тамы жок экен. Атамдын коргонунда коңшу элек. Мындай элге эмгеги сиңген адам тамсыз жүрсө кандай болот. Эки күндөн кийин горкомдун секретары үй берет - деп кесе айтты. Чын эле ал кезде горкомдун секретары Сарбанов болсо керек эле, эки күндөн кийин азыркы "Кыргызстан" көчөсүндөгү "Людмилла" магазининин үстүнөн авама бардык шарты бар 1 комнат үй беришти.



Дагы бир орчундуу эпизоддордон айтып берейин. Обкомдун бюросунда отурабыз. Ноокат районундагы "Маданият" колхозунун парткомунун отчету угулуп жаткан. Ош обкомунун үчүнчү секретары Б.Р. Рыспаев парткомдун секретары Атабаевге катуу сын айтып:

- Жазган үгүт насаат лозунгаларыңыздын баары өзбекче экен. Андан башка тил билбейсизби? - деп калды. Султан Ибраимович үн катпай укту. Анан акыры мындай деди:

- Барпы Рыспаевич, керек болсо лозунганы шайтандын тилинде жазса да, элге жетсе болду!

Ушул сөзү менен баарын жым кылды. Рыспаев кагаздарын кармалап токочко таарынган баладай дулдуйуп калды.

Ушул эле эмес, мындай Султан Ибраимовичтин интернационалист экендигин башка да учурларда байкаганбыз. Ушул сөзү менен үчүнчү секретарга сокку бербей эле, түшүнсө анын позициясын оңдоп, саясий катасына сын берип, партиянын обкомунун жүргүзгөн саясатына түзөтүү киргизилди.

Дагы бир кызыктуу учур эске түшүп турат. Мурдагы Совет районунун Калинин колхозунда депутаттардын отчету угулуп, ал кезде райкомдун секретары Базарбаев эле, анан чайга барып калдык. Андан да үч редактор жана официалдуу жетекчилер бар. Комнатка кирсек тарелкада индуктун эти туруптур. Арабыздан бирөө саал сугалактык кылып, чыдабай кеттиби, эч кимге карабастан эле отура элек туруп бир санын үзүп алып, эки-үч тиштеп жиберди. Аны Базарбаев жаман көзү менен карап калды эле, Султан Ибраимович унчукпа дегендей акырын ишарат кыла, Базарбаевдин желкесинен таптап койду. Тигил киши баарыбыздан мурда тоогун жеп бүтүп калганда дагы бир чоң тоокту бышырып киришти эле, Султан Ибраимович:

- Рахмат, биз тойдук. Руксат эткиле - деп тооктун этин койдурбай койду. Бул билинбеген менен тигилердин алдында жанагы соргок үчүн баарыбыздын атынан кечирим суроо

болчу. Ошентип жөнөп кеттик. Көрдүңүздөрбү канчалык тонкий киши экенин... Баарыбыздын абийирибизди жапты.

Султан Ибраимовичтин дагы бир өзгөчөлүгү кээде өзүнүн замандаштары, курбу-курдаштары, айрыкча башка республикаларда иштеп жаткан эң жакын жолдоштору менен учурашкысы келсе, ага барганча өзүнүн ишине да кандайдыр пайда алып келүүчү жаңылыктарды таба келип, аны областын аймагында колдончу. Анын бир мисалы катары жанагы Украинадан көрүп келген үңкүр жөнүндө айттым. Андан башка да өзбекстандын бир обкомунда ошол кезде Каримов деген бир жетекчи курсташы бар экен. Ага түн ичинде мени ээрчитип алып барды. Жолдошторчо сүйлүшүп, сыйын көргөндөн кийин "Заравшан" каналын көрдүк. Маргалаң шаарынын бир жериндеги малды бордоп семиртүүчү жайга алып барууну өтүндү. Ал жерге барсак "Алай" тукумундагы databases пародалуу койлор багылып, анын ар бири 90 килограммдан салмакта этке өткөзүлүп жатыптыр. Бул чындыгында кадимки койду топозго айландырып ийгендей эле кеп эле. Султан Ибраимович ал койду кимдер алып келгендигин, кантип табышканын кызыгып адистерден сураштырды эле, аны Живоглядов деген бир адис алып барып бергендигин билди. Ошондой кийин областта асыл тукум койлорго катуу контролдук жүргүзүлүп, малды бордоп семиртүүчү жайлар кеңири кулач жайды.

Мага көңүлү жакын болуп жана ишенгендиктен Султан Ибраимович Ош областынан Кыргыз ССРинин Министирлер Советинин председатели болуп Фрунзеге кеткенде үйүндөгү жеке архивдик материалдарын жана баалуу документтерин, өзүнө гана тиешелүү кол жазмаларын мага тапшырып, иреттеп жөнөтүүмдү уранды. Мен ал документтерди Мейман Чоңатаев менен типографияда переплет кылдырып, анан колуна тапшырдым.

Султан Ибраимович Оштогу азыр анын атын алып жүргөн кыргыз драм театрынын түптөлүшүнө өтө чоң салым кошкон.



Анын кадрлар менен камсыз болуусуна, камкордук көрүп, ошол кездерде Москвада чогуу театрдык окууну бүтүп жаткан артистерди чогуусу менен Ош облустуна кабыл алып, Оштогу имарат бүткөнчө алар театрдык ишти Жалал-Абад шаарында башташкан. Он жыл токтоп калган кыргыз драм театрынын курулушун тездетип, ишке бердирген. Анан беш-алты жылдан кийин Оштук артисттердин Москвада кичик театрда декадасын өткөрдүргөн. Биз ошол учурда областык Маданият башкармасынын башчысы Садык Мадумаров менен Декадага катышып, оштук артистердин ар күнкү оюнун байкап жардам берип турдук. Султан Ибраимович болсо ар күнү

биз менен телефон аркылуу байланышып, театрдын жүргүзүп жаткан иши, алардын москвалыктарга канчалык деңгээлде таасир берип жаткандыгы, кимдер кандай кабыл алып, кимдер жардамдашып тургандыгы тууралуу кызыгып сурап турду.

Ал эми Кадамжайдын Бүргөндүсүндө кылган иши, Токтогулдун Сары-Камышына жасаган кызматы тууралуу тиешелүү ошол кездеги жетекчилер эске салар, сөз менен иши айкашкан иштерман бул улуу адам жөнүндө сөз учугу ого эле көп.

**Вагинур ТАЛИПОВ,**
**"Ардак Белгиси", "Эмгек Кызыл Туу" ордендеринин ээси.**

# ТАРБИЯ ТААЛИМ КАЛГАН

Султан Ибраимович Ибраимов жөнүндө эске салуу менин, мен курактуу замандаштарымдын эң иштерман кездерин, ар кандай жетекчиликтеги жетилүү, көтөрүлүп, эл ишине жараган учурларын кайрадан эстеп чыгуу болуп эсептелет. Мына ошонун баарына ал учурларда областа иштеп турган Султан Ибраимович себепкер болуп, ошол киши аркылуу өткөн.

1963–1970-жылдары партиянын Токтогул райкомунун экинчи секретары болуп иштеп жүрдүм. Жетимишинчи жылдары СССР Жогорку Советине депутат шайлоо компаниясы жүрүп калды. Мен Токтогул райондук округдук шайлоо комиссиясынын председатели элем. Ошондо Султан Ибраимовичке мен ишеничтүү киши катары да, үгүттөө-агитациялык иштерди алып баруучу жетекчи катарында да жакшы таанышып калдым. Ачык-айрым, кээде тамашалай да билген киши экен. Ошол жылдары кар оор түшүп, биздин районго техникалык жана материалдык көп жардамдарды берди. Ошондо иш үстүндө көпкө чейин бирге болууга туура келди.

Ошондой учурлардын биринде бир кызыктуу тамашаны унутууга болбойт. Өзүңүздөргө белгилүү Токтогулда чоңколор деген ат менен белгилүү болгон эл бар. Анан аны уккан ар бир инсан кызыгып, ал кишилер менен сүйлөшүп көргүсү келет эмеспи. Обкомдун секретары кайда болсо жанына областык гезиттерден бирден редакторун ала жүрчү. Анда "Ленин жолу" гезитинин редактору Асылкан Бөрүбаев да барып калган Ибраимов менен. Анан "Үч-Терек" совхозунун конторуна барып калдык. Бөрүбаев эмнегедир кармалып анан келди да, кайда жүргөнүн айтып калды.

–Мен тигил чоңколор дегенге барып, алар кандай эл болот десем, "Чоңколор жоюлган, калганы маданиятуу болду" дешти деп калды. Анда "Үч-Терек" совхозунун директору Кошбаев күлкүсүн жашырбай:

–Асылкан Бөрүбаевич, алар сизди айткан турбайбы–деди эле Султан Ибраимович да "Өзүңдү түшүргөн турбайбы" деп күлүп калды. Себеби андан мурда Асылкан Бөрүбаев партиянын областык Комитетинин айыл чарба иштери боюнча обкомдун секретары болуп туруп, ал иш жоюлуп кетип анан Бөрүбаев редактор болуп калган болчу.

Ошондон көп өтпөй эле Султан Ибраимович мени өзүнө аңгемелешүүгө чакырды да партиянын Лейлек райондук комитетинин биринчи секретарлыгына жөнөттү. Район отуруп калган экен. Ошондон улам кайра уюштурууга көп чарбаларды өзгөртүп түзүүгө жана бир топ курулуштарды жаңыдан курууга туура келди. Атап айтканда ошол жылдарда акыркы үч эле жылдын ичинде Султан Ибраимовичтин колдоосу менен райондун борборуна аэропорт куруу маселеси келип чыкты. Себеби өзүңүздөргө белгилүү Лейлек району областагы эле эмес, Республикадагы эң алыс район болуп эсептелет. Ошондон улам Исфанага аэропорт курулуп, "Як-40" самолеттору уча баштады.

Экинчиден эл чарбасы үчүн эң мааанилүү болгон Өзгөрүш совхозуна суу чыгаруучу насостук станциясын куруу маселесин койдум. Аны текшерип, маселенин тууралыгына ишениш үчүн Султан Ибраимович менен бирге республиканын жетекчиси Турдакун Усубалиевич Усубалиев да барды. Мына ошондон кийин насостук станция пайдаланууга берилип, натыйжада көптөгөн дың жерди өздөштүрүп, суулуу жерге айландырдык. Үчүнчүдөн Замборушта Ак-Суу дарыясына дамба куруп,суу чыгарып, 300 гектар жерди өздөштүрдүк.

Мына ушул курулуш иштери жөнүндө сөз болуп жатканда бүгүнкү күнгө чейин ишке аша элек бир маанилүү ойду айтпай кетүүгө болбойт. Лейлекте Жашыл-Кол деген жер бар. Ошондон 3 километрдей жерге туннел салса Ак-Суу дарыясынан суу чыкмак.Анда 10 миңден ашык жер өздөштүрүлмөк. Техникалык обоснование да түзүлгөн болчу. Бирок анда баарын Союз башкарып, Тажикстан каршы болот деген шылтоо менен бул маанилүү иш калып кеткен. Мына

суунун башы өзүбүздө турса да бүгүнкү учурга чейин "Төө-Жайлоо" сыяктуу кең жерге да суу чыкпай турат.

Жетимишинчи жылдардын башталышында кургакчылык өкүм сүрүп, кайрак жердеги арпалар бир карыштан көтөрүлбөй, кол менен жулдурууга туура келди. Кышында коомдук малга тоют жетишпей, ал тургай бак-дарактардын да бутактарын кыйып, алардын чырпыктарынан майдалап, тарттырып ийип, ун жасап, жемге кошуп берип калдык. Ошол оор жылдарда Токтогул, Чаткал, Каркырага чейин барып, чөп даярдап, Оренбург, Чүйдөн саман ташыдык. Ошол эле жылдарда райондун көптөгөн малга жайыттуу ыңгайлуу жерлерине малкана кашарларды курдук.

Ошондой кургакчылык учурларда Усубалиев менен Ибраимов барып калышты. Эгин жок, жайыт жок, кыпкызыл эле жыланач талаа.

–Эми эмне болот?–деп сурашты алар менден.

–Билбейм, обкомдун бюросу сөгүш берди, облисполком биздин районду жамандап, гезитке статья жаздырды. Менин ишти оңдоого болгон катуу талабыма чыдабай, айрым төмөнкү жетекчилер арыз жазышты–дедим. Көрсө ошол кездерде ачуум келип, настроение болуп жүргөм экем, эки дөө-шаадай жетекчиге катуу сүйлөптүрмүн. Биздин кылып жаткан иштерди көрүп келишкенден кийин, эки күндөн соң мага берген мурдагы сөгүшүн алып коюшканы жөнүндө билдиришти. Областтык гезиттер да биздин кылган иштер боюнча мактап жаза баштады. Облисполкомдун председатели Жангабылов жемден тынбай жардам берип калды.


1975-жылдын этегинде кечки саат сегиздерде Султан Ибраимович мал кыштоого барды. Эң алыскы "Коминтерн" совхозуна барып, түнкү саат 12ге чейин кыдырып жүрдү. Эртеси күнү да тынбай кыдырып,үчүнчү күнү "Лейлек" совхозуна бардык.

Мен Султан Ибраимовичти бул совхоздун º 2-бөлүмүнүн жайытына алып барууну сунуш кылдым эле, ал киши негедир "Булар мурда даярдап койгон" деген ойго келдиби, "º 3-бөлүмгө баралы" деди. "Көк-Таш" деген жерде көп мал бар эле. Дем алыш күнү болчу. Ошого карабай 50 адам бир скирдада тынбай иштеп жатышыптыр. Чөп майдаланып,



запарка болгон. Айтор иш кызуу. Аны көргөн Султан Ибраимович ыраазы болгонун жашыра албай:

–Болду, иштин жакшы жүрүп жатканына ишендим, кайттык–деди. Чамасы Ибраимов анча-мынча арыздардан улам,ишеничсиздик пайда болуп, баарын жеринде өз көзү менен көрүп чыгууну туура көргөнгө.



*1973-ж. С.Ибраимов Лейлек районундагы Өзгөрүш насос станциясынын ишке кирүү кезинде.*

Ошол жылдарда областык элдик контролдоо Комитетинин председатели болуп Щевцов Николай Филипович иштөчү. Ал киши барды деген жерлер чындыгында чочулап турар эле. Анын айткан сын-пикирлери бюродо каралып, айрым адамдардын тагдыры да чечилип калчу. Анан ал эч качан бир жерди мактаган эмес. Башка жетекчилерди билбейм, ал башка жерлерден напсикордук кылып оокат-тиричилик үчүн бир нерселерди алганын укмак тургай, ал түгүл бир жерде ага сый тамак берсе, анын акчасын да коюп кеткен деп укчуумун. Анан ошондой "Контролер" да Лейлекти бир жолу мактап келиптир. Анда айрым замандаштарым тамашалап, таң да калып жүрүштү. "Щевцовга анча-мынча иш жакчу эмес эле" дешип.

Султан Ибраимовичтин бир тажрыйбасы бар эле, ал киши бир райондон же чарбадан, болбосо башка областардан жакшы колдой турган иштерди көрүп калса, аны өзү биринчи байкап көрүп, анан башкаларга сунуш кылчу, ошол тажрыйбаны же жакшы ишти бардык жерге жайылтчу. Лейлекте да ошондой болду.

Биз коомдук малга жетишээрлик тоютту гана камдабастан, малдын башын өстүрүү менен андан алынуучу продукцияларды да көбөйтө баштадык. 1975-жылы райондо койдун башы 140 миңге, уй 980ге жетип, 300 баш жылкы күттүк. Мурда мынчалык сандагы мал болгон эмес. Уйларды бордоп семиртип, жакшы багып, андан алынуучу сүттүн килограммын арттырдык. Мен барган 1970-жылдары ар бир баш уйдан 1200 литрдин тегерегинде гана сүт алынып жүргөн болсо, аны биз 1975-жыл 2300 килограммга көтөрдүк. Ар бир баш койдон мурда 1,8–2килограммдан жүн алынып келинсе, аны 3,2 килограммданга жеткирдик. Мына ушундай жетишкендиктин аркасында биздин район ошондо республикалык "Ардак Тактага" жазылды.

Ушундан кийин малдан арбын продукция алуу жана көп сүт алуу боюнча ыкманы үйрөтүш үчүн Лейлек районунда 1975-жылы областык масштабда семинар болду. Ошондон кийин бир-эки апта ар кайсы райондордон тиешелүү адистердин аягы тыйылган жок. Алар биздеги иштин жетишкен жактарын өздөрүнүн ишинде колдонуп жатышты.

Биз ал жылдары айыл чарбасынан да арбын түшүм ала баштадык. Пахта эккен Коминтерн, Кулунду совхоздору ар бир гектардын асылдуулугун 30 центнерге чейин жеткиришип, мурдагы 5000 тоннанын ордуна жалпы дүң жыйым 8000 тоннага жетти. Бул областык масштабда аз болуп туюлганы менен биздин чарбалар үчүн мурда болуп көрбөгөндөй түшүм болчу. Алибетте ушул иштердин бардыгында Султан Ибраимовичтин колдоосу, туура жол көрсөтүүсү бар болчу.

1976-жылы Лейлекти ошентип көптөгөн түйшүк, кыйынчылыктардан кийин, канчалаган сынды угуп, акыры өзүмдүн билгендеримдин тууралыгын далилдеген соң, райондун чарбачылыгы өсүп, экономикалык жетишкендиктери областа алдыга чыга баштаган соң мени



Өзгөн районуна которушту. Ошентип партиянын Өзгөн райондук Комитетинин биринчи катчысы болуп он жыл иштедим. Мурда Лейлек районунда ар жүз койдон 70тен козу алынып келсе, аны 102ге кантип жеткиргендеги турмуштук тажрыйбамды Өзгөндө да колдоно баштадым. 1977-жылы Өзгөн району боюнча 100–107 миң кой бар экен, аны кыска убакытта 118 миңге жеткирдик. Эсимде бир 9-майрамда областык жыйын болуп, артисттер барып, төл боюнча жетишкен ийгиликтерибизди даңазалап ырдашкан. Чындыгында эле колдо болгон коомдук малдын 26% эгиз төл берчү. Мен турмушта ушуну байкадым,жайыт кең жана тоют мол болсо,мал семиз чыгып, арбын төл берет жана чыгаша аз болот. Айрыкча март айларында жаз жакшы келсе. Күн жылып турса, козу тез торолот. Тескерисинче жаз жаанчыл болуп, жерде баткак болсо козулар торолбой, ичи чычкактап, баткакка чыланып, кыйналып өлө берет. Жаратылыш жакшы келип, шарт жакшы болсо жогорку көрсөткүчкө жетишүүгө болот.

Бул бизге турмуш үйрөткөн сабактар болду.

Жогоруда Султан Ибраимович эмнени жакшы ишти байкаса, көрсө аны областка жайылтканын айтып кетти. Эсимде, мисалы областын башка райондору Ала-Бука районунан уйларга дрож берүүнү, Алайдан кой короо, кашарларды салууну. Ноокаттан айыл чарбасына техникаларды туура пайдаланууну, жердин маданиятын көтөрүүнү үйрөнүшкөн.

Султан Ибраимович жөнүндө айтса сөз көп. Бирок мен башка жолдоштордун айткандарын кайталап калбайын, андыктан өзүм байкаган мындай бир анын асыл сапаттарын айта кетмекчимин.

Султан Ибраимович башка чоң кызматтагы адамдарга окшоп бир жака барса эч качан узатуучу же өкмөттүк сакчы, коштоп жүрчүүлөрдү албайт эле. Жакшылык менен жамандыктарды бирге көрүп, жакшы иштерди жазсын деп дайыма областык үч гезиттин редакторлорунан алат болчу. Облустук семинарларга барганда биз менен чогуу эле автобуска чыгып алчу. Анан ошондой чогуу жүргөн кездерде ал учурдун белгилүү ырларынан болгон "Чагылган", "18 жаш" деген сыяктуу ырларды ырдап калаар эле. Азыркы

персоналдык пенсионер Бөпө Каримованы Султан Ибраимович Палина Каримовна деп калчу, бирге жүрүп калганыбызда "Кана Палина Каримовна, ырдай жүрүңүз" деп калчу.

Андагы жакшы сапаттардын бири ар кандай адам менен ээн-эркин болуп калганда колун кысып учурашып, жонунан таптап, күлүп, ажарын ачып сүйлөшөөр эле.

Кадрларды тандоодо ишине карап койчу. Эч качан бирөөлөрдүн ортомчулугу менен кадр тандаган эмес. Өзү анын ишине ынанып, көзү жеткенден кийин сунуш кылат эле. Анан койгон кадрына дайыма камкордук кылып, аны андан ары тарбиялап жүрөр эле.

Улутуна, уруусуна карап бөлгөн эмес. Ага ким болсун жакшы иштесе жакчу. Мен билгенден ошол кездерде өзбек туугандардан да бир топ кадрлар өсүп чыккан. Мисалы Эргашев М., Ахунов, райкомдордун биринчи секретарлары, Исакулов Жалал-Абадда исполкомдун председатели болуп иштеген. Башка улуттардын арасынан да ушундай жетекчи кадрлар ал кездерде кеңири өсүп, тарбияланып чыккан. Барган жерлерде бөлүнүп же каада күтүп калбай эле барбаландап бирге тамактана берер эле. Көрсө анын адамдары сыйлаган ак жүрөктүүлүгү, жөнөкөйлүгү, акылман улуулугу ашыкча экен. Ал чыныгы интернационалист болчу. Андай ак жүрөк адам көргөн, билгендердин, бирге иштеп, бирге жүргөндөрдүн көз алдында дайыма өчпөй, эске түшө берет экен. Арада ошондой ак ниет, чынчыл, таза инсандар көп болсо, жашоо турмушубуз канчалык тазарган болот эле. Андай адамдар дагы эле бар, бирок өтө аздыгы илгертен өкүндүрүп келген.

Канетсе да кийинки муундар үчүн биздин ушундай чакан эскерүүлөрүбүздөн тарбиялык мааниси бар таалим калса, биз ошого курсанбыз.



**Жуманалы НАСЫРОВ,**
**согуштун ардагери, манасчылар тобунун мүчөсү болгон.**

## ДААНЫШМАН ИНСАН

Султан Ибрамиович областык партиялык комитетин биринчи катчысы болуп иштеп турганда мен Араван райондук партиялык комитетинин идеологиялык боюнча иш алып баруучу үчүнчү катчысы элем.

Султан Ибраимович терең билимдүү, иш башкаруудагы даанышман көрөгөчтүгү, өндүрүштүн бардык тармактары боюнча, билгичтиги боюнча теңдеши жок өтө акылдуу адам эле. Ал гана эмес идеологиялык иштин татаал чатышкан маселелери боюнча да кылдат, терең анализ берүүчү, элдик чыгармаларга, элдик тарыхка өзгөчө көңүл бурган жетекчи болчу.

Айрым эстен чыккыс учурашуулар болгонун, айрым идеологиялык маселелерди чарчабай олтуруп угуп, өзүнүн терең ойлорун айтканын эстебей коюуга мүмкүн эмес.

Ал киши районго келгенде чоң-чоң учурдун маселелерин карап алгандан кийин, жайма-жай убакыт таап, кээде кечки маал райкомдун секретарлары менен тикеме-тике олтуруп сүйлөшүп калар эле.

Бир жолу мени сүйлөшүүгө чакырды. Партиялык кабинеттин кичинекей бөлмөсүндө олтурабыз. Бир-эки пияла чай ичишкенден кийин эле мага капысынан эле:

-Сизди жолдош Насыров, кыргыздын тарыхын, кыргыздын санжырасын айтат дейт,-дегенде мен бөтөнчө чочуп кеттим окшойт, анда ал кишимени сезе коюп,-жок, чочубаңыз, санжыра бул-элдин тарыхы, мен дагы билгим келгенинен сурап жатамын-деп менин далыма чаап эркелетип койду.

Менин чочуганымдын себеби, менин кыргыздын санжырасын Кыргызстан Илимдер Академиясы жаратпай, кайра жибергенин бул киши кайдан билди деп, өтө кабатырландым эле. Бул өтө сезгич кыраакы адам, менин шашкалактап сөз таба албай калганымды сезип, "Санжыраңызды Академияга кайра тапшырып келиңиз, мен сүйлөшүп койдум"-деп өмүр бою унутулгус кубанарлык сөздү

айтып турса болобу! Чоң адамдын ушундай билгичтиги, жакшылыгы эч убакта унутулбайт да! Ушундай аңгемеден кийин мен бөтөнчө кубанычта болуп, эми мен бул адамга кыргыздын санжыра ырын төкпөй-чачпай, жайма-жай айтып берейин деп ичимен камынып калдым. Ошондо ал киши:

-Жолдош Насыров, сиз кыргыздын чоң урууларынын бири-Солто элинен баштасаңыз-деди. Анда мен сүйүнүп Сары өзөндүк Солтолордон баштайын деп ырдай баштадым. Анда ал:

-Санжыраңыз ыр түрүндөбү?-деди.

-Ооба! Ата-бувалырыбыздан ыр түрүндө калган экен-деп, айта баштадым:

Сары Өзөндө Солто бар,
Күн туу менен Кул туулар.
Бөлөкбай менен талкандар,
Чаа болот экен акеси,
Суу мурун деген иниси!-десем:

-Токто, мен ошол Солтонун Суу мурун деген уруусунан боломун-деп каткырып күлүп жиберди. Мен ал, кишинин күлкүсүнө кубанып кошулуп ого бетер күлдүм да көңүлүм ачылган соң көтөрүңкү үн менен айта баштадым:

Солтонун өзү беш уул,
Ичинде жүрөт жети кул.
Өз балдары Бөлөкбай,
Күн Туу менен Татабай.
Култуу менен Талканбай,
Жети "Кул" солто ичинде.
Беш Көөдүк, Көгөй, Мааке,
Жоочалыш менен Төлөкө,
Ак Буура менен Асыл баш,
"Кулдары" жүрөт аралаш.
Ага-тууган карындаш,
Ынтымак кылса кары-жаш,
Ар кандай жоого алдырбас.
Башы болуп байгенин,
Кубатка келген бир келин,
Бул келиндин баласы,
Ээрчип келген Эсенбай.
Эл башкарып бийледиң,



Анын кул экенин ким билсин?
Эркелетет кул дешип,
Кыз алышып, кыз берип!-деп дагы айтамын дегиче:

-Жолдош Насыров-деди-мына өзүң айткан Жоочалыш деген уруу Жоодон келгендер, жоонун балдары аталып, Солто элине кошулуп жер алышып, малдуу болушуп, кыз алышып, кыз берип, эл болуп кеткенине өзүңчө таң каласың. Ошол убактагылар элдин биримдүүлүгүн чыңдоого айрыкча баа бергендигине кубанасың, азыркы биздин тилде айтканда элдик интернационализмдин эң жогорку көрүнүшү эмеспи.

-Мына азыр Араван районунда канча уруу кыргыз бар?-деди эле, дароо мен 12 деп жооп айттым,-Кана айтчы?-деди.

Монгуш деген уруудан,
Он эки уул туулган.
Кодогочун, Жапалак,
Жылкелди менен Соколок.
Төлөйкөн менен Сарылар,
Эрке кашка, Көк жайык,
Авастайдан Кара Баргы,
Мангытайдан Сары Баргы,

Балдары аман жатады-десем, күлдү дагы, ушул уруулардын башчыларын, аксакалдарын жыйнап Аксакалдар кеңешин уюштуруу-ушул учурдун зарыл талабы болгону турат деген оюн айтты.

Андан кийин Манас эпосуна, анын тарыхына өтүп кетти. Манас жөнүндө өтө көп тарыхый окуяларды билет экен. Эл журттун ажырагыс бүтүндүгү жана бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган ички биримдиги жөнүндө сөз сүйлөп, ошол Манас доорунда жети тилде, жети башка сөз сүйлөп, 70 урууну бириктирген Чоң Дөөлөт жөнүндө айтып келиш, анда эмне деген ырлар болгонун менден сурады.

Мен Манастын Меккеге зыярат сапары жөнүндөгү ырдан баштадым:

Атагы чыккан эр Манас,
Ажыга бармай болгону.
Беш пайгамбар колдоду,
Меккеге карай жолдоду.



*С.Ибраимов Эл арасында.*

Сулайман тоодо мейманда,
Жайнамаз салып олтурду.
Беш убак намаз окуду,
Башында Манас олтурду.
Ажыбай Ажы молдосу,
Алманбет, Сыргак, Токобай,
Кара жаак Каратай,
Ырамандын ырчы уулу.
Тынбай ырдап олтурду.
Жети жүз кыргыз урууну,
Төкпөй чачпай бирини.
Кааба Тилле Меккеде,
Айтып бермей болушту.
Ала-Тоо кыргыз элинен,
Салам айтмай болушту!



-Мына -деди ал киши, -700 уруунун башын бириктирген улуу Манас биз үчүн керемет, биз үчүн чоң максат.

Манас айткан насийкат,
Ырыс алды ынтымак.
Ынтымак болсун ар убак!-деп ырдап жиберсе болобу. Мен ушул күнгө чейин ал кишинин ушул ырын Манас айткан сайын кайталап айтчу болдум.

Ошол аңгемелешүүнүн акырында мени акылдуу көз карашы менен карап:

-Жолдош Насыров, эми менин эң акыркы суроом бар. Сизди молдо дешет экен чынбы, динди качан үйрөнгөнсүз? Чочубастан эле айтсаңыз болот?-деп өтө сый менен адамгерчилик мээримдүүлүк менен оң колумду басып туруп жылмайды. Мен дароо эле жооп кайтардым.

-Султан Ибраимович, мен эч убакта калп айткан адам эмесмин. Мени ата-энем жаш убагында динге окуткан экен-дедим.

-Мына туура сөз!-деп менин жообума ыраазычылык билдирди да:-Улуу Ленин мындай деген экен-деп орусча Лениндин сөзүн айтты:"Коммунистом стать можно лишь тогда, когда обогатишь свою память всеми теми знаниями которую выработала человечество!". Анан ойлонуп туруп:

-Куран китебинде уруулардын ынтымагы жөнүндө сүрө бар дейт го?-деди.

-Туура айтасыз-дедим,-Курани Каримде Сурен аль Хунгураат деген курандын 49-сүрөсүндө Алланын уруулардын ынтымагы жөнүндө айтылганы бар, анда Алла Таала: "О, пенделерим! Мен силерди эл кылып, уруу-уруу кылып жараттым. Силер бириңерди-бириңер урмат кылгыла, бириңерге бириңер кыянаттык кылбагыла, дайыма ынтымакта болгула!-деген экен дедим.

Анда ал киши ойлонуп туруп:

-Жолодш Насиров, партиялык пропаганда динге туура мамиле кылууну талап кылат-деп, сөзүн жыйынтыктады.

Мен ого бетер кубанычка бөлөндүм. Ошол аңгемелешүүдөн кийин мен дайыма эле биз терең акылман, теңдеши жок көрөгөч, билгич, улуу киши менен жүргөн турбайбызбы деген ойго келдим!

Алибетте, ошондой болчу.

**Эркин ТУРДУБАЕВ,**
**персоналдык пенсионер,**
**Ардак белгиси орденинин ээси.**

## ӨНДҮРҮШКӨ ӨЗГӨЧӨ КӨҢҮЛ БУРЧУ

1958-жылы Фрунзедеги политехникалык институтту бүткөндөн кийин мен биринчи эмгек жолумду Сумсар кенинде жер астында тоо мастеринен баштадым. Кыргызстандын тоо кен өнөр жайындагы жетекчиликте иштеген жергиликтүү калктын биринчи өкүлү болуп калдым. Менин оюмча республикадагы түстүү металлургиянын өнүгүшү жана өсүшү үчүн менин өзүмдүн дагы аз эмес салымымды коштум деп ойлойм.

1968-жылдан Султан Ибраимовичтин кайгылуу өлүмүнө чейин он эки жылга созулган мезгилде мен аны менен бирге болбосо да, анын зор таасири астында иштеп жүргөндүгүм менен сыймыктанам.

Партиянын Ош областык Комитетинин 1-секретары болуп шайланган 1968-жылдын баштарында мен Кадамжайдагы Фрунзе атындагы сурма комбинатынын курамында болгон Терексай тоо кенинин директору болуп иштеп тургам. Анын багыттамасы менен мени Кадамжайдагы сурма комбинатынын директорунун орун басары кылып алып кеткенге чейин 6 жылдын ичинде Чаткалдагы тоо кенге ал бир жылда атайын да же жолдон кеми эки жолу барып турчу. Ал кездерде түстүү металлургия Ош областында эле эмес бүткүл Кыргызстан боюнча өндүрүштүн бирден-бир эң маанилүү тармагы болуп эсептелген. Түстүү металлургиянын кендери, анын түрлөрү Ош областында же Түштүк Кыргызстанда жайгашкандыктан айрыкча сурма жана анын куймаларын өндүрүүгө көбүрөөк көңүл бурулчу. Ошон үчүн да областын жетекчилери, айрыкча Султан Ибраимович Терексай тоо кенине өзгөчө көңүл буруп, аны дайыма сарасеп менен анализдеп, көзөмөлдөп, ошондой эле кенчилердин Терексай поселкасынын калкынын турмушунун жакшырышына, алардын социалдык-экономикалык абалына назар салып, көтөрүүгө көңүл бурчу.



Мен эч качан билбеймин, эгерде Султан Ибраимович Чаткалга келип калганда Терексайга токтоп, бир-эки саат алабал менен таанышып кетпеген учурун. Партиянын ошол кездеги биринчи секретары Абдуваит Тажибаевич Тажибаевтин коштоосунда тоо кениндеги иштердин абалы боюнча маалыматтарды жана жаңылыктарды угуу менен алар тамак-аш, соода мекемелерине, тейлөө уюмдарына киришчү. Тоочулардын поселогу анчейин чоң эмес болсо да Султан Ибраимович бир нече минуткабы, сааткабы токтоп, жумушчу калктын турмушу, жумушу, алардын чечилбей жаткан маселелери боюнча аңгемелешчү. Кетээрдин астында өзүнүн сын-пикирлерин, ой-максаттарын айтуу менен канткенде жакшыртса болор сунушун берчү. Ошол эле учурда ал өзүнүн жардамчыларына жана райондун биринчи катчысы Тажибаевге айтылгандардын аткарылышына милдеттендирчү.

Ошондон кийин анын айткандарын, сын-пикирлерин аткарбай көр. Султан Ибраимовичтин айткандарын аткарууга алибетте Абдуваит Тажибаевич жана башка жетекчилер жардамдашчу. Султан Ибраимовтун иштеп турган мезгилдеринде биздин поселкага пландуу түрдө эки жолу баруусу болду. Аны менен бирге областык партиянын секретары Лосовский да болду. Ошолор менен комбинаттын директору Герасимов Иван Константинович да болгон. Экинчи жолкуда Шириков Виктор Афанасьевич жана башка жоопту кызматкерлер барышкан.

Тоо ишканасында жетекчилер болгондо дайыма таанышуу шахтыдан башталып, анан башка обьектилер көзгө тутулчу. Бардыгы шахталык атайын кийимдерди кийгенден кийин Султан Ибраимович мени ушундай бир күлүмсүрөө жана сүйкүм менен карап анан мындай деди:

–Мага кенчилердин кийими жарашабы же жокпу? Баары күлүп калышты. Мен мындай дедим:

–Сиз кадимки тоочу, бекиткич болуп калдыңыз. Тоочу жана бекиткичтер бизде демейде сиздей узун бойлуу жана күчтүү болушат. Бул–шахтерлордогу эң коопту кесиптердин бири.

Биз кайда алпарсак, жер астындагы шахта иштеринин бардыгында болуп жатты, менин оюмча ал кокустуктардан

коркпостон туруп, шахтерлордун жер астындагы иштери менен кеңири таанышкысы, алардын оор жумуштары жана айрым коркунучтар жөнүндө билгиси келип жатты.

Шахтыдан кийин алар кенди байытуучу фабрикага келишти. Байытуучу фабрикада аялдардын да эмгеги пайдаланылат. Фабрикада бир жолу бир жумушчу аял Султан Ибраимовичке кайрылып, бул оор жумушта өтө керек болгон сүт азыгын көбөйтүп берүүнү суранды. Менин билишимче бул айтылган пикир Сумсарга сүт өндүрүү пунктун куруу менен тез арада чечилди.

Өндүрүштүк жана тейлөө тармактарын кыдырып чыгышкандан кийин сөзсүз түрдө тоо кенинин жетекчилери менен анчалык чоң эмес кеңешме өткөрүлчү. Андай кеңешмеге Султан Ибраимович катышчу. Анда ал сүйлөгөндөн көрө көп укчу. Бирок ар бир жолу ал кыскача гана өз оюн билдирчү. Ал так, кыска жана сөзсүз түрдө тоо кенинин алдыдагы перспективасы жөнүндө айтчу.

Негедир мен ал күндөрдү минтип да ойлоор элем: “ Ал бизге келди, цехтерди кыдырды, баарын аралады, шахтага түштү, убактыбызды алды, мындан эмне чыкты? Кыргызстандын 35 процентин түзгөн Түштүк Кыргызстандагы биздин тоо кенинде мындан ары өзгөрүү болобу? Кандай жаңылыктар киргизилет?” Мен андан кийин бир эле жолу эмес, бир нече жолу ишеничте болдум, ал чоңбу же кичине маселегеби, чоң райондобу, кичинедеби, чоң шаарданбы же биздикиндей кичинекей поселоктонбу тыянак чыгарат экен. Анын бир мисалы катары областык бир кеңешмеде минтип айтканы бар эле: “Эгерде биздин областагы алыскы айыл жергесиндеги Чаткалдын же Чаткал өрөөнүнүн элдеринин маселелери айыл чарбасына байланыштуу болсо, Терексайдын тоо кенчилеринин маселелери туура өнөр жайлык багыттагы маселелер болуп эсептелет”. Ал чамасы областык борбордон бул райондун алыстыгын эске алдыбы деп калдым. Ошондон да тоо кенчилерди бөлүп көрсөтүүсү өзгөчө камкордук болчу. Бул тим эле акыл масштабы зор адам экендигин мен ошондо түшүндүм.

Ошол жылдары терексайлыктардын эсинде кала тургандары биздин республиканын биринчи жетекчилеринин



келиштери болгон. Биринчи жолкусунда Төрөбай Кулатовдун келиши, экинчисинде Турдакун Усубалиевич Усубалиевдин барышы. Алибетте алардын келүүлөрү бир эле Терексай менен байланышкан эмес. Алар жалпы эле Чаткал өрөөнүн кыдырышкан.



*1976-жыл. Кадамжай сурьма комбинатында. Т.Кошоев, С.Ибраимов, Б.Каримова, Э.Турдубаев*

Мен бекем ишенгем, алардын келүүлөрүнүн эң себепкери Султан Ибраимович болгон. Ошол кездерде борбордук гезиттерде СССР Жогорку Советинин сессиясындагы депутат катары Султан Ибраимович Ибраимовдун сүйлөгөн сөздөрү басылган. Анын сөзүнүн эң негизги мааниси Чаткал өрөөнүн өздөштүрүү болгон. Чаткал өрөөнүн өздөштүрүүгө байланыштуу биздин Терек-Сай тоокенбиз да жөнүндө кыскача справка берип кеткен. Биздин биринчи секретарыбыз Абдуваит Тажибаевич кандайдыр бир күнү мени чакырды да мындай милдеттерди койду. “Эркин сен аткаруу комитетинин мүчөсү жана райондогу өнөр жай

секторунун жетекчиси катары Чаткал дарыясына терс дарыянын куйган жериндеги асканы уратуу менен 400 метрлик жол салууну колго ал. Бул деген эч качан адамдын колу тийбеген Бел-Арал, Баркырак-Сай жана башка өздөштүрүлбөй жаткан жерлерди пайдаланууга алып келет. Биз ошол Чаткалга чоң көпүрө салууга жана жаңыдан өздөштүрүлүп жаткан Ак-Таш совхозуна жол салууга мүмкүнчүлүк алабыз". Мен керектүү адистерди техникаларды алуу менен биз иш жүргүзүүгө тийиш болгон участкага жөнөп кеттим.

Бардыгын чамалап чактап көрүп чыктык. Тапшырманы аткаруу үчүн биздин колдо болгон техникалар жана курал жарактардан тышкары жок дегенде бир С-100 бульдезору жана ЮМ-3 көчүп жүргүзүлүүчү компрессору керек болду. Абдуваит Тажибаевдин көрсөтмөсү боюнча Султан Ибраимовичке бардым. Ал менин эскертүүсүз эле келгениме карабастан дароо эле кабыл алды. Сүйлөшүп көрүп ал мени түшүндү. Менин көзүмчө партиянын Наманган областынын биринчи катчысы Ибрагимов Мирзали Ибрагимовичке телефон чалып, менин иш маселемди түшүндүрүп айтты. Ал:

— Чаткал дарыясынын боюндагы аскалуу жердеги жолду куруу үчүн биргелешкен күч керек, ал келечекте Өзбекстандын Фергана өрөөнүндөгү малы үчүн жайлоону пайдаланууга алып келет — деди.

Сүйлөшүп бүткөндөн кийин Султан Ибраимович мени Наманган областтык аткаруу комитетинин башчысынын биринчи орун басары Тен Хайгюнь Тозоновичке жөнөттү. Кыскасы Султан Ибраимовичтин жардамы менен биз жолду курдук жана Чаткал дарыясына салынган көпүрөнү курулушуна катыштык.

Төрөбай Кулатов катышкан Чаткалдагы салтанатта биздин 6 адам баалуу белектер менен сыйланышты. Мен дагы унутулганым жок. Мени жогоруда айтып кеткендей 1973-жылдын 6-октябрында Султан Ибраимовичтин сунушу менен Кадамжайдагы Фрунзе атындагы сурма комбинатынын директору кылып жиберишти. Фрунзе райкомунун биринчи секретары Нургазиев Мухтар Нургазиев:

–Эркин Турдубаевич, коммунисттердин отчеттук кайра шайлоо чогулушунда сизди комбинаттын партиялык



комитетинин секретарлыгына сунуш кылганы жатабыз– дегенден кийин мен бул кызматымда көпкө иштегеним жок. Ошондо Нургазиев минтип кошумчалаган:

–Бул өтө жоопту кызмат, ал эми директордун орун басарлыгын сен экинчи ишиң катары аткара бересиң.

1973-жылдын аягынан баштап мен комбинаттын бошотулган парткому катары иштей баштадым. Бир нече убакыттан кийин Мухтар Нургазиевдин сунушу менен мени партиянын райондук комитетинин мүчөсү кылып шайлашты. Кадамжайдагы Эмгек Кызыл Туу ордендүү Фрунзе атындагы сурма комбинатынын ишин терип-тепчип айтуу мында кереги жок деп эсептейм. Ал жөнүндө Кыргызстан эле эмес, Союз билген. Мен партиянын Ош обкомунун биринчи катчысы Султан Ибраимович менен кездешкен жана иштешкен кездерди ар убак эске салгым келет.

Кадамжай районунда ал тез-тез болуп тургандыктан биздин жаныбызда иштеп жаткандай туюлчу. Сурма жана анын кошулмаларынын Союзда баалуу сырье экендигин жана ал дал ушул Кадамжайда гана тургандыгын баары билчү. Ошондон улам да республиканын биринчи кишиси Усубалиев Турдакун Усубалиевич жыл сайын болуп турчу. Борбордук Комитетинин секретарлары А. Масалиев, К. Кулматовдор кезек-кезек келип турушчу. Келечекки Министрлер советинин председатели Сүйүнбаев Акматбек Сүттүбаевич да болгон. Мен иш баштаган биринчи күндөрү СССРдин түстүү металлургия боюнча Министри Ломако Петр Федорович да комбинатка келген. Алибетте алар менен кошо дайыма Султан Ибраимович боло турган. Чоң кызматтагы жетекчилер келгенде комбинат эле эмес бүткүл райондун маселелери коюлчу. Султан Ибраимовичтин көрсөтмөсү менен чоң кызматтагылар келгенде мен катышпаган бир да мезгил болбосо керек. Биз Союздун Министри Петр Федорович Ломако менен Султан Ибраимовичтин иш боюнча байланышы бар экенин билчүбүз.

Комбинатта Министерствого байланыштуу маселелер чыгып калганда биздин чечүүгө кудуретибиз жетпей калчу. Анан алибетте Султан Ибраимовичке кайрылчуубуз. Ал Москвага бир жолку барууунда Кадамжай жана Хайдаркендеги чечилбей жаткан маселелерди койгон жана



*Кадамжай районундагы Бүргөндү массивиндеги беде аянтында.*



ал маселелер ийгиликтүү чечилген. Бир жолу Султан Ибраимович Комбинаттын каралып жаткан ишине катышып калды. Кадамжай сурма комбинаты чынында 1933-жылдан иштей баштаса дагы анын продукциясы 1936-жылдан чыгарылып келатат деп айтылып жүрөт. Султан Ибраимович иштегенге чейинки кездерде түстүү металл боюнча комбинаттын сырьелук запасы 15-17 процентти түзгөн. Калган сырьелор Якутиядан келген. Тажикстандын Анзабский комбинатынан түшкөн. Ошон үчүн Султан Ибраимович сырьелук базаны көтөрүүгө жан оту менен киришкен. Ал комбинаттын жетекчилигине дайыма ушул маселени койгон.

Бир жолу биздин районго келүү менен комбинатта болуп, ал комбинаттын директору Кайзер Александр Александровичке геологдор сурма бар деп эсептеген Совет районундагы Алай кырка тоолорундагы "Саважарды" деген жерге адистер менен барууну сунуш кылды. Ал жерде Кайзер жана биздин адистер болушту. Андан кийин биз Совет районунда чөптө болгонубузда мен комбинаттын башкы геологу Наивен менен ошол сурма булактарын көрдүк. Андан биз нак сурма экенин тааныдык. Алибетте кең чыккан жер өтө алыс жана көп маселелүү болчу. Бирок ал келечектүү. Комбинаттын жетекчилиги өз сырьесун табууда жана көтөрүүдө салкын мамиледе калган жок, дайыма аракетте болду "Новая" шахтасы Кадамжай металлургиясы менен туташкан. Терексай тоо кенинде изилдөө иштери жүргүзүлүп, сурма арасында болгон кендер табылган.

Булар аз болсо дагы өз сырьесун көтөрүүгө көмөгүн берди. Мындай мисалдарды көп эле келтирүүгө болот, бирок баарын жазып бүтүүгө мүмкүн эмес.

Султан Ибраимович алибетте бүт Ош областында, анын ичинде биздин райондо да агрардык иштерди чечүүгө көп

көңүл бурган. Айыл чарба маселелери дайыма болгон, болуп жатат жана боло берет, аны биз бүгүнкү турмушубузда да сезип жана туюп жатабыз. Ошон үчүн анын көпчүлүк убактардагы келүүлөрү айыл жергеси менен байланыштуу, ага тиешелүү болгон. Анын мисалы катары Бүргөндү массивин өздөштүрүүсү эске түшөт жана ага биздин өнөр жай кызматкерлери толук кандуу катышкан.

Бүргөндү аймагын өздөштүрүү биздин райондо эле эмес областа маанилүү болду. Райондун жетекчилери өтө катуу иштеди бул маселеде . Мен аны райондук партиянын бюро мүчөсү катары жоопту иш деп сездим. Ушул маселени үстүндө айрыкча Мухтар Нургазиев катуу иштеп, аны күндөлүк орчундуу иш чарасынан алып койгон эмес. Бир нече жылдар бою Кадамжай жана Айдаркен комбинаттарына партиянын бюросунун чечими менен жаңы жерлерди өздөштүрүү коюлуп жатты. Өздөрүнө көнүмүш эмес айыл чарба иштеринде иштөө өнөр жайчылар үчүн жеңилге турган жок.

Бирок, биз бардык тапшырмаларды аткаруу менен ал дың жерлерди өздөштүрдүк жана аны жаңыдан уюштурулган "Бүргөндү" совхозуна өткөрүп бердик. Бизди бул иштерге улам келип туруусу менен Ош обкомунун биринчи секретары Султан Ибраимович Ибраимов шыктандырып турду. Менин эсимде калгандардан ал биз иштеп жаткан "Бүргөндү" аймагына тез-тез келип турчу жана түшкү тамакка чейинби, андан кийинби адамдар менен аңгемелешип, анча-мынча бир пияла чай да ичип калчу. Өтмө маанисинде деле, так айтканда деле ушундай чоң адамдын бул жерде биз менен турушунан улам бул иштин өтө маанилүү экенин сезчүүбүз.

1977-жылдын октябры айында мени обкомпартиянын секретары Донченко Евгений Александрович чакырып калды.



Ага баруу менен биз экөөбүз Султан Ибраимовичке кирдик. Мага областа анчейин өсүштү алып келбеген бардык тейлөө уюмдарынан биригип "Ошоблснаб" деп аталган жаңы мекемени жетектеп берүүнү сунуш кылышты. Мен ага барууга эч көңүлүм болбосо да, андан баш тартууга мүмкүн эмес болчу. Анткени кымбаттуу, мен сыйлаган Султан Ибраимович айтып жатпайбы. Областык жетекчи болуу менен Султан Ибраимовичтин жанында иштеп жүрүү жоопту жана оор болду. Бирок көңүлүмдү мен өзүмдү аябай эркин сезчүмүн. Андан кийин Султан Ибраимович республикалык жетекчиликке кетти. Келечекки Министрлер Советинин Председатели биз менен аңгемелешүүгө дайыма убакыт тапчу. Ушул жерден мен бир нерсени айтып кетейин, ал өзүнүн өтө убактысы жок экендигине карабастан жумушчу-кызматчылар менен дайыма тыгыз байланышта болчу, кичине болобу, чоң болобу ал дайыма баарыбызды тегиз ишти алга жылдырууга үндөчү.

Султан Ибраимович өзгөчө өзөктүү адам болуу менен, өндүрүштүк-чарбалык иштерди уюштурууда баа жеткис табылгаларга, тажрыйбага, тапкычтыкка, уюштуруучулукка, талап кылуучулукка ээ болгон. Бул тим эле Кыргыз жергесинин алтын уюткусу эле. Анын кайгылуу өлүмү менен биз көптү жоготтук.

**Жылчынбай ЖУСУМАМАТОВ,**
**эмгектин ардагери,**
**Кара-Суу району, Папан айылы.**

# СУЛТАНДЫ ПАПАНДЫН ЭЛИ УНУТПАЙТ

## 1. Жол салууга жол алдык

Султан Ибраимович жөнүндө эл ичинде өтө жакшы пикирлер туулуп, аны түштүктүн эли көзү өтүп кетсе да эстеринен чыгарбай эскерип жүрүшөт. Алибетте, бул да бекер эмес. Анткени ал эл үчүн далай жакшы иштерди аткарган. Ар ким билгенинче айтаар, бирок жазуучу акын Таш Мияшев Султан жөнүндө эскерүү бербейсизби дегенден сөздү эмнеден баштаарымды билбей бир топко ойлонуп жүрдүм. Анын үстүнө жаш кезимде мен гезиттерге анча-мынча макала жазып жүрсөм да калем менен такшалбай калгандан улам кыйла тайсалдадым. Ошондой болсо да өз эскерүүлөрүмдү кагазга түшүрүп, ушул макаланы жазууга туура келди. Канткен менен да ошол учурларда мен "Папан" айылдык Кеңешинин төрагасы болуп иштеп тургандыгымдан улам да мага көптөгөн цифра-фактылар, ал кездерде иштеген жана салымдарын кошкон адамдардын ысымдарын, жылы, ал тургай числосунан бери таап алуума жакшы жагдайлар түзүлдү.

Султанды мен 1965-жылдан 1973-жылга чейин иштер боюнча жолугушуп, көрүп жүрдүм. 1973-жылдын 14-августунда райондук жетекчилерди Папанга жыйнады. Анын негизги максаты ошол жылы тоют маселеси кыйын болгон мезгил эле. Суулуу жерлерден анча-мынча түшүм алынып, кайракы жерлерден түшүм алуу кыйын болуп калды. Көрсө Папан сыяктуу алыскы жерлердин мурда тоюту топтолбогон жайлоолорундагы кесек тоют керек болуптур. Бирок андай жерлерге техника менен баралбайсың, бардык иш кол күчү менен аткарылат. Папандагы чоң жыйынга Султан Ибраимовичти утурлап, мен жазып калтыргандардан төмөнкү жетекчилер барган эле. Кара-Суу райкомунун биринчи катчысы Абдыразаков Кадыркул өзү баштаган "Кеңеш" совхозунун директору Каримова Амиракан, Ленин атындагы колхоздун төрагасы Абдуллаев Шермамат, Фрунзе атындагы колхоздун төрагасы Чыкыев Эргеш, "Коммунизм" колхозунун төрагасы Таиров Гапыр, Төлөйкөн совхозунун директору Заиров Маматазим, Калинин колхозунун төрагасы Калматов Мамасадык дагы ушулар сыяктуу райондогу чарбалардын, мекеме-ишканалардын жетекчилери жана башка тиешелүү активдер барышкан. Мен булардын бардыгынын болбосо да айрымдарынын аты-жөнү, кызматтарын келтирип жаткандыгымдын себеби райондогу алар катышпаган бир да орчундуу иштер болчу эмес. Анын үстүнө Папанга жол салууга алар биринчи кезекте активдүү катышышып, алардын уюштуруучулугу, С. Ибраимовдун жетекчилиги менен көп иштер ыкчам, сапаттуу бүткөрүлгөн. Ал иштердин көпчүлүгүнүн чарбалык эле эмес, райондук, областык, ал тургай республикабыздын эл чарбасын, экономикасын көтөрүүдө зор мааниси болгон.

Ошентип Султан Ибраимович Папанда чоң жыйын өткөрүп, мурда өзү көрбөгөн Кулунарт, Айкөл, Кара-Сөгөт, Саткын, Чоң-Дөбө, Берки-Суу, Ата-Мерек, Күмбөз, Суулуу-Жер, Жылаңач деген аймактарды, талааларды, булуң-бурчтарды сурап, менден "Папан" айылдык Кеңешинин төрагасы катары дагы көптөгөн кызыктуу суроолорду берди. "Ал жерлердин аянтын чама менен айтыңызчы, тоюту кандай, болумдуулугучу" деп ал тургай чөптүн түрлөрүнө чейин маалымдап билди. Мен ошондо ал кишиге ушунчалык көптү билерлигине, жөнөкөйлүгүнө, адамгерчилигине, адам менен бир тууганындай сүйлөшкөнүнө тан бердим.

Папандагы элдин саны, жашоо тиричилиги, турмушу жөнүндө да көп кызыкты. Лаглан, Кожо-Келен, Чөгөм, Кичи-Алай элинин санын, шартын да майдалап сурап билүүнү унуткан жок. Ал айылдардын кайсынысы Кара-Суу, Араван, Ноокат райондоруна баш ийет жана кайда, кантип иштешет деп билди. Тоо ичиндеги чоң жолдору жок мындай айылдардын элинин каттоосу, соода-сатыгы тууралуу да изилдеди. Алибетте мен алардын бардыгына билгенимче жооп бердим. Анын үстүнө мактанычэмес, өзүмдүн аймагым тууралуу аки-чукусү, бала жатагына чейин билбесем С. Ибраимовго уят болмокмун. Башка активдер да Султан

Ибраимовичтин суроолоруна толуктап жооп берип жүрүштү. Ал элди тейлөө, ашкана, оорукана, мектеп, маданият боюнча да көп кызыкты.

Анан Кичик-Алай, Чөгөм, Кожо-Келенге чейин аттуу баруу керек экендигин билдирди. Бирок ал жылы областык жетекчи катары СССР Жогорку Советинин сессиясына, анын атайын комиссиясына маалыматтарды, эсеп-кысап иштерин даярдап жүрүп убактысы болгон жок. Анан эле Султан Ибраимов 1974-жылы 15-августка чейин Кожо-Келенге барат экен деген кабар угулуп калды. Ал үчүн биз да маалыматтар менен чыгып, Султан Ибраимовичтин келе турган күнүн тактадык. Күнүн, саатын билип, ал киши 14-августа эртең мененки саат алтыдан баштап аттанып чыгып, бардыгы 30 атчан болорлугун билдик. Алардын арасында куруучулар, жер ченеп изилдөөчүлөр, долбоор түзүүчүлөр, ишти аткаруучулар, облисполкомдун курулуш бөлүмүнөн өкүлдөр, электр, телефон тармактарынан, акча бөлүүчү тармактардан адамдар бар экен.

Мен 12-августа эрте менен партиянын Кара-Суу райкомуна бардым да, ачык-айкын иш-чараларды белгилеп, көрсөтмөлөрдү, тапшырмаларды алдым. Ал тапшырма боюнча мен Кожо-Келенге барып, эки боз үй тигип, кайра эртеси келип, атчандарды тосуп алдык. Султан Ибраимов баш болуп, 14-августа 1974-жылы Кожо-Келенге жол тарттык. Мурда бизге айтылгандай 30 эмес 28 атчан адам болду. Жолдо баратканда Ноокат, Кара-Суу жана Араван райкомдорунун биринчи катчылары А. Өсөров, К. Абдыразаков, М. Ахунов жолдоштор облустун биринчи катчысына суроолорго жооп беришип, түшүнүк берип жүрүштү. Кичик-Алай жана Чөгөм боюнча кеңири маалымат алуу үчүн Ак-Талаада болуп, жогорудагы аталган жайлоолор боюнча алыстан билдиришти.

Ошол учурларда кара атчан бир аял бир баланы учкаштырып, бирин өңөрүп алдыбыздан чыгып калды. Кичик-Алай менен Чөгөм биз бараткан багыттан жолдон чет жана ыңгайсыз болгондуктан ал аялдын Султан Ибраимовичтин жолунан чыгып калганы жакшы болду белем, аны менен мурдагы таанышындай саламдашып, 10–15 мүнөттөй ар нерселерди сурамжылап туруп калды. Ал аял да жоопту так түшүнүктү айтып эл-журттун жашоо-тиричилиги, жолу



жөнүндө кеңири сүйлөшүштү. Ал аялды кийин сурамжыласак Кичик-Алайлык Үлүш деген келин экен. Азыр да айылда көп балалуу эне, бул жөнүндө ошондо айылдыктарга айтып берсе керек.



*Тоолорду атчан кыдыруу.*

Ошентип аттуу сапарыбыз уланып отурду. Папан–Кожо-Келенге чейин кандай жол болот, кайсы жерлерге канча көпүрө салынат деп сүйлөшүшүп, керектүү адистер менен макулдашып, белгилеп баратышты. Көптөгөн сүрөттөр алынып, эскиздер түшүрүлдү. Эртең менен саат алтыда жөнөсөк, Кожо-Келенге түнкү саат 10го барып жетип, ошол жерде түнөдүк.

Мурда айтылгандай Кожо-Келенге 2 боз үй жана 2 чатыр тигилген эле. Биринчи боз үйгө С. Ибраимов, К. Абдыразаков, З. Өсөров, М. Ахунов жана мен болуп орун алдык. Ал жерлерге да кроваттар коюлган болчу. Экинчи боз үйгө

областын бөлүмдөрүнүн башчылары башка жоопту кызматкерлер жатты.

Эртең менен көргөн-билген жерлер, жол куруунун башка иштери боюнча ой-пикирлер айтылды. Жайыттар, андагы чөптөр, ал тоюттарды оруп алуунун чаралары, биз аралаган жерлердин кендери, токойлору, уй, топоз, жылкы жана кой-эчки сыяктуу төрт түлүк малы жөнүндө сөз болду. Султан Ибраимович баштаган райкомдун жетекчилери–6 киши болуп вертолет менен, ал эми калгандарыбыз аттуу кайттык.

## 2. Жол курулушунун башталышы жөнүндөгү баалуу документ

Бул документ жөнүндө сөз кылып кетпесем Папап–Кожо-Келен сыяктуу экономикалык стратегия үчүн келечектүү жолдун тарыхы толук болбой калаар.

Ошентип Султан Ибраимовдун тупадан-туура көрсөтмөлөрү, ошол учурда баштоочулары Москвада турган жетекчиликти ынандыруу, келечегине ишендирүү, эң башкысы экономикалык-финансылык каражаттарды таап, бөлдүрүү сыяктуу аракеттеринин натыйжасында документтер даярдалды. Анын бири ушул ТОКТОМ болуп эсептелет. Жол курууга ал кездеги жетекчилердин кошкон салымдарын, кимдер катышкандарын тактык үчүн келечкки муундардын унутпашы үчүн мүмкүн болушунча толугураак келтирдим.

"Кыргызстан Компартиясынын Кара-Суу райондук Комитети жана Кара-Суу райондук Советинин эл депутаттарынын аткаруу Комитети Токтом кылат

Кара-Суу шаары. №523 24-сентябрь, 1974-жыл.

"Ак-Буура дарыясынын баш жагындагы жайлоолорду жана анын чөбүн пайдалануу үчүн райондор аралык автомобилдик жолдун курулушуна катышуу жөнүндө"

Райондун Боз-Тектир, Чал-Куйрук, Жол-Чырак, Чөгөм, Кичик-Алай, Кайыңды, Жиптик, Ой-Тал, Сары-Кой аймагында тоют даярдоо жана жайлоо катары пайдалануу үчүн он жети миң гектардан ашык жер жатат. Биздин райондун беш чарбасы бул жерлерди жайкы убактарда өзүнүн малдарын кармап багуу үчүн пайдаланып келе жатат. Малды



жеткизүүчү жерге чейин жана Кожо-Келен поселогуна жетүү үчүн 40 чакырым жерди атчан жүрүп өтүүгө туура келет.

Жаңы жайлоолорду өздөштүрүү малды кыштатуу үчүн ошондой эле райондун чарбаларынын суроолорун жана Кожо-Келен, Чөгөм айылдарынын жашоочуларынын талаптарын эске алып, Кыргыз ССРинин Министрлер Советинин 1974-жылдын 27-майындагы № 227 Токтомунун негизинде Кыргызстан Кпнын Кара-Суу райкомунун жана эл депутаттар райондук Советинин Аткаруу Комитети

Токтом кылат:

1. Кожо-Келен жайлоолорунан жол салуу иши 1974-жылдын сентябрь айынан башталсын. Биринчи кезекте суу киргенге чейин Кожо-Келен, Кичик-Алай жана Чөгөмгө чейин жол 1975-жылдын май айына чейин бүткөрүлсүн."

Андан кийин Токтомдун экинчи бөлүгүндө ага жоопту жетекчилер-Фрунзе, Ленин, Калинин колхоздорунун, Кеңеш, Төлөйкөн совхоздорунун жетекчилери айтылып, 30 сентябрга чейин заказчик-буюртмачы болгон "Жолду пайдалануу жана куруу боюнча Түштүк Башкармалыгынан эсебине аванс катары акча которуу керектиги белгиленген.

Ушундай эле көрсөтмөлөр мамлекеттик банктын Наримандагы бөлүмүнө тапшырылып, райондогу башка таасирдүү ишкана-РДСУнун бул жол курулушуна катышуусуна көрсөтмө берилген. Ак-Буура аркылуу көпүрөнүн курулушун Кожомуратов жетектеген райондук жол курулуш участкасына тапшырылган. Жол жана көпүрөлөрдү курууну жетекчиликке алуу боюнча мүчөсү 14 кишиден турган штаб түзүлгөн. Алардын арасында райондун өнөр жай бөлүмүнүн башчысы Назиркулов Э., райпландын председатели Кулуев А. сыяктуу жоопту жетекчилер, тейлөөнүн бардык түрлөрүнүн башчылары, колхоз, совхоздордун жетекчилери болушуп, штабдын начальниктигине мени көрсөтүшкөндүгү мен үчүн жоопкерчиликти андан бетер арттырып, бардык иш үчүн мүмкүн болгон күч менен иштөөгө туура келген.

Айтор бул ишке райондогу болгон мүмкүнчүлүктөр тартылып, Токтомго Кара-Суу райкомунун башчысы К. Абдразаков жана эл депутаттарынын райондук Советинин

аткаруу комитетинин председатели М. Капаров кол коюшкан болчу. Ушундан кийин кызуу иш башталып, Кеңеш, Төлөйкөн совхоздорунан жана Ленин, Фрунзе, Калинин атындагы колхоздордон түрдүү кесиптеги 115 жумушчу бөлүнгөн.

## 3. Кызуу иштеги кыймыл

1974-жылдын 22-августунда облустук партиялык комитетин экинчи секретары 16 киши менен келип кеткенден кийин 1-сентябрында Папандын Бөдөнө деген айылында, азыркы кыркым пункту көрүнүп тургун жерде жыйын башталып, бул жерге үч райондун жетекчилери, көптөгөн эл келди. Чогулгандардын арасында Папан, Кожо-Келен, Чөгөм, Кичик-Алай айылдарынан, ал тургай Сүлүктү, Кызыл-Кыя, Алмалык, Майлы-Сай, Таш-Көмүр, Көк-Жаңгак шаарларынан, алардын жетекчиликтери менен кошо жол курулуштун адистери келишип, өздөрү менен кошо амонали сыяктуу жарылгыч заттарды ала келишип, "Тоолорду жарабыз, тегиздейбиз, көпүрө салабыз" деп эле калышты. Көп адамдар, адистер чыгып сүйлөштү.

1974-жылдын 1-октябры күнү иш белгиленди да, алгачкы жардырууулардан, техникалардын күрүлдөк-шарылдактарынан тоонун ичи толкундап эле калды. Ошол жерде бир ай даярдык көрүү боюнча токтом кабыл алынды. Андай токтомдордун биринен биз жогоруда мисалдарды келтирдик. Анда көптөгөн иштер такталып, иштин жүрүшү ийне-жибине чейин иштелип чыкты. Ал жерде түзүлгөн штабдын жетекчиси катары мен документтердеги ар бир айтылган сөздү кылдаттык менен тактап, убагында туура аткарууга башкы көңүлдү бурдук.

Кабыл алынган токтомдун негизинде үч райондон ат, төө сыяктуу улоолорду алып келүү, боз үйлөрдү тигүү, курал-жабдыктарды жеткирүү, жумушчуларды алып келүү менен аларга кийим-кече, тамак-ашын даярдоо тапшырылды. Натыйжада токтомдо айтылгандан башка да практика жүзүндө талап көп келип чыгып, Кара-Суу районунан 250, Ноокаттан 200, Аравандан 150 киши ишке тартылды. Райондордун жол куруучу уюмдарынан болгон мүмкүнчүлүктөрүнчө техникалар башка курулушка керектүү материалдар келтирилди. Жолду негизинен СМУТТ



(Строительно-монтажного управление) кура турган болду. Заказчик-буюртмачы элүү ат болду.

Ошентип жогоруда айта кеткендей тоонун ташы томкорулуп, 1-октябрь, 1974-жылы Папан-Кожо-Келен жолун казуу башталды. Анын баштагы күндөрү ар жерлерге ураан-плакаттар, көрнөктөр илинип, идеологиялык жактан да жакшы даярдыктар жүргүзүлдү. Ошол күндөн баштап областык партия комитетинин экинчи катчысы В. А. Макаренко жетектеген облустук, Папан айылдык кеңешинин төрагасы мен жетектеген райондук эки штаб иштей баштады. Аткарылып жаткан иштер, ал жердеги ал-абал боюнча обласг жана район менен рация аркылуу түз байланыштар түзүлүп билдирилип турулду.

Жолдун курулушуна Ибраимов Султан Ибраимовичтин өзү башынан киришип, өзү көзөмөлгө алып, уюштуруу иштерин катуу тапшыргандан улам да жолдун курулуш иштери жакшы, тез темп менен кетти. Бөлүнгөн жумушчулардан тышкары бул ишке Папан эли түп көтөрө катышты. Материалдык да, моралдык да жардамдар болуп турду. Жол жардыруучу амонали заттары, тамак-аштар, кээде керектүү курулуш материалдары ат жана төөлөр менен ташылып турулду. Бай-Катын, Майдам-Тал жана Күндөлүк деген жерлерге тез аранын ичинде үч көпүрө салынып бүттү. Ал көпүрөлөрдүн курулушун бөлүп алган Кара-Суу, Ноокат, Араван районунун адистери жана жумушчулары катуу иштешти. Ал көпүрөлөрдү 1975-жылдын 1-январына бүткөрүү керек эле, аны аткарышты.

1974-жылдын 15-декабрына чейин жолду Шалкылдака чейин жеткирүү керек болчу, ал да аткарылды. Жолду ал жерге алып келгенге чейин 1-ноябрда Бай-Катын көпүрөсүнүн ачылышына Султан Ибраимов келип катышып, алтынчы күн болчу ошондо, аны өзү ачып берди. Андан кийин да 13-ноябрындагы да Күндөлүк көпүрөсүнүн, 11-декабрдагы Май-Тал көпүрөнүн ачылыштарына да С. Ибраимов өзү катышып, жумушчуларды, куруучуларды куттуктап сөз сүйлөп өзү ачып берген. Берилген тапшырмалар мөөнөтүнөн мурда аткарылгандыгын көрүп,

С. Ибраимов ыраазы болуу менен баалуу сыйлыктарды тапшырган. Мага килем берип, Дооронов Салы, Меңдибаев Сулайман, Бактыбаев Кушпак, Ысманов Абдураип, Осмонов

Аким сыяктуу жумушчу-кызматчыларга паластарды тапшырды. Ал учурларда мындай сыйлыктарды берүү да чоң абийир болчу. Анын үстүнө килем, палас сыяктуу эле жөнөкөй буюм-теримдер көчөлөрдө ачык сатылбай, андайлар элге жетпегендиктен атайын чоңдордун уруксаттары менен алынып келинчү. Мен муну айтып жатканым азыркы жаштар замандын айырмасын жакшы жана жаман жактарын билсин дегеним.



*С.Ибраимов Кара-Суу районунун биринчи катчысы А.Тажибаевге Ардак грамота тапшырып жатат.*

Кара-Суу районуна бөлүнгөн дагы бир төртүнчү көпүрө - Жар-Коргон бүткөрүлүп, анын ачылышына В.В. Макаренко барып катышты. Ошентип төртүнчү көпүрө да ишке ашкандан кийин штаб жолдун эң кыйын участкасы болгон Шалкылдака көчүп барды.



Анда 23-февралда Советтик Армиянын түзүлгөн күнү чоң майрам катары белгиленчү. Жол куруунун башкы проравы В.П. Ишчук штабды 1974-жылдын 21-февралында Шалкылдакка көчүрүп барып, ал жерде жумушчулар жана курулучуларга экинчи күнү майрам белгилеп берип коюп, өзү майрамга катышуу үчүн Ошко кетти.

Шалкылдакта да катуу иштер жүргүзүлүп, тоолор атылып, Араван жана Ноокат райондоруна тапшырылган көпүрөлөр ал жерлерде 1974-жылдын 6-мартында бүткөрүлүп, анын ачылышына да Султан Ибраимович катышты. Ал эми 1975-жылдын 29-апрелинде салынган "Жеңиш" көпүрөсүнүн ачылышына С. Ибраимов, ошол кездеги Ош обком комсомолунун 1-катчысы Насирдин Исанов сыяктуу ж.б. жетекчилер барышкан. Бул "Жеңиш" көпүрөсүнүн бүткөрүлүшүнүн да өзүнчө чоң мааниси бар эле. Ал жерден өткөндөн кийин айдың талаага, аркырап аккан Ак-Буура суусунун боюна, Кичи-Алай тоолору курчап турган жерге жаңы маданий борбор салынмак.

## 4. Жаңы маданий борбор, жаңы тапшырмалар

Султан Ибраимовичтин көрсөтмөсүндө жаңыдан бүткөрүлүп жаткан Папандан Кызыл-Тууга чейин жолдун бойлоруна бак тигип чыгуу белгиленди. Ал үчүн Токтогул районунун токой чарбасынан эки машина менен терек, өрүк, кайыңдын көчөттөрүн алып келди. Көчөттөрдү алып келүү мага, ал эми аны тиктирүү Исанов Насирдинге тапшырылган эле. Ал тапшырмаларды ийгиликтүү аткарып, Папандан (Арал) - Кызыл-Тууга чейин жолдун бойлоруна көчөттөр эгилип бүттү. Башкача айтканда 1500 даана кайыңдын, 1500 өрүк жана 3000 даана терек эгилди. Аны 30-апрелде үч күндүн ичинде райондун комсомолдору эгип бүттү. Булар майда-чүйдө иштей болуп көрүнгөнү менен ал иштерди уюштурууда канчалаган мээнеттер, түйшүктөр тургандыгын уюштуруу иштери баштарынан өткөн адамдар жакшы билишет. Кара-Суу, Ноокат, Араван райондорунан 30дан ашык автобустар менен комсомол-жаштар ташылып иштетилди. Бул иштерде ошол кездерде Кожоев Суранбай жетектеген Арал орто мектеби, Самиев Жанибек баштаган Федоров мектебинин,

Асанов Абдилда жетектеген Кызыл-Туу мектебинин, Максутов Чолпонбай жетекчилик кылган Кара-Сөгөт, Меңдибаев Бакир жетекчилик кылган Гоголь атындагы мектептеринин окуучулар жана мугалимдер жамааты жакшы жардамдарын беришти. Азыр мурдагы Гоголь мектебине С. Ибраимовдун аты ыйгарылган. Көчөттөрдү жакшы, сапаттуу эгүүгө жана ысырап болбошун Исанов Насирдин экөөбүз көзөмөл жүргүзүп, уюштуруп турдук.

Жаңы маданий борбордү пландаштырууга үч райондун жетекчилери чакырылып, андагы курулуштар бөлүнүп берилди. Ага райком, исполкомдун жетекчилери, башкармалардын начальниктери, совхоздор трестинин башчылары, өкүлдөрү катышты. Маданий борбордун курулуштары толук бөлүп алышты. Ал жаңы маданий борбордун 1975-жылдын 1-ноябрына чейин бүткөрүү боюнча катуу тапшырмалар берилди.

Папан, Кожо-Келен жолу 1975-жылдын 18 - майында бүткөрүлдү. Бул мөөнөт мурдагы токтомдордо да белгиленген эле, ал кезегинен эрте ишке ашты. Бул чоң салтанатка Султан Ибраимович барып, куттуктаган сөз сүйлөп, көптөгөн кишилер кубанычтарын билдиришип, бирин-бири куттукташты. Ошондо иштеген курууучулардын көпчүлүгү баалуу сыйлыктар жана акчалай сыйлыктарга ээ болушту. Айтор сыйланбаган адам калбады окшойт. Ашыкчалык болбосо биртке айта кетейин: 15 киши мотоцикл, 28 адам машина, 100 адам килем жана паластарды алып, 500 адамга ак калпак жана ак көйнөк кийгизилди. Мындай майрамдык маанай өткөн жерге 10 боз үй тигилди. Ал учурларда мынчалык дүңгүрөтүшкө партия көп эле жооп бере бербейт эле. Мында Ибраимовдун иш билгилиги, жоопкерчилиги, өкмөт алдындагы кадыр-барккы болду го деймм. Ошондо тим эле жол курулушуна катышып койгон же жолдо иштеген 500 кишиге бекер тамак берилди. 100 кишиге орден, медалдар, төш белгилер тапшырылды.

Папандагы мурдагы айылдык кеңештин маңдайына чоң монумент курулуп, ага чоң плакат (майлуу) кагазга партиялык, советтик кызматчылардын ысымдары жазылып, 2000-жылы ачуу боюнча атайын токтом менен капсула ширетилип, ошол монументтин астына көмүлгөн. Эми буюрса



ошол арноо 2000-жылы Ош шаарынын үч миң жылдыгы белгиленип жаткан мезгилде окулушу керек. Бул дагы областыбыздын борбору Ош шаарынын улуу майрамына бир дал келген окуя болуп эсептелет.

Ошол Папан айылдык кеңешинин конторасынын алдындагы эстелик монументке "Кыргызстан комсомолунун 60 жылдыгы" деген ат берилген. Папандан - Кызыл-Тууга чейинки зор түйшүктөр менен эгилген көчөттөрдү коргоп, өстүрүү иши "Папан" айылдык кеңешинин төрагасы катары мага тапшырылды. Жолдо иштеген курулушчулардын, жолчулардын аттары күмүш тамгалар менен жолдун боюна чегилип жазылган, азыр да сакталуу.

Ошентип маданий борбор да бүттү. Ага жетекчи болуп Байбагышев Жали дайындалган эле, азыр да иштеп жатат. Эми тоолуу аймагыбызга өтө керектүү бул жолдун ошол кездеги участкаларын кайсы райондор бүткөргөндөрүн эскерте кетейин. Жаңы маданий борбордон Кожо-Келенге чейинки жолду Кара-Суу районунун, ошол эле маданий борбордон Кичик-Алайга чейинки жолду Аравандыктар казып, Ноокат району бүткөрдү. Ал эми маданий борбордон Чөгөмгө чейинки жолду да Араван району бүткөрүп берди.

Султан Ибраимовдун мына ушундай Папанга баштаган ак ниет ишинин үзүрүн бүткүл элибиз көрүп жатат. Мындай асыл, ак ниет адамдын папандыктарга калтырган улуу эстелиги-Папан-Кожо-Келен жолунун тарыхын, таржымалын кийинки муундардын биле жүрүшү парз деп эсептейм. Султанды Папандын эли эч качан унутпайт.

**Анатолий Иванович СУМАТОХИН,**
**Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген агроному, персоналдык пенсионер.**

# АКЫЛЫ, БААМЫ МЕНЕН ИШТЕЧҮ

Мен айыл чарбасынын адиси катары Кыргызстандын түштүгүндө алтымышынчы, жетимишинчи жылдарда пахтачылыктын, дан эгиндеринин жана жашылча-мөмөнүн түшүмүнүн дүркүрөп өсүшүнө күбө болдум. Жетекчилер жана дыйкандар менен биргелешип иштешип аздыр-көптүр өз салымымды кошконума сыймыктанбай кое албаймын. Ош облусунун (ал кездерде Жалал-Абад да бирге эле) жер шарты ар башкача болчу.

Ошол мезгилдерде Араван, Кара-Суу, Сузак, Базар-Коргон, Ленин (азыркы Ноокен) райондору пахтачылыкты өнүктүрүүгө ыңгайлуу болсо, Өзгөн, Кадамжай, Ала-Бука, Жаңы-Жол (азыркы Аксы), Чаткал, Токтогул, Лейлек райондору дан эгиндерин, жүгөрүнү, бедени, жашылча-жемиштердин мекени катары саналчу. Мал чарбачылыгын өстүрүүдө Алай, Чоң-Алай, Кара-Кулжа жана Чаткал райондору ыктуу экени белгилүү.

Биз, адистер өзүбүздүн түздөн түз жетекчибиз облустук айыл чарба башкармасынын башчыларынын көрсөтмөлөрүн аткаруу менен бирге обкомдун, облисполкомдун жетекчилеринин кабылдоосуна тез-тез барып турчубуз. Мен Ош обкомунун биринчи катчылары Акматбек Сүйүнбаев, Султан Ибраимов, Ринат Кульматов, Темирбек Кошоев, Мырза Капаровдор менен иштештим. Ар бир жетекчинин иш стили, көз карашы башкача болору чындык го. Айрыкча, айыл чарбачылыгын билгени бар, билбегени бар.

А. Сүйүнбаев учурунда биз үчүн бир аз татаал иш болду. Ал киши айыл чарбачылыгын анча билчү эмес, кесиби финансы болгондуктан ал жака көбүрөөк көңүл бурчу. Анын экинчи катчысы Иван Ксенефонтович Капустян айыл чарба адиси эле. Андыктан ал кишиге таянып иш алып барчу. Обкомдун



биринчи катчысы болгондон кийин А. Сүйүнбаев өзү да райондорду, чарбаларды кыдырып көрүп көрсөтмө бериш керек эле. Көп учурлар да билсе билбесе да өкүм сүйлөп күчкө салып буйрук берип ийген учурун эстейм.



*С.Ибраимов Ош кыргыз драма театрындагы айыл чарба эмгекчилеринин жыйынында.*

Бир жолку окуя эсте калган. Кара-Суу районунун "Кеңеш" совхозуна барып калдык. Совхоздун директору Мамадияр Кадыров баш болгон бир топ активдер пахта талаасынын четинде турушкан экен. Ошерге токтодук. Жаш гозолор чигитти түртүп эми чыга баштаган учур болчу.

-Ой, силер пахтаңарды тескери эгип коюпсуңар го-деди А. Сүйүмбаев кокус эле. Тымызын бири бирибизди карашып күлкүбүздү тыйдык.

-Оң эле эккенбиз Акматбек Сүттүбаевич - деди Кадыров сылык кана - өзү ушундай. Гозолор чигитин жерден түртүп чыгышат. Шарты ушундай...

-Ушундайбы?- деп обкомдун катчысы мага карады.

-Ооба, Акматбек Сүттүбаевич-дедим баш ийкеп. Анан башка сөзгө өтүп кеттик. Ал киши Ошто мурда деле облисполкомдун төрагасы болуп иштеген. Ак көңүл, бапырандаган, жарыктык гозонун алгачкы жолу жерден кантип чыгаарын байкоого алган эмес экен.

А.Суйүнбаев бюproducт бюролордо же жыйындарда айыл чарбачылыгы, айрыкча, пахтачылык боюнча маселелерди терең билбесе деле буйруктун күчү менен көрсөтмө берип же жыйынтык чыгарып койчу. Кийин өзүнүн туура эмес ишин түшүнүп адистерден сурап билчү. Жамандык кылчу эмес. Бара-бара түшүндү. Баарын оздоштүрүп кетти.

Султан Ибраимов баамчыл киши эле. Ал акыл менен иштеди. Бийликтин күчү менен көрсөтмө бербеди. Обкомдо биринчи катчы болуп келген күндөн тартып эле айыл чарба адистерине таянып ишин баштады. Өзү билип турган маселени да бизден кайталап сурап толуктап ишенимдүү болгондон кийин гана аны чечүүчү. Ар убакта жөнөкөй мүнөзү менен адистердин маалыматтарын кунт коюп укчу. Сүйлөп жатканында улам суроо берип оюнду бузчу эмес.

Айыл чарбачылыгына опурталдуу учур келип жаан, нөшөр болуп сел каптаса же башка бир кырсыктар болсо дароо адистерди топтоп ар бирибиздин оюбузду угуп анан талдап иш кылчу.

-Кандай зарыл маселе болсо биринчи ирет мага кайрылгыла. Түнү да тартынбай үйгө телефон чалгыла-деп бардык адистерге кеңири укук берген. Андыктан биз облусту кыдырып чыгып кайсы жерде кандай иш жүрүп жатканын пахтанын, дандын, беденин өсүү, түшүмдүүлүгү боюнча маалыматтарды мезгил-мезгил менен берип турчуубуз.

Ал кишинин баамы, түюнуусу башкача болчу. Командировкалардан келип отчет берип маңдайыңда отурсаң чарчаңкы абалыңды дароо сезип:

-Бүгүн барып эс алгын -дечү. Башка бардык адамдарга кылган камкордугун бизге да кылчу. Үй-бүлөбүздү, турмуш-тиричилигибизди сурамжылап турар эле. Өлүм-житим же



башка бир кокустук болуп калса кайгыңды бөлүшүп аяп мамиле кылып материалдык жардам берчү. Бардык ишти өзү көрүүгө ынтызардыгын түшүнүп жүрдүм. Талаа кыдырып пахтаны же данды көргөнү барганыбызда дайыма машинасында жүрчү өтүгүн кийе коюп шакма-шак кыдырып аянтты көрүп чыгаар эле.

Бир көргөн кишисин унутчу эмес. Атын дайыма эсинде тутчу. Кайсы жерге барбайлы бригадирдин же участка башчыларынын атын айтып сүйлөшөр эле. Чоң облустун аймагындагы көп кишилердин ысымдарын бир жолу угуп анан бир нече убакыттан кийин жолугуп калганда адашбай атынан айтканына таң калчумун. Бюролордо, жыйындарда эч качан кемчилик кетиргендерге үнүн көтөрүп сүйлөгөнүн укпадым. Жай, салмактуу сөзү менен уяткарчу жана мындан аркы иштин жыйынтыгын талап кылчу.

Ал инсан иштеп турган он жылда облус КПСС БК менен СССР Министрлер Советинин Өтмө Кызыл Туусун тогуз жолу, ВЛКСМ БКнын, ВЦСПСтин ондогон Ардак грамоталарын, медалдарын республикабыздан Тууларын алууга жетишти. Биз анттик-минттик деп сыймыктанган же мактаныч сөздөрүн укканым жок. Бул ийгиликтерге адистердин эмгеги зор деген мааниде бизге ыраазылыгын дайыма билдирчү.

Мен жаратылышымда өтө катаал кишимин. Кайгы түшкөндө белим майышып ыйлап-сыктагандан алыс элем. Бирок, өмүрүмдө үч жолу ыйлоого аргасыз болдум. Атам менен апам өлгөндө эки жолу ыйладым. Үчүнчү жолу аябай көп ыйладым. Колумдан ишим түшүп, зээним кейип жакшы көргөн адамдын элеси көз алдымда туруп алды. Үй-бүлөм да кошо кайгырышты. Кантели, асыл инсан эле.

**Абжалил АЛИЕВ,**
**Кыргыз Республикасынын**
**айыл чарбасына эмгек сиңирген ишмер.**

# БУЛ ДҮЙНӨГӨ ЖАКШЫЛЫК ҮЧҮН КЕЛГЕНДЕЙ


Мен үчүн өтө урматтуу инсан Султан Ибраимов жөнүндө эскерме жазууга киришер алдында көп ойлондум. Ал кишинин кеменгерлигин, элге жакындыгын, жөнөкөй, акылман, оор-басырыктуу мүнөзүн окурмандарга жеткире бере аламбы? Пайгамбардай же кызырдай улуу касиетин жөндөп жаза аламбы? Мына ушундай тогуз толгонуудан кийин кудуретим жетишинче азын оолак сөз кылууну туура таптым.

Султан Ибримовичтин ысмын мурда эле угуп жүргөмүн. Ошко келгенге чейин жүзүн көрө элек болучумун. Кара-Суу районунда комсомолдук комитетте иштеп туруп өздөштүрүлгөн "Отуз-Адыр" совхозуна бөлүм башчы болуп келгемин. Совхоздун жергиликтүү калкынан башка республиканын ар кайсы жактарынан жиберилген жумушчу күчтөрү көп эле. Иш ургаал жүрүп, айрыкча пахта тереминде күн-иүндөп талаадан кетчүү эмеспиз. Ошондой күндөрдүн биринде пахта кырманына жеңил машина келип токтоп андан салабаттуу, жүзү жарык киши түштү. Ал иштеп жаткан кишилер менен сүйлөшүп ал-аквалды сурап кирди. Мен бөлүмдөгү иш боюнча маалымат бердим. Суроолоруна жоопту так айттым. Канааттангансып калды окшойт.

Иштегениңе канча болду буерде? — деди. Райкомсомолдон келгенимди, 4 жылдан бери иштеп атканымды айттым.

— Партиянын чакырыгы менен келген турбайсыңбы. Жакшы иштесең чарбанын жетекчиси болосуң — деп күлүмсүрөп коштошту. Райкомдон коштогондор же совхоздун директору жок эле өзү кыдырып келгени бизге жакты. Баарыбыз сүйүнүп "биздин кырманды кызыр аралап кетти, планыбызды ашык аткарабыз быйыл" деп дуулдадык. Чынында эле ошондой болду.





*1975-жылдын 26-27-декабрында өткөн Ош облустук партиялык конференциянын катышуучулары*

Кийин биздин кырманга дагы бир жолу келиптир. Мен жок элем. Кырмандагылар "Алиев кайда? деп обкомдун биринчи катчысы Сени сурады" дешип атымды унутпаганына таңыркашты. Ошондон кийин райондобу, совхоздобу жолукканда эле "Алиев" деп учурашып жүрдү. 1973-жылы Өзгөнгө райондук элдик контролдоо комитетине жетекчи болуп бардым. Иштегениме аз эле убакыт болгон. Жумуштан эми үйгө келсем райондук башкы ветврач Шайлообек Садиев артыман шашып кирип келди. Ал өзбекстандан Алайга айдап бараткан бир короо кой Куршап дарыясынын аркы жээгиндеги талаада селге капталып калганын айтты. Койчумандар айла таппай кыйкырышып жан алы калбай жатканын өзү көрүп буяка келгенин Садиев айтып кайра ошол жака чаап жөнөдү. Райкомдун биринчи катчысын табалбай туура эле Султан Ибраимовго телефон чалдым. Анткени, өзбекстандыктарга кабар берүү башка бирөөнүн колунан келгиче кечигет. С.Ибраимов кабинетинде экен үйдүн телефонун сурап кабардаша турганын айтты. Арадан көп өтпөй эле телефондо мага өзбекстандыктарга кабар жеткенин, Анжияндан адамдар жөнөгөнүн, анан биз да адамдарды топтоп жардамга барышыбызды айтты.

Айткан тапшырмасын аткардык. Адамдарды топтоп барып селге капталган койлордун тирүү калгандарын койчумандарга топтоп алып чыгып бердик. 1976-жылы кургакчылык өкүм сүрүп тоют камдоо маселеси бир кыйла татаалдашты. Анда райкомдун биринчи катчысы Абдиваит Тажибаев болучу. Бардык күч тоют камдоого жумшалган учур. Адырларды кыдырып андыз, төө тикен, ал турсун дарактардын чырпыктарына чейин топтоп тоютка кошумчалап жаттык. Алыскы Кара-Шоро, Чоң чаар таш сыяктуу жайлоолорго да кол орокчулар жиберилди. Ош шаарынын мекеме уюмдарынан, ишканаларынан жардамга келишип иштеп жатышты.

Мен тоют даярдоо штабынын башчысы элем. "МОК" деп аталган чарба бар эле. Анда 5-6 миңге чейин эркек торпоктор багылчуу. Ошерде сенаж жасап атабыз. Чөп майдалоочу 5 техника иштейт. Автомашина, тележкалар алып келген тоютка жарактууларды майдалап чукурларга түшүрөбүз. Бир күнү Султан Ибраимов менен Абдиваит Тажибаев экөө



келишти. Мен аларга иштин жүрүшү тууралуу маалымат бердим. Жер бетине эмне чыкса ошонун баарын тоютка топтоп жатканыбызды айттым.

— Мына, сен айткан жердин бетине чыккан бардык өсүмдүктүн тоют бирдиги бар. Буларды карап чык. Мен адистерден сурап алдым. Мына, карачы кур десе сасык чайырдын да тоют бирдиги бар экен — деп астын сызып койгон жазууну көрсөттүү,— бул кагаздарды сага таштайын. Кеңири таанышып ал. Анан ошерде иштегендердин баарына ийгилик каалап коштошуп кетти.

— Пайгамбардай киши экен…

— Мен мурда мындай жөнөкөй адамды көрө элек элем…

— Менин колумду кармаганда баданима бир нерсе жүгүрүп кеткендей балкый түштүм. Жүзүнөн болсо адамгерчиликти, боорукердикти көрдүм….

— Обкомдун биринчи катчысы келатат десе өзүмчө эле чочугансып калган элем. Чиренбеген карапайым сүрү жок киши турбайбы. Бир көрүп эле эчактан берки таанышымдай азилдешким келип кетпедиби…

Тоют камдоочулар Султан Ибраимовдун артынан ушинтип сөз кылып калышты. Ошол жылы 1,5 – 2 жылдык тоют камдайбыз деп чакырык ураан менен иштеп жүрүп бир жылдык тоютту камдап алдык. Ошого да шүгүрчүлүк келтирдик. Ишибиз аяктагандан кийин Абдиваит Тажибаев мени чакырып Ошко бара тургандыгымды айтты.

— Ош шаары жылдык план милдеттенмелерин аткарышып жыйынтыгын чыгарышат экен. Биздин районго келишип тоютка кол кабыш кылышкан уюмдарга белек тапшырасың — деди.

— Өзүңүз да барасызбы? — деп сурадым.

— Тоют даярдоо штабынын башчысы барат да — деп койду биринчи катчы. Салтанат Кыргыз драма театрында өттү. Көп

жетекчилердин катарында мен да сүйлөп белек-бечкектерди тапшырдым. Театрдан чыгып баратканда шаардын биринчи катчысы Касендеев:

— Алиевич, Сизди Султан Ибраимов кетип калбасын деди — деп кайда бара тургандыгыбызды айтты. Ошол күнү сый тамак берилди. Аерде да эл катары сый көрүп тост айтып бүткөнүмдө Султан Ибраимович менин колумду кыса:

— Ким кандай иштесе ошондой сүйлөйт — деп жылмайды.

— Бул менин кадрым — деп тамада болуп олтурган Кадыркул Абдыразаков обкомдун биринчи катчысын кубаттап койду.

1977-жылы райкомдун биринчи катчысы болуп иштеп жаткан Вагинур Талипов мени чакырып “Жалпак Таш” совхозуна парткомдун катчысы болуп баруу тууралуу макулдашты. Ал ошол эле замат телефондо Султан Ибраимов менен сүйлөшүп “өзү макул болду” деген. Кийин обкомго барып биринчи жок болгондуктан катчы Жумгалбек Аманбаевге кирдим.

— Сени Султан Ибраимов башка кызматка сунуш кылганы жүргөн эле. Ал жака дароо эле маакулдугуңду бере коюпсуң да — деди Аманбаев.

Ичимен тынып кала бердим. 1977-жылы сентябрда эки жыл мурда башталган эки кабаттуу мектеп совхоздун Түз-Белинде бүтүп анын ачылышына Султан Ибраимов келди. Деңиз деңгээлинен 3000 метр бийиктиктеги Жалпак-Ташка мындай мектепти куруу оңойго турган жок. Парткомдун катчысы катары ургаал иштедим. Фрунзеден Эстебес Турсуналиев, Кайыргүл Сартбаева экөө кошо келишти.

— Бул мектептен Дзержинскийдей атуулдар чыксын — деди Султан Ибраимович. Мен болсо:



— Бүгүн уул төрөлсө атын Эстебес, кыз төрөлсө атын Кайыргүл коебуз — дедим. Баары кубатташты.

— Мектептин айланасын жашылдандыруу сенин мойнуңда — деди Султан Ибраимович кетип жатып. Өзгөн токой чарбасына барып арча, карагай, ак кайың, чынар көчөттөрүн алып келип эктирдим. 1978-жылы Султан Ибраимович Фрунзеден мрамор карьерине келип мектептин айланасын көрүп тапшырмасын аткаргандыгыма ыраазы болду.

Кийин көрбөй калып суук кабарды уктум. “Жаманга каргыш тиет, жакшыга көз тиет” дегендей болдубу, билбейм, айтор пайгамбардай болуп бул жарыктыка жакшылык үчүн гана жаралгансыган улуу инсандан ажырап калдык. 1998-жылы Бишкеке барып калып тааныш бир адам менен Султан Ибраимовдун туулган жери Алчалыга туш келдим. Анын короосунда өз колу менен олтургузулган алмалары бар экен. Ооз тийдим. Каңырыгым түтөп өзүн эстедим. Ошерде “Ушул жерге Ибраим уулу Султандын музей үйү курулат. 29-май, 1993-жыл” деп жазылган ак таш турат. Ошол эле сөз орусча да жазылыптыр. Бирок, азырга чейин кыймылсыз ак таш жатат.

— Унутула турган киши эмес эле Султан Ибраимович. Мына ушинтип алиге чейин эч ким коңүлүнө ала эле — деди ошерлик Сагынбек Алиев деген жигит.

Менин колуман эмне келмек эле? Эртедир-кечтир ал кишинин арбагын сыйлагандар табылып калар деген үмүттө артыма кайттым.

**Тажибай МОЛДАЛИЕВ,**
**сооданын отличниги,**
**"Ардак белгиси" орденинин ээси.**

# КООПЕРАЦИЯ КАДРЛАРЫ УНУТПАЙТ

Мен жаш кезимден кооперация тармагында иштеп көптөгөн жетекчилерди көрдүм. Кыргыз кооператорлор союзунда бөлүмдүн начальниги болуп иштеп туруп республиканын бардык райондорун кыдырып чыктым. Ишиме байланыштуу облустардын жетекчилери, район, шаарлардын бийликтегилери менен учурашып, аңгемелешип, алардын ар кандай иш стилдерин байкадым. Кыргыз потребсоюздун башкарган Мукталы Аманов, Борбордук кооператорлор союзунун жетекчиси Климовдор менен да аралашып иштедим. Республиканын чоңдорунун кабыл алуусунда болдум. Алардын көбүнүн иштеги мамилеси, жүрүш турушу, жетекчилик стилдери эсимде. Айрыкча, Султан Ибраимов менен бирге иштешкен он жыл менин жадымдан кетпес болуп калды.

Республикалык деңгээлде иштеп жүрүп өзүмдөн улуу кишилердин жакшы жактарын үйрөнүүгө тырыштым. Айрыкча, соода тармагындагы кадрларды көрө билүү, аларды тартынбай жетекчилик кызматтарга тартууну дайыма каалачуумун. Эсимде, бир жолу Нарынга командировкага барсам Токтогул Чилебаев деген жаш, чыйрак жигит иштейт экен. Анын иштеги активдүүлүгү мага жакты. Келерим менен Кыргыз потребсоюздун жетекчилерине ал жөнүндө айттым. Алар маакул болушуп финансы боюнча инструктор кылып алышты. Кийин ал чоң кызматкер болуп өстү.

1966-жылы Ош облустук кооператорлор башкармасына төрага болуп келгенмин. Обком партиянын мүчөсү элем. 1968-жылдын январь айынын башы эле. Обкомдун пленумуна чакырышты. Саат ондо пленум башталды. Кыргызстан КП Бкнын биринчи катчысы Турдакун Усубалиев пленумду ачып,



кечээ Кыргызстан КП Бкнын бюросу Акматбек Сүйүнбаевди бюро мүчөлүгүнө жана Кыргыз ССР министрлер Советинин төрагалыгына бекиткенин айтып, аны обкомдун биринчи катчылыгынан бошотуунун сунуш кылды.

Анан ошол эле бюродо Султан Ибраимовду Ош обкомунун биринчи катчылыгына бекиткенин айтып, ал кишинин өмүр жолун окуп берди. Жарым сааттын аралыгында пленум бүттү. Мына ошол күндөн тартып обкомдун жаңы катчысы менен бирге иштеп калдык. Султан Ибраимов бир жылдан ашык убакытка чейин кооператорлорго анча эле ишеним көрсөтпөй жүрдү. Анын жөнү бар эле. Облустук кооперация жылына 4,5 – 5 миллион рублга чейин растрата кылып келген. Айыл кыштактардагы, шаарлардагы, райондун борборлорундагы соода точкелери да талапка ылайык эмес эски, жапыс, көркү качкан имараттарда болучу.

Акырындап болсо да биз растраталарды болтурбоочунун аракетин жасап жатканбыз. Өзгөчө кадр маселесине көңүл бурулган. Биз район, шаарлардагы, айыл кыштактардагы соода түйүндөрүнө атайын билими бар адистерди жибере баштадык. Ал жерлерге жетекчилике облустук поотребсоюзда такшалгандарды тандадык. Жаңы магазиндер, универмагдар, ашканалар курула баштады. Даярдоо контораларынын ишин жөнгө салдык. Мындай жаштарды өз көзү менен көргөндөн кийин гана бизге ишене баштаганын байкадык.

Султан Ибраимов алыскы райондорго чыкканда мени ээрчитип алчуу болду. Алай, Алайкуу, Чоң-Алай, Көк-Суу тараптарга бардык. Ал жердеги элдин соодага болгон талабын түшүнүп, кадрлар менен аңгемелешип жүүрдү. Жардамын берчүү. Анан мага кадрлар маселесине көп көңүл бурарымды эскертчүү. Бир жолу Кара-Суу район аралык базанын директорлугуна кадр керек болуп калды. Ал учурда Кадыркул Абдуразаков биринчи катчы болчу.

— Бизге өз районубуздан кадр коюп бергиле — деп талап коюп калды. Кара-Суу районунда андай кадрлар жок эле. Билими кооператор, өзү тажрыйбасы бар кадр керек эле. Мен

өзүмдө орун басар болуп иштеп аткан, кооператив институтун бүткөн Мамат Орозбаевдин делосун тактап өзүн ээрчитип Султан Ибраимовго кирдим. Ал киши дело менен таанышып туура тандалганын айтты. Кирпотребсоюзга, Муктaлы Амановго өзүм айтам деди. Анан Мамат Орозбаевге кайрылып:



*С.Ибраимов, К.Мамакеев атындагы кооператорлор санаторийин ачууда. Экинчи катарда К.Мамакеев.*

Өсө турган кадр экенсиң. Байлыка умтулба, таза жүр. Бизди, айрыкча Молдалиевди уятка калтырба — деди да экиуч делону кармалап, — көрдүңбү, адамдар 25-30 миңди кара корзинкеге салып алып орун талашып жүрүшөт — деген сөзүн кошумчалады.



Мамат Орозбаевди Кара-Суу район аралык базасына директорлук орунга олтургузуп келдим. Ал да Султан Ибраимовичтин назарынан өткөн эле. Кийин Жалал-Абаддагы базага директор, Ош облустук кооператорлор союзунун башкармасынын төрагасы, анан Кыргыз потребсоюздун төрагасы болуп иштеди. Кыргыз республикасынын эл өкүлдөр жыйынынын депутаты болду.

Мен Султан Ибраимов менен бирге иштеп турган учурумда Борбордук кооперация союзунун башкармасынын Советинин мүчөсү, Кыргызпотребсоюзунун мүчөсү болдум. Борбордук кооператорлор союзунун, анын профсоюзунун өтмө Кызыл Туусун алууга татыктуу болдук. Ош облустук потребсоюзу көп сыйлыктардын ээси болду. 1975-жылы Бүткүл Союздук Кызыл Тууну тапшырып жатып Султан Ибраимов кооператорлордун алдында бир саат сүйлөдү.

Ошондо соода тармагында ишти беш колундай билгендигине, элдин талабын канааттандыруу үчүн алдыда кандай милдеттер тургандыгын жатык, жагымдуу сөз, көптөгөн мисалдарды келтирүү менен айтып берди. Республикадан, облустун ар кайсы жерлеринен келишкен адамдар муюп угушту. Мен Кыргызпотребсоюзда Мукталы Аманов, Ош облусунда Султан Ибраимов менен бирге иштеп жүрүп алардын жакшы жактарын көп үйрөнүп калдым. Бөтөнчө кадрларга болгон көз карашым өзгөрдү.

Республикага белгилүү болуп калышкан кооператорлордун көбү менин кадрларым болуп саналышат. Кыргызпотребсоюзда, облустарда мурда жана азыр иштеп жатышкан М.Орозбаев, Т.Анаркулов, Т.Чилебаев, Т.Кулов, А.Шакиров, А.Гуров, К.Абыкеев жана башкалардын кызматка көтөрүүдө мен демилгечи болгонмун.

Алардын көбү Султан Ибраимовдун кабыл алуусунда болушкан. Алар жана жалпы эле Ош облусунун кооператорлору Султан Ибраимовдун ысык сезимдери менен аташат жана кадрларга калыстык, аталык камкордук менен кылган мамилесин унутушпайт.

**Тажик НУРМАТОВ,**
**Кыргыз Республикасынын**
**эмгек сиңирген юристи**

## ЖАРКЫН ЭЛЕСИ ЖАДЫМДА

Кудай таала пенделерди бирдей көрүп акыл, ой, сезим, баам берип күч-кубат берип жарататт экен. Анан ал пендеге ырыскы чачат экен. Жашоого жөндөмдүү кылат экен. Андыктан да ар бир пенде турмуштан өз ордун таап акылынын, ой-сезиминин жетишинче элге-жерге кызмат кылып келатканын мен айтпасам деле белгилүү нерсе эмеспи. Ошондой болсо да менин жадымда элеси калган бир адам жөнүндө азын оолак сөз кылгым келди. Ал адам ары акылман, ары залкар Султан Ибраимов.


Аны менен жолугушканда, сүйлөшкөнүм арадан канча жыл өтсө дагы күнү бүгүнкүдөй жадымда жүрөт. Турмушта башка көп эле адамдар менен бирге иштештим, достоштум, жакын болуп жүрдүм, бирок, алардын баары эле менин көңүлүмдө түбөлүк сакталып калган жок. Эмнегедир Султан Ибраимович тирүүсүндө бир сыйкыры бардай мага сезилчүү. Айткандары ишке ашчуу. Адамга жумшак, сылык мамилеси, жадырап кабагы ачык сүйлөгөнү, кимге болсо да камкордугу такыр унутулбайт.

1976-жылдын март айы эле. Мен Жалал-Абад шаардык сотунун судьясы болуп иштеп жатканмын. Анда Ош, Жалал-Абад областары бирге болуучу. Султан Ибраимовду обкомдун биринчи катчысы экенин билем. Бирок, ал киши менен жакындан сүйлөшпөгөнмүн. Чогулуштарда гана көргөнмүн. Бир күнү партиянын шаардык комитетинен мага Ошко обкомго барышымды айтышты. Эч нерсе оюма келбей Ошко аттандым. Обкомдун укук органдарын тейлеген бөлүмүнө кирсем мени Султан Ибраимовичке ээрчитип барды.

Обкомдун биринчи катчысы олтурган кабинет сүрдүү көрүндү. Каалга ачылганда эле Султан Ибраимов ордунан туруп кабинетинин орто ченине чейин басып келип мага колун берди.



— Кандай, Тажик Нурматович, иштериң жайындабы? Үй-бүлөң тынчпы? — деди олтургучка көчүк басарым менен. Мен ал кишинин жүзүнөн аталык мээримди көргөнсүдүм. Жөнөкөй гана олтурган калыбында мени дароо өзүнө тартып алды. Мурдагы саал сүрдөгөнүм кайтты. Ичимде эмне сыр болсо бардыгын ага төкпөй чачпай айтып бергим да келип кетти. Аңгыча анын камкор, жумшак, жагымдуу үнү угулду.



— Сени Ноокат районуна которсок дедик эле. Буга эмне дейсиң? — деди. Кичине ойлоно түштүм.

— Ноокат жакшы район. Облустагы чоң райондордун бири. Ал жакта сот ишин жакшы жолго коюшубуз керек. Сен жаśсың. Чоң райондордо да иштеп такшалышың керек…

— Маакул, Султан Ибраимович, эгерде Сиздер туура тапсаңыздар барайын — дедим. Ашыкча сөз сүйлөп, майда барат маселелерди коюп ал кишини алагды кылгым келбеди.

— Анда сүйлөштүк — деди да ордунан турду. Мен коштошуп чыгып кеттим.

Кийин Ноокат районунун райондук сотунун торагасы болуп иштеп калдым.

Чындыгында Ноокат району облустагы чоң район экен. Ал жерде эки жыл бою иштеп көп нерселерди өздөштүрдүм. Ар кандай жетекчи адамдар, прокурор, милиция кызматкерлери

менен биргеликте иштеп такшалууга туура келди. Райондун аймагы Кызыл-Кыя шаарына кирип баргандыктан криминал бир топ эле арбын болучу. Тогуз жолдун тоому дегендей Баткен, Лейлек же Кадамжай тараптан Ошко каттагандар көбүнчө Ноокаттын борбору Эски-Ноокат селосу аркылуу өтүшөт. Ошондон улам кээси майда, кээси чоң кылмыш иштери катталып турчуу.

Райондо экономикасы өнүккөн ири чарбалар бар эле. Алардын арасынан "Россия" колхозу алдыда турчуу. Аны жетектеген маркум Токтомат Зулпиев колхозду шаар тибине айландырып салган. Колхоздук оорукана, Универмаг, музей, стадион курдурган. Андан тышкары облуста биринчилерден болуп "Жаштык көчөсү" деп атап жол боюна окшош эки кабат имараттарды курдурган. Колхоздук Сарай заңгырата салынган.

Ошондуктан ал колхоз Сарайында (дворецинде) облустук, республикалык семинар, кеңешмелер көп болуп турчуу. Ошондой кеңешмелердин бири 1978-жылы июнь айында ошерде болуп калды. Ал учурдагы салтанат менен өтчүү кеңешме аяктагандан кийин кимдир бирөө мага келип:

— Сизди Султан Ибраимович чакырып атат —деди.

Мен ал кишиге жолуктум. Адатындай ал-жайды сураштырып жай олтурду да мындай деди:

— Бул райондо жакшы иштегениңди айтып жатышат. Эми Жогорку сотко республиканын борборуна судья болуп барууга эмне дейсиң? Эгерде Жогорку соттун төрагасы сурап калса отказ кылба. Ал жерде 3-4 жыл иштегениңден кийин облустук сотко төрага болуп келесиң.

— Маакул Султан Ибраимович. Сизге ырахмат! — дедим.

Арадан бир айча убакыт өтпөй эле мени Жогорку сотко чакырып калышты. Жогорку сотто судья болуп 1982-жылдын июль айына чейин, башкача айтканда туура төрт жыл иштедим. Бул аралыкта Султан Ибраимов адегенде Кыргыз ССР Жогорку Кеңешинин Президиумунун төрагасы, андан



кийин министрлер Советинин төрагасы болуп иштеп калды. Иш боюнча мезгил мезгили менен мени чакырып турчуу. Ишимди сураштырып, үй-бүлөмдү абалын билчүү. Республиканын борборунда жашоо кандай экендигине чейин кызыкчуу. Баягысындай эле жөнөкөй, кичи пейилдигинен жазбаган, камкор эле.

Күндөрдүн бириндеги иш боюнча жолугушууда:

— Сен жеке делоңду даярдап мага берип койчу — деди. Эки-үч күндөн кийин алып барып бердим. Эч нерсе айткан да жок. Адатынча мага мээримдүү карап деломду сейфине салып койду. Мен эч нерседен бейкапар иштеп жүрдүм.

Арадан көп убакыт өтпөй 1980-жылы 3-декабрда каргашалуу иш болду. Султан Ибраимовичтин киши колдуу болуп каза тапканын уктук. Бир мен эмес бүткүл кыргыз кайгырды. Ошентип жүз жылда табылгыс уулунан кыргыз калкы ажырап калды. Айтса, кийин анын сейфинен менин жеке делом табылып калыптыр. Ал үчүн да жооп берүүгө туура келди. Чындыгын айттым.

Маркум Султан Ибраимовичтин оюу ишке ашты. 1982-жылы 6-июльда Ош облустук Кеңешинин сессиясында мени облустук соттун төрагасы кылып шайлашты. Ал кызматта 15 жылга жакын иштедим.

**Бийказ КАДЫРБАЕВ,**
**Кыргыз Республикасына эмгеги синген экономист, "Ардак белгиси" орденинин ээси.**

# МАДАНИЯТТУУЛУГУ МАГА ЖАКЧУУ

1968-жылы март айы эле. Мен отуз үч жашка чыкканмын. Республикалык курулуш банктын башкаруучусу Рыскелди Алиев мени ээрчитип Ошко келдик. 24-март күнү облусполкомдун төрагасы Т.Кошоевде болдук да обкомдун биринчи катчысына бардык. Кабылдамадан биздин келгенибизди айтты. Бир аздан кийин:

— Кириңиздер! — деген үн чыкты.

Мен Алиевдин артынан кирдим. Шыңгаа бойлуу, жүзү жадыраган биринчи катчы Алиевди кучагын жайып тосуп алды. Мага колун сунуп анан олтуруубузду өтүндү. Көрсө, Султан Ибраимов республикада суу чарба министри болуп иштеп турганда Алиев экөө иш боюнча тыгыз байланышта экен. Ал, жай сурашып олтурушту. Анан Алиев мени облустук курулуш банкына башкаруучу кылып дайындагандыгын, бул жерге тааныштырып алып келгендигин айтты.

— Жакшы болду — деди биринчи катчы жайдары жүзүн мага буруп, — ушундай кадрлар бизге өтө керек. Иштейт, жардам беребиз.

Анын сөзүнөн, кыймыл аракетинен өтө маданияттуулугун сездим. Аңгыча кайсы жерге токтогондугубузду да сурады. Баягысындай камкор, эстүү, маданияттуу калыбында биз менен коштошту. Мындай жетекчи менен иштей тургандыгыма ичимден сүйүнүп бараттым.

Мурда да мындай жетекчилерди көп көргөнмүн. Бирок, Султан Ибраимовдой сезимтал, сылык, ак дилдегилерин кем учуратканмын. Он жыл бою облустук курулуш банкын башкарып ал кишинин жетекчилигиндеги толуп жаткан жакшы көрүнүштөрдүн күбөсү болдум. Бул адамдын кандай учур болбосун шашылбаганы, катуу үн чыгарып сүйлөбөгөнү, эч качан чоркок сөздөрдү айтпаганы мени таң калтырчуу.



Султан Ибраимов банктын иши боюнча мени көп деле чакырган жок. Анткени, ал киши кабыл алып мага жылуу мамиле кылгандан кийин ишимди так аткарууга аракет жасадым. Анча мынча иштерди обкомдун секретариаты, бөлүм башчылары аркылуу жөнгө салчумун.




*1970-жыл. С.Ибраимов В.И.Лениндин 100 жылдыгына арналган илимий конференцияда.*

Бир жолу телефон шыңгырап алсам:

— Сиз менен Султан Ибраимович сүйлөшөт — деди секретары.

— Саламатсызбы, Султан Ибраимович? — дедим. Ал киши коңур, маданияттуу үнү менен саламдашты да:

— Кадырбаев, Сизден бир өтүнүч — деди жай гана, — Жаңы-Жол, Ала-Бука райондору аэропорт куруп жатышат. Каражаттары жок экен. Жардам бере аласызбы?

— Жардам берүүгө аракет кылайын Султан Ибраимович! — дедим.

— Ырахмат, анда өзүңүз бир барып келиңиз — деп өтүндү. Мен ал кишинин айткандарын аткардым.

Бир жолу обкомдун бюросуна катыштым. Көп маселелердин арасында Папан–Кожо-Келен жол курулушу бар экен. Аны ашар ыкмасында бүтүрүү чечилди. Электр линияларын жеткирүү, көпүрөлөрдү куруу бөлүштүрүлдү. Иш башталып жол, көпүрөлөр курулуп жатты. Ак-Буура суусуна алтынчы көпүрө курулуп анын лентасын кесүүгө көптөгөн жетекчилер куруучулар, инженер-техниктер, электр линияларын тартуучулар катышышты. Лентаны кесип болгондон кийин баарыбыз көпүрө үстүнө чогулдук.

— Эмки кезек "Бай катындын көпүрөсүн" куруу — деди Султан Ибраимов, — күчтү ошого бургулуа.

Ана обкомдун өнөр жай бөлүмүнүн башчысы Р.С.Кулматовго кайрылды.

— Сиз юждортрансстрой ттрестинин башчысы А.Мазгутовду, облустук курулуш банкынын башчысы Б.Кадырбаевди алып Кожо-Келенге барып көрүп келгиле. Ушул жолду Чоң-Алайга ашырып, электр линиясын кошо тартса болот бекен? — деди. Бир жума бою атчан кыдырдык. Кийин "Бай катындын көпүрөсүн" ачууга жетип келдик. Султан Ибраимов лентаны кесип анан бизге жолукту.

— Кандай иштерди бүтүрүп келдиңер? Жол салса болот бекен? — деп Р.С.Кулматовдон сурады.

— Болот экен — деди Кулматов, — бир жерде гана куюлма кум бар экен. Аны токтотсо жол да, көпүрө да кура берсе болот ...

Кулматов электр линиясын тартууга да боло тургандыгын кошумчалады.

— А Сиз эмне дейсиз, Кадырбаев ? — деп мага бурулду Султан Ибраимович.

— Жолго, көпүрөгө, электр линиясына да каражат керек. Аны табабыз, Султан Ибраимович! — дедим. Ал киши



жадырап күлдү. Аерде тургандар курулушчулар болгондуктан кол чаап жиберишти. Алардын көбү ашарга катышышып акчасыз эле иштеп жатышкан. Менин акча таап берем дегеним жага берди көрүнөт.

Ал киши алып барган көп эле жыйындарга катыштым. Султан Ибраимов болгон жерде тартиптүүлүк, уюшкандык өзүнчө эле калыптанып калчуу. Ал кишинин салабаттуулугунан кайсы иш болсо да өтө маанилүүдөй, зарылдай сезилчүү. Ишкер адамдар менен олуттуу кеп баштачуу. Ар бир иштин ийне жибине чейин макулдашчуу, кайсы учурдан баштап, кайсы күнү бүтөрүнө чейин тактачуу. Тапшырган ишин унутуп койчуу эмес. Өз убагында талап кылчуу. Эгер аткарылбай калса, ал кишинин көңүлүн оорутпай маданияттуулук менен талап кылчуу.

Пахта жыйым терими учурунда мен Сузак районундагы "Москва" колхозунда уполномочен элем. Пахта кырманында турсак чукулунан машина келип калды. Андан Султан Ибраимов менен Темирбек Кошоев түшүштү. Ал кезде С.Ибраимов Совминдин төрагасы, Т.Кошоев обкомдун биринчи катчысы эле. Биз башкарма экөөбүз тургатбыз. Т.Кошоев кырманды көздөй басып кетти. Султан Ибраимович бизге келип учурашты.

Баягысындай эле жөнөкөй, маданияттуу калыбында адегенде биздин ал абалыбызды сурап, анан чарбанын ишине кызыкты. Бул акыркы көрүшүм болду ал улуу инсанды.

## МАЗМУНУ


Касиев Н.К. — Мамлекеттик мыкты жетекчи көрүнүктүү коомдук ишмер жөнүндө учкай сөз.................... 3
Сыдыков М.С. — Андай асыл киши аз болот.................... 9
Базарбаева Н.Г. — Ал инсанды табалбайбыз эми.................... 21
Нургазиев М.Н. — Элге жаккан эр.................... 29
Тажибаев А.Т. — Анын ысмы унутулбайт.................... 37
Абдыракманов М.А. — Көрөгөчтүгү көңүлдө жүрөт.................... 51
Умаров И.У. — Урматы эле улуттун.................... 60
Эргашев М.Э. — Таразадан так киши болчу.................... 77
Эрматов А.Э. — Келбетинен кеменгерлигин көрчүмүн.................... 90
Мияшев Т.М. — Өрнөктүү өмүр.................... 95
Балбеков С.Б. — Ишенимдүү кишиси болгонмун.................... 119
Сапарбаев А.С. — Асыл сапаттуу адам.................... 124
Атаханов К.А. — Жетекчинин улуулугу – адамдарга камкордугу.................... 138
Абидов А.А. — Сөзүнө иши жарашкан.................... 150
Талипов А.Т. — Таалим-тарбия калган.................... 160
Насыров Ж.Н — Даанышман инсан.................... 167
Турдубаев Э.Т. — Өндүрүшкө өзгөчө көңүл бурчу.................... 172
Жусумаматов Ж.Ж. — Султанды Папан эли унутпайт.................... 182
Суматохин А.И. — Акылы-баамы менен иштөөчү.................... 194
Алиев А.А. — Бул дүйнөгө жакшылык үчүн келгендей.................... 198
Молдалиев Т.М. — Кооперация кадрлары унутпайт.................... 204
Нурматов Т.Н. — Жаркын элеси жадымда.................... 208
Кадырбаев Б.К. — Маданияттуулугу мага жакчу.................... 212



Өмүрү элге өрнөк инсан

СУЛТАН ИБРАИМОВ ОШТО
(Эскерме китеп)

Редактору — Таш Мияшев
Тех.редактору — Мухтар Маматалиев
Корректору — Дамира Кенжебаева
Компьютердик жасалга — Назгүл Асанова

Терүүгө 1.03.2001-ж. Берилди. Басууга 15.05.2001-ж кол коюлду. Форматы $60x84/^{32}$. Көлөмү 13,5 басма табак.
Нускасы 2000. Буюртма № 2262

Ош областтык басмаканасы.
Курманжан датка көчөсү 209, Ош шаары 2001-ж.







*Облустук мамлекеттик администрациясынын имаратына коюл... С.Ибраимовдун меморал доскасын ачуу аземи.*



*Ош облустук мамлекеттик администрациясынын имараты*



*С.Ибраимов атындагы Ош кыргыз драма театры*

*2-4-беттеги фотолор Манас Жакыповдун фотолору.*
*3-беттеги Пазыл Сарыбаевдики.*
*Китептеги калган фотолор жеке архивден тандалды.*